ТАГАЕВ МАЙРАМБЕК КУДАЙБЕРДИЕВИЧ

ПАЙГАМБАРЛАР ТАРЫХЫ

عليهم السلام

БИШКЕК - 2021 / 1442 Х

УДК
ББК
А

Ош мамлекеттик университети
Арашан гуманитардык институту
Дин таануу факультети

Рецензенттер:
Жусупов М.Г. – теология илимдеринин философия доктору (PhD), окутуучу.
Актанов Н.Т. – теология илимдеринин философия доктору (PhD), окутуучу.

Тагаев Майрамбек Кудайбердиевич
Пайгамбарлар тарыхы: Бишкек: 2021. – ___б.

Бул эмгекте Ыйык Куранда баяндалып, аты аталган пайгамбарлар тууралуу маалымат берилет. Колуңуздагы эмгек окутуучуларга, илимий кызматкерлерге, студенттерге жана жалпы окурмандарга сунушталат.

© Тагаев Майрамбек Кудайбердиевич, Бишкек 2021

Аламүдүн району, Арашан айылы, Чыңгыш Баатыр көчөсү 36
www.arashan.edu.kg
arashan.edu.kg@gmail.com
arashan_edu_kg
arashan.theology.faculty

ТАГАЕВ МАЙРАМБЕК КУДАЙБЕРДИЕВИЧ

ПАЙГАМБАРЛАР ТАРЫХЫ

Бишкек - 2021

МАЗМУНУ

АЛГЫ СӨЗ 10

КИРИШҮҮ 12

БИРИНЧИ БӨЛҮМ / 15

1.1 АЗИРЕТИ АДАМ (алейхис салам) 17

1.1.1 Жаратылуу 17

1.1.2 Инсандын жаратылышынын негизги себептери жана хикматтары 18

1.1.3 Азирети Адамдын (алейхис салам) жаратылышы 18

1.1.4 Инсандын жаратылышы 19

1.1.5 Адам Атага рухтун берилиши 20

1.1.6 Азирети Адамга (алейхис салам) периштелердин сажда кылышы 21

1.1.7 Азирети Обо Эненин жаратылышы жана Азирети Адам менен баш кошушу 22

1.1.8 Адам Ата менен Обо Эненин бейиштен чыгарылышы 23

1.1.9 Адам Ата менен Обо Энебиздин жер бетине түшүрүлүшү 24

1.1.10 Жер бетиндеги алгачкы кылмыш 24

1.1.11 Адамдын (алейхис салам) икаясынан үйрөнө турган ибарат: 26

1.2 АЗИРЕТИ ИДРИС (алейхис салам) 27

1.3 АЗИРЕТИ НУХ (алейхис салам) 29

1.3.1 Нух пайгамбар жиберилген коомдун өзгөчөлүктөрү 30

1.3.2 Бактысыз коомдун азапты талап кылышы 32

1.3.3 Топон суу 34

1.3.4 Суунун тартылышы 35

1.3.5 Ашура күнү 35

1.3.6 Нух коомунун жок болуп кетишинин негизги себептери 36

1.3.7 Азирети Нухтун өзгөчө сыпаттары 36

1.4 АЗИРЕТИ ХУД (алейхис салам) 37

1.4.1 Ад коому 37
1.4.2 Худ пайгамбардын (алейхис салам) мужизалары 40
1.5 АЗИРЕТИ САЛИХ (алейхис салам) 41
1.5.1 Төө мужизасы 43
1.5.2 Самуд коомунун жок болуп кетишинин себептери 46
1.6 БИРИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ 48
1.6.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР 48
1.6.2 ТЕСТ 49

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ / 55

1.7 АЗИРЕТИ ИБРАХИМ (алейхис салам) 57
1.7.1 Тавхидке чакыруу 59
1.7.2 Азирети Ибархимдин буттарды талкалашы 60
1.7.3 Азирети Ибрахимдин көчү 64
1.7.4 Азирети Ибрахим менен Ажар эненин үйлөнүшү 65
1.7.5 Курмандык сыноосу 67
1.7.6 Исхакты сүйүнчүлөө 68
1.7.7 Азирети Ибрахим пайгамбардын Азирети Исмаилден кабар алышы 70
1.7.8 Каабанын курулушу 71
1.8 АЗИРЕТИ ИСМАИЛ (алейхис салам) 74
1.8.1 Исмаил пайгамбардын мужизалары 74
1.9 АЗИРЕТИ ИСХАК (алейхис салам) 75
1.9.1 Исхак пайгамбардын мужизалары 76
1.10 АЗИРЕТИ ЛУТ (алейхис салам) 77
1.10.1 Содом эли 77
1.10.2 Көктөн жааган кызуу таштар жана коркунучтуу үн 78
1.10.3 Азирети Луттун аялдары жана балдары 80
1.10.4 Лут коомунун жаман жоруктары жана кыргынга учуроосунун себептери 80
1.11 АЗИРЕТИ ЗУЛКАРНАЙН (алейхис салам) 81
1.11.1 Зуларнайндын (алейхис салам) өзгөчөлүктөрү жана асыл сапаттары 81
1.11.2 Тавхид үчүн жасалган жүрүштөр 82
1.11.3 Яжуж жана Мажуж коому 83

1.12 АЗИРЕТИ ЖАКЫП (алейхисселам) ... 85
1.13 АЗИРЕТИ ЖУСУП (алейхис салам) ... 87
1.13.1 Азирети Жусуптун түшү ... 87
1.13.2 Кызгануу – жүрөктү өлтүргөн жалын ... 88
13.1.3 Бир туугандардын чыккынчылыгы ... 89
13.1.4 Азирети Жусуптун кудуктан чыгарылып сатылышы ... 91
13.1.5 Азирети Жусуп жана Зулайка ... 92
13.1.6 Зындан ... 94
13.1.7 Азирети Жусуптун түш жорушу ... 95
13.1.8 Мисир падышасынын түшү ... 95
13.1.9 Жусуп менен Зулайканын үйлөнүшү ... 97
13.1.10 Бир туугандардын дан алуу үчүн келиши ... 98
1.13.11 Азирети Жакыптын көздөрүнүн ачылышы ... 104
1.13.12 Саргарган сагынычтуу жолугушуу ... 104
1.14 АЗИРЕТИ ШУАЙБ (алейхис салам) ... 106
1.14.1 Мадян эли ... 106
1.14.2 Айканын калкы ... 110
1.15 ЭКИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ ... 112
1.15.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР ... 112
1.15.2 ТЕСТ ... 113

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ / 119

1.16 АЗИРЕТИ МУСА (алейхис салам) жана - АЗИРЕТИ ХАРУН (алейхис салам) ... 121
1.16.1 Фараонду коркуткан түш ... 122
1.16.2 Азирети Муса Фараондун сарайында ... 123
1.16.3 Бир кыптийдин өлүмү ... 125
1.16.4 Мисирден Мадянга сапар ... 125
1.16.5 Азирети Мусанын Сафура менен үйлөнүшү ... 127
1.16.6 Мадяндан Мисирге кайтуу ... 128
1.16.7 Акмак Фараон ... 129
1.16.8 Мужиза менен сыйкырдын таймашы ... 130
1.16.9 Түрдүү мужизалар ... 132

1.16.10 Топон суу 132
1.16.11 Чегиртке 133
1.16.12 Бит жана бүргө 133
1.16.13 Курбака тобу 133
1.16.14 Кан 134
1.16.15 Мисирден чыгуу 134
1.16.16 Тооратын түшүрүлүшү 136
1.16.17 Ариха чөлкөмүндөгү Амалика эли менен болгон согуш жана Тих чөлү. 137
1.16.18 Алтын бука 138
1.16.19 Азирети Муса менен Кызыр алейхис салам 139
1.17 АЗИРЕТИ ДАВУД (алейхис салам) 143
1.17.1 Талут, Жалут жана Табут 143
1.17.2 Азирети Давуд жана жеңиш 145
1.17.3 Асхабу Сабт 146
1.17.4 Азирети Давуддан калган таберик: Савм-ы Давуд 147
1.17.5 Азирети Давуддун (алейхис салам) көз жумушу 148
1.18 АЗИРЕТИ СУЛАЙМАН (алейхис салам) 149
1.18.1 Сулайман пайгамбардын (алейхис салам) сыналышы 150
1.18.2 Акса мечитинин курулушу 151
1.18.3 Азирети Сулайман (алейхис салам) жана кумурскалар 152
1.18.4 Азирети Сулаймандын (алейхис салам) Худхуд кушу жана Балкийс 152
1.18.5 Азирети Сулаймандын (алейхис салам) көз жумушу 155
1.18.6 Азирети Сулаймандын артыкчылыктары 156
1.19 УЗАЙР (алейхис салам) 157
1.20 АЗИРЕТИ АЙУБ (алейхис салам) 160
1.20.1 Сыноо, сабыр жана сыйлык 161
1.20.2 Дартка дабаа 163
1.21 ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ 166
1.21.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР 166
1.21.2 ТЕСТ 167

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ / 175

1.22 АЗИРЕТИ ЮНУС (алейхис салам) 177
1.22.1 Ниневия эли 177
1.22.2 Ыйман, тооба жана кечирим 178
1.22.3 Юнус пайгамбар Ниневия шаарынан чыгуусу 179
1.23 АЗИРЕТИ ИЛИЯС (алейхис салам) 182
1.24 АЗИРЕТИ АЛЯСА (алейхис салам) 184
1.25 АЗИРЕТИ ЗУЛКИФЛ (алейхис салам) 186
1.26 АЗИРЕТИ ЛУКМАН (алейхис салам) 188
1.27 АЗИРЕТИ ЗАКАРИЯ (алейхиссаалам) 191
1.28 АЗИРЕТИ ЯХИЯ (алейхис салам) 193
1.29 АЗИРЕТИ ИСА (алейхис салам) 196
1.29.1 Азирети Исанын пайгамбарлыгы 201
1.29.2 Асмандан дасторкондун түшүшү 202
1.29.3 Хаварийлердин Иса пайгамбар менен Нусайбинге барышы 203
1.29.4 Хабиб ан-Нажжар 205
1.29.5 Иса пайгамбардын асманга көтөрүлүп кетиши 206
1.29.6 Иса пайгамбардын асмандан түшүшү 209
1.29.7 Азирети Исанын (алейхис салам) мужизалары 209
1.30 ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ 210
1.30.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР 210
1.30.2 ТЕСТ 211

ТЕСТТИК СУРООЛОРДУН ЖООПТОРУ 218

АЛГЫ СӨЗ

Эң оболу Жараткандын жардамы жана чымырканган кайрат менен жазылган колуңуздардагы бул эмгекте Куранда аты аталган пайгамбарлардын үлгүлүү да, сырдуу да жемиштүү да өмүр-жашоосунун маңыздуу учурларын камтыган темалар негизги төрт бөлүмдөн турат.

Биринчи бөлүмдө:

Периштелердин саждасына Алла татыктуу кылган Адам (алейхис салам);

Асманды таң калтырган сырдын ээси Идрис (алейхис салам);

Жер жүзүн топон суу менен капырлыктан тазалаган Нух (алейхис салам);

Кудайга ишенбеген Ад коомун алаамат бороон менен түбүн көккө сапырган Худ (алейхис салам);

Албуут азгырыктын кесепетинен пайда болгон зилзалада үйлөрү орду түбү менен ойрондолгон Самуд коомуна жиберилген Салих (алейхис салам);

Экинчи бөлүмдө:

Заалым Намруттун тоодой алоолонуп күйгөн отун Жаратканга жан-дилден берилгендиги менен гүлзарга айланткан Ибрахим (алейхис салам);

Өзүнүн ырыстуу ыкласы, тобокелчилиги жана берилгендиги менен дастанга айланган Исмаил (алейхис салам);

Урук тукумунан Бани Исраил пайгамбарлары тараган Исхак (алейхис салам);

Содом жана Гоморенин уят-сыйытсыз калкын акыр-аягына чейин адеп-ахлакка үндөгөн Лут (алейхис салам);

Тавхиддин желегин желбиретип Чыгыштан Батышка карай көтөргөн Зулкарнайн (алейхис салам);

Сагыныч, куса жана сүйүү отуна албырттап, сабырдуулуктун нагыз дастаны атанган Жакып (алейхис салам);

Кулчулукка сатылып, түрдүү кордуктарга кабылып, андан соң зынданда киши чыдагыс кыйын күндөрдү баштан кечирип, акырында Мисир элинин урмат-сыйына татыган Жусуп (алейхис салам);

Тилинен бал тамган, чечендиги менен угармандын жан дүйнөсүн толкуткан ак таңдай пайгамбар «Хатибул Анбия» Шуайб (алейхис салам);

Үчүнчү бөлүмдө:

Аса таягынын кереметтүү мужизасы менен акмак фараонду Кызыл деңиздин иримине калтырган Муса (алейхис салам);

Ар убак Азирети Мусанын жанында жүрүп, тажрыйбаны мол топтогон ыйманы бек тууганы Харун (алейхис салам);

Чын ыкластан айткан зикиринин пазилети менен тоо-ташты титиреткен, ал тургай жырткыч айбандарды да туйлаткан Давуд (алейхис салам);

Өтө көп байлыгына жана эч ким атаандаша алгыс күчтүү бийилгине манчырканбай, жүрөгүн зикир менен тойгузган Сулайман (алейхис салам);

Жүз жылдык өлүм уйкусунан соң Алланын буйругу менен кайра тирилип, кыяматтагы кайра жаралууга далил жана мисал көрсөткөн Узайр (алейхис салам);

Терең ой чабыты менен сабырдуулуктун кажыбас түркүгү атанган Айуб (алейхис салам);

Төртүнчү бөлүмдө:

Ыйманга сүңгүп кирип, Жараткандан кечирим тилеп, дуба жана зикир чындыгынын түбүн түрө кыдырып, караңгылыктан кутулган Юнус (алейхис салам);

Алла Тааланын “Илязга салам болсун!” – деген өзгөчө назарына жана сүйүүсүнө арзыган Иляз (алейхис салам);

Ааламдарга атагы кеткен Аляса (алейхис салам);

Алла Тааланын мээриминен жан дүйнөсүн сугарып, асыл сапатын өөрчүткөн салих пайгамбар Зулкифл (алейхис салам);

Кеменгер насааттары менен дастанга айланган, заттык жана рухий табыптардын пири саналган Лукман Аким (алейхис салам);

Араа менен экиге бөлүнүп жаткан чакта да “кыңк” деп үн чыгарбаган, чыдамкайлыгын жана берилгендигин сактап калган пайгамбар Закария (алейхис салам);

Атасы Закария сыяктуу шейит кеткен Яхия (алейхис салам);

Тамырдын ар бир кагышы менен кошо Жаратканды даңктап, напсисин кыңк эттирбей Аллага моюн сундуруп, Жараткан берген өзгөчө касиет менен ооруларды айыктырып, өлгөндү тирилткен, акырында асманга көтөрүлгөн Иса (алейхис салам) пайгамбарды;

Жана ошондой эле окурмандарыбыздын рухий дүйнөсүнө күл азык, дүйнө таанымына байлык жана жарыгын тийгизген нур болсун деп максатты көздөп, бардык пайгамбарлар менен үммөттөрүнүн баштан өткөргөн өзөктүү окуяларын, өрнөк болор даанышмандыгын ирээти менен жазганга аракет кылдык.

Ар бир бөлүмдүн соңунда классикалык үлгүдөгү «суроолорго жооп бергиле», «варианттардын ичинен туура жоопту тапкыла», сыяктуу сынактык суроолор даярдалды. Ар бир бөлүмдүн аягында суроолордун жооптору берилди.

КИРИШҮҮ

Алла Таала адамзатка акыл, аң-сезим жана ыктыяр берип, ар түркүн кулк-мүнөздө жараткан. Муну менен катар пенделерин ак жолго багыттоо үчүн өзгөчө нарк-насилдүү, ыкласы ташкындаган салих инсандарды жол башчы кылып жөнөткөн. Ушунун өзү Жараткан Алланын сиз менен бизге ыроологон баа жеткис жардамы. Элчилердин ичинен айрымдарына өзгөчө жоопкерчиликти жүктөп, сыйлык катары вахийди берген. Пайгамбарлар үммөттөр үчүн ар тараптуу үлгү болуп саналат. Алла Таала элчилерин төмөнкү 3 маанилүү вазийпаны аркалоого милдеттендирген:

А. Алла Тааланын аяттарын окуу жана элди туура жолго чакыруу;

Б. Напсини таза тутуп, ак жашоого үлгү болуу;

В. Китепти жана даанышмандыкты үйрөтүү.

Ушул айтылгандын баары бүтүндөй адамзатка тиешелүү. Башкача айтканда, Жараткан Алла эч кайсы коомду, эч кайсы элди жол башчысыз калтырган эмес. Пендесинин жакшылыгы жана пайдасы үчүн Алла Таала Адам Атаны өзүнүн урпагына элчи кылган. Демек, Адам (алейхис салам) алгачкы инсан жана алгачкы пайгамбар болуп саналат. Чынжыр сымал жалгашып, бирине бири тизмектешкен жүз жыйырма миңден ашуун пайгамбар менен чыңалып, тастыкталып келген бул Улуу Жол ишеним өңүтүндө бирдей калса да, адам баласынын тарыхый чыйырынын өнүгүү жолуна жараша өркүндөп өсүп олтуруп, эң акыркы Пайгамбар Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) пайгамбарлыгы менен өзүнүн туу чокусуна жеткен.

Курани Карим – бактылуулуктун кепилдиги. Адамзат каапыр болбой, туура жолду тапсын деп Алла Таала аны адамдардын кызыкчылыгы үчүн гана жиберген. Курани Каримдин жалпы ички мазмунуна келе турган болсок, максатка ылайык, бир нече өзөктүү маселеге басым жасайт.

Куранга таандык өзгөчөлүктөрдүн бири – мурунку үммөттөрдүн таржымалдарынан кабар берүү. Чексиз кеменгер Алла Таала мурунку коомдордогу ибараттуу, үлгүлүү окуялар аркылуу адашкандарга эскертүү берип, кулчулук кылууга үндөйт. Адашуунун жана күнөөкөрлүктүн акыр аягы Алла Тааланын адилеттүүлүгү менен жыйынтыкталары, ал эми, туура жолдо акыйкат иштерди жасагандарга Жараткан Алланын сөзгө сыйгыс эсепсиз сыйлыктары берилери Куранда ачык айтылган. Бул ыкма, икаяда айтылган сыяктуу туура эмес иштерден сактанууга үйрөтөт жана адамды бактылуу кыла турган иш-аракеттерге дем берет.

Курани Карим мурдагы үммөттөрдүн башына түшкөн мүшкүл окуяларды жана жетишкен ийгиликтерин баяндоо аркылуу адамдарды руханий жана адеп-ахлактык жактан тарбиялоого олуттуу көңүл бурат. Курандын үчтөн бир бөлүгүн жалаң гана икаялар түзөрү – мунун кадиксиз далили.

Тавхид акыйдасы адамдын жүрөгүнөн терең орун алсын, ташка тамга баскандай акылга ширелсин деген максатта пайгамбарлардын чакырыктары жана үммөттөрдүн аларга болгон терс мамилелери, жосунсуз жоруктары икая түрүндө Куранда жетиштүү баяндалган.

Алла Таала Куранда мурунку үммөттөрдүн кабарын берип, Кудайлык даанышмандыктан, ибарат алуудан жана динге чакыруу чындыгынан баян этет. Адамдын түшүнүгүнө жеңил болсун үчүн айрым окуяларды жана акыйкаттарды икая түрүндө билдирген. Окуя түрүндөгү насаат адам үчүн сиңимдүү, нары жугумдуу ыкма болуп саналат. Бул жагдай тууралуу аятта минтип айтылат:

“(Эй, Мухаммед!) Биз сага ушул Куранды вахий кылуу менен мурунку үммөттөрдүн кабарларын көркөм кылып айтып беребиз” (Жусуп сүрөсү, 3-аят)**.**

Курандагы икаяларда пайгамбарлар адам баласынан чыккан төрт тарабы келишкен мыкты инсандар катары сыпатталат. Ошондой болсо да алар жеке аракеттери менен эмес, Алла Тааланын каалоосу жана тандоосу аркылуу элчи болушкан. Аятта «**Алардын ата-бабаларынан, укум-тукумунан жана жолдошторунан (да көптөрүн абзел кылдык). Ошондой эле аларды шайлап туура жолго (динге) багыттап койдук»** деп айтылат.

Жараткандын буйруктарын кынтыксыз аткарууга милдеттендирилген пайгамбарларга өтө оор жоопкерчилик жүктөлгөн деп билебиз. Дегинкиси, Алла Таала ал инсандардын деле алсыз экендигин жана аларды Кудайындай көрүп сыйынуу каапырлык экенин эскертет.

«**Биз, албетте, пайгамбарлар жиберилген кишилерди да, ошол пайгамбарларды да сөзсүз түрдө суракка алабыз!»** деп буйрулат

Аятта белгиленгендей, аларга Алла Таала тарабынан кепилдик берилсе да милдетти аткаруудагы ыклас ынтаасына жараша кандайдыр бир деңгээлде сурак беришет.

Пайгамбарлардын өрнөккө жана сырга толгон берекелүү жашоолорунун жемиши болгон сабырдуулук, шүгүрчүлүк, тобокел, ыкластуулук, ырайымдуулук, боорукерлик жана камкордук сыяктуу асыл сапаттарынан үлгү алууну, ошол асыл инсандар сымал Кудайга гана кул болуп өмүр кечирүүнү Жараткан Алла Таалам жалпыбызга насип кылсын!!!



БИРИНЧИ БӨЛҮМ

БИРИНЧИ БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **АЗИРЕТИ АДАМ (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ИДРИС (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ НУХ (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ХУД (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ САЛИХ (алейхис салам)**

1.1 АЗИРЕТИ АДАМ (алейхис салам)

1.1.1 Жаратылуу

Алла Таала тээ алмусакта Өзү гана бар, Өзү гана жалгыз болгон. Жаратуучулук сыпаты менен ааламды жараткан. Жараткан Кудуреттин адам акылын калчап, аңдап түшүнө албаган сан миң сыпаттары бар. Анын кудуреттүүлүгү, сулуулугу, улуулугу жана даанышмандыгына таандык бардык сыпаттарды толук мааниде береги үч багытта көрүүгө болот:

а. Аалам.

б. Куран.

в. Адамзат.

Аалам – Кудай Таалага таандык бардык сыпаттардын жандуу көрүнүшү. Курани Карим – Алла Тааланын «сүйлөөчү» сыпатынын таасын көрүнүшү. Тактап айтканда, Куран «Сөз» түрүнө чүмкөнгөн өзүнчө бир теңдешсиз аалам.

А адам баласы – ааламдын өзөгү сымал. Анткени адам нечен миллион макулуктардын ичинен океандын тамчысы сымал Алла ыроологон сыпаттардан белгилүү өлчөмдө өз насибин алган зат. Инсандын макулуктардын ичинен эң шарапаттуу деген баага арзышынын себеби мына ушул жерде жатат. Ошондуктан, пендезат жакшыга да, жаманга да ийкемдүү келет. Мунун натыйжасында адам өз напсисин тизгиндеп, жүрөгүн тазалоо жолу менен жаман сыпаттардан арылып, руханий дүйнөсүн аруулап, асыл инсан болууга милдеттүү. Мындай орошон вазийпа түбү келип пайгамбарлар менен олуялардын жетекчилиги, жол башчылыгы аркылуу гана ишке ашырылат. Пендезат «васыл-ы илаллах», Жаратканга багыт алуу, жалгануу (руханий өңүттөн) жолу аркылуу илгерилей алат.

Алла Таала көптөгөн ааламдарды жараткан. Мындай ааламдардын саны 18 миңден 360 миңге чейин болгондугу тууралуу риваяттар бар. Алар негизинен «халк ааламы» жана «амр ааламы» болуп экиге бөлүнөт. Ошол ааламдардын бири деп эсептелген адамдын табияты жаратылуу ааламынан да, өкүм ааламынан да насибин алган. Куранда:



«Билип койгула, буйрук да, жаратуу да Ага таандык. Ааламдардын Раббиси Алла Таала кандай гана Улуу!» деп айтылат (Араф сүрөсү, 54-аят)

1.1.2 Инсандын жаратылышынын негизги себептери жана хикматтары

1. Пендезаттын жаратылышынын негизги себеби, Алла Таалага кулчулук кылуу жана Жаратканды жакындан таануу. Бул максат аятта мындайча чечмеленет:

«Мен жиндерди жана инсандарды жалгыз гана Өзүмө ибадат (кулчулук) кылсын деп жараттым» (Зарият сүрөсү, 56-аят)**.**

Аяттын мазмунундагы жаратылуунун максаты катарында айтылган Жаратканга «кулчулук» пенде үчүн абдан шарапаттуу мартаба. Ошол себептен, анын бул улуулугу калмайи-шахадатта таасын көрүнүп турат. Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) оболу Кудайдын «кулу» андан соң «расулу» элчиси деген мартабага жеткендигин аңдоого болот.

2. Алла Тааланын «Өзүн таанытууга» чечим кылышы адамдын жаратылышынын эң маанилүү себеби жана хикматы болуп саналат. Анткени Кудсий хадисте баяндалып кеткен: «Мен жашыруун казына элем. Айкын билинүүгө чечим кылдым. (Ушул себептен) ааламды жараттым…» деген хадис бул экинчи себепти тастыктап турат.

3. Адамды жаратуудагы дагы бир максат – Алла Таала Өзүнүн теңдешсиз жаратуучулук чебердигине, кудуретинин күчтүүлүгүнө жана усталыгынын мыктылыгына далил боло турган көркөм нерсени жаратууну каалаган. Анткени инсандын турган турпаты жаратмандыктын туу чокусу жана көркөм өнөрдүн эң мыкты далили. Зарият сүрөсүнүн 20-жана 21- аятында минтип айтылат:

«Ишеними бекем инсандар үчүн жер жүзүндө жана өз турпаттарында Алланын кудуретин чагылдырып турган (нечелеген) далилдер бар. Ошолорду көрүп, ойлонбойсуңарбы?»

4. Алла Таала жаамы макулуктардын ичинен адамды мартабасын арттырып, даражалуу кылып койгон. Башкача айтканда, Алла Таала инсанды жаратууда аны жер жүзүнө Өзүнүн халифасы-өкүлү кылууну максат кылган. **«Эстегин, Раббиң периштелерге: Мен жер жүзүнө бир халифа жаратамын, - деген эле…»** (Бакара сүрөсү, 30-аят).

1.1.3 Азирети Адамдын (алейхис салам) жаратылышы

Алла Таала Өзүнүн бар экендигин билдирүү, Өзүнө сыйынтуу, Өзүнө ибадат кылдыруу жана өкүл катарында жер жүзүндө белгиленген нукта турмуш курууcу үчүн инсанды макулуктун эң шарапаттуусу кылып жаратууга чечим кылды. Мурда эле жаратылганы менен ибадат кылууга гана милдеттендирилген периштелерге Алла Таала Өз каалоосун мындайча билдирди**:**

«-Эстечи (Эй, Мухаммед), Раббиң периштелерге: «-Мен жерде (Адамды) халифа кылмакчымын дегенде, алар айтышты: «-Ал жерде бузукулук кылып, кан төгө турган затты халифа кыласыңбы? А биз болсо алкоо-мактоо айтуу менен Сенин улуулугуңа табынабыз жана атыңды дайым аруу-пакиза тутабыз». Ал (Алла) айтты: «-Мен силер билбеген нерселерди билемин» (Бакара сүрөсү, 30-аят)**.**

Алла Тааланын бул эскертүүсүн периштелер бир ооздон:

«Алар айтышты: «-Оо, пакиза-касиеттүү Раббибиз, Сен билдирген нерселерди гана билебиз. Албетте Өзүң илим жана даанышмандык Ээсисиң» (Бакара сүрөсү, 32-аят) деп, улуктап, алкап жибериштиң. Бул жерде периштелердин «эмне үчүн аны халифа кыласың» деген суроосу Алла Таалага каршылыкты туюнтпайт, болгону инсандын жаратылуу хикматын билүүнү максат кылышкан.

1.1.4 Инсандын жаратылышы

Азирети Адамдын топурактан жаратылгандыгын жана жаратуу баскычтарын Алла Таала Куранда мындайча баяндайт:

1. Топурак

«Алла адамды топурактан жаратты жана ага «бол!» деди. Анан ал (жандуу адам) болду» (Али Имран сүрөсү, 59-аят)**. «Андан (топурактан) силерди жараттык, кийин силерди дагы ошого кайтарабыз. Ошондой эле, дагы бир жолу силерди андан чыгарабыз!..»** (Таха сүрөсү, 55-аят)**.**

2. Ылай

«Ал бардык нерсени көркөм кылып жараткан Зат. Ал инсанды (Адамды) оболу ылайдан жаратты» (Сажда сүрөсү, 7-аят)**.**

3. Жабышкак (ийленген) баткак

«Биз шек-күмөнсүз аларды (Адамды жана анын урпактарын) жабышкан баткактан жараттык» (Саффат сүрөсү, 11-аят)**.**

4. Абада кургаган ылай

«Чынында Биз инсанды кара баткактан (адам) түспөлүү берилген соң кургатылган ылайдан жаратканбыз» (Хижр сүрөсү, 26-аят)**.**

5. Бышырылган ылай

«Ал Зат инсанды чопо сыяктуу (отто) кургатылган ылайдан жаратты» (Рахман сүрөсү, 14-аят)**.**

Азирети Адам Атадан тараган урпактарынын, дегеле жаамы адам баласынын жаратылуу феномени аятта мындайча корутундуланат:

«Андан соң аны (бардык адамзатты) алгач бекем жайдагы (жатындагы) нутфа-бел суу кылдык. Андан соң бел суудан коюу канды жаратып, коюу кандан мудганы20, жараттык. Ошол бир тиштем эттен сөөктөрдү жаратып, ал сөөктөргө эт каптадык, андан соң (ага жан киргизип, алгачкы бир тамчы суудан бүткөндөй) башка керемет жандууну пайда кылдык. Жаратуучулардын эң мыктысы Алла улук!» (Муминуун сүрөсү, 13-14-аяттар)

Куранда белгиленген мындай керемет маалыматтарга медицина илими өткөн кылымда араң жетишкен. Алла Таала болсо адамдын жаратылуу баскычтарын жана дагы сан миң керемет маалыматтарды илимий чындык кылып мындан он төрт кылым мурда эле кабар берген.

Өйдөкү баскычтарды эске алганыбызда пенденин дене турпатынын улам өзгөрүп тураарын жогорудагы аяттар тастыктап турат. Адамзаттын бул дүйнөдөгү турмуш тиричилиги да, тирүүлүктөгү күч-кубаты да, таңдайды тамшанткан шык-жөндөмү да түбөлүктүү эмес. Адам топурактан жаратылгандыктан топурактын өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Маселен, топурак кээде кургайт, күндүн аптабына куурулуп, сууга болгон арзуусу артып, чаңкайт. Бирде кыштын кыраан суугуна тоңот. Бирде нөшөрлөп жааган жазгы жамгыр жана жаздын жылуу илеби менен кайрадан тирилет. Дүйнөнү көрккө бөлөп, жан дүйнөңдү магдыраткан миң түркүн ажайып кооздугу, эс тандырган аңкыган жаз жыты жана ар кандай түстөрү менен Алланын кудуретин даана көрсөтүп турат. Терең назар салсак, адамдын тагдыры топурактын тагдырына окшоп кетет. Кудум чөлдөрдөгү куюндун ичинде сапырылган кум сыңары жашоо кумарынан чыгалбай эрксиз гана сапырылып туруп берет. Напсинин азгырыгына жеңилип берип аягында аттиңдин күүсү жанган бойдон кала берет. Пендезат качан өз напсисинин өкүмзордугуна каршы жан аябай күрөшө алганда гана баралына келет. Жазгы жамгыр жана жадыраган күн нурунан жашоо тапкан топурак сымал Алла Тааланын береке жана мээрим жамгырынан жашоо табат инсаның. Мына ошентип өзүн көздөй агылган нематтарды, кайра эле бышыкчылык мезгилдеги мол түшүмдүү топурак сыңары Жараткандын ыраазычылыгы үчүн айланасындагыларга кош колдоп сунуп берет.

1.1.5 Адам Атага рухтун берилиши

Кудай Таала инсан денесин топурактан жараткан соң мүлдө макулуктун арасында ага эң жогорку мартабаны ыроолоп, эч кимдин акыл эси жетпей турган сырды Өзү салган. Оболу жөн гана кейип берилип, нерсе катарында жаратылган затка Кудай Тааланын сыры салынгандан кийин гана жан кирип кыймылдай баштаган. Ал Өзүнөн керемет сырды үйлөө менен адамга абдан маани берип, ага жашоону ыроологон. Курани Карим муну мындайча тастыктайт:

«Ага кейип берип, Өз рухумдан үйлөгөн кезде!..» (Хижр сүрөсү, 29-аят)**.**

Жараткан Алла Тааланын Адамга (алейхис салам) «Өз рухумдан үйлөдүм» дегенди өтмө мааниде айткан. Аны кулунун колдонуусу жана пайдалануусу үчүн Өзүндөгү артыкчылыктарды кээ бирин берген деп түшүнүүгө болот. Аманат катары алган жандын, акыл-эстин жардамы, күчү жана берекеси менен пенде Раббисин тааныйт. Ага кулчулук милдетин өтөйт. Кудай Тааланын улуулугуна жана сырларына күчүнүн жетишинче сүңгүй берет. Рухий ааламга чабак уруунун борбору жүрөк болуп эсептелет. Жүрөктү, физиологиялык бир орган эле эмес, туюмдар туташкан борбор деп түшүнүү керек.

«Алла, Адамга бүт нерсенин ысымдарын үйрөттү. Кийин аларды периштелерге бетме-бет кылып, (мындай) деди: Эгер халифалыкка биз ылайыктуубуз деген сөзүңөр ырас болсо, мына бул нерсенин аттарын айткыла» (Бакара сүрөсү, 31-аят)**.**

Периштелер Жаратканды аруулап-мактап, истигфар кылып кечирим сурашты. Буга күбө болгон Алла Таала**:**

«-Эй, Адам! Периштелерге нерселердин ысымдарынан кабар бер деди. Адам (нерселердин) ысымдарын аларга атап берген соң (Алла Таала): - Силерге, Мен асман менен жердин сырларын, ошондой эле силер ашкере кылган жана жашырган нерселерди билем дебедим беле? - деди» (Бакара сүрөсү, 33-аят)**.**

Азирети Адам Атага жер жүзүндөгү барча нерсенин аттары, маңыздары жана өзгөчөлүктөрү үйрөтүлгөн эле.

1.1.6 Азирети Адамга (алейхис салам) периштелердин сажда кылышы

Адам Атаны жараткандан кийин Алла Таала периштелерге жана жиндерге кайрылып Адам үчүн саждага баш коюну буюрду. Буйрукка бир гана ыклас менен талыкпастан ибадат кылып жүргөн Азазил аттуу жин (шайтан) моюн сунбады. Андан башкалар бири калбай Алла Тааланын буйругун аткарышты. **«Эстечи (эй, Мухаммед), Биз Периштелерге, Адамга таазим кылгыла деп айтарыбыз менен алар сажда кылышты. Иблис гана текебердик менен баш тартып каапырлардан болду»** (Бакара сүрөсү, 34-аят)**. «(Алла) "- Сага Мен буйрук кылганда, сени сажда кылуудан эмне тосту?", – деди...»** (Араф сүрөсү, 12-аят).

Жараткан Алланын периштелерге кайрылып: «Адам үчүн саждага баш койгула!» деген буйругу эч убакта «Адамга ибадат кылуу» деген маанiге келбейт. Шайтан дилинде бугуп жаткан бой көтөрүүчүлүк жана текеберлиги себептүү Азирети Адамга сажда кылган эмес. Анткени бир кездерде анын периштелерге дарс окуй турган илими болгон. Анын мартабасы бир топ жогору боло турган. Тактап айтканда, илим аны текеберликке түртүп Адамга сажда кылуудан тосуп калды. Мына ушул жерден илим, мансап же мартаба, киши баласынын дилин карартып, менменсинүүгө себеп болуп, пендени кейишке түшүрүп койору жана Алла Таалага ибадат кылуу үчүн илимдүү болуш жетишсиз экендиги даана байкалып турат. Ошол жетишсиздиктин айынан Иблис Алла Таалага:

«Мени жалындан, аны болсо баткактан жараттың. Мен андан артыкмын.. » дегенчелик нааандыкка жана акмакчылыкка барган (Араф сүрөсү, 12 ; Хижр сүрөсү, 33; Сад сүрөсү, 67-аяттар)**.**

Алланын буйругун ак дилден аткарган периштелер менен жиндер иблистин саждадан баш тарткандыгы үчүн заматта өңалеттен кетип, куту учканын көрүштү. «Кудайдын буйругуна моюн суна билүү» нематына шүгүр кылып кайрадан саждага баш коюшту. Өз мартабасын жоготуудан корккон Иблис, Азирети Адамга сажда кылуудан баш тартып, напсиге моюн сунган эле. Ал акмактыкты кылаарын кылып, эми андан бетер куркунучтун кучагында калды. Кудай Тааланын даргөйүнөн куулду. Бир кезде периштелердин башчысы эле. Эми минтип каргышка калып, аларга жакын жолой албай, жакындаса эле куугунтукталып, бетбак атанып, шермендеси чыкты!.. Иблистин каршылык көрсөткөнүнө жооп иретинде:

«Андай болсо ал жерден (бейиштен) чык! Эми сен (Менин алдымдан) куулган каргыш тийгирсиң. Кыямат кайымга чейин сага наалат айтылат» (Хижр сүрөсү, 34-35-аяттар)**.**

Мына ошентип шайтан Адам Атага (алейхис салам) бой көтөрөм деп периштелердин арасындагы мартабасын орду түбү менен жоготуп алды. Тынчы кетип Жаратканга жалбарды:

«-Эй, Раббим, андай болсо (макулуктар) кайра тириле турган күнгө чейин мага убакыт бер!» «Чынында, сен мөөнөт берилгендерденсиң, убактысы белгиленген Күнгө чейин, – деди» (Хижр сүрөсү, 37-38-аяттар)

Ошентип Алла шайтанга уруксат берди. Кыяматка чейин жарык дүйнөгө келе турган мүлдө адам баласы Адам Атанын урпагы болгондуктан, анын керемет сыпаттарынан ар бири өз насибин алат. Шайтан Адам Атага кандай душмандык кылган болсо, адамзатка да кыяматка чейин душмандыгын уланта берет. Анткени, сынак дүйнөсүндө пенденин ыйманын, ыкласын сыноо жана напсиге таандык ийкемдүүлүктөрдү текшерүү үчүн шайтан сыяктуу бузукуга да муктаждык бар. Маселен, Адам Атанын бейиштен чыгарылышына себепкер болгон даректагы мөмө инсандын напсисинин каалоосун билүү үчүн шайтанга зарыл эле. Ошентип адам баласын азгырууну суранып жатып өзүнө милдет кылып алган Иблис ар нерсени напсиге кооз жана сүйкүмдүү кылып көрсөтүп, делебесин козгоп, жолдон азгырып олтуруп рухий жактан өнүгүп өөрчүшүнө тоскоол болуп келет.

1.1.7 Азирети Обо Эненин жаратылышы жана Азирети Адам менен баш кошушу

«Ал силерди жалгыз гана бир жандан (Адамдан) жараткан жана Ал (Алла) эс алып - лаззат тапсын деп анын жубайын жараткан!» (Араф сүрөсү,189-аят)**.**

Жогоруда белгиленгендей, эзелде Кудай Таала Өзү гана бар эле. Ал Өзүнүн таанылып билинишин каалагандыгы себептүү нерсенин баарын жаратты. Ошентип сан миң аалам пайда болду. Негизги себепти кармана турган болсок, ар бир заттын же нерсенин жаратылуу себебинин артында Алланын арзуусу жатат. Адамдын (алейхис салам) жаратылуу себеби дагы ушул нерсеге байланыштуу. Жараткан Алланын каалоосунун артында инсанды түпкүлүгүнө (Раббисине) кайра кайтаруу деген максат турат.

Адам (алейхис салам) Кудай Тааладан өзүнө түгөй сурады. Алла Таала анын суранчын канааттандырып, өзүнүн кабырга сөөгүнөн кудум өз турпатындагы Азирети Обону жаратып берди. Ибн Аббас жана Ибн Масуд (Алла аларга ыраазы болсун) баяндап кеткен риваятта мындай делет: «Иблис бейиштен куулуп, Адам Ата бейишке жайгаштырылган эле. Адам бейиште бейкапар кезип жүрөр эле. Күндөрдүн биринде Адам Ата уйкудан ойгонуп, баш тарабында сол кабыргасынан жаратылган жалгыз инсанды көрөт. Андан чочуркап:

-Сени кимсиң? - деп сурайт.

-Мен аялмын, - деди. Эмне үчүн жаратылгандыгын сураган Адамга Обо Эне:

-Көңүлүң көтөрүлүп, бейпил жашооң үчүн Алла Таала мени жаратты, - дейт».

Имам Бухари маалымдаган бир хадисте Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) мындай деген: «Аялдарга жылуу мамиле кылгыла, анткени алар кабырга сөөктөн жаратылган. Кабырганын эң ийри (кооптуу) жагы үстү жагы болот. Аны түзөлтөм десең, сынып калат, өз жайына койсоң, кыйшык бойдон кала берет. Андыктан аялдарга жагымдуу мамиле кылгыла» (Бухари, Анбия, 1).

Алла Таала Адам Ата менен Обо Эненин никесин периштелердин алдында Өзү кыйгандан кийин аларга кайрылган:

«Эй, Адам! Сен жубайың менен бейишке жайгашып, ал жерден каалаган нерселериңерден жей бер! Бир гана ушул даракка жолобогула! Антпесе заалым болуп каласыңар» (Араф сүрөсү, 19-аят)**.**

1.1.8 Адам Ата менен Обо Эненин бейиштен чыгарылышы

Жараткан Алла өз кулдарын сынактан өткөрө баштайт. Азирети Адамга сажда кылдыруу менен периштелер сыноодон өтөт. Бул сыноодо бардык периштелер ийгиликке жетишет. Анткени, аларда эрк деген нерсе жок эле. А шайтан болсо «сажда» буйругуна каршы чыгып, сынактан кулап, ырайымдан куулат. Ал инсандай эле эркке ээ болгон жиндердин тукумунан болучу. Кезек Адам Ата менен Обо Энеге келип Жараткан Алла аларды Иблис менен сынамакчы болот. Сынакты өткөрүү үчүн Иблиске мүмкүнчүлүк берет. Адам Ата менен Обо Энеге бейиштеги бүт нерседен пайдалануу уруксат берилип, болгону бир даректын мөмөсүн жегенге тыю салынат. Мына ошентип, инсан напси менен сыналмай болот. Сыноо бейиштин өзүндө башталат. Шайтан өз карасанатайлыгын ишке ашыруу үчүн Азирети Обону алдап, ал аркылуу Азирети Адамды көндүрүүгө аракет кылат. Арам оюн орундатуу үчүн экөөнө миң түркүн айла-амалдарды ойлойт.

«Ошондо Шайтан ал экөөнүн уяттуу жерлерин ачуу үчүн азгырды да: “Эгеңер силерди ушул даректан (жесеңер), экөөң периште болуп, же түбөлүккө (Бейиште) калып кетишет деп, тыюу салган. Чынында мен экөөңөргө насаатчылардanмын”, – деп ант ичти. Ошентип ал эки инсанды азгырды. Экөө даректан (жемиштен) даам татары менен уяттуу жерлери ачылып калды. Экөөсү бейиш жалбыректарынан үстүлөрүнө жамына башташты. Эгелери экөөсүнө: “Экөөңөрдү ушул даректан тосподум беле?! Шайтан – силерге ачык душман экенин айткан элем го!” – деп айтты» (Араф сүрөсү, 20-22-аяттар)

Азирети Адам менен Обо Эненин тыюу салынган мөмөдөн ооз тийиши алардын напси менен сыналганынын айкын көрүнүшү. Кеги ичинде калып кеткен шайтандын бузуку амалына алданган Азирети Адам Ата менен Обо Эне катуу өкүнүшөт. Кылган ишке бушайман болушат. Иблистен жүз үйрүшөт. Периштелердин жолун тандап, тооба кылышат:

«Оо, Эгебиз! Биз өзүбүзгө зулум кылдык. Эгер Сен бизди кечирип, ырайым кылбасаң, анда биз, – албетте, зыянга учуроочулардан болобуз!” –деп жалбарышты» (Араф сүрөсү, 23-аят)**.**

Адам Ата менен Обо Эне тооба кылгандыгы үчүн Алла Таала өздөрүнө да, укумтукумуна да кутулуунун жолун билдирди:

«Эй, Адам баласы! Биз силерге авратыңарды беките турган кийимди да, жасанып-түзөнө турган (кийимди) да түшүрдүк. Баарынан ийги кийим-такыбаа кийими. Бул - Алланын (берешен, жоомарттыгына далалат кылуучу) аяттарынан. Балким, эскерме (насаат) алышаар. Эй, адам баласы, Шайтан (Адам) атаңардын авраттарын өздөрүнө көрсөтүү (уят абалга жыгуу) үчүн кийимдерин чечип, бейиштен чыгарганы сымал, силерди да алдап койбосун! Себеби ал жана анын малайлары силерди өзүнөр билбей турган тараптан көрүп турушат. Албетте, Биз шайтанды ыймансыз адамдарга дос кылып койгонбуз» (Араф сүрөсү, 26-27-аяттар)

Бул аяттарда уяттуу жерлерди жашырууга, абийирди жана намысты сактоого кийим жетиштүү болбосу, эң негизги кийим жүрөктү жана андагы ыйманды терс туюмдардан тоскон жана Жаратканга болгон кулчулукту бийик деңгээлге чыгарган кийим - такыбалык экендигине ишаарат кылынат.

1.1.9 Адам Ата менен Обо Энебиздин жер бетине түшүрүлүшү

Шайтандын тузагына чалынган Адам Ата менен Обо Энебиз Кудай Тааланын буйругунун негизинде бейиштен чыгарылып жерге түшүрүлөт. Адам (алейхис салам) периштелер тарабынан Индиянын түштүк тарабындагы «Цейлон» аралына, ал эми Обо Энебиз болсо Кызыл деңиздин жээгиндеги азыркы Жидда шаары турган аймакка түшүрүлөт. Ошентип, экөө тең аябай бушайман болуп, тооба кылып, истигфар тилей беришет. Бирок аларга кечирим насип болбойт. Аягында Мухаммед Мустафанын (саллаллаху алейхи васаллам) руханиятына жамынып, анын жүзү урматы үчүн кечирим сураганда гана Алла Таала чексиз айкөлдүгүнө алып аларды кечирет.

Ырайымы, мээрими жана айкөлдүгү чексиз Алла Таала кулдарынын дубаларын кабыл кылат. Алардын дубалардын берекеси менен адам урпактарынан кимде-ким ошол күнү, ошол сааттарда Арафатка келип дуба кылып, кечирим сурай тураган болсо, тилектери шексиз орундатылат деп бүт пендезатка кыяматка чейин абдан улуу мүмкүнчүлүктү тартуу кылган. Арапа күнү ажылардын Арафатка чыгып истигфар кылышынын жандырмагы ушул жерде жатат. Арафат тоосунда жолугушкан Адам Ата менен Обо Эне Жараткандын буйругу менен азыркы Мекке шаары турган жерди мекендеп калышат. Мекке шаарынын «Уммул Кура» (отурукташкан аймактардын энеси, алгачкысы) деп аталып калышы тегин жерден эмес. Арадан мезгил өткөн сайын бул аймакта адамдар көбөйө баштайт. Алла Тааланын кереметинин кеңдигинен Обо Энебиз бир төрөгөндө үч эм, беш эм жана андан да көптү төрөчү экен. Бир курсакта төрт эм, беш эм болуп төрөлгөн балдар бири-бири менен үйлөнүшпөйт эле. Өздөрүнөн мурунку же кийинки төрөлгөн балдар менен баш кошууга уруксат бериле турган. Ошентип, жер жүзүндө адам баласынын саны тездик менен өсө берет.

1.1.10 Жер бетиндеги алгачкы кылмыш

Бул окуя Адам Атанын Кабыл жана Абыл деген уулдарынын ортосунда болот. Кабыл өзү менен эгиз болуп төрөлгөн карындашына үйлөнгүсү келет. Мындай жосун шариятка кайчы келерин эскертип, өзүнөн мурда же кийин төрөлгөн эже-карындаштарынын

бирөөсүнө үйлөнүшү туура болорун айтып, Абыл анын оюна каршы чыгат. Кабыл өжөрлүккө салып бир тууганынын акыйкат пикирин четке кагат. Абыл акылдуу жан болгондуктан иштин шариятка ылайыктуу болуп бүтүшүн көксөп, кимдин пикири туура экендигин аныктоо үчүн Кудай жолуна бирден курмандык чалуу сунушун айтат. Ошол дооpлордо ким эмнени кесип тутунса, ошол кесибине жараша колундагы нерседен курмандыкка атаар эле. Атайын курмандыкка деп аталган нерселер бир тоонун башына жеткириле турган. Арадан бир канча убакыт өткөн соң кабар алышчу. Курмандык үчүн деп таштaлган нерсе эгер көктөн түшкөн жалын менен күйүп жок болуп кеткен болсо, Алла аны кабыл кылды деп табылаар эле. Абыл мал чарбасы менен алектенгендиктен, анын короокороо койлору бар эле. Курмандык үчүн койлорунун арасынан эң семиз жана чоң кочкорду тандайт. Кабыл болсо дыйканчылык менен шугулдангандыктан, жакшы жетилбей курушуп калган таңгак буудайды алат. Экөө курмандыктарын тоонун башына таштап кайтышат. Арадан бир топ мезгил өткөн соң эки бир тууган курмандыктардан кабар алуу үчүн тоого барышат. Абылдын курмандыгы кабыл кылынып, Кабылдын таңгак буудайы өзгөрүүсүз ордунда турган болот. Ниетинин жаңылыш экендигине жана курмандыгынын кабыл кылынбагандыгына ызаланган Кабыл өч алууну көздөп Абылды өлтүрүп салат. Алла Таала окуяны аятта мындайча баяндаган:

«Адамдын эки уулунун курмандыктары тууралуу чындыктуу баянды айтып бер: Алардын биринин курмандыгы (Алла тарабынан) кабыл кылынды да, экинчисиники кабыл кылынган жок. Ошондо ал: “Сөзсүз, мен сени өлтүрөм!” – деди. Ал (Абыл): “Чындыгында, Алла такыбалардан гана кабыл кылат!” – деди: “Эгер сен мени өлтүрүү үчүн кол көтөрсөң да, мен сени өлтүрүүгө кол көтөрбөймүн. Мен ааламдардын Эгеси - Алладан коркомун. Мен, менин жана өзүңдүн күнөөңдү мойнуңа жүктөлүшүн, сенин тозок элинен болушуңду каалаймын. Заалымдардын жазасы – ошол”! (–деди). Аны напсиси агасын өлтүрүүгө азгырды да, аны өлтүрдү. Өзү зыянга учуроочулардан болду. Ошондо Алла ага бир тууганынын өлүгүн жашырууну көрсөтүү үчүн жиберген карга жерди каза баштаганда: “Аттиң, мага эмне болду?! Тууганынын денесин көмгөн каргачалык болбодум”, – деп, өкүнүүчүлөрдөн болуп калды» (Маида сүрөсү, 27-31-аяттар)**.**

Бул окуяда вахийдин нуруна бөлөнгөн акыл напсинин жетегинде калган акылга салыштырылат. Натыйжада эки башка даражадагы акылдын ортосундагы күрөштүн аягы кандай болуп бүтөрү айдан ачык көрүнүп турат. Акыл вахий менен гана белгилүү бир маани-маңызга ээ боло алат. Вахийдин кызматында жүргөн жана аны өзүнө жол көрсөтүүчү катары кабылдаган акыл миң түркүн дүйнөнүн хикматтарын, сырларын түшүнөт. Вахий нурунан куру калган акыл адамды напсинин нары коркунучтуу, нары лаззаттуу азгырыктарынан кутултуп кете албай. Акыл, ар түрдүү максатта колдонулган кескин, курч бычакка окшош. Кимдир бирөө аны менен нан туураса, кимдир бирөө аны жаман жолдорго колдонушу мүмкүн. Арийне, Кабылдын акылы вахийге баш ийбегендиктен, аны түз жолдон чыгарып, тозоку болушунун эң негизги себепкери болду.

Адамзат тарыхындагы алгачкы адам өлтүрүү жана бул окуянын акыбети тууралуу Пайгамбарыбыз Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) ушул хадисин айткан: «Мыкаачылык менен өлтүрүлгөн ар пенденин канынан (күнөөсүнө) сөзсүз түрдө Адамдын тун уулуна шыбага бөлүнөт. Анткени, ал адам өлтүрүү чыйырына алгачкылардан болуп жол баштаган» (Бухарий, Анбия, 1).

1.1.11 Адамдын (алейхис салам) икаясынан үйрөнө турган ибарат:

1. Инсанды такай жаман жолго баштаган жана анын эң биринчи душманы болгон шайтандын айла-амалдарынан этият болуу зарыл.

2. Пендезатты түбөлүктүү зыянга түрткөн текеберлик, кекчилдик, ачкөздүк жана шашмалык сыяктуу жаман мүнөздөрдөн арылуу үчүн напсини тазалоого жана тизгиндөөгө олуттуу көңүл буруу кажет.

3. Кокус байкабастан ката иш жасап алган болсок, Адам Ата сыяктуу дароо туура жолго кайтып истигфар31 этүү керек.

4. Атайын орой ката кетирбеген күндө деле Жараткандын неметтарына жарашыктуу шүгүрчүлүк айта албагандыгыбыз үчүн бул алсыздыгыбызды толук моюнга алып, дайыма Алла Тааладан кечирим сурап истигфар кыла жүргөнүбүз оң.

5. Адам Ата менен Обо Энебиздин тыюу салынган жемишти жеген окуясынан мындай бүтүм чыгарууга болот: күнөө жасоонун таасиринен улам жүрөктөгү алсыраган рухий күч тооба кылгандан кийин аларга кайрадан берилген. Адам урпагы катары күн сайын жасаган күнөөлөрүбүздү ойлоп, ыйлап тооба кылып Аллага кайрылышыбыз керек.

6. Дуба кылганда дайыма Азирети Адамдын жолун улап Мухаммед Пайгамбарыбызга салам жана салават айтып, аны ар кандай жагдайларда тилден түшүрбөй, дилге жат кыла жүрүшүбүз керек.

7. Султандык рухту напсиден өйдө тутуп, “ахсани таквим” (адамгерчиликтин эң жогорку даражасы) деген улуу сырды багынтууга аракет кылсак утук биздики.

8. Алланын акыркы Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) хадисинде айтылгандай, жалаң гана жакшы иштерге жол баштап, жаман ишти тыйып жүрсөк, момундук парзыбызды аткарган болобуз. Анткени Абыл жакшылыкка, Кабыл болсо жамандыкка үлгү болушкан. Натыйжада Адам Ата:

• Алгачкы жаратылган инсан жана алгачкы пайгамбар.

• Бейишти да, дүнүйөлүк жашоону да жашаган киши.

• Алгач ката кетирип, алгач тооба кылган пенде.

1.2 АЗИРЕТИ ИДРИС (алейхис салам)

Риваяттарда Идрис пайгамбардын (алейхис салам) Вавилон аймагында туулгандыгы тууралуу маалыматтар айтылат. Тигр жана Эфрат дарыяларынын ортосунда Месопотомия чөлкөмүндө жайгашкан Вавилон абалтан бери адам жашап келген жер болуп саналат. Адам Атанын алтынчы муундагы урпагы саналган Идрис (алейхис салам) Шит пайгамбардын уруусунан болот. Куранда бул пайгамбар тууралуу төрт аят бар.

Идрис (алейхис салам) пайгамбар болордон мурда чын ыкластан талыкпай ибадат кылып, салих заттар менен тыгыз байланыштагы инсан болот. Маңдай тери менен тиричилик кылган. Ал Кабыл уруусунан болгон коомдун арасында жашап калат. Шит пайгамбардын (алейхис салам) жолунан тайган бул коом ахлактык жактан да, ыйман жагынан да бузулуп, ыплас жолдо каңгып калышкан эле. Алар Алланын алдындагы кулчулугун унутушуп, арам жана жаман иштерди өздөрүнчө адал деп эсептешкен. Чектен ашкан элди ыйманга чакыруу үчүн Идрис (алейхис салам) аларга пайгамбар болуп жиберилген. Идрис пайгамбарга Алла Тааладан отуз баракта жарлык берилген. Башкача айтканда, Алла Тааланын буйруктары жана тыюу салган өкүмдөрү маалымдалган. Идрис пайгамбар аларды Алла Тааланын ошол буйруктарын аткарууга чакырып, туура жолго салуунун камын көрөт. Ошончо элдин ичинен миң киши гана ээрчип, ыйман жолун тандагындыгы маалым.

Жараткан Алла Тааланын кудурети менен Идрис (алейхис салам) көккө көтөрүлүп кеткен. Бул жагдай Марям сүрөсүнүн 57-аятында мындай баяндалат: **“Биз аны жогору жайга көтөрдүк!”** Аятта жогору жай же мартаба дегенди, тафсирлерде Алла Таалага жакын жер, бейиш же төртүнчү кабат асман деп түшүндүрмө берилет. Буга кошумча, Бухари жана Муслимдин “сахих хадистер жыйнагындагы” төмөнкү хадис анын көккө көтөрүлүп кеткендигин бышыктайт: “Мен Миражга чыгып, асмандын төртүнчү кабатына барганымда Идрис пайгамбарга жолуктум. Жабраил мага: -Бул кишинин ысымы Идрис. Аны менен учураш, - деди. Мен ага салам айттым, ал алик алып: - Кош келипсиң ыкласман тууганым, ыкласман пайгамбар! - деди” (Бухари, Бадул-халк, 6; Муслим, Иман, 259-264).

Курани Каримде Идрис пайгамбардын ак көңүл, чынчыл жана сабырдуу экендиги мындайча сыпатталат:

“Ушул китепте Идристи (ал жөнүндөгү аңгемени) эстегин! Ал абдан чынчыл пайгамбар эле” (Марям сүрөсү, 56-аят). «(Эстегин) Исмайыл, Идрыс, Зул-Кифл, баарысы сабырдуулардан эле. (Алардын баарын Биз ырайымыбызга бөлөдүк. Анткени алар жакшылардан эле)» (Анбия сүрөсү, 85-86-аяттар)**.**

Алла Таала аяттарда аты аталган пайгамбарларды мактоо үчүн изги иштерди аткарган “садакат” камкор, сабырдуу жана чыдамкай деген асыл сапаттар менен сыпаттаган.



Адамзат тарыхында пайгамбарлар руханий бийиктикте болгон сыңары, өнөр жагынан да абдан бай болушкан. Азирети Адам дыйканчылыктын, Азирети Идрис тигүүчүлүк кесиптин пири болушкан. Алгачкы адам коомдорундагы жазуу маданияты Азирети Идристин жеке кайраты менен бир топ илгерилеген. Айрыкча ал учурдагы физика жана химия илимдеринин алгачкы пайдубалын түптөп, алгачкы саамалык маалыматтарды изилдеп табуу менен адамзат келечегине уютку калтырган. Алланын жарлыктары түшүрүлгөн пайгамбарлардын катарында Азирети Идристин (алейхис салам) берилгендиги, ыкласмандыгы, камкордугу, чынчылдыгы жана изгилиги Курани Каримде мактоо менен эскерилген. Алла Таала аны тирүүлүктө эң жогорку мартабаларга жеткирген. Ага дубай салам болсун!...

1.3 АЗИРЕТИ НУХ (алейхис салам)

Куран-и Каримдин 43 жеринде аты аталган Нух (алейхис салам) “улул-азим” пайгамбарлардан болуп саналат. Анын Яшкур, Сакин, же болбосо Абдулгаффар деген башка ысымдары, ошондой эле, “Нажиюллах-Алланын сырдашы” жана “ШайхулАнбия” деген лакаптары да болгон. Азирети Нух (алейхис салам) миң жылга жакын жашаган.

Идрис пайгамбардан кийин элдер туура жолдон адашып, буттарга, айкелдерге табына башташкан. Ошого карабай Вадд, Сува, Ягус, Яук жана Наср сыяктуу ыймандуулар анын шариятын карманып, элдерди динге даават кылышкан. Азирети Идристин ишенимге бекем сахабалары бул дүйнөдөн өткөндөн кийин кийинки муундар мунафыктардын сунушу боюнча жана өздөрү да эскерип туруу үчүн алардын келишкен айкелдерин жасашкан. Убакыт куштай сызып, улам жылдар өткөн сайын өздөрү жасаган айкелдерди “Кудай” дешип, бутпарас болуп калышат. Ар уруунун өзүнө таандык буту (идолу) болуп, ар бир бутка атайын бир кызматкер дайындашат.



Куфа чөлкөмүндө Нух (алейхис салам) жашаган коомго Кабылдын уруусунан Дармасил аттуу зөөкүр киши башчылык кыла турган. Көпчүлүгү бутпарас катары таанылып калган бул коомдо тавхид ишенимин тутунган саналуу гана адамдар калат. Мал багып, кээде соода-сатык менен алектенип тиричилик кылган Нух (алейхис салам) мына ушул адамдардын катарында эле. Элдин бутка табынышы бир чети Нух пайгамбардын күлкүсүн келтирсе, бир жагынан алардын чектен чыккан ахлаксыз кылык-жоруктары жана бутпарастыгы аны кейитчү болот. Азирети Нухка пайгамбарлык берилгенде перзенттери Хам, Сам, Яфас башында турган бир ууч адам ага ыйман келтиришип, аны колдошот. Канан аттуу уулу гана атасынын пайгамбарлыгын тааныбай, каапырлардын тобуна кошулуп кетет. Наадандык оорусуна чалдыккан бутпарас коом Нух пайгамбарга жүздөгөн жылдар бою жолто болушуп, не деген гана кыйын күндөргө кириптер кылышпады. Адашкан элдин зордук-зомбулугуна жана ашкере карөзгөйлүгүнө 950 жыл бою сабыр кылып, милдетин аткарат. Бирок адашканга айла канча. Акырында пайгамбардын чыдамы кетип, кордук, машакаттарга дарманы жетпей, үмүтү өчкөндө гана:

“Ошондо ал Раббисине: «Мен (каапыр коомго) жеңилип калдым. Өзүң жардам кылгын!» – деп, жалбарып суранган эле” (Камар сүрөсү, 10-аят)**.**

Жараткан Алла Таала Нух пайгамбардын тилегин угуп, бир кеме жасоого буйруйт. Алладан буйрук келээр замат үч кабат кеме жасоого киришет. Нух пайгамбар өзү башында туруп кемени жасап бүтүрүшөт. Анын пайгамбарлыгына сексен адам ыйман келтирет. Ар бир жаныбардан жуп-жубу менен кемеге салышат. Ошентип, ар кайсы жерден оргуган суулар атырылып, көктөн көнөктөп жамгыр жаап, дүйнөнү суу каптайт. Кеме алты ай бою ар тарапка багыт алып, суу үстүндө сүзүп жүрөт. Качан гана Алла тарабынан, Худ сүрөсүнүн, 44-аятында айтылгандай: **“Эй, жер, сууңду жуткун! Эй, асман, жааганыңды токтоткун!”** деген буйрук берилгенде, суулар тартылып, кеме Жуди тоосунун башына токтойт. Баяндамаларга караганда, Нух пайгамбардын уулдары Самдан араб жана перс, Хамдын тукумунан индус, эфиоп жана африка элдери, ал эми Яфастан болсо азия элдери жана болжол менен Беринг кысыгынан өтүп, Америкага жайгашкан жергиликтүү калк көбөйүп олтуруп дүйнөгө тарайт.

1.3.1 Нух пайгамбар жиберилген коомдун өзгөчөлүктөрү

1. Буттарды (идолдорду) Кудай деп эсептешкен.

Учурунда жөн гана эстелик жана урмат-сый үчүн айкелдерди тургузуп, арадан кылымдар өткөн соң кийинки муундар айкелдерге сыйына башташкан. Бутпарастык деген ишеним адамзат тарыхында доордун агымына, өзгөрүшүнө жараша ар кандай формага кубулуп инсанды ак динден адаштырып келет. Нух коому:

“Мындай дешти: «Эсиңерде болсун, Кудайыңарды эч качан таштай көрбөгүлө! Айрыкча Вадди, Суваны, Ягусту, Якту жана Насрды эч тана көрбөгүлө!» (Нух сүрөсү, 23-аят)**.**

Аты аталган буттардан: Вад эркек, Сува аял, Ягус арстан, Яук ат жана Наср бүркүт кейпинде жасалган айкелдер эле. (Э. Хамди Языр, Тафсир китеби 8/5378).

Тавхид ишениминдеги диндер Алла Таала көзгө көрүнбөйт, Анын түрү, жынысы болбойт, жашаган мекени, адамга, жаныбарларга окшобойт, Ал уктабайт, чарчабайт, эч нерсеге муктаж эмес, Ал жалгыз, чексиз кудуреттүү жана мээримдүү деп түшүнүүгө багыт берет. Адамдын акылын, ой мүдөөсүн жаратылган заттын түпкү сырын, рухий акыйкаттарын аңдоого чакырат.

2. Зөөкүрлүктүн жана адашуунун туңгуюгуна батышкан эле.

«…Алар эң зөөкүр жана эң бузукулардын накта өзү эле» (Нажм сүрөсү, 52-аят)**.**

3.Алар ар түрдүү күнөө иштерди жасашаар эле жана токтотушпайт эле.

«Алар акыйкатта күнөөкөр (жолдон адашкан) коом эле» (Зарият сүрөсү, 46-аят)

4.Бардык баалуу сапат, жакшы мүнөздөрүнөн айрылып, жамандык атынан ураан чакырып калышкан эле.

«Чынында эле алар абдан начар калк эле» (Анбия сүрөсү, 77-аят)**.**

5.Азгырылуунун айынан айбандан да төмөн абалга жетип, абийирлери сокурга айланган эле.

«Алар, (көөдөн көздөрү, абийир, ар-намысы) сокур топтун ичинде эле» (Араф сүрөсү, 64-аят)**.**

Нух элүү жашка чыкканда Жабраил (алейхис салам) келип, ары жоопкерчиликтүү, ары түйшүктүү пайгамбарлык деген кымбат вазийпаны тапшырат. Бул жагдай туурулуу Курандын көптөгөн аяттарында айтылып келет:

“Чындыгында Биз, Нухту өз коомуна (пайгамбар кылып) жибердик. (Нух) аларга: «– Мен силерге чыныгы эскертүүчүмүн, Аллага гана сыйынгыла! Келечекте башыңарга жан чыдагыс күндүн азабы келишинен коркомун!» – деди” (Худ сүрөсү, 25-26-аяттар)**.**

Пайгамбарлык келгенден тартып Нух (алейхис салам) вазийпасын жашыруун түрдө жүргүзгөнгө мажбур болот. Кийинчерээк ачык айкын даават кыла баштайт. Жаш кезинде көпчүлүктүн сүймөнчүлүгүнө татыктуу болгонуна карабастан, учуру келип, Алланын буйруктарын айта баштаганда көптөр жаман көрүп, аз гана адам ээрчийт. Күндөрдүн биринде коомдун падышасы Дармасил Азирети Нухтун чакырыгынан кабардар болот да, айланасындагы нөөкөрлөрүнөн сурайт:

- Ким ал?

-Нух бин Ламак аттуу адам. Өз элибизден болсо да, биздин аң-сезимге жат нерсени айтып жүргөн ээн баш чыкты. Башында акылдуу эле болчу, кийинчерээк акылынан алжыган немедей пайгамбар болгонун айтып чыкты. Айрыкча, биздин буттарга (кудайларыбызга) каршы чыгууда! – деп, нөөкөрлөр билдирилери менен пайгамбарды хан сарайына алып келүүгө буйрук берет. Нух пайгамбар адаттагыдай салам айтып, жылуу амандашып падышанын алдына келет. Падышанын түрү бузулуп:

- Кандай гана өкүнүчтүү! Сен биздин кудайларыбызды танган турбайсыңбы?! – деп кагып-силкет.

Нух пайгамбарды ээрчигендердин көпчүлүгү кедей-кембагалдар болгондуктан, падыша баш болгон ишенимден тайган акылы тайкылар аны маскаралап күлүшөр эле. Каапырлар анын дымагын өчүрүү үчүн:

“Бүт шерменде бетпактар ээрчип алган ушу сага ишеним арталыбы?!” (Шуара сүрөсү, 111-аят) деп өчөшүп жатып калышат.

Бул наадан жана зөөкүр коом текеберчиликтен улам кедейкембагалдарга кордук көрсөтүшчү. Бирок Нух (алейис салам) ак динининмаксатына ылайык, эркибекем, кайратман пенделерди коргоп, аларга рухий дем берип турчу.

“Эй, элим! Мен силерден мал-мүлк сурабаймын. Менин акым бир гана – Алладан. Мен ыйман келтиргендерди кубалоочулардан эмесмин. Анткени, алар – Эгелерине (акыретте) жолугуучулар. Бирок, мен силердин наадан (эл) экениңерди көрүп турам. Эй, элим! Эгерде мен аларды кубаласам, анда мени Алладан ким коргоп кала алат? Эсиңерди жыйбайсыңарбы?!” деп көп айтар эле. (Худ сүрөсү, 29-30-аят)**.**

Падыша Дармасил өлгөндөн кийин анын ордун атасынан ашкан карөзгөй уулу Навлин басып калат. Бийлик кумары Навлинди чектен ашкан заалымга айлантат. Навлиндин доорунда деле Нух (алейхис салам) чакырыгын уланта берет. Каапырлар аны көргөн жерде шылдыңдамайын өтүшчү эмес. Кээде анын бети башына топурак чачып, жадагалса сабап коюшчу. Сырттан караган эл көзүнө ал куру эле убаракерчиликтин ичинде азап тартып жүргөндөй көрүнчү. Аныгында алар ойлогондой эмес эле. Ал толгон токой машакаттарга карабастан сабырдуулук менен Алланын ак жолуна чакырган. Жараткандын жаркоерлиги менен Жабраил периште кээ-кээде келип анын айрылган же жараланган жерлерин дарылап кетчү

– Эй, Нух, сөзгө кандай түшүнбөгөн немесин! Ушунчалык акаарат кылып, токмоктогонубузга карабай, эмнеге чакырыкты таштабай жүрөсүң? Нух пайгамбар:

– Мен али акылымдан адаша элекмин. Ата-бабаларыңар мына азыр азап тартып жатышат! Эсиңерге келгиле! – деп аларга кайра насаат айтат. Нух пайгамбар кайра мүмкүнчүлүктөн пайдалана калып:

– Силер менин дааватымдан миң жолу жүз үйрүсөңөр мага кыпындай дагы зыян келтире албайсыңар! Эсиңерде болсун, мага зыяны тийип калат деп силерден эч качан коркпоймун! Мен жалгыз Аллага гана тобокел кыламын!.. А чакырыгым үчүн силерден эч нерсе доолабаймын!.. деп ачык айтып, тескерисинче, мушриктерди ойлондуруп койот.

“Мен бул (чакырыгым) үчүн силерден ажр - сыйлык сурабаймын. Менин сыйлыгым бардык ааламдардын Раббиси болгон Алланын мойнунда” “Андыктан, Алладан корккула жана мага моюн сунгула!” (Шуара сүрөсү, 109-110-аят)**.**

1.3.2 Бактысыз коомдун азапты талап кылышы

Алгач пайгамбарлык келип, даават жаңы башталган кезде Нухка бир ууч гана инсан көңүл коюп, моюн сунушкан эле. Андан кийин аны эч ким деле ээрчиген эмес. Тескерисинче, коомдун кордугу чектен ашкан. Наадан эл акырында Алланын азабын талап кылганга чейин барышкан:

«Алар (каапырлар): «Эй Нух, мына биз менен талашып-тартыштың. Эми ошончолук чынчыл болсоң, бизге убада кылып жаткан нерсеңди (азапты) алып кел!» – дешти» (Худ сүрөсү, 32-аят)**.**

Пайгамбар аларга насаат, эскертүү берген сайын эл аны кордоп, басмырлап жана шылдыңай беришет. Дагы да чектен ашып, "Кана, убада кылган нерсеңди алып кел!" дешет. Ошого карабастан Нух (алейхис салам) Алла Тааланын кудуреттүүлүгүн жана бере турган мүмкүнчүлүгүн эскертти:

"Алла Өзү каалаган чакта гана аны башыңарга са лат. Ошондо силер эч кайда качып кутула албайсыңар. Эгерде Алла силерди жолдон тайдырууну кааласа, мен насаат кылууга аракет кылганым менен ал пайда бербейт. Ал силердин Раббиңер жана Анын Өзүнө гана кайтарыласыңар" (Худ сүрөсү, 33-34-аяттар)**.**

Эл оңолмок тургай, тескерисинче пейили бузулуп, күнөөдөн башы чыкпай калды. Алла Таала бул коомго алгачкы эскертүүнү жиберди. Кырк жыл бою кургакчылыкта кууратып, жамгыр жаадырбай койду. Ошондой эле кырк жыл бою аялдары төрөбөй, мал-жаны кыргынга учурады. Айласы кеткен эл Нух пайгамбарга кайрылышты. Нух (алейхис салам):

"Буттарга табынуудан баш тарткыла, мен силердин жакшылыгыңарга дуба кылайын!" – деди да, Жаратканга кайрылды. "Оо, Раббим! Мен элиме: "Раббиңерден кечирим сурагыла, албетте, Ал Кечиримдүү", – дедим" (Нух сүрөсү, 10-аят)**.**

Тилекке каршы, терсаяк коом пайдалуу насаатарга кулак салбай коюшат. "Нух айтты: «Раббим, чындыгында алар мага тоң моюндук кылышты, дагы (тапкан) мал-дүйнөсү жана бала-чакасы өзүнө зыянды гана көбөйткөн адамдарды (өздөрүнүн бай дөөлөттүү башчыларын) ээрчип кетишти" (Нух сүрөсү, 21-аят)**.**

Улуу муундагы адамдар өлүп кетер алдында Нухка ыйман келтирбөөнү, ага каршы туруп, керек болсо согушууну кийинки муундарга керез кылышар эле:

«(Раббим! Алар бири-бирине): кудайларыңарды эч качан таштабагыла; айрыкча Лат, Сувва , Ягус, Яук жана Насрды чанбагыла!» – дешүүдө" (Нух сүрөсү, 23-аят)**.**

«Жана Нух мындай деди: «Эгем, жер жүзүндө бир да каапыр калтырба! Эгер аларды калтырсаң, Сенин кулдарыңды адаштырып, алардан бузукулар жана каапырлар гана туулат» (Нух сүрөсү, 26-27-аяттар)**.**

Мына ушул кайрылуудан кийин кеменин жасалышына буйрук келет. Жүздөгөн жылдар бою түркөй коомдун кордугун тарткан Нух пайгамбарды жубатуу үчүн Алла Тааладан мындай вахий келет:

"Коомуңда башында ыйман келтиргендерден башка эч ким ыйман келтирбейт. Демек, алардын кылмыштарына кейибегин жана Биздин көз алдыбызда, Биздин вахий таалимибиз астында бир кеме жасагын. Ошондой эле заалым адамдар жөнүндө (аларды куткар деп) дуба кылбагын. Эми алар (Топон сууга) чөктүрүлөт" (Худ сүрөсү, 36-37-аяттар)**.**

Кеме куруу иши башталгандан тартып, бутпарастар кутурган айбандардай, кайра тоскоол боло башташат:

“Ал кемени жасап жатканда өз коомунан болгон (каапыр) адамдар жанынан өткөн сайын аны келеке кылып күлүштү. Ал айтты: Эгер (бүгүн) силер бизге күлсөңөр, билип койгула, жакында куду силер күлгөндөй биз да силерди келекелеп күлөбүз!” (Худ сүрөсү, 38-аят)

Кылымдар бою жасаган кара өзгөйлүгү аз келгенсип, түнү кемени өрттөп жиберүүгө келишет. Кудай Тааланын кудурети менен кеме күйбөй койот. Ийгиликсиз кадамдарынын жүйөсүн Нухка (алейхис салам) төңкөп: **“-Бул сенин сыйкырың!”** дешет. Каапырлар муну менен эле жөн калбастан, душмандыктын башка дагы түрлөрүн ойлоп табууга киришет. Нухтун көңүлүн калтырабыз деп ойлошобу, айтор, топтолуп келишип ойго келгенди жасап, кеменин ичин булгап, даарат ушатышып, өздөрүнүн мындай айбандык жоругуна маашырланып калышчу.

1.3.3 Топон суу

Нух пайгамбар жана момундар катуу толкундарга туруштук берала турган үч кабат кемени эки же төрт жылдын аралыгында катуу жыгачтан жасап бүтүрүшөт. Ибн Аббастын риваятына караганда, аны ээрчиген сексен момун бар эле. Жаныбарлардын ар бир түрүнөн бирден жупту кемеге салышып, даярдык толук бүткөн соң күтүлүп жаткан буйрук келет.

“Тээ биздин буйругубуз келип, тандырдан (жалын ордуна) суу оргуп чыга баштаган чакта (Нухка) мындай дедик: Ар бир жаныбардан бир жуптан жана биз аянычтуу жаза өкүм бергендерден башка өз үй-бүлөңдү жана ыйман келтиргендерди кемеге жайгаштыр!” дедик. Ансыз деле анын жанында ыйман келтиргендер өтө аз болчу” (Худ сүрөсү, 40-аят)**.**

Азирети Нухтун уулу Канан, атасынын насааттарына жана эскертүүлөрүнө карабастан, моюн сунбай койот. Ошентип, уулу каапырлардын арасында калат. Кеме эми гана жылып бараткан кездеги Нух пайгамбардын акыркы чакырыгынан да майнап чыкпайт. Мына ушул абал аятта төмөнкүчө сүрөттөлөт:

“Кеме аларды тоодой толкундар арасында алып баратканда Нух бир четте калган уулуна үн салды: “Уулум, кел, биз менен бирге (кемеге) түшкүн, каапырлардын жанында калбагын!” (Худ сүрөсү, 42-аят)**.**

“Ал (Уулу): «– Мен өзүмдү суудан сактай турган бир тоонун үстүнө чыгып кетемин, деди. Нух айтты:- Бүгүн Алланын амиринен эч нерсе сактай албайт! Ошентсе

да, (Алла) Өзү ырайым кылган адамды гана (сактайт). Дал ошол маалда адамдарды толкун жайпап, уулу чөгүп кеткендердин арасында калды” (Худ сүрөсү, 43-аят)**.**

Суу көбөйгөндөн көбөйүп, көтөрүлгөндөн көтөрүлүп деңиз болуп, тоодой толкундар каарданып ары-бери чайпаса да багытсыз сүзүп жүргөн кемедегилерди Алла Таала Өз паанайында сактап баратты. Алла Таала бул кырдаалды Курани Каримде мындайча чагылдырат:

“Тоодой толкундардын арасында кеме аларды алып баратты” (Худ сүрөсү, 42-аят)**.**

1.3.4 Суунун тартылышы

Кемеге түшөрдөн мурда Азирети Нухка төмөнкү дуба үйрөтүлгөн эле. Ушул дубанын керемети менен кемени да, андагы макулуктарды да Алла аман сактады:



«Бизди заалым коомдон куткарган Алла Таалага мактоолор болсун! Раббим, мени куттуу жайга түшүр. Жакшы жайларга жайгаштыруучулардын эң кайырдуусу Өзүңсүң» (Муминуун сүрөсү, 28-29-аяттар)**.**

Баяндамаларга караганда, топон суу апааты ражаб айынын биринен башталып, алты ай бою токтобой көнөөктөп жаап, жер астынан оргуп турган. Акырында Алла Таала жерге жана асманга буйрук кылган:

«Эй, жер! Сууңду жуткун! Эй, асман! Өзүңдү (сууңду) туткун!» (Худ сүрөсү, 44-аят)**.**

Ошентип, кеме мухаррам айынын онунчу күнү (ашура күнү) Жуди тоосунун чокусуна токтойт. Нухту (алейхис салам) ээрчиген бактылуулар жана айбанаттардын баары чоң сыноодон кутулушат. «Ошондо (Биз) аны да, аны менен бирге болгондорду (момундарды) да куткардык» (Шуара сүрөсү, 119-аят)**.**

Андан кийин Алла Таала Азирети Нухка буюрат:

«Эй, Нух! Өзүң менен бирге болгон топторго: “Биз тараптан тынчтык жана береке менен кемеден түш” деп айтылды. Башка (каапыр) муундар да келишет. Биз аларга да (дүйнө жашоосунан) бираз пайдалануу мүмкүндүк беребиз, кийин аларды Биз тараптан боло турган жан чыдагыс азап камайт» (Худ сүрөсү, 48-аят)**.**

1.3.5 Ашура күнү

Кеме Жуди тоосунун чокусуна токтогон соң жерге сак-саламат түшкөнгө шүгүрчүлүк ниетинде Азирети Нух баш болуп, бардык момундар орозо кармашат. Артып калган ырыскыларды бир казанга салып ашура бышырышат. Мына ошондуктан Мухаррам айынын онунчу күнү садака берип, орозо кармоо жана таттуу нерселерди таратуу сүннөтү болуп саналат. Абу Хурайра (Алла ага ыраазы болсун) Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммедден

(саллаллаху алейхи васаллам) төмөнкү хадисти ривает кылат: “Мухаррам айында кармалган орозо Рамазандан кийинки эле эң сооптуу орозо болуп саналат” (Муслим, Савм, 38).

Ошондогу сексен кишиден адамзаттын тукуму көбөйгөн. Нух пайгамбардын тун уулу Сам акылдуу, зээндүү жана салих болуп жетилет. Атасынын Кудай Таалага жалбарган дуба тилектеринин натыйжасында, Нухтун (алейхис салам) көзү өткөн соң Сам элге өкүл болуп кала берет. Анын тукумунан көбүнесе салихтер чыккан. Кийинки уулу Хамдан эфиоптор, индус жана африка элдери, кенже уулу Яфастан славян уруулары жана түрк элдери тараган деген болжолдор айтылат.

1.3.6 Нух коомунун жок болуп кетишинин негизги себептери

1. Буттарга табынышкан. Алла Тааладан башка нерселерге табынууга чөйрөсүндөгү адамдарды да чакырышар эле.

2. Элдин көбү каапыр болуп кетишкен эле.

3. Өлүмдөн кийинки жашоого, кыяматка жана сыраттын болоруна ишенбейт эле.

4. Азирети Нух жана аны ээрчиген момундар калктын кембагал катмарынан болгондугу үчүн бутпарастар аларды «айбандар» деп кордоп, басмырлап турушчу.

5. Нухтун (алейхис салам) абийирдүү жана ишенимдүү инсан экендигине карабастан пайгамбарлык келгенден кийин аны жалганчыга чыгарышкан. Аз келгенсип аны сабап, токмоктошор эле.

6. Дүнүйө кумарына азгырылган бул коомго Жараткан Алла Өз нематын ашыгы менен бергенине карабастан, алар шүгүрчүлүк кылышкан эмес.

7. Аялдарда абийир менен ар-намыс деген сапат жокко эсе болгон. Коомдун жок болуп кетишине ушул оор күнөөлөр себепкер болгон.

1.3.7 Азирети Нухтун өзгөчө сыпаттары

1. Бутпарас коомдо жашаганына жана өзүнө аз гана инсан ыйман келтиргенине карабастан өз элине кызмат кылган.

2. Ар түрдүү кыйноолорго салган элге 950 жыл сабыр кылган жана кандай гана кыйын кырдаал болбосун, тагдырга ыраазы болуп, Аллага өтө көп шүгүр кылган пайгамбар болгон.

3. Нух пайгамбар ар дайым истигфар тилеген жана өз катасынан дароо кайткан кул болгон.

4. Деңиз сапары жана сууда жүрүү технологиясы Нух пайгамбардын доорунан кийин ар тараптан өнүп өскөн.

Топон суу алааматы бүткөн жылы көз жумган улуу пайгамбар ширкти, каапырлыкты токтотууга жан үрөгөндүгү, 950 жыл зулумдун чеңгелинде динге мээнет кылгандыгы жана чыдамкайлыгы менен өзүнөн кийинки пайгамбарларга жана үммөттөргө үлгү болгон. «Сабыр» деген улуу сапатты бизге мурас калтырган Азирети Нух (алейхис салам) Алла Тааланын ырайымына жана ыраазылыгына арзыган!

1.4 АЗИРЕТИ ХУД (алейхис салам)

Худ (алейхис салам) Нух пайгамбардын уулу Самдын неберелеринен болот. Худ ысымынан башка анын Абир деген аты болгон. Ал Ахкаф чөлкөмүндө туулуп өскөн. «Худ» сөзү арап тилиндеги «хавадат» деген уңгудан чыгып, жумшак, токтоо, тынчтык жана ынтымакка данакер болуу деген маанилерди билдирет. Худ (алейхис салам) Ад коомуна пайгамбар болуп жөнөтүлгөн. Кыйроосу бүтүндөй адамзатка сабак катары тарыхта калган Ад коому жашаган Ахкаф аймагы географиялык картада азыркы Йемен, Аден жана Оман өлкөлөрүнүн ортосунда жайгашкан.

1.4.1 Ад коому

Ад коомун жыйырма үч уруудан турган арап эл-насили түзөт. Нух пайгамбардын небереси Аддын ысмы ушул коомчулукка энчилүү ат болуп калган экен. Булар болжол менен Азирети Нухтан 800 жыл кийин жашаган. Баяндамаларда Ад коомчулугу жалпысынан узун бойлуу, алп денелүү, олбурлуу жана узун өмүрлүү болгондугу айтылат. Аймактын топурагы кара, семиз келип, мол түшүм берер эле. Ахкаф чөлкөмү бак-даректуу болгондуктан «Ирем» деп таанылган, атагы азырга чейин угулган «Ирем багы» деген сөз ошондон калган. Ад коому аскаларды оюп үй жасап, кооз имараттарды курушкан. Ошол имараттардын ичине миң түркүн бак-даректарды өстүрүү, суулары атырылып туруучу кооз көлмөлөрдү жасоо алардын сүйүктүү иши болуп кала берген. Мына ушулардын баары бир көргөн адамдын көз жоосун алып, кайра көрүүнү саматчу экен. Алла Таала берген дүнүйө-мүлктү көтөрө алышпай, убакыт өткөн сайын бул коомдо текеберлик жана менменсинүү манчыркоо күчөй баштайт. Ар тараптуу неметтердин көптүгүнө алданышып, дүнүйө артынан сая кууп кете беришет. Сыноо үчүн берилген байлыкка манчыркап, көздөрүн май басып, куйтулук, зыянкечтик жана баш аламандык ырбагандан ырбап, чыныгы динден оолак кетишет. Ата-бабаларынын башын жалмаган Нух туфанынын коркунучунан жана хикматынан сабак алмак тургай, ойлоп да коюшпайт. Алла Таала алар тууралуу мындай деп буюрат:

«Эми Ад (уруусуна) келсек, ошондо алар жер жүзүндө текеберленип бой көтөрүштү. Алар: «Бизден да күчтүү ким бар?» дешти. Акыры алар өздөрүн Жараткан Алла алардан да күчтүү экенин билишпедиби?! Жана алар Биздин аяттарыбызды танып жокко чыгарышты» (Фуссилат сүрөсү, 15-аят)**.**

Алар Кудай Таала көрсөткөн багыттан биротоло айрылгандыктан Самад, Самуд, Сада жана Хаба аттуу буттарга табына башташат. Жасалгалоо жана көргөзмөдө чекти тааныбай эле байлыктарынын көптүгү, үйүнүн кооздугу жана жасалгалуулугу менен кадыр-барк күтүп калышат. Адилетсиздик күч алып, алсыздардын укугу тепсендиде калат. Натыйжада алар ырайымсыз зөөкүр коомго айланышат.

Бул коомго Азирети Худдун уруулук жагынан гана байланышы бар эле. А чыныгы жашоодо алар менен эч кандай алакасы жок болгон. Ал теги таза жана наркты билген бүлөнүн уулу эле. Ад кому адамгерчиликти тааныбай, чектен ашкан зөөкүр болуп баратканда Алла Таала Азирети Худду буларга пайгамбар кылып тандайт.

«Ад коомуна өз насили-тууганы Худду пайгамбар кылып жөнөттүк» (Худ сүрөсү, 50-аят)**.**

Бул вахий билдирилген соң Худ (алейхис салам) коом топтолгон жерге басып барат. Падыша Халжан алтын тактысында отурган болот. Азирети Худ сөз алып, үнүн бийик көтөрүп элге кайрылат:

“Ал айтты: “Эй, коомум, Аллага ибадат кылгыла! Силер үчүн Андан өзгө илах-кудай жок. Анын азабынан коркпойсуңарбы?!” (Араф сүрөсү, 65-аят)**.**

Ачуусу келген Халжан:

“– Эй, Худ! Өз убалың өзүңдө. Биз абдан кубаттуу жана көпчүлүкпүз. Эмне сен бизге күчүм жетет деп ойлоп жатасыңбы? Жалгыз экениңди унуттуңбу? Элибизде күн сайын бирден чүрпө жарык дүйнөгө келип жатканынан кабардар эмессиңби?” – деп зекийт.

Алар айтышты: «Эй, Худ, сен бизге (өзүңдүн пайгамбарлыгыңды тастыктай турган) бир далил келтирбедиң. Сенин куру сөзүңө эле кудайларыбызды таштай койбойбуз!” (Худ сүрөсү, 53-аят)**.**

Дөөлөткө дөөрүп, байлыкка башы айланган Халжан жана анын айтканын эки кылбаган Ад коому Худ пайгамбарды теңсинбей, ага ыйман келтирбей коюшат.

Күжүрмөн кайрат менен ак жолго баштайын деген кезде коомунун минтип күнөө деңизине чөгүп баратышы Азирети Худдун (алейхис салам) көңүлүн оорутат. Ал ушундай кападар абалда көккө алакан жайып, Кудуреттүү Аллага жалбарат. Натыйжада, эскертүү иретинде коомдогу бардык аялдар он жыл бою төрөбөй калат. Мындай коркунуч аларды Худ пайгамбардын алдына жетелеп келет. Бирок алардын жүрөктөрү дале болсо өлүк, дале болсо капилетте эле. Алар мына ушундай кереметтүү мужизага күбө болушса деле:

“– Сен бизге бир мужиза көрсөт!” – деп жаалашат. Муну менен эле жөн калбай, кудум бирөө шаштырып жаткансып, аны кекетип, маскаралашат. Худ пайгамбар убада кылган коркунучтуу азапты талап кылышат:

“Алар: «– Сен бизди кудайларыбыздан алыстатуу (четке кагуу) үчүн келдиңби? Андай чынчыл болсоң, айткан азабыңды алып келчи,» – дешти” (Ахкаф сүрөсү, 22-аят)**.**

Ошентип, Жараткан аларга эскертүү иретинде удаама-удаа азаптарды жөнөтө баштайт. Алар күнүмдүк турмушта колдонуп жүргөн булактар соолуп калат. Бакчаларынын баары кургап, башка элдерди тамшандырган “Ирем бактары” жок болуп кетет. Алп денелүү адам түспөл мушриктер бир ууртам тамакка зар болушат.

Абал оорлоп, ачарчылык басып турган кезде Худ пайгамбар аларды кайрадан топтойт да: «Жараткан Алла Тааладан кечирим сурагыла! Өжөрлөнүп каапыр боло бербегиле! Мунун арты жаман болуп калат» - деген таризде ачык эскертет.

Ушундай катаал эскертүүлөргө карабай Ад коому эсине келген жок. Азап турмуш алкымдап, ачарчылыктын айынан жеп-ичерге эч нерсе таппай калган күндө да, тавхид акыйдасына далысын салып туруп алышат. Оомат келген мезгилдерде эле алардын дили карарып, ыйманды чанып кетишкен эле. Эгер алар ошондой абалда пайгамбардын айтканына баш ийип берсе, ырахат тартуулаган арам нерселерди токтотуп, алсызды кордой албай калышмак эле да! Анткени чыныгы дин болгон тавхид ишениминде жашоонун адилеттүү мыйзамдары, адеп-ахлактык эрежелери бар. Напси жыргалчылыгын самаган Ад коому Алланын мыйзамына моюн сунуп түбөлүктүү бакты-таалайдын кучагында бейпил жашоону каалашпады. Тескерисинче, акыйкатка кайдыгер болуп, напсиге сыйынып, убактылуу ырахаттарга алданып жашай берүүнү тандап алышты. Кандай гана өкүнүчтүү!

Арадан көп өтпөй уюлгуган кара булуттар көк бетинде пайда болду. Асманды каптаган кара булуттарды көргөн мушрик коом сүйүнө баштады. “Жамгыр көп жаачудай болуп калды окшойт” деп бирибирине кудуңдап калышты. Акыйкатта бул азап булуттары эле. “Эй, коомум! Ыйманга келгиле!” деп, Худ пайгамбар акыркы жолу аларды азаптан куткарууга далалат жасап көрдү. Кайдыгерликтин терең туңгуюгунан жарыкты көздөй багыт алуу бутпарастар үчүн аябай кыйын эле. Пайгамбардын аракети текке кетти. “Жок, бул жамгырдын эле булуту экен, карасаңар…!” деп акыркы эскертүүгө кудум дүлөй жана сокурлардай мамиле жасап коюшту. Акырында азаптоочу периштелер элди кара булут менен каптатып салат. Шаршембинин таңынан катуу бороон күч алды. Бак-даректарды тамыры менен жулуп кетчүдөй күчөгөн бороон добулга айланды. Бороондун үнү абдан коркунучтуу, суугу ит өлгүдөй ызгаар эле.

Алай-дүлөй алаамат добул адамдарды чегирткедей учуруп кетип жатты. Өз ойлорунда шамалга туруштук беребиз деп, каапырлар этек-жеңдерин бири-бирине байлап тегерек болуп

олтуруп алышты. Алланын кудурети алардын мындай айласын камгактай кылып абага сапырып салды. Олбурлуу адамдарды, төөлөрдү учурган добулду көргөндөр үйлөрүнөн чыгалбай калышты. Бирок кайдан!.. Жаалданган бороон оболу үйлөрдүн чатырын учуруп, дубалын уратып, ичиндегин баарын саманды сапыргандай бир заматта үйлөп салды. Алла Тааланын буйругу менен соккон бороон адамдардын денесин кум менен көмдү. Талаада көптөгөн кум дөбөлөрү пайда болду. Ошентип, бул алаамат жети түн сегиз күн дегенде араң басылды. Азирети Худ (алейхис салам) жана тавхид акыйдасын тутунган момундар бороон-чапкын башталарга жакын Ахкаф чөлкөмүнөн чыгып, Алла Тааланын ырайымы менен алааматтан кутулуп кетишкен эле. Бул апаат күнөөкөр коомго гана жиберилген азап эле. Аятта мындайча баяндалат:

“Качан биздин буйругубуз (азабыбыз) келгенде Худду жана ага ыйман келтирген адамдарды Өз ырайымыбыз менен катуу азаптан куткардык” (Худ сүрөсү, 58-аят)**.**

“Мына, Ад коому! Алар Кудай Тааланын аяттарын жокко чыгарышты. Анын пайгамбарына каршы чыгышты жана өжөрлөнгөн зөөкүрлөрдүн өкүмүнө көнүштү” (Худ сүрөсү, 59-аят)

Ад коому жер менен жексен болгондон кийин момундар менен Худ пайгамбар Меккеге келип, көзү өткөнчө ошол жерде жашап калган.

1.4.2 Худ пайгамбардын (алейхис салам) мужизалары

1. Худ пайгамбар Алла Тааланын уруксаты менен бороондун багытын каалаган тарапка бурар эле. Ад коому мужиза көрсөтүүнү сураганда ал: “-Кандай мужиза деп сурады?” “-Бороонду биз каалаган тарапка бурасың,” – дешти. Азирети Худ бороонду алар каалаган тарапка буруп жиберди. Ад коому Худ пайгамбардын мужизасын көрсө да ыйман келтирбегендиги үчүн жер менен жексен болушту. Бул бороон Куранда “рийхи сар-сар” (катуу бороон) деп айтылат.

2. Малдын жүнүн жибекке айлантар эле.

3. Көнөктөп жамгыр жаап турган кезде эл сапарга чыгышчу эмес. Худ пайгамбар муктаждыкты тилеп жалбарып дуба кылды. Алла Таала анын тилегин орундатып, жолдордун жээктерине корголонуучу жайларды жаратты. Ошондон тарта жолоочулар ошол жайларда тыныгып, жамгыр басылган соң сапар улай турган болушту. Азирети Худдун икаясынан төмөнкүдөй сабак алууга болот:

Худ (алейхис салам) Алланын жолуна чын дилден берилген оор басырыктуу инсан болгон. Ойлонуп, жети өлчөгөн соң анан сүйлөгөн кыраакы жан болгон. Жамандык кылган адамдарга тескерисинче, жакшылык кылып, жылуу-жумшак мамиле жасаган. Эл аны акылы кем деп кемсинтсе да, парасаттуу, акылдуу экендигин, болгону коомду бузукулуктан куткаруу үчүн Алла Таала тарабынан тандалган элчи экендигин айтууну жетиштүү деп эсептеген. Алла Тааланын берген неметтарын эстерине салып, буга шүгүрчүлүк кылуу үчүн Алланын буйруктарына моюн сунуу зарыл экендигин түшүндүргөн.

1.5 АЗИРЕТИ САЛИХ (алейхис салам)

Самуд коомуна пайгамбар болуп жөнөтүлгөн Салих (алейхис салам) Азирети Адам Атанын он тогузунчу муундагы небереси болуп саналат. Самуд коому Нух пайгамбардын (алейхис салам) уулу Самдын урпагы болгон Самуддан тараган. Самуд жана анын жакындары Сирия менен Араб жарым аралынын ортолугундагы Хижр чөлкөмүн байырлаган. Андан соң журт которуп, Ад коому жашаган аймакка отурукташып калышат. Самуддан тарагандар көбөйүп, бир уруу болуп, арадан көп мезгил өткөн соң өз алдынча элге айланышат. Айрым тарыхчылар бул коомду “Ад-ы Саний” (экинчи Ад коому) деп коюшат.

Чексиз берешен Алла Таала Ад коомуна берген мүмкүнчүлүктөрдү жана нематтарды Самуд коомуна да багыштайт. Тилекке каршы, Ад коому сыяктуу булар да убакыт өткөн сайын кайдыгерликке белчеден батып калышат. Өздөрүнөн мурунку Ад коомунун аянычтуу акыбалын унутуп коюшат. Жүрөк жана акыл сокурлугу аларды жолдон адаштыргандыктан, Ад коомунун башына түшкөн жазаны Алланын азабы катары эсептебей коюшат. «Алар (Ад коому) пайдубалын бекем түптөбөстөн үйлөрүн кумдун үстүнө куруп алышкан. Ошон үчүн алар жерге кирип кетишти. А биз болсо таштын, асканын үстүнө үй куруп алдык, кандай гана добул келбесин зыян тартпайбыз», - деген сөздөрү алардын канчалык наадан экендигин ачык көрсөтүп турат.



Самуд коомунун адамдары да алп денелүү, олбурлуу эле. Өздөрүнө таандык өнүккөн маданияты да бар боло турган. Тоо-таштарды оюп келишкен үй, асемдүү сарайларды куруу жаатында абдан өнүккөн устачылыгы бар эле. Чоң-чоң аска тоолорду оюп же жонуп андан ар кандай формадагы нерслерди жасашчу. Таш аттуунун баары усталардын чебер колдорунан түркүн калыпка салынар эле. Ад коомун Жанда аттуу адам башкарып турган. Самуд коому өз алдынча кеңешип, эч бир коомчулукта кездешпеген өзгөчө идолду жасоону эл башыдан суранышат. Анысы ойлонуп олтурбай дароо макулдук берет. Журт башчысынын колдоосун тапкан усталар тоого чыгышып, чон аска ташты жонуп башташат. Көп өтпөй чоң аскадан көкүрөгү буканыкындай, буттары аттыкындай формада көздүү идол жасап, алтын менен күмүш жалатып, бул эмгенин элге арнашат. Андан соң бутту асыл таштар, жакут жана каухар менен кооздошот да, ага табына башташат. Ушул окуядан кийин Самуд коомчулугу атайын буткана ачышат. Вадд, Жадд, Хад, Шамс, Манаф, Манат жана Лат ысымдуу буттарды шөкөттөп жасашат. Ошентип бутка табынуу бат эле элге сиңип кетет.

Самуд коому адамзат тарыхында алгачкы бутканы тарых сахнасына алып чыккан эл болуп саналат. Салих (алейхис салам) өз коому менен чогуу жашап, соода-сатык менен алектенип, кол өнөрчүлүгү менен тиричилик кылчу. Анын чынчылдыгына, адилеттүүлүгүнө, жакшылыктарына жана мыкты жөндөмүнө суктанган эл аны жакшы көрүп, урмат-сый көрсөтүшчү. Келечекте андан көптү үмүт кылышып, жадагалса өздөрүнө башчы шайлап алууну самашчу. Бирок Алла Таала Салихке (алейхис салам) пайгамбарлыкты берет.

Салих (алейхис салам) кырк жашка чыкканда Жабраил (алейхис салам) ага пайгамбарлыкты берет. Коомдогу абалды жакшы билген Салих пайгамбар элдин каршылыгын алдын ала сезгендей арсар ойдо калат. Бирок Жабраил (алейхис салам):

“Эй, Салих! Кана эмесе, коомуңду тавхид ишенимине чакыр!..

Эй, Салих! Нух жана Худдун заманында болбогон абалдарга күбө болосуң!” деген бойдон асманга көтөрүлүп кетет. Салих (алейхис салам) адегенде эл башчысы Жандага барып, ага Алланын дининен кабар берет. Пайгамбардын сөзүн кунт коюп уккан Жанда ынанган түрдө өктөм сүйлөп: “Мен бул нерсени коомума айтып көрөйүн. Эгер кабыл кылбай турган болушса, анда чогуу чараан айтып көрөлү” дейт.

Ал коомчулукту сарайына топтоп, Салихтин (алейхис салам) пайгамбар болгонун жана тавхид ишенимине үгүт кылганын түшүндүрөт.

“-Эй, Жанда, өзү келип айтпайбы бул нерселерди!” деп аламан калк чурулдап жиберишет. Салих пайгамбарга сарайдагы кабар маалым болот. Бул сапар коомдун алдына өзү чыгып, тавхид акыйдасын түшүндүрөт. Бул тууралуу Куран-и Каримде мындай деп айтылат:

“Самуд уруусуна өз туугандары Салихти пайгамбар кылдык. Ал айтты: “Эй, коомум, Аллага сыйынгыла! Силер үчүн андан өзгө бир да кудай жок. Ал силерди жерден пайда кылып, ага жайгаштырды. Андан кечирим сурагыла жана (күнөөңөр үчүн) тооба кылгыла. Албетте, Раббим жакын жана (дубаларга) жооп кайтарат.” (Худ сүрөсү, 61-аят)**.**

“(Бирок) Самуд коому пайгамбарларды жалганчы деп аташты. Ошондо Салих айткан эле: «Алладан коркпойсуңарбы?! Албетте, мен силер үчүн ишеничтүү пайгамбармын. Алладан корккула жана Ага моюн сунгула! Мен бул (даават-чакырык) үчүн эч кандай сыйлыкк сурабаймын. Менин ажр-сыйлыгымды бардык ааламдардын Раббиси гана берет!” (Шуара сүрөсү, 141-145-аяттар)**.**

Сен биздин мал-мүлкүбүзгө көз артып, элди башкарууну каалап жатасың..!» деп, эстүүсүнүшөт. Алла Таала менен буттарды салыштырышат:

«-Бизде өзүбүздүн буттарыбыз бар! Көзгө көрүнгөн, кол менен кармалган буттарыбыз турса, аларды чанып, сенин көзгө көрүнбөс Алла Таалаңа ибадат кылалыбы?! Алланы өзүң көргөн эмес болсоң, анан кантип сени бул вазийпга милдеттендирип койду?! Эгер ошондой эле чынчыл болсоң, эч кимдин колунан келбеген өзгөчө бир ишти көрсөтчү!» Алар ушул өңдүү шылтоолорду айтып, акыйкат динди четке кагышат.

1.5.1 Төө мужизасы

Коомунун мындай жаман жоругуна дили таза Салих пайгамбардын көңүлү абдан чөгөт. Ооруган көңүлүнө дабаа издеп бир канча убакыт бою журттан оолак жашайт. Элге кайткан кезде Алла Таала ага пайгамбарлык айбаттуу сүр берет. Бетме-бет келип калган анча-мынчалардын жүрөгү болк эте сүрдөнүп, өзүн жоготуп койгонго чейин барат. Салих (алейхис салам) журт башчысы Жандага экинчи ирет кайрылып барат. Жанда ага:

“-Эгер сеники туура болсо, азыр сынап көрөбүз!” дейт.

Белгилүү «ал-Катиба» деген асканы жаңсап:

“-Угуп тур тууганым. Азыр сени менен чогуу ошол жака барабыз. Сенин Алла Таалаң ошол аскадан тууй турган, ургаачы кызыл төө чыгарсын!... Туула турган тайлак энесине түспөлдөш болсун!..” Айрым каапырлар какшык аралаш:

“-Төөңдүн сүтү жайкысын муздак, кышында ысык болсун! Анын сүтүнөн ичкен оорулуу адам айыгып, кембагалдар байып кеткидей болсун!” дешет келекелегендей таризде. Ошол дооpлордо кызыл түстүү төөнүн наркы өтө кымбат болуп, өзү касиеттүү деп эсептелгендиктен, алар атайын кызыл төө деп дөөрүп жатышкан.

Бүтүндөй Самуд коому топтолгон күнү эл белгиленген асканын маңдайына келишет. Кээ бири мындай укмушту алдын ала күткөндөй жымжырт гана аскага телмирсе, кээ бир адамдар акыйкатты жүрөгү сезип турса да, сыртынан жойпуланып, кол шилтеген таризде бирде ичин тыңшаса, бирде пайгамбарга шектүү карайт. Салих пайгамбар (алейхис салам) эч нерседен кам санабай намаз окуп, Алла Таалага мунажат кылып жатты.

Аска качырап, ортосунан жарака пайда болуп, улам чоңойо берет. Бир жери сыздап ооруган немедей аскадан онтогон үн угулуп, андан соң: **“Лаа илааха иллаллаах,**

Саалихун Набиюллаах" (Алладан өзгө сыйынууга татыктуу кудайлар жок, Салих Алланын пайгамбары) деп, эл күткөн кызыл төө кишиче сүйлөп чыга келет. Ушуну эле күтүп тургансып эл башкарган Жанда бир башкача элпек кыймылдап, Салихтин (алейхис салам) маңдайынан өөп, толкундана элге кайрылат:

"-Оо, калайык! Сокурлуктун да чеги болот! Ушул азыр көргөнүңөр жетиштүү го деп ойлойм! Мен Өзүнөн башка сыйынуучу, теңдеши жана окшошу болбогон Улуу Аллага жана Анын чынчыл пайгамбары Азирети Салихке ыйман келтирдим!".

Өзү эле мусулман болбостон, артынан жүз кишини ээрчитип тавхид акыйдасын кабылдайт. Кыжыры кайнап тажаалданган буткана башчысы:

"-Ушул көз бойогон сыйкырчыга мынча тез алдандыңар! Мен силерге мындан да укмушун көрсөтөм!" дейт, аргасыз ал бууттанып. Анын бул сөзү жибий баштаган жүрөктөрдү кайра муздатып салат. Жанданын бир тууганы каапырлардын арасында калып кеткен эле. Буткана башчысы Жанданын таажысын инисинин башына кийгизип:

"-Мындан кийин сен бизге башчысың!" дейт. Бир башкача руханиятка магдыраган Жанда үйүнө шашылыш жетип, буттардын бардыгын талкалайт да, үйүн күзгүдөй кылып тазалап чыгат. Өзүнө таандык мал-мүлк жана баалуу буюм-тайымдарын ак динге келген момундарга калыс бөлүштүрүп берет. Жанда кийиздей катуу кийим кийип, жөнөкөй турмушту тандап, Салих (алейхис салам) менен бирге тавхидке даават кылып, пайгамбардын үгүт-насаат иштериндеги башкы жардамчысы болуп калат. Жанданын бутпарастыктан баш тартканына кыжырданган ыймансыздар:

"-Эсил кайран эссиз жан оой, бул жүрүш сага эч жарашпаптыр. Сен Салихтин сыйкырына алдандың!" деп, ага күйгөн болуп күйпөлөктөп көрүшөт. Көңүл дүйнөсү ырманга толгон Жанда алардын чолок пикирине кол шилтеп, Азирети Салихтин жанынан жарым карыш жылбайт. Алла Таала ага вахий кылат:

"Албетте, Биз аларды сыноо үчүн (ургаачы) төө жиберген элек. Сен аларды көзөмөлдөп жана сабыр кылып тура бер!" (Камар сүрөсү, 27-аят)**.**

Төө анык мужиза экендиги билинип, көргөндөрдү суктандырар сулуу жана сымбаттуу жаныбар эле. Тайлагы менен кошо оттоп, Алла Тааланы улуктап тасбих кылчу. Башка жандыктар анын айбатынан жакын жолобой кайра тартчу. Негизи эле салыштырмалуу башкача азыктанар эле. Бир күндө шаардагы кудуктардын суусун түгөтө ичкендиктен калган колдогу малжандыктар ичерге суу таппай калар эле. Ошондуктан, Салих пайгамбар бөлүштүргөндөй, бир күн мужиза төөнү, бир күн башка жандыктарды кезектеше сугарышчу.

Көз көрүп турган мындай укмуш мужизага ичи күйгөн каапырлар эптеп жолун таап төөнү жок кылууну максат кылышат. Канчалык душман болушса да, бул кылмыштын кесепетинен коркуп, алда кандай балээге кабылар экенбиз дегендей чочулап жүрүшөт. Короо-короо малынын суусуз калып, зыян тартканын шылтоологон эки аял ыймансыз каапырларды төөнү өлтүрүүгө тукуруп кирет. Бул аялдын бири улгайып калган Узайна бинти Санам эле. Анын көпчүлүктүн көзүн кызарткан сулуу кыздары болчу. Ал эми экинчиси болсо, өң десе өңү бар, байлык десе байлыгы бар, мал-мүлктүү Мухаййа аттуу аял эле. Мухаййа өз абысынын уулу Мустаны чакырып, аны жибитүү үчүн:

“Ушул төөнү өлтүрүп берсең, сага турмушка чыгам, бүт байлыгым сеники болот…” деп, өзүнүн мындай айлакерлигине ойлонбой туруп макул болот. Дүнүйө дегенде өлүмдөн кайра тартпаган Муста жеңесинин жагымдуу сунушуна көнөт. Ошентсе да мындай оор кылмыш үчүн ишенимдүү жардамчы табуу кыйын эле. Көп өтпөй, Кыстар аттуу бутпарасты жалдайт. Аны көндүрүү үчүн Узайнанын сулуу кыздарынын бирөөсүн сунуш кылышат. Көзү канталаган бутпарас аялды укканда ичинен кымыңдап, макул болот. Арзыбаган нерсеге алданган эки арсыз бөрүчө жортуп, түлкүчө жойлоп жүрүп дагы тогуз бутпарасты көндүрүшөт. Бул жагдай Куранда мындайча баяндалат:

“Ал шаарда (өздөрүн) оңдобой, жер бетинде бузукулук кылып жүргөн тогуз адам бар эле” (Намл сүрөсү, 48-аят)**.**

Кудум душмандын жолун тосуп жаткансыган тогуз канкор буктурмага жатышат. Оттоп, ошол тушка келип калган кезде Муста ок чыгарып, төөнү жарадар кылат. Калган мыкаачылар жашынган жерден жетип барып заматта төөнү басып калышат.

“Ошентип алар төөнү союп жиберишти жана Алла Тааланын буйругунан чыгып кетишти” (Араф сүрөсү, 77-аят)**.**

Энесинен айрылган тайлак байкуш коркконунан тоону көздөй качат. Башка риваяттарда, аны да союп, этин жеп коюшкан деген маалыматтар да бар. Үрөйдү учурган суук кабарды уккан Салих (алейхис салам) абдан катуу кайгырат. Төөнүн жанына барып, көпкө ыйлайт. Элге хидаят тилеп, дуба кылат. Ордунан козголуп, мүңкүрөгөн абалда коомго кайрылат:

“Эй, коомум! Эмне эле жакшылыктан, ырайымдан мурда жамандыкты, азапты тилеп калгансыңар?! Ырайым тилеп Алладан кечирим сурасаңар болбойбу? Кудай Таала, балким, силерге ырайым кылар” (Намл сүрөсү, 46-аят)**.**

Каапыр коом**:**

“Эй, Салих! Эгер сен чыныгы пайгамбарлардан болсоң, убада кылган азабыңды алып кел! дешти” (Араф сүрөсү, 77-аят)**.**

“Кийин Салих алардан жүзүн буруп, (өзүнчө) мындай деди: «– Эй, коомум, мына, силерге Раббимдин динин жеткиздим жана силерге насыяттарды айттым. Бирок силер калыс насаатчыларды сүйбөйсүңөр!” (Араф сүрөсү, 79- аят)**.**

“Ошондо (Салих) айтты:

Үй жайыңарды үч күн (тиричилик нематынан) пайдалангыла! Мына ушул чындык убада” (Худ сүрөсү, 65-аят)**.**

Баяндамаларда ушул үч күн шаршемби, бейшемби жана жума күндөрү деп белгиленет. Алгачкы күн алардын жүздөрү саргарып кетет. Экинчи күнү кыпкызыл болуп калат. Үчүнчү күнү жүздөрү капкара болот. Төртүнчү күнү кырылып жок болуп кетебиз деген коркунуч алардын ой-санаасын бийлеп алат. Алгачкы түндүн таңынан тартып ажайып көрүнүштөр пайда боло баштайт. Мужиза төө жүргөн жерлерден кан атырылып чыгып, жашыл жалбыractар кызарып, кудуктагы суу канга айланат. Бетбактардын жүзү саргарып кетет. Ансыз да болуп жаткан окуялардан улам коркуп жүргөн жанагы тогуз мыкаачы:

“Салих бизди сыйкырлап жатат! Үй-бүлөсү менен кошо өлтүрбөсөк, бул балээден кутулбайбыз” деген чечимге келишет. “Ошондо Алланын атына ант ичишип (бири-бирине) айтышты: (Салихти) жана анын үй-бүлөсүн бүгүн түнүчүндө жок кылалы. Андан кийин болсо анын валисине (коргоочусуна): Биз (Салихти) жана анын үй-бүлөсүнүн өлүмүнө биздин эч кандай тиешебиз жок. Анткени бул окуя болуп жаткан кезде биз ал жерде эмес элек. Албетте, биз чынчыл кишилербиз...! дейбиз” (Намл сүрөсү, 49- аят)**.**

Ошентип, тогуз каракчы караңгыда топтолуп, үйлөргө жашынып жүрүп олтуруп мечитке келишет. Аңгыча Жабраил периште Жараткан Алланын буйругу менен жерге түшүп аларды ташбараң кылып өлтүрөт. Алла Таала Куранда минтип айтат:

“Алар (Салихке жана анын үммөттөрүнө кол салуу үчүн) кутумдук кылышты. Биз да алар сезе электе (аларды жок кылуу менен) алардын ойлогон кутумдугун тескери кылып койдук” (Намл сүрөсү, 50-аят)**.**

Ушул окуядан кийин Салих (алейхис салам) өз үммөттөрү менен (болжолдо 4000 киши) аймакты таштап чыгып кетишет.

“Ал буйругубуз келген кезде Биздин ырайымыбыздан Салих жана аны менен бирге ыйман келтиргендерди ошол күндүн оор кордугунан куткарып калдык. Албетте, Эгең – Күчтүү, Ызаттуу!” (Худ сүрөсү, 66-аят)**.**

Экинчи күнү каапырлардын ireңи адам корко тургандай, кызарып кетет. Үчүнчү күнү капкара болуп калышат. Азап качан, кай тараптан келер экен деп, ар кайсы тарапка элеңдеп, шырп эткен дабышка жүрөктөрү жарылып кетчүдөй абалга жетишет. Ошентип, Жабраил (алейхис салам) Алла Тааланын өкүмү менен алардын урабас деген аскадагы кооз үйлөрүн талкалап салды:

“Тигине, алар заалым болгондуктары үчүн үйлөрү кулап, ээн калды! Албетте, биле турган коом үчүн мында аят-өрнөк бар” (Намл сүрөсү, 52-аят)**.**

1.5.2 Самуд коомунун жок болуп кетишинин себептери

1. Тавхид ишенимине чакырган пайгамбарга моюн сунбас тан, каапыр бойдон кетишти.

2. Пайгамбарды ээрчимек тургай, тескерисинче аны шылдыңдашты. Текеберлик кылып, тойбос напсиге жетеленип жүрө беришти.

3. Өз пикирлерин диний өкүмдөрдөн жогору коюп, пайгамбарды теңсинбей коюшту.

4. Аялга болгон азгырыктын айынан жана тогуз карөзгөй мыкаачынын кесепетинен бүтүндөй коом бүлгүнгө учурады.

5. Алла Таала эскертүү иретинде жиберген апааттар үчүн Салих пайгамбарды жана аны ээрчиген ыймандуу адамдарды күнөөлөшүп, аларга таарынышты. “- Сен пайгамбар болгонго чейин мынчалык каран күнгө туш болгон эмеспиз. Сен башыбыздын балээси болдуң” деп, Салих (алейхис салам) пайгамбарга догурунуп жүрүштү.

6. Мал-мүлктөрүн жана үй-жайларын жоготуп алуу коркунучу аларды мерезге, мыкаачыга айлантып салган эле. Башкача айтканда, дүнүйөгө болгон сүйүү жана ач көздүк аларды арбап алган.

7. Мужиза көрсөтүлсө, ыйман келтиребиз деген убаданы аткарбай, өздөрү каалаган төөнү Алла Таала мужиза кылып жиберсе да, жандыкты өлтүрүп аманатка кыянат кылышты.

8. Тайлактуу инген бирөө жарымдын мүлкү эмес, ортодогу мал эле. Ар ким анын сүтүн муктаждыгынан ашыкча акысыз пайдаланган. Төөнү өлтүрүү менен ортодогу малга чыккынчылык кылышты.

9. Тогуз мыкаачынын заалымдыгы чектен ашып, башкалардын мүлкүн талап-тоноп, адамдардын акысын жеп, укугун тепсеп күн көрүп жүрүшкөн.

1.6 БИРИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

1.6.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Куран-и Каримде Пайгамбарлардын жана коомдордун жашоо-тиричилиги «аңгеме», «икая» түрүндө баяндалып берилет. Мунун эмне себептери жана хикматтары бар?
2. Адам баласынын жаратылышынын эң негизги максаты болгон «марифатуллах» жана «мухаббатуллахты» түшүндүрүп бергиле.
3. Адамдын жаратылуу баскычтарын аяттардын жардамы менен чечмелеп бергиле.
4. Эмне себептен Иблис Адам Атага сажда кылуудан баш тарткан?
5. Периштелер жана жиндердин Азирети Адамга сажда кылышынын максаты, мазмуну, мааниси эмнеде?
6. Азирети Адам Атанын жаратылышы туурасындагы Куран аяттарына түшүндүрмө бергиле?
7. Эмне себептен Абылдын курмандыгы кабылданып, Кабылдын курмандыгы кабыл кылынган эмес?
8. Алла Таала Куранда Идрис пайгамбардын кайсы өзгөчөлүктөрүн мактоого алган?
9. Идрис (алейхис салам) пайгамбар болуп жөнөтүлгөн коомдун аты эмне? Ал коом кандай өзгөчөлүктөрү бар эле?
10. Коомдун Азирети Нухка пайгамбарлык милдети жүктөлө электеги жана жүктөлгөндөн кийинки мамилеси кандай болгон?
11. Илгертен бери эле пайгамбарларга алгач ыйман келтиргендердин көпчүлүгү коомдогу кедей-кембагалдардан болгон. Жакыр катмардын ыйман жолун тандашы коомчулуктагы башка адамдарга кандай таасир калтырган?
12. Нух пайгамбар күчүнүн жетишинче жигердүү мээнет кылганына карабастан, эл динди четке кагып, тавхид ишенимин кабыл кылбай коюшат. Ошондо, Азирети Нухтун «Оо, Раббим, жеңилип калдым (күчүм жетпей калды), жардам кыл!» деп жалбаруусу эмнеден кабар берет?
13. Азирети Нухтун коому кандай себептерден улам кыргынга учураган?

14. Ад коомунун падышасы Халжандын Азирети Худка: -Эй, Худ! Өз убалың өзүңдө! Биз кубаттуубуз жана көпчүлүкпүз, эмне бизге күчүм жетет деп ойлоп жатасыңбы? Жалгыз экендигиң эсиңден чыгып калдыбы? - деп айтышы Ад коомунун кайсы жаңылыштыгын каңкуулайт?

15. Каргашалуу добул баштала электе азап булуттарын көргөнүнө карабастан, Ад коомунун "Жамгыр көп жаачудай болуп калды окшойт" деп кубанганын «… Алардын жүрөктөрү бар, бирок аңдап сезе алышпайт, көздөрү бар, бирок көрө алышпайт, кулактары бар, бирок уга алышпайт…» (Араф, 179) деген аяттын алкагында түшүндүрүп чечмелегиле.

16. Азирети Худ пайгамбардын мужизалары тууралуу маалымат бергиле.

17. Коомчулук Салих (алейхис салам) пайгамбарга ишенбөө үчүн кайсы далилдерди шылтоо кылышкан?

18. Каапырлар Салих (алейхис салам) пайгамбардан кандай мужиза талап кылышкан эле?

19. Салих (алейхис салам) пайгамбардын мужиза төөсүнүн каралышы жана сүт берүүсү тууралуу маалымат бергиле.

20. Самуд коомунун: «Көзгө көрүнбөгөн Аллага сыйыналыбы?» деген суроосуна биз жооп бере турган болсок, эмне деп айтар элек?

1.6.2 ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жообун белгилегиле.

1. Төмөнкү варианттардын кайсынысы Куранда айтылган пайгамбар баяндарынын өзгөчөлүктөрүнө туура келбейт?

А. Окуялар ийне-жибине чейин териштирилбей, алардын сабак алынчу жактары гана баяндалат.

Б. Курандагы аңгемелерде окуялардын кезеги жана убагы ирээти менен берилбейт.

В. Баяндардагы окуялардын эч бир тарабы адамдарга түшүнүксүз болуп, көмүскөдө калбайт.

Г. Адамдар Курандагы аңгемелерден кандайдыр бир деңгээлде өздөрүнүн аң-сезимине жараша көңүл дүйнөсүн байыта алгыдай сабак, үлгү ала алышат.

2. Алла Таала периштелерге кайрылып (Бакара сүрөсү, 30- аят)**: «Мен жер жүзүнө халифа жаратамын!» деген. Ушул аяттагы «халифа» деген түшүнүк төмөнкү маанилердин кайсынысына туура келет?**

А. Инсан топуректан жаратылгандыктан жиндерден жана периштелерден жогору турат.

Б. Башка макулуктарга салыштырмалуу инсанга Алланын сыпаттарынан көбүрөөк үлүш берилген жана ал Алланын жер жүзүндөгү өкүлү.

В. Адамдардын баары Аллага сыйынып, ибадат кылып турушат.

Г. Жер жүзүндөгү ар бир адам Алланы таанып билет.

3. Төмөнкү учурлардын кайсынысы Идрис пайгамбардын коомунун жок болуп кетишинин себеби эмес?

А. Дүйнөлүк жана акыреттик маселелерде анын коому абдан бузулуп кеткен эле.

Б. Тыйуу салынган арам иштерди адал деп эсептеп аткарышкан.

В. Идрис пайгамбарды кордошкон.

Г. Чектен чыккан заалым болушкан.

4. Кайсы вариант Идрис пайгамбардын Куранда айтылып кеткен өзгөчөлүктөрүнөн эмес?

А. Камкордугу жана тууралыгы.

Б. Күнү-түнү ибадат кылышы.

В. Салих (чыныгы) кул болушу.

Г. Көккө көтөрүлүшү.

5. Бул коом эмне себептен бутпарас болгон?

А. Идриске (алейхис салам) моюн сунган момундар бу дүйнө менен кош айтышкан соң кийинки муундар алардын айкелдерин, эстеликтерин тургузушкан.

Б. Инсандар Адам Атадан бери эле бутпарас болгондуктан.

В. «Айкел жана сүрөт» өнөрү өтө кеңири жайылгандыктан.

Г. Мурун бул элге тавхид динин түшүндүрө турган эч бир пайгамбар жиберилбегендиктен.

6. Бардык пайгамбарлардын чакырыгын негизинен өзүнүн эли четке какканын. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы мунун себеби деп эсептелбейт?

А. Коомдун аттуу баштуулары тарабынан курулган «кул ээлөөчүлүк жана үстөмдүк, тартып алуу» деген системанын бузулуп кетишинен кооптонушкан.

Б. Көзгө көрүнүп, кол менен кармоого мүмкүн болгон буттарга ишенүү жана билимсиз адамдарга булардын кудай экендигин кабыл алдыруу оңой болгон.

В. Акыйкат диндердеги «дүйнөдө жасаган иш-аракеттер үчүн акыретте сурак берүү» деген ишеним бутпарастардын тынчын алган.

Г. Буттарды өз кызыкчылыктарына жараша колдонуп жүргөндүктөн, мындай нерселерди Чыныгы динде жасай албай каларынан кооптонушаар эле. Анан да жаңы келген тавхид динин туруктуу тартиптеги ибадатык жашоосу аларга абдан кыйын көрүнгөн.

7. Курандагы аяттарда Нух пайгамбардын коомунун кайсы өзгөчөлүгүнө басым жасалган?

А. Элдин бутпарас болгондугуна жана эч бир пайгамбарга кулак төшөбөгөндүгүнө басым жасалган.

Б. Зөөкүрлүк, чектен чыгуу жана күнөө жасоодо аша чаап, жаман кылык-жоруктарды адатка айландырып алышкандыгына басым жасалган?

В. Сынак үчүн берилген байлыктын, жыргал жашоонун кадырына жетпей текеберленишине басым жасалган.

Г. Бул коомдогу адамдардын өмүрүнүн узун болушуна басым жасалган.

8. Төмөнкү сапаттардын кайсынысы Нух пайгамбардын коомуна таандык эмес?

А. Аялдарында намыс, абийир, адеп жана уят деген асыл сапаттар жок болгон.

Б. Кудай Таала аларга мол нематтарды тартуулаган.

В. Аллага жана Анын пайгамбарына ишенип, моюн сунган момундарды адам катарында эсептебей, басынтып турушкан.

Г. Нух (алейхис салам) пайгамбар болгонго чейин деле ага ишенишкен эмес, урмат-сый да көргөзүшкөн эмес.

9. Нух пайгамбардын: «Оо, Раббим, менин күчүм жетпей калды, жардам бер!» деген дубасынан кандай маани чыгарууга болот?

А. Башынан өткөргөн кыйынчылыктарга чыдай албай нап сиге жеңилип берген.

Б. Коомчулуктун ага жасаган кордуктары чегинен ашып кеткен.

В. Жүздөгөн жылдар бою талыкпастан тавхид ишенимине үндөп, аны жаюуга аракет кылышына карабастан коомдо эч кандай өзгөрүш болбогонунан улам жеңилдим деп ойлогон.

Г. Үгүттү жетиштүү жүргүзбөгөндүктөн, пайгамбарлык вазийпасын орундатууда аргасыз калган.

10. Төмөнкү мужиза окуялардын кайсынысы Азирети Нухка таандык эмес?

А. Ошол доордун шарттарында жасалган кеме өтө жогорку деңгээлдеги техникалык өзгөчөлүктөргө ээ болуп, буу менен иштеген, аябай чоң жана бышык болгон.

Б. Бутпарастардын түнүчүндө келип, кемени өрттөп жиберүүгө далалат жасаганына карабастан кеме күйбөй койгон.

В. Кудай Таала бул коомго эскертүү максатында туфандан мурун жерди титиреткен эле.

Г. Кемени булгап, жасаган айбандык кылыктарынан ырахат алган наадандар котур дартына чалдыгып, ал дарттарынан шыпаа табуу үчүн кайра эле пайгамбарга кайрылышкан.

В. Суроолордун туура жообун белгилегиле

11. Төмөнкү ахлактык өзгөчөлүктөрдүн кайсынысы Ад коомчулугуна таандык эмес?

А. Жарды, жалчы жана бечара кембагалдарды кордогондон ырахат алышчу.

Б. Кооздолуп жана асемделип жасалганган нерселерди жан-дилден сүйүп, нематтардын көптүгүнө көөп, байлыктын артынан сая кууп кете беришкен.

В. Заалимдиги чектен ашкандыктан, алсыз урууларга кысым көрсөтүп, алардын колунда эмне болсо, баарын тоноп алып жатышты.

Г. Алар абдан бай жана мол түшүмдүү бакчалардын ээлери болушкан.

12. Каргашалуу добулдан оболу Алланын эскертүүлөрү келген эле. Төмөнкү варианттардын кайсынысы ошол эскертүүлөрдүн бири эмес?

А. Кашкайган тунук булактар тартылып, Ирем бакчалары соолуп, куурап калган.

Б. Коомдогу аялдардын баары көптөгөн жылдар бою төрөбөй калышкан.

В. Ондогон жылдар бою коомчулукту ачарчылык каптаган.

Г. Кум учурган катуу куюн арасында калышкан.

13. Төмөнкү кайсы вариант Ад коомунун башына түшкөн оор абал болуп саналбайт?

А. Айбандан бетер арааны ачылган напсилерин тизгиндеп калууга дарманы жетпей калган эле.

Б. Кооздугу көз жоосун алган Ирем бакчаларын, сымбаттуу кооз имараттарды жана башка нематтарды ыроологон Алла Таалага жарашыктуу шүгүрчүлүк айтуунун ордуна кесирлик кылышкан.

В. Алла Таала жөнөткөн пайгамбарларга моюн сунбай, аларды таш бараңга алып кордошкон.

Г. Алла Таала ченебей берген дүнүйө-мүлктү көтөрө алышпай, Алланын Элчисин да, ага ишенген момундарды да адам катары көрбөй калышкан.

14. Алла Тааланын эскертүүлөрүнө карабастан Ад коомунун ыйманга келбей калышынын себептери кайсы варианта туура эмес белгиленген?

А. Ыйманга келген соң мурун ырахатын көрүп жүргөн арам иштерден баш тартууга туура келер эле.

Б. Арам жол менен пайда табуу кыйынга турмак, жадагалса жол тосулмак.

В. Жеке кызыкчылыктары үчүн алсыз кембагалдарды кордой алышпай калышар эле.

Г. Ыйман келтирген соң Ирем бакчаларынан жана бардык байлыктардан кол жууп калышмак.

15. Төмөнкү версиялардын кайсынысы Ад жана Самуд коомдорунун орток өзгөчөлүктөрү эмес?

А. Экөө тең Жараткан тарабынан абдан көп немат берилген байлыгы ашып-ташкан коом эле.

Б. Ашынган зөөкүрлүктөрүн токтотпой, делөөрүп кетишкен эле.

В. Ар кандай кырсыктарга туруштук бере ала турган абдан бышык үйлөрдү куруу жаатындагы усталыгы менен мактанышар эле.

Г. Ад жана Самуд коому бир аймакта жашап, турмуш тиричиликтери да окшош болгон.

16. Самуд коому кыйрап, жок болгонго чейин төмөнкү кайсы окуяны башынан өткөргөн эмес?

А. Алгачкы күнү алардын жүздөрү саргарып кеткен.

Б. Төө басып жүргөн жерлерден кан атырылып чыккан.

В. Салих (алейхис салам) пайгамбарды өлтүрүүнү өз ара сүйлөшүшкөн.

Г. Кудуктагы суулар канга айланган.

17. Каапырлар: “Эч калетсиз, сен сыйкыр даарыган, акылдан азган кишисиң!” (Шуара, 153) **деген. Бул сөз алардын Салих пайгамбар тууралуу кандай ойдо экендигигин чагылдырат?**

А. Салих пайгамбарды көрөйүн деген көздөрү жок экендигин чагылдырат.

Б. Азирети Салихти өз кызыкчылыгын гана ойлойт деген чолок пикирде болушкан.

В. Баары аны жалганчы деп ойлошкон.

Г. Эл башкарууга жандалбас уруп жүрөт деген ойду карманышкан.

18. Төөнү өлтүргөн мыкаачылардын карманган жүйөсү кайсы вариантта туура эмес көрсөтүлгөн?

А. Мужиза төө сууну көп ичкендиктен, башка жаныбарларга тамчы суу да калбай калар эле.

Б. Чөптүн баарын төө жеп койсо, башка малдар ач калат деген шылтоону карманышкан.

В. Бул төө Салихтин (алейхис салам) пайгамбарлык мужизасы болгондуктан, бутпарастардын аны көрөйүн деген көздөрү жок болчу.

Г. Мужиза төө жайлоодогу үйүр-үйүр жандыктардын тынчын алып, аларга зыян келтирер эле.

19. Салих пайгамбар мужиза көргөзгөндөн кийин коомдун башчысы Жанданын жана аны менен бирге жүз кишинин ырманга келиши мужизанын кайсыл өзгөчөлүгүн көрсөтүп турат?

А. Негизи мужизалар ниети калыс, каапырлыкта өжөр эмес инсандарды ырманга багыттоочу өзгөчөлүккө ээ.

Б. Кудай Таала адамдарды туура жолго түшүрүү үчүн пайгамбарлардан өзгө жакшы көргөн кулдарына да мужиза берет.

В. Акылдуу адамдар гана ишене турган керемет окуялардын түрмөгү экендигин көрсөтөт.

Г. Мужизалар жүрөгүндө аз да болсо ырманы бар адамдарды туура жолго багыттайт.

20. Мужиза төөнү тогуз киши өлтүргөн эле. А бирок, ага карабай Самуд коомундагы каапырлардын бардыгы жер менен жексен болушту. Мунун себебине кайсы жооп дал келбейт?

А. Мыкаачы жана зөөкүр тогуз каракчыга Самуд коомунан эч ким каршылык көрсөткөн жок.

Б. Тогуз наадан чектен чыккан бузуку жана зөөкүр болгондуктан, Кудай Тааланын башка каапырларды да жок кылган.

В. Самуд коому алардын мындай кылмыштарына сүйүнүп, аларды колдогондугу үчүн баарынын жазасы бирдей болгон.

Г. Алла Таала Самуд коомун азапка салбаган күндө деле, кийин эл ошол төөнү өлтүрө турганчалык заалым болмок.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

عليهم السلام

ЭКИНЧИ БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **АЗИРЕТИ ИБРАХИМ (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ИСМАИЛ (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ИСХАК (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ЛУТ (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ЗУЛКАРНАЙН (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ЖАКЫП (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ЖУСУП (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ШУАЙБ (алейхис салам)**

1.7 АЗИРЕТИ ИБРАХИМ (алейхис салам)

Ибрахим (алейхис салам) Вавилондун чыгыш тарабындагы түштүктөн түндүктү көздөй жүздөгөн чакырымга созулуп жаткан Тигр жана Эфрат дарыяларынын ортосунда жайгашкан аймакта жарык дүйнөгө келет. Ишенимдүү маалыматтарда анын атасы чыныгы ыйман ээси Тарух ысымдуу момун киши болгон деп айтылат. Тарух дүйнөдөн өткөндөн кийин иниси Азар салт боюнча өз жеңесине үйлөнөт. Ошентип, бутпарас Азар Ибрахимге өгөй ата болуп калат. Башка бир риваят боюнча Тарух Ибрахимдин атасынын эски аты. Бутпарас болгондуктан ага Азар деген ат коюлган экен.

Ибрахим пайгамбар Азирети Мухаммедден (саллаллаху алейхи васаллам) кийинки, адамзатынын эң ардактуусу, эң шарапаттуусу болуп саналат. Алла Таала аны «халилим» (досум) деп ардактаган. Ушул себептен ал «Халилур рахман» деген ысым менен да эскерилет. Ага «он барак» аят түшүрүлөт. «Абул Анбия» - «Пайгамбарлардын атасы» деген лакап укумунун көп пайгамбардын чыккандыгынан улам айтылган. Маселен, Азирети Исмаил жана Азирети Исхак (алейхимус салам) анын уулдары болгон. Азирети Исмаилдин тукумунан Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам), ал эми Азирети Исхактын тукумунан болсо Исраил уулдарынан чыккан пайгамбарлар келген.



Ибрахим (алейхис салам) өз доорундагы Калдани коомуна пайгамбар болуп жөнөтүлөт. Бул коомдун өкүмдары Намрут алгач такка келген мезгилдерде адилеттүү жана ынсаптуу падыша болот. Коом болсо жылдыздарга жана буттарга табынар эле. Ошентип, элдин аша сыйчылдыгы Намрутту кызылдай текеберге айлантат. Каапыр Намрут бут жасоочу мушрик усталарга өзүнүн айкелдерин жасаттырат да, букарасына:

«-Мен да кудаймын! Мага да сыйынгыла!» дейт. Бул тууралуу Курани Каримде минтип баяндалат:

«(Эй, Мухаммед) Алла падышалык бергенине (манчыркап) Ибрахим менен анын Раббиси жөнүндө талашкан адамды (Намруддун) билесиңби? Ошондо Ибрахим: «Раббим тирилтип, өлтүрө турган Зат» дегенде, ал: «Мен дагы тирилтемин жана өлтүрөмүн» деди. Анда Ибрахим айтты: «Албетте, Алла Таала күндү Чыгыштан чыгарат. А сен болсо аны Батыштан чыгарчы?» Ошондо бул тануучу каапыр эмне дээрин билбей, осол болду. Алла заалым адамдарды Туура Жолго баштабайт» (Бакара, 258)**.**

Баяндамаларга караганда, күндөрдүн биринде Намрут бир ажайып түш көрөт. Түшүндө көктө бир башкача жанган нур пайда болуп, ал күн менен айдын нурун өчүрүп салат. Башка бир риваятта болсо, бейтааныш киши сарайына кирип келип өзүн тактан түшүрүп салганын көрөт. Намруд капилет чочуп ойгонуп, жүрөгү опкоолжуй энтигет. Кайра жатат, уйкусу качып көпкө толгонот. Эртеси түш жоруган жоромолчулардын баарын чогултат да, ойлуу олтуруп, түшүн ортого салат. Түш жоруган жылдыз төлгөчүлөр:

«-Жаңыдан бир күн келет, бир ажайып дин келет. Динди алып келген пендезат тактыңды жер менен жексен кылат. Көрчү чараң болсо эмитен камдан, өкүмдарым!» деген бүтүм чыгарышат. Бул кабардан жүрөгү сестенген Намрут кеңешчилерин шашылыш жыйнап, бул коркунучка бөгөт коюу үчүн ошол жылы туула турган эркек наристелердин бирин калтырбай кыруу чечимин чыгарышат. Каапыр өкүмдардын карөзгөй чечими менен жүз миңден ашык наристенин башы кетет.

Мына ошол учурда Ибрахимдин энеси кош бойлуу болот. Айы-күнү жакындап калганда күйөөсү Азарга:

«-Сен бутканаңа бар. Барган соң жеңил төрөп алышыма дуба кыл! Эгерде эркек бала төрөй турган болсом, дароо сага алып барам. Сен ымыркайды Намруттун баш кесерлерине алып барасың. Алар аны өлтүргөн соң Намруттун алдында сенин кадыр-баркың жана мартабаң көтөрүлөт» дейт.

Атак-даңкты жанындай көргөн Азарга аялынын сунушу майдай жагат. Анын мындай камкордугуна ичи жылып, азыгын көтөрүнүп, бутканасына жол тартат. Ошондон көп өтпөй Ибрахим жарык дүйнөгө көз ачат. Нур жүздүү эркек бала. Байкуш эненин жүрөгүн бир тараптан сүйүнүч каптаса, бир тараптан коркунуч кысат. Жараткан Кудурет Өзү жалгап, эненин оюна ымыркайды бир тарапка жашырып багуу деген үмүттүү ой кылт дей түшөт. Шаардын сыртындагы тоолордо бир топ үңкүрлөр боло турган. Эне көпкө ойлонуп отурбастан жаңы эле төрөлгөн наристени тоо тарапка алып жөнөйт. Бирөө жарым көрүп калабы дегендей эки жагына акмалап жүрүп отуруп араң дегенде көздөн далдоо турган үңкүргө кирип барат. Жүзүнөн нуру чачыраган сүйкүмдүү уулун ууз сүтү менен тойгузат. Астын жумшактап, үңкүрдүн төр жагына жайгаштырган соң көз жашын салаалатып

ыйлап, эч нерседен бейкапар көшүлүп уктап калган уулун аяй, эне байкуш үйгө келет. Үйгө келээрин келди, а бирок, бул ишти күйөөсүнөн кантип жашыра алат. Ошентип, санаасы санга бөлүнүп отурган кезде күйөөсү сырттан кирип келет. Күйөөсүнө капалуу карай:

«Наристе өтө эле алсыз, саламаттыгы начар болгондуктан чарчап калды» деп үшкүрүнүп алат. Бул анын күйөөсүнүн оюн эптеп башка нукка буруу амалы эле. Өлсө өлүптүр да деген таризде кайдыгер кол шилтеп, аңкоо Азар тез эле уйкуга кетет. Ошентип, Азар үйдөн чыгары менен уулун көздөй жөнөй турган болуп калат эне байкуш. Жетип барып астын кургактап, энелик мээрим менен уулунун тамылжыган жүзүнө тигилип карап олтуруп курсагын тойгузуп кайтар эле. Кыраакы эне кээде Ибрахимдин өз бармактарын соруп жатканын байкап жүрөт. Анткени риваяттарда айтылганга караганда, Жабраил периште наристенин жанына ар убак келип, анын бармактарынын арасынан сүт жана курманын ширесин агызып берчү экен. Бир топ жылдар бою балалык доорун үңкүрдө өткөргөн Ибрахим (алейхис салам) эми калган күндөрүн калк арасында элди Тавхид ишенимине чакыруу менен өткөрө баштайт.

1.7.1 Тавхидке чакыруу

«Эми аны түн ороп (каптап) алганда жылдыздарды көрүп: «Мына ушул менин Кудайым» – деди. Ал батып кеткен соң, «Өзгөрүп кетүүчүлөрдү сүйбөйм» – деди. Анан качан чыгып жаткан айды көргөндө: «Ушул менин Кудайым» – деди. Ал да батып кеткен соң: «Эгерде Раббим Өзү мени Туура Жолго салбаса, адашкандардан болуп каламын» деди. Анан ал чыгып жаткан күндү көргөндө: «Ушул чоңураак го, мына ушул менин Раббим» – деди. **Анан ал да батып кеткен соң: «–Эй, коомум! Мен силердин Аллага ортоктош кылып шерик кошкон мындай нерселерден тазамын!… Мен акыйкат жолдон адашпаган абалымда Ханиф болуп, асман менен жерди жараткан Затка жүзүмдү бурдум жана мен ширк кошуучулардан эмесмин деди»** (Анам сүрөсү, 76-79-аяттар)**.**

Ибрахим (алейхис салам) Алла Тааладан башка нерселерге табынган наадандарга ишенимдеринин бузулгандыгын таамай көрсөтүшү жана алар бараткан жолдун жаңылыш экендигин эскертиши аят кубаттаган чындык болот.

Алла Тааланын бар экендигин, жалгыздыгын, кудуреттүүлүгүн жана пендесин жаратуудагы ак максатын аңдап, өз Раббисин тапкан Ибрахим пайгамбарга эч кимге буйрулбаган илим насип кылынат. Пайгамбарлык парасатка салып эң оболу атасы Азарды тавхидке чакырат. Ага абдан сылык жана сыпаа кайрылат:

«Эстегин! Ал атасына (айткан эле): “Ата, сен эмне үчүн кулагы укпаган, көзү көрбөгөн жана сага пайдасыз бутка ибадат кыласың?” (Мариям сүрөсү, 42-аят)**.**

«Атаке, чындыгында сенде жок илим мага берилди. Андыктан, мени ээрчигин, сени туура жолго баштайын» (Мариям сүрөсү, 43-аят)**.**

Уулунун уңгулуу сөзүнө бир чети таң калса, бир чети анын акыл үйрөтүп жатканына ачуусу келип:

«Эй, Ибрахим! Сен менин кудайларымдан жүз үйүрүп жатасыңбы? Эгер сен (буттарга тил тийгизгенди) токтотпосоң, сени таш бараңга алганга касам ичем. Мага көп жолобо, кет бул жерден!» деди» (Мариям сүрөсү, 46-аят)**.**

Ибрахим пайгамбар атасын жана элин:

«Силер дайыма чокуна турган бул айкелдер эмне болуп калыптыр?!» (Анбия сүрөсү, 52-аят) – деп сынга алат. Алар болсо Азирети Ибрахимге:

«Биз ата-бабаларыбыздын аларга ушинтип сыйынганын (өз көзүбүз менен) көргөнбүз» дегенден башка жооп айта алышпайт. (Анбия сүрөсү, 53-аят)**.**

«Ал: “Силер да, силердин аталарыңар да анык адашууда болуп келишкен”, деди» (Анбия сүрөсү, 54-аят)**.**

1.7.2 Азирети Ибархимдин буттарды талкалашы



Ибрахим пайгамбар жашаган доордо Месопотомия чөлкөмүндө көп кудайлуу диндер өкүм сүрүп турган. Син аттуу ай кудайы эң чоң кудайлардан эле. Айкелчилер кооздоп жасаган буттарга элдин баары сыйынышчу. Сол тарапта Синдин өкүлчүлүгү катарында таанылган бир айкел бар эле. Айкелдин көкүрөгүндөгү айдын сүрөтү ачык айкын байкалып турчу. Ал дооpлордо сыйынуучу жай жана астрономиялык көзөмөлдөгү борбор катары колдонулган зиггураттар (сыйынуучу жайлар) доордун эң мыкты технологиялары менен курулган. Жылдыздарга, айга жана күнгө табынгандыктан, көк асманга абдан олуттуу маани беришчү. Бул сүрөттөрдө Месопотомиянын эң маанилүү зиггураттары берилген. Калдани уруусу жылына бир күндүк майрам боло турган. Алар бул күнү бир жерге жыйналып майрамдашар эле.

«-Жүрү, сен да бүгүн биз менен чогуу майрамдап кел» деп, атасы Ибрахимди (алейхис салам) чакырат. Ибрахим пайгамбар оорусун шылтоолоп, жолдон кайтат. Ал дароо убакыттан пайдаланып бутканага барат. Бутканада күмүштөн, жезден жана жыгачтан жасалган буттар бар эле. Алардын алдыларына береке кирсин деген сокур үмүт менен түрдүү-түркүн даамдар коюла турган. Алтындан жасалган тактын үстүнө алтын чынжырдан аземделип токулган кийим, башына таажы кийгизилген эң чоң бут отургузулган.

Кыжырданган Ибрахим пайгамбар бир гана ошол чоң бутту калтырып, калган буттардын баарын балта менен талкалап салат. Акырында балтаны чоң буттун мойнуна асып койуп кетип калат. Күн батып калган кезде Калдани уруусунун майрамы бүтүп, табынуу үчүн түз эле бутканага келишет. Буткананын ичиндеги кыйсыпыр абалды көргөн адамдар аябай таң калышат. Мындай ишке Ибрахимден башка эч ким батына албайт деп,

баарынын ою бир жерден чыгат. Талкаланган буттарга жүрөгү ачышкан жээликме жиндилер дароо Ибрахимди таап келишет. Ар тараптан ага атырылып айгай салып жиберишет.

«-Айт Ибрахим! Бул ишти ким жасады?»

Ибрахим (алейхис салам):

«-Мына бул мойнуна балта аскан бутуңар, өзүнөн башка буттарга сыйынышыңарды каалабайт өңдөнөт. Ошондуктан, талкаланган береги бечараларга ичи тарып жүргөн го, сыягы. Бүгүн силердин жоктугуңардан пайдаланып, баарын майдалап салган турбайбы. Карасаңар, балтасын мойнуна асып алыптыр! Кааласаңар өзүнөн бир сурап көргүлө! Эмне болгонун өзү айтсын!» деп айтары менен бутпарас калк:

«-Эй, келесоо! Буттар сүйлөмөк беле!» – деп жаалашат. Азирети Ибрахим аларга жылмая:

«-Андай болсо, кантип анан өзүн да коргой албаган, бир ооз сөз сүйлөй албаган ушул алсыз нерселер силерди сактасын? Эч болбосо акылыңарга келбейсиңерби?» дейт. Бул окуя Куран аяттарында мындай баяндалат:

«-Эй, Ибрахим! Биздин кудайларга бул ишти сен кылдыңбы?" – дешти» (Анбия сүрөсү, 62-аят)**.**

«(Ибрахим камаарыбай туруп): Балким, бул ишти булардын чоңу кылгандыр. Сүйлөй ала турган болсо, сурап көргүлө!" – деди» (Анбия сүрөсү, 63-аят)**.**

"Кийин болсо дагы баштары айланып: Сен алардын сүйлөбөй турганын жакшы билет элең го?!" дешти» (Анбия сүрөсү, 65-аят)**.**

Анын мынчалык курч, нары өктөм сөзүнүн төркүнүн алар эми баамдагандай, анык кылмышкер ушул турбайбы деген ойго келишти. Ары жакта таш талканы чыгып жаткан буттарды көрүп ого бетер жаалданып, Ибрахимге атырылып киришти:

«Аны өрттөп жибергиле! Эгер аны (өрттөй) алсаңар, өз кудайыңарга жардам кылган болосуңар!» дешти» (Анбия сүрөсү, 68-аят)**.**

Азирети Ибрахимдин отко ташталышы

Бутпарастар ары ойлонуп, бери ойлонуп, бул окуяны эл башкарган өкүмдар Намрутка билдирүүнү эп көрүшөт. Улуулардан бир эки кишини жөнөтүп, окуя тууралуу кабар беришет. Адилеттүүсүнгөн падыша балакайды алдына алып келүүгө буйрук кылат. Намруттун алдына кирген адам ким болбосун ага жүгүнүп, сажда кылып, анан башка сөзгө өтчү. А Ибрахим (алейхис салам) болсо өзүн эркин сезип падышага сажда кылбайт. Анын кенебестигине ачууланган Намрут, Ибрахимден (алейхис салам) бул жоругунун себебин сурайт. Ибрахим пайгамбар:

-Сени жана мени жараткандан башка эч кимге жана эч нерсеге сажда кылбаймын!..

-Сенин Раббиң ким өзү!

-Пендезатты өлтүрүүгө жана тирилтүүгө кудурети жеткен Алла Таала менин Раббим!

Намруттун оюна бир шойком кылт дей түшүп жүзү тамылжып чыгат:

-Эй! Антип өлтүрүү же тирилтүү менин деле колумдан келе турган иш! Зындандан дароо эки кишини алып келүүгө буйрук берет. Падышанын сөзү эки болчу беле. Зындандан алынып келинген эки кишинин бирөөсүн анын көзүнчө өлтүрүп, экинчисин эркин койо берет да, алаканын шак чаап:

-Эй, балакай, мына, көрдүңбү? Сен айткан нерсени мен да жасай алам, - деп, өзүн эч кимге теңегиси келбей кекээрлүү каткырат. Бирок, өлтүрүү менен тирилтүү акыйкатта башкача болорун акмак Намрут капарына алган жок. Ибрахим пайгамбар ага дагы бир суроо узатат:

-Менин Раббим күндү чыгыш тараптан чыгарат. Мейли, сенин күчүң жете турган болсо, күндү батыш тараптан чыгарып жиберчи, көрөлү! Аятта бул жагдай мындайча баяндалат:

«Ибрахим айтты:«Чындыгында, Алла күндү Чыгыштан чыгарат, сен аны батыштан чыгарчы?!». Ошондо каапыр (Намрут) осол болду. Алла заалым элди Туура Жолго түшүрбөйт» (Бакара сүрөсү, 258-аят)**.**

Жаш баланын осол кылганын сиңире албаган өкүмдар билермандарын топтоп «Аны кантип жазалоо керек?» деген суроону ортого салат. Канун аттуу кара мүртөз:

«-Өкүмдарым! Макул көрсөңүз, чоң от жагып, аны өрттөп жиберели?!» деген пикирин билдирет. Анын сунушу бутпарастардын баарына жагып, көпчүлүктүн колдоосун табат. Отту жагуу үчүн бир ай бою отун ташылат. Маңкуртка айланып калган наадан калк:

«Бул адам биздин буттарга каршы чыгып жатат!» деп, жандилин берип отун ташыйт. Бутпарастар тоодой кылып үйгөн отунга ар тарабынан от жагылат. Дөбө болуп үйүлгөн отун заматта алоолонгон чоң өрткө айланып, кызыл тилдүү жалын соймоңдоп, тээ бийиктерге чейин көтөрүлөт. Жадагалса оттун ысык табынан корккон канаттуу да алыстан учуп, жакын арада как эткен карга көрүнбөй калат. Эл болсо кызык тамаша көргөнү келгенсип абдан көп топтолот. Кол-буту чынжыр менен бекем байланган Ибрахимди элдин алдына чыгарышат.

«-Тигине алып келатат. Ушуну гана көрмөк!» дешип, бутпарастар ичинен да, тышынан да аны табалап калышат.

Ал «Халилуррахман» пайгамбар болгондуктан, жан чыдагыс абал көз алдында кыстап турса да, өзүн Алла Таалага тапшырып, көңүлүндө кыпындай да кооптонуу жок жайбаракат басып келет. Ошол мезгилде анын дилинде Алла Таалага болгон тобокелчиликтен башка эч нерсе жок эле. Намрут жана билерман нөөкөрлөрү Ибрахимди (алейхис салам) ыргытуучу курал менен алыстан туруп отко таштоого чечим чыгарышат. Жердеги жана көктөгү барча периштелер буга нааразы экендигин билдиришип:

«Оо, Жараткан Улуу Эгебиз! Сени гана зикир кылган, Сага гана ишенген Ибрахим кулуң отко ташталуунун алдында турат! Ал дайыма Сени гана эстеп турган ыкластуу пайгамбар эле. Ага жардам кылуу үчүн бизге уруксат бер, Аллахым!» деп жалбарышат. Алла Тааладан уруксат алары менен бир периште Ибрахимге (алейхис салам) келип:

«-Ушул тапта шамал менин бийлигиме берилди. Эгер кааласаң, жалынды жалп өчүрүп салайын!» дейт.

Экинчи периште:

«-Эй, Ибрахим! Азыр суулар менин өкүмүмдө турат. Кааласаң, ушул алоолонгон отту көз ачып жумганча өчүрүп салайын!» дейт.

Үчүнчү периште:

«-Ибрахим, кааласаң, мага баш ийип турган топурак менен ушул отту жуттуруп жиберейин!» дейт.

Азирети Ибрахим сыпаа гана жылмайып:

«-Дос менен достун ортосуна аралашпай тургула! Раббим эмнени каалаган болсо, ага мен ыраазымын! Эгер куткарса, Ырайымынан; ал эми куйкаласа, менин кемчилигимден. Сабыр кылармын, буюрса!» деп жооп кайтарат периштелерге.

Аскерлер Ибрахимди (алейхис салам) атайын ыргытуучу куралдын уч жагына бек байлап, мына ыргытабыз деп буйрукту гана күтүп турган кезде:

«Мага Алла Таалам Өзү жетишет! Ал кандай гана жакшы Өкүл!..» дейт дилинен. Буйрук берилген кезде Жабраил (алейхис салам) келип сурайт:

«-Айта турган тилегиң барбы?»

Ибрахим (алейхис салам):

«-Ооба, тилегим бар! Бирок сага эмес!…»

Таң калган периште кайра сурайт: «-Эмне үчүн Алла Таалага дуба кылбайсың?»

«-Менин ушул абалымды Ал эң жакшы билет! Мобул от кимдин буйругу менен жалындап жатат? Ушуну айтчы мага! Күйгүзүү кимдин эркинде?..» деп кесе айтат.

Анын бул өзгөчөлүгүн Алла Таала мактоо менен Курани Каримде мындайча эскерет: **«Сөзүнө бек турган Ибрахим…»** (Нажм сүрөсү, 37-аят)**.**

Ошентип, Аллага болгон бекем ишенчинин жана тобокелинин үзүрүн Ибрахим ошондо даана көрдү. Ал ыргытылып, отко мына-мына түшөт деген кезде жалыны көккө соймоңдогон өрткө Алла Таала:

«Биз айттык: Эй, от! Сен Ибрахим үчүн салкын жана бейпил бол…! (Анбия сүрөсү, 69-аят)

деп буйрук берээри менен эмелеки от кирпик ирмемчелик убакытта көркүнө көз тайгылтган гүлзарга айланат. Ибрахимдин туш тарабынан ары таттуу, ары тунук булактар оргуп чыга баштайт. Айлана тегеректеги миң түркүн гүл дүйнөсүнүн аңкыган жытына адам мас болот. Мындайды күтпөгөн Намрут эми чындап коркуп, жүрөгү түшүп, көзү чанагынан чыгып кете жаздайт. Акыры эсин жыйып:

«– Төрт миң уйду азыр сенин Кудайың үчүн курмандыкка чалам!» дейт шашкалактап.

«– Тавхид динине ишенбей туруп сойгон курмандыгыңдын тыйынчалык пайдасы жок» дейт Ибрахим (алейхис салам).

Намруттун дагы эле каапырлыгы кармап:

«Байлыгымды да, бийлигимди да чача албайм! Ошондой болсо да, курмандык чалам дедимби, чалам!» деп көшөрөт.

Ошентип төрт миң уйду курмандыкка чалган соң Ибрахим пайгамбар менен талашып-тартышуудан баш тартат. Бирок көкүрөгүнүн сокурлугу себептүү текеберлигик дарттан айыкпай, каапыр бойдон кала берет. Ошол күнү кашкайган мужизаны көргөн бир топ бутпарас ыйманга келет. Момун мусулман болуп Алла Тааланын жазасынан кутулушат.

Ибрахим пайгамбар үммөттөрү менен Вавилонго көчүп, тынч гана жайгашып, жай турмушту уланта башташат. Ошондой күндөрдүн биринде Калдани элин чаң сымал майда чиркейлер каптап, кандарын сактап соруп, кичинекей адамдарга айлантып салат. Каны какшыган эл четинен кырыла баштайт. Намрут өкүмдардын мурдуна чымын кирип мээсине чейин жетет. Башынын ооруганына чыдабай, токмок урдуруп олтуруп зөөкүр падышанын башы талкаланып, тирүүлөй азап чегип жан берет.

«**Алар (Ибрахимге) зыян кылууну көздөшкөн эле. Биз аларды пас (жеңилүүчү) кылдык»** (Анбия, 70; Саффат, 98)**.**

Акырында эч кимди теңине албаган Намрут падыша жана Калдани коому бүтүндөй адамзатка сабак болуп, чымын-чиркейге таланган «куураган адамдар» кырылып кетет.

1.7.3 Азирети Ибрахимдин көчү

Азирети Ибрахим, Азирети Лут (алейхимус салам), агасынын кызы Сара жана аз сандагы момундар менен Урфанын түштүк тарабында жайгашкан Харран шаарчасына келип байырлашат. Жараткан Алланын жарлыгын аткарып, Ибрахим (алейхис салам) Сара менен баш кошот. Кийинчерек кайра келген буйрук менен түгөйүн алып, Дамаскка, андан соң Мисирге көчүп өтөт. Азирети Лут (алейхис салам) болсо Алланын буйругу менен Содомго пайгамбар болуп жөнөтүлөт.

Мисир баш болгон бир топ шаар жана аймактар фараондор бүлөсү тарабынан башкарылып турган. Фараондун өкүмү бүт аймактарга таасирлүү болгон. Бул аймактардын эл башчыларында да, аскеринде да ыйман-ынсап деген нерсе таптакыр жок эле. Шаарга Бөтөн элден чырайлуу же жаш аял шаарга кирди дегиче эл ичиндеги бакан ооздор фараонго заматта айтып барчу. Эгер чырайлуу аялдын күйөөсү болуп калса, дароо анын башын шыпырып салышчу. Эгер эркек бир тууганы жанында болуп калса, аялды андан талап кылып көрүшөөр эле. Каршы болсо зомбулукка салып тартып алууну көнүмүшкө айлантып алышкан эле. Ибрахим (алейхис салам) менен Сара эне шаарга киришет. Падышанын тыңчылары аларды көрөр замат сарайга кабар жөнөтүшөт. Өздөрү өмүрүндө адам көрбөгөнсүп кишинин жүрөк үшүн алчудай курал жаракчан болуп эки момун пендени курчап алышат. Кээ бири атайлап шылдыңдаса, айрымдар мисирейип кабагын бүркөйт:

«-Бул аял кимиң болот?» деген тариздеги суроосуна Ибрахим пайгамбар «диндеш тууганым» деген ниет менен:

«-Бир тууганым болот!» дей салат.

Алар мындай жоопту уккан соң Ибрахимге (алейхис салам) кол тийгизишпейт. Сараны сурап олтурбай, падышанын сарайына алып жөнөшөт.

Бул жагдай тууралуу Бухариде мындай хадис айтылат: «Сара сарайга кеткен соң алардын арам оюн айттырбай сезет. Падышадан уруксат сурап, даарат алып, эки ирекет намаз окуйт. Намазында Алла Таалага жалбарат. Намаз бүткөн соң Фараон Сарага жакын баруу үчүн ордунан турат. Дал ошол маалда Алланын жардамы келет. Фараондун денеси бир заматта кысылып, колу да, буту да шал болуп, эч нерсеге түшүнбөй, нестейген бойдон катып калат. Бир топ убакыттан кийин кайра мурунку абалына келет. Чоң коркунучту сезип, Сараны бошотууну чечет. Аны жөнөтүп жатып Ажар аттуу күңдү белекке тартуу кылат.

Ибрахим (алейхис салам) Сара жана Ажар үчөө Мисирден чыгып Палестинага бараткан жолдо Саб деген ээн талаада конуп калышат. Заман улам закымдап, адам баласынын саякаты көбөйүп тиричилиги кеңейген сайын Саб аймагына да бир топ адам көчүп келишет. Анткени бул аймак Алланын досунун урматына берекеси артып, молчулук, бейпилчилик өкүм сүргөн ажайып жерге айланган эле. Эл көбөйүп, журт өсүп, байыганы байыйт. Адамзааданын ичи тарып, дүнүйөгө болгон махабат ышкысы артат. Ошентип, көрпенденин баягы кесирлиги кармап, Ибрахим пайгамбарга алгач өзү ачкан кудуктан суу бербей коюшат. Анткени алар түшүмдүү жерлерге, сууларга ээлик кылып, байлык үчүн атаандашып калышкан эле. Алланын досу буга абдан капа болот. Пайгамбардын көңүлүнүн мынчалык ооруп калышынан булактагы жана кудуктагы суулардын баары кайра тартылып, соолуп калат. Аймак эли суусуздуктун азабын мына ошондо тарта баштайт. Каңгыган коом бул нерсенин чындыгына баамы жетип, бушайманга түшөт. Кайдыгер жана кор мамиле жасагандыгы үчүн Ибрахим пайгамбардан кечирим сурашат. Алла Таала бизди кечирсин үчүн сен бизге дуба кыл тууган, деп өтүнүшөт. Жумшак мүнөз жароокер пайгамбар алардын суранычына көнүп Аллага мунажат кылат. Ошентип, молчулук, береке кайрадан мурунку калыбына келе баштайт.

1.7.4 Азирети Ибрахим менен Ажар эненин үйлөнүшү

Ибрахим пайгамбар, тилекке каршы, Сара энеден балалуу боло алган эмес эле. Экөө тең кыйла эле улгайып калышкан эле. Сара эне өзүнө тартууланган Ажарды азат кылып, анын башын өз абышкасына байлап койот. Айлар өтүп, күндөр зымырап учуп Ажар эркек төрөйт. Баланын атын Исмаил койот. Ошентип, Мухаммади-нур Исмаилге (алейхис салам) өтөт. Ушул улук нурдун өзү аркылуу өтүшүн самап жүргөн Сара эне бул жагдайга абдан капа болот. Аялзатынын табиятындагы кызгануу сезими Ажарды башка бир жака алып кетүүнү Ибрахим пайгамбардан сурануунуга түртөт. Аңгыча Алла Тааланын буйругу да келет. Ибрахим пайгамбар Ажарды жана уулу Исмаилди төөгө мингизип, ошол кездерде ээн чөлкөм болгон Мекке тарапка алып келет. Имам Бухари Ибн Аббастан төмөнкү маалыматты риваят кылат:

«Азирети Ибрахим аялы Ажар менен эмчектеги уулу Исмаилди Меккеге алып келди. Аларды келечекте оргуп чыга турган «зам-зам» кудугунун жан жагындагы бир түп

даректын түбүнө калтырды. Кошо ала келген курмага толтурулган баштык жана суусу толо чөйчөктү аларга таштап, кайтуу үчүн камынып калды.

«– Бизди бул жерге таштап кетүүнү Алла Таалам Өзү буйрудубу?» деп улгайып калган абышкасына суроо салды.

«– Ооба!» деп жооп берди абышкасы. Ажар эне Алла Таалага болгон абдан бекем ыкласмандыгы жана тобокели менен:

«– Андай болсо Раббим бизди Өзү асырайт! Зыяндан пааналайт» деп Исмаилдин жанына кайтат.

Ажардын ыйманы Ибрахимдин (алейхис салам) жүрөгүн күмүштөй эритип жиберди. Көз жашын төгө артына кылчайды, кылчайышка дарамети жетпей бараткан эле. Ажардын кайраты, сабыры, ыйманы кубат берип кылчайды. Эч нерсе көрүнбөдү. Кантсе да, пенде эмеспи, жүрөгү ачыша түштү. Диркиреп куюлчудай чогулган көз жашынан чоочуп Алла Таалага жалбара дуба кылды.

«Оо, Раббим, албетте, менин урпагымдан (уулум Исмаилди жана анын энеси Ажарды) Сенин урматтуу үйүңдүн алдындагы эгин өспөй турган бир өрөөнгө жайгаштырдым. Оо, Раббим, (алар) намазды толук аткарышсын деп (ушундай кылдым). Анан сен Өзүң адамдардын дилдерин аларга ийкемдүү кылгын жана аларга (бардык) мөмөлөрдөн ырыскы насип кыл. Балким, шүгүр кылышар» (Ибрахим сүрөсү, 37-аят; Бухари; Анбия, 9)**.**

Эң Мээримдүү Зат Алла Таала Ибрахимдин (алейхис салам) сураныч, дубасын кабыл кылат. Мына ушул берекелүү дубанын урматына болсо керек, ажылык жана умра кылуу үчүн келген момундардын бул аймакка болгон көңүлдөрүндөгү сүйүү сезими ашкандан ташып, жан дүйнөлөрү бейпилдикке жана бейкуттукка бөлөнөт. Берекенин эн белгиси катары таанылган бул ажайып аймак миң түркүн курма жана башка мөмө жемиштерге толуп жатат. Айрыкча, Ибрахимдин (алейхис салам) бул мунажаты ал жерден «зам-зам» суусунун чыгышына себепкер болгон.

Баарынан да суунун түгөнгөнү кыйнады. Исмаил ыйлай баштады. Эне жүрөгү абалга түтпөй турса да, бир жакшылыкты сезгенсип өзүн карманды. Ордунан туруп ары бери чуркады. Суу көрүнбөдү, атүгүл аты-жыты сезилсе кана?! Какшыган чөл; таманды куйкалаган кум - шагыл, төбөдөн сызгырган күн… Ажар делбектеп жүгүрөт, бир жагында Марва тоосу, экинчи жагында Сафа. Чүрпөсүнө суу таап бере албай, же анын жанына токтой албай, токтогондо не кылат, кайра чуркайт, бирөө жарым көрүнөбү дейби, же кайыптан суу табылабы дейби, айтор, түгөнгөн аргасы ого бетер түгөнүп, желгайыптай үмүтү гана желпинте жетелеп, шамал кууган камгактай делбектеп, кайнап турган абадан канганча дем тарта энтигип, акыркы алы күчүн жыйнай эки тоо ортосунда жетинчи жолу жүгүрдү!

Айланага акыркы жолу көз чаптыруу үчүн Ажар эне Марва тоосунун чокусуна чыгып барган кезде кайдан чыкканы белгисиз бир үн:

«-Унчукпай ук!» деди. Бул Жабраилдин үнү эле. Ажар дароо үн чыккан тарапка кылчайды. Азыр эле чыккан үн кайра дагы:

«-Силер бардык нерсеге күч - кудурети жеткен Аллага аманатсыңар! Андыктан ырыскы издеп бекер эле чырпына бербе! Мына тиги жер! «Байтуллахтын» (Алланын үйүнүн) орду. Ал үйдү келечекте атасы менен береги наристе түптөп курушат. Ушундай ыйык үйдүн ээсин Алла Таала талаага таштабайт!» деди.

Көңүлү жайланышкан Ажар эне жай баракат уулу Исмаилге карай бет алды. Уулуна жакындап барып, көргөн көзүнө ишене албай, уулунун таман астынан оргуп чыгып жаткан кашкайган булакты көрөөр замат, ого бетер көзүнөн бурчак-бурчак жаштар акты. Эненин кубанычына сөз жетпейт. Ал көкүрөгүнө толгон сүйүнүч жана ишеним менен Алла Таалага шүгүрчүлүк айтты. Суу агып-агып токтоп калабы деген кооптонуу менен суунун ага баштаган багытын кум менен тегеретип тосо баштады. Аз гана убакыттын ичинде сууну тегеретип тосуп, абыз жасай салды да, «токто-токто!» деген мааниде «зам-зам» деп жатты.

Ошентип, ушунчалык ак дилден берилүүнүн натыйжасында эне бала чоң берекеге күбө болушат. Алар турган жайдын бираз узагыраак өтчү жолдон көч менен өтүп бараткан Журхум уруусу улам жакын жерге конуп, кайрадан ошол жердин көтөрүлүп көктө көкөлөп учкан жалгыз куштун карааның баамдашат. Мындай көрүнүштү жашоонун жышааны деп билген уруунун кыраакылары эки кишини чалгындоого жөнөтүшөт. Алар туура багыт алып отуруп дароо эле Ажар эне отурукташып калган жерге барышат. Кашкайып агып жаткан зам-зам суусун көрөрү менен:

-Ушул жерге келип жайланышууга уруксатпы эне? дешип сыпайы гана уруксат сурашат. Ажар эне

«-Сууга ээлик кылбайсыңар!» деген шарт менен алардын келип жайгашуусуна уруксат берет. Ошентип, Журхуми уруусу Меккеге эң биринчи жолу жайгашкан эл болуп кала берет.

1.7.5 Курмандык сыноосу

Ибрахим (алейхис салам) Вавилондон Дамаскка кетип баратып:

«Мен Раббиме баратам. Ал мага Туура Жолду көрсөтөт! Раббим мага салих бир уул бер!» деген эле » (Саффат сүрөсү, 99-100-аяттар)**.**

Мына ушул жерде жүрөктүн толтосунан (башкача айтканда, рухий мааниде) эң Улуу Дос менен жолугуу сапары болгондугу көрүнүп турат. Аяттын уландысында Азирети Исмаилди сүйүнчүлөө жана курмандык чалуу окуясы айтылат:

«Эми качан (Ибрахим баласы) менен бирге жүрө турган кезге келгенде (Ибрахим): «-Уулум! Түшүмдө сени (курмандык үчүн) мууздап жатканымды көрдүм. Сен буга эмне дейсиң» деген эле. Ал айтты: «-Атаке, сага (түшүңдө Раббибиз тарабынан) буйрулган ишти кылгын. Алла (Өзү кааласа) мени сабыр кылган абалда көрөсүң!» (Саффат сүрөсү, 102-аят)**.**

«Ошол убакта экөөбүз тең моюн сунуп, (эми Исмаилди курмандыкка чалуу үчүн) бешенеси менен жерге жаткырган эле. Биз ага добуш салдык: Эй, Ибрахим, акыйкатта, (көргөн) түшүңдү ырас аткардың. Албетте, Биз жакшы иш кылуучуларды

мына ушинтип сыйлайбыз. Албетте, бул (курмандыкка буйруу) ачык сыноо гана, - деп үн салдык» (Саффат сүрөсү, 103-106-аят)**.**

«Аны (Исмаилди) бир чоң курмандык менен алмаштырдык. Кийинки муундарга ал тууралуу жакшы атак калтырдык. Ибрахимге тынчтык! Жакшы иш кылуучуларды Биз мына ушундайча сыйлайбыз. Ал акыйкатта Биздин момун пенделерибизден эле» (Саффат сүрөсү, 107-111-аят)**.**

Жараткандын буйругу менен курмандыкка чалына турган Исмаил (алейхис салам) атасына төмөнкү сунуштарды айтат. «Атаке аз гана керээзим бар :

1. Колу бутумду жакшылап бек байла. Болбосо, жан ачышып кеткенде тыбырчылап, кемчилик кетирип албайын.

2. Этегиңди жогору көтөрүп ал, кан чачырап, бейнамаз кылбасын.

3. Жандын оңой чыгышы жана ишиңдин тез бүтүшү үчүн бычакты өткүр кылып курчут.

4. Бычакты тартаар кезде көзүмө караба. Балким, аталык мээриминди кече албай, Алланын буйругун кечиктирип каласың.

5.Энекеме көйнөгүмдү ала бар. Ошону менен көңүлүн жубатсын. Ага: Шапаатчы болуп калды. Аллага карай узаттым! - деп айтып бар.

Уулунунун нускалуу сөзүн угуп туруп улгайып калган пайгамбардын көзүнөн мончок - мончок жаш кетет. Көпкө ыйлап, бир кезде «Балапаным! Алла Тааланын буйруктарын аткарууда мага күч кайрат, жакшы жардам бердиң!» деп, алакан жая Жаратканга мунажат кылат.

Жаратканга дил менен да, тил менен да ыраазылык, шүгүрчүлүк билдирген ата-бала пайгамбарлар чоң сыноодон ийгиликтүү өтүшүп, бактылуу сезимдердин кучагында үйлөрүнө кайтышат. Алардын ээрчишип келгенин көргөн эне байкуш не сүйүнөөрүн, не ыйлаарын билбей, тигилген бойдон нес болуп туруп калат. Бир нече күндөн кийин Ибрахим пайгамбар Сара эненин жанына кайтат.

1.7.6 Исхакты сүйүнчүлөө

Адам баласынын күчү да, эрки да туруштук бералбай турган түйшүктүү албан сыноолорго Ибрахим (алейхис салам) жаштайынан тушугуп, тушукканына сүйүнүп, Алладан келгени үчүн ошол оор ишти жан-дилден сүйүп аткарган. Улгайган пайгамбардын болот сындуу эркинин өрткө таштап жибергенде да козголбос, бекем ыйманынын урматына, жашы өтүп калганына карабай, Алла Таала ага дагы бир уулду сыйлык кылып берет. Дал ошол кезде Ибрахим (алейхис салам) 120 жашта, Сара эне болсо 90 же 99 жаштарда болгон экен.

«Биз ага пайгамбар (жана) жакшылардан болуучу Исхактын куш кабарын бердик. Жана ага (Ибрахимге) да, Исхакка да береке бердик. Алардын урпактарынан жакшы иштерди кылгандар, өз жанына ачык жабыр кылгандар да (чыгат)» (Саффат сүрөсү, 112-113-аяттар)**.**

Азирети Ибрахимдин меймандостук өзгөчө сыпаты бар эле. Ал колунда бар нерсесин аябай, коноктун көңүлүн тапканга ушунчалык дилгир эле. Ошондуктан, «конок тосчулардын атасы» деген мааниде анын «Абуль-адияф» наамы болор эле. «Жабраил (алейхис салам) менен бир топ периште келип Исхакты сүйүнчүлөп, улгайган пайгамбарды кубанычка бөлөшөт. Азирети Ибрахимдин үйүнө коноктор келет. Булар инсан түспөлүнө кубулган периштелер эле. Меймандос пайгамбар эт бышырып конокторунун алдына койот. Бирок, коноктор даамга ооз тийгизишпейт. Ибрахим (алейхис салам) конокторунун периште экендигин түшүнөт. Алардын кокустан келиши карыя пайгамбарды түйшөлтүп койот. «Кандай кесир иш болду экен Алла Таала азап жөнөткүдөй? Же болбосо коомумду жок кылууга келиштиби?» деген санаа пайгамбардын жүрөгүн ээлеп алат. Дагы жакшылап баамдап көрүү үчүн аларга:

-Тамактан алып олтуруңуздар, кутман конокторум, - дейт.

-Бизге акы төлөсөңүз, анан жейбиз! - дешет. Алардын дилин дароо аңдаган даанышман пайгамбар: «Бисмиллах» деп баштап, «Алхамду лиллах» деп бүтүрөт. Периштелер:

-Чыныгы халил-Алланын досу ушундай болот! - деп мактап жиберишет бир ооздон. Анан алар келген максаттарын айтып сөз башташат:

-Эй, Ибрахим, сен коркпо! Биз бул жерден Лут коомуна барып, аларды жок кылабыз,-- деп келген максаттарын айтып беришет. Ибрахим пайгамбардын көкүрөгүндөгү коркунуч тараган соң алар Исхак менен Жакыпты сүйүнчүлөшөт. Сара эне үйдүн ичине тартылган парданын артында тиричилик кылып жүрүп коноктордун сөзүн кулагы чалат. Ал абдан ыйбаалуу жана абийирдүү болгондуктан, жүзүн алаканы менен тосуп, абышкасы экөөсүнүн улгайып калганын ойлоп, куш кабарды таңыркоо менен кабыл алат. Периштелер:

«-Сен Алла Тааланын өкүмүнө жана тагдырына таң калып жатасыңбы?» деген маани-маңыздуу эскертүүнү улгайган пайгамбар менен зайыбынын көңүл дүйнөсүнө таштап койот. Бул кабар Ибрахим пайгамбарды бир тараптан сүйүнткөнү менен, Лут коомунун азапка дуушар болушу кабатырга салды. Содом элин жана андагы момундарды ойлоп маанайы чөктү. Алардын азаптан кутулушуна себепкер боло аламбы? деген ниетте Аллага мунажат кылгысы келди. Периштелер пайгамбардын дилин окуп олтургансып, анын суранычы эми пайда бере албасын, бирок, бул оор азап ынсапсыз каапырлардын бир гана башына келерин айтканда, Ибрахим пайгамбар жеңилдей түшөт. Бул жагдай Куран-и Каримде мындайча баяндалат:

«Чындыгында, элчилерибиз (периштелер) Ибрахимге жагымдуу куш кабар менен салам беришти. Ибрахим аларга: “Салам!” – деди да, дароо музоонун куурулган этин (дасторконго) алып келди» (Худ сүрөсү, 69-аят)**.**

«Анан алардын оокаттан ооз тийбегенин көргөндө, шекшинип, тайсалдай баштады. (Ошондо) алар: Коркпогун! Биз (периштебиз, тамак жебейбиз), Лут коомуна (каапырларды жок кылуу үчүн) жиберилгенбиз дешти» (Худ сүрөсү, 70-аят)**.**

“**Ибрахимдин жанында (парданын артында) турган аялы күлүп жиберди. Ошондо ага Исхак, Исхактан кийин Жакыпты сүйүнчүлөдүк. (Ибрахимдин жубайы): “Оой, мен – кемпир, күйөөм – чал болсо, анан кайдан төрөмөк элем. Албетте, бул – таң калыштуу нерсе”, – деди”** (Худ сүрөсү, 71-72-аяттар)**.**

1.7.7 Азирети Ибрахим пайгамбардын Азирети Исмаилден кабар алышы

Күндөр өтүп, апталар айды курап, айлар жылды жылга жалгап олтуруп Исмаил (алейхис салам) эр жетет. Жигиттик куракка келгенде Журхуми уруусунун ичинде мартабасы артып, кадырлуу адамга айланат. Эл арасында жүрүп араб тилин үйрөнөт. Ошол уруунун бир кызы менен баш кошуп, түтүн булатып калат. Энеси Ажар Жараткан берген берекелүү өмүрдү жашап, Исмаилдей дили таза акылман пайгамбарды төрөп, тарбиялаган соң түбөлүктүүлүктүн чубалжыган кербенине кошулуп, аркы дүйнөгө сапар тартып кеткен эле. Исмаил пайгамбар эл-журту менен энесин Каабанын жанындагы «Хижр» деген жерге койот. Ушул күндөрдүн биринде уулунан кабар алуу максатында карыя Ибрахим (алейхис салам) Меккеге келет. Тилекке каршы, уулун үйүнөн таба албайт. Исмаилдин жубайынан сурайт:

-Исмаил кайда кетти? Келини:

-Ырыскы издеп чыккан эле. Ибрахим (алейхис салам):

– Ал-абалыңар жакшыбы, тиричилигиңер кандай өтүп жатат? Келини:

– Эмнесин сурайсыз, абдан кыйналып, жокчулуктун азабын тартып күн көрүп жатабыз. Ибрахим (алейхис салам):

–Аман болгула кызым. Күйөөң келгенде менден ысык салам айтып кой. Анан эшигинин каалгасын алмаштырып алсын деп күйөөңдүн эсине салып койушуңду өтүнөм… – деп, желмаянын желдирип, келген тарабына кайрылып бастырат. Исмаил (алейхис салам) үйүнө чарчаңкы түрдө кайтып, босогодон эле бир башкача жагымдуу жытты сезип, атасынын келип кеткенин аңдайт.

-Үйгө бирөө жарым келген го, байбиче? - деп аялына суроолуу карайт.

-Ооба, сакалы куудай ак, жашы бир топко барып калса да чыйрак экен, улгайып калганына карабай төөсүн өзү башкарган бир чал келди. Сени сурады эле ырыскы тапканы кеткениңди айттым. Турмуш - тиричилигибиздин абалын сурады эле жокчулукту баштан өткөрүп жатканыбызды айтып, босогодон эле кайтарып жибердим.

-Башка эч нерсе айткан жокпу, акыл - насаат же аманат! - деп, такып сурайт.

-Каап, унутуп койо жаздаптырмын. Сага дубай салам айтты. Анан «Эшигинин каалгасын алмаштырып алсын» деп жүрүп кетти. Эшигибиз жакшынакай эле турбайбы, түшүнбөй калдым эмнеге андай деди же алжып койдубу дейм. Келип кеткен кеменгер инсандын сөзүнүн тереңинде жаткан акактай насааттын төркүнүн баамдай койгон Исмаил (алейхис салам):

-Ошол ак сакал менин улгайган даанышман атакем болот. Каалгасын алмаштырсын деп сени менен ажырашуум керектигин айтып кеткен тура зирек киши. Эми экөөбүз ажырашкан адамбыз. Үй - бүлөңө кайта берсең болот, - деп, Исмаил пайгамбардын алгачкы үйлөнүүдөн жолу болбой калат.

Экинчи ирет кайрадан эле ошол Журхуми уруусунун карапайым бүлөсүнүн кызы менен баш кошуп, түтүн булатып калат. Жараткан Алла белгилеп койгон убакыт өткөн соң Ибрахим (алейхис салам) пайгамбар уулунан кабар алуу максатында Меккеге кайтып келет. Түз эле Исмаилдин (алейхис салам) эшигине бастырат. Бул жолу да уулун үйдөн таба албайт. Адамгерчиликтүү келинининин суранычы боюнча, даам сызып кетүүнү эп көрөт. Улгайган кары үй ээсин сурайт.

-Кожоюн ырыскы таап келүү үчүн чыккан эле, - деди сыпаа гана. Ибрахим пайгамбардын, алардын турмуш тиричилик абалы тууралуу суроосуна келини:

-Кудайга шүгүр! Жараткан берген жакшылыктын жана ырыскынын берекеси менен жакшы жашап жатабыз. Эч кандай арыз муңубуз жок. Ибрахим пайгамбар:

-Эмне жеп, эмне ичип жатасыңар? Келини:

-Жегенибиз эт, ичкенибиз суу. Ибрахим пайгамбар:

«-Оо, Жараткан Улук Кудайым! Ушул адамдардын жеген эттерин жана ичкен сууларын берекелүү жана кайырлуу кылагөр!» деп, алакан жайып батасын берет да:

-Күйөөң келгенде менин саламымды айтып кой берекем, каалгасың жакшылап кармасын! - деген осуятын калтырып, төөсүн желдирип жөнөп кетет. Адаттагыдай эле Исмаил пайгамбар талаадан кайтып келип, башкача бир жагымдуу жыт үйүнө толуп калганын сезет. Атасы келип үйүнө кут төгүп кеткенин баамдай койуп, аялына карай бергенде ал дагы күйөөсүнүн дилиндеги түпөйүл ойду айттырбай сезип:

-Мырзам! Ак сакалы жайкалган, жүзүнөн нур чачырап турган, нукура асыл сапаттардын улгайган дыйканы келип кетти. Ичкери киргизип даам сыздырып, ак батасын алдым. Сизди сурады эле, ырыскы таап келүү үчүн кеткениңизди айттым. Турмуш тиричилигиңер кандай өтүп жатат деди эле, Кудайга шүгүр! Жараткан берген жакшылыктын жана ырыскынын берекеси менен жакшы жашап жатабыз. Эч кандай деле арыз му ңубуз жок дедим. Айтмакчы, кайтып баратып: Күйөөңө айтып кой, каалгасын жакшылап кармасын деген насааты бар сизге, - деп, болгонун болгондой баяндап берет. Исмаил (алейхис салам) түгөйүнө жылмайып:

«-Үйүбүзгө нур жүздүү пайгамбар атам келип кеткен турабайбы. Сен болсо эшигимдин шарапаттуу каалгасысың. Атам сени менен ынтымакта болуп, сага жылуу мамиле кылышымды эскертип кеткен тура, асыл дилдүү атакем! - деди» (Бухари, Анбия, 9).

Ушул баянда айтылган сыңары, шүгүрчүлүк жана канаат нематтын берекесин арттырат. Алла Таала багыштаган нематтарды, белектерди аз санап арыз муңга батып даттануу кесирликке жатат. Натыйжада, чындап эле нематтар кыскарып, ырыскы кемип калышы толук ыктымал.

1.7.8 Каабанын курулушу

Бир топ жылдардан кийин Кудай Тааланын ардактуу досу желмаянын желдирип Меккеге бет алат. Уулу менен кучакташа көрүшүп, сагынычтарын таратышат. Бул келиште карыя пайгамбар өтө улуу максат менен келген эле. Исмаилге (алейхис салам):

-Уулум, Алла Тааланын буйругун аткарышыбыз керек. Ушул жерге момундар үчүн Алланын үйүн куралы, сен мага жардам бер! - дейт.

Ошентип, Ыйык Каабанын курулушу башталат. Жабраил периште менен Исмаил (алейхимус салам) таш ташышат. Ибрахим пайгамбар (алейхис салам) болсо Каабанын дубалын көтөрөт. Дубал улам бийиктеген сайын карыя пайгамбар тепкич катары колдонгон мармар таш Жараткан Алланын кудурети менен көтөрүлө берет. Азирети Ибрахимдин (алейхис салам) изи калган мармар таш «Макам-ы Ибрахим» деп аталып калган.

«**Эстегиле! Ибрахим Исмаил менен бирге «Байтулланын» (Каабанын) пайдубалын көтөрүп жатып (мындай деген эле): -Раббим! Бизден (ушул кылган ишибизди) Өзүң кабыл кыл! Албетте Сен Угуучусуң, Билүүчүсүң»** (Бакара сүрөсү, 127-аят)**.**

Азирети Адам Ата менен Обо Эне бейиштен чыгарылгандан кийин көпкө жер кезип жүрүп, акырында Арафат тоосунда (Меккеде) жолугушат. Чогуу жүрүп олтуруп азыркы Кааба турган жерге барышат. Адам (алейхис салам) Обо Эне менен жолугушкандыгы үчүн Алла Таалага ибадат кылууну каалайт. Бейиште жүргөн кезде айланып тоо кылып жүргөн нурдан бүткөн устунду жерге түшүрүүнү суранып дуба кылат. Ага устун берилген соң аны кыбыла катары пайдаланып Алла Таалага ибадат кыла баштайт. Доорлор ошентип алмаша берет. Шит (алейхис салам) пайгамбардын доорунда нурдан бүткөн устун жоголуп, анын ордуна бир кара таш калган экен. Азирети Шит таштан чакан үй куруп, нур устундун ордуна калган ташты ичкери алып кирип үйдүн бир бурчуна коюп койот. Бүгүн баарыбызга белгилүү болгон **«Хажаруль-Асвад»** деген кара таш ошол доорлорго таандык. Кийин Нухтун (алейхис салам) топон суусунун натыйжасында бул имарат көп мезгил бою кумдун астында калат. Андан соң Ибрахим (алейхис салам) Ажар эне менен уулун ошол имаратка жакын жерге жайгаштырат. Исмаил (алейхис салам) кийин бүлө күтүп, өз алдынча түтүн булатып калганда Ибрахим пайгамбар Меккеге келип кумдун астында калган имаратты табуу үчүн казуу иштерин жүргүзөт. Ошентип, алар имараттын пайдубалын таап, анын үстүнө бүгүнкү Каабаны курушат. Аяттагы: «Байтулланын пайдубалын көтөрүштү» деген сүйлөм жогорку баяндаманы тастыктап турат. Ибрахим (алейхис салам) Каабаны куруп бүткөн соң Алла Таалага минтип жалбарат:

“Эгем! Бул жерди тынч, бейпил кыла көр. Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирген элине мөмөжемиштерден мол ырыскы бер!.” Ал (Алла) айтты: “А каапырларды болсо Мен азыраак гана пайдаландырам. Андан соң аларды оттун азабына аргасыз кылам. (Ал) кандай жаман – кайтып баруучу жай!» (Бакара сүрөсү, 126-ает)**.**

«Оо, Улуу Кудайым! Бизди Өзүңө баш ийүүчүлөрдөн кылгын жана урпактарыбызды да Өзүңө моюн суна турган кишилерден кылып чыгара көр; (кыла турган) ибадаттын эрежелерин үйрөт жана тообаларыбызды кабыл кыл! Албетте, Сен тообаларды кабыл кылуучусуң, Ырайымдуусуң!» (Бакара сүрөсү, 128-ает)**.**

«Оо, Алла Таалам! Аларга өздөрүнөн болгон, аяттарыңды окуп бере турган, Китепти жана Хикматты (Куран жана Хадисти) үйрөтө турган, аларды ширктен тазалай турган бир пайгамбарды жибер! Албетте, Сен Ызаттуу, Даанышмансың!» (Бакара сүрөсү, 129-аят)**.**

Аятта сөз болгон «дуба» тууралуу Мухаммед Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) : «Мен чоң атам Ибрахимдин (алейхис салам) дубасы, Исанын (алейхис салам) сүйүнчүсүмүн!» (Ахмад бин Ханбал, V. 262) деп белгилеп кеткен. Эки дүйнөнүн данакери, ааламдын агартуучусу Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) теги Ибрахим пайгамбарга барып такалат:

1. Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам),
2. Абдуллах,
3. Абдулмутталиб (Шейбатул-Хамд),
4. Хашим,
5. Абдулманаф (чыныгы аты Мугира),
6. Кузай (Зайд деп да айтылат),
7. Хаким (Килаб),
8. Мурра ,
9. Кааб,
10. Луввай,
11. Галиб,
12. Фихр (Курайш),
13. Малик,
14. Надыр,
15. Кинана,
16. Хузайма,
17. Муфика,
18. Иляс,
19. Мудар,
20. Низар,
21. Маад,
22. Аднан.

Алланын акыркы Элчисинин нарктуу таза тегинин санжырасы Аднанга чейин барат. Ал эми Аднан болсо Исмаилдин (алейхис салам) тукумунан тараган неберелеринен болот. Бирок бул экөөнүн ортосундагы муундардын узун жолу белгисиз. Тукумунан пайгамбарлардын тарашы, айрыкча, тирүүлүк ааламынын нуру Мухаммед Мустафанын (саллаллаху алейхи васаллам) дүйнөгө кут болуп төгүлүшү Ибрахимдин (алейхис салам) пайгамбарлар тарыхындагы ордунун салмактуу, барктуу жана өзгөчө экендигин айгинелеп турат. Кааба жана ажылыктын өзгөрүлгүс эрежелери Ибрахим пайгамбардан кыяматка чейин улана турган руханий жөрөлгөлөрү менен толукталган жана кооздолгон. Ошол эле учурда нечелеген кылымдар бою миллиондогон мусулмандар күн сайын беш убак намаздарынын акыркы отурумунда Азирети Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) салам айтканда Алла Таала Ибрахим пайгамбардын жүрөгүнө Өзү илхам кылып үйрөткөн салаватты айтып келебиз.

1.8 АЗИРЕТИ ИСМАИЛ (алейхис салам)

Азирети Исмаилдин (алейхис салам) ысмына «Забиюллах» деген сыпат кошо айтылып келет. Бул сөз Алла Таала үчүн курмандыкка чалынган, Алланын курмандыгы дегенди туюнтат. Исмаил пайгамбар Йеменден Хижаз аймагына көчүп барган Журхуми уруусуна пайгамбар болуп жиберилген. Исмаил деген сөз, Алла Таалага моюн сунуучу деген маанини билдирет. Иврит тилинде Исмуел, арап тилинде Исмаил деп айтылат. Исмаил (алейхис салам) Журхуми уруусунун балдары менен бирге өсүп, чогуу чоңойот. Алардан ок атуунун түрлөрүн үйрөнөт. Эр жетип калган кезде дасыккан мерген болгондуктан аткан огу сая кетчү эмес экен. Аслам уруусу ок атуу боюнча мелдеш уюштурат. Ошондо Пайгамбарыбыз Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) аларга басып барып:

«Эй, Исмаилдин тукуму! Ок аткыла. Силердин бабаларыңар Исмаил да көзгө атаар мерген болгон» деп айткан (Бухари, Анбия, 9)**.**

Атасы Ибрахим (алейхис салам) дүйнө салгандан кийин Исмаил пайгамбар Каабага жана ажылыкка тиешелүү иштерди улантат. Эң алгачкылардан болуп Каабаны кездеме менен каптайт. Алла Таала ага пайгамбарлыкты бергенден тарта Журхум, Амалика элине жана Йемен урууларына, Мааріб жана Хадрамавт чөлкөмүндө жашаган коомдорго пайгамбарлык кылып, аларды ак динге үгүттөй баштайт. Азирети Исмаил аталган элдерди элүү жыл бою тавхидке чакырат. Бүт пайгамбарларда боло келгендей, ыйман келтиргендердин саны каапырларга салыштырмалуу өтө эле аз бойдон калат. Ошондой болсо да, Исмаил (алейхис салам) талыкпастан өз вазийпасын аткарат. Сабырдуу болуп, туруктуу үгүт жүргүзөт. Азирети Исмаил (алейхис салам) сөзгө бекем турган, намаз окууну, зекет берүүнү буйруган жана Жараткан Алланын мактоосуна татыган, ыраазылыгына арзыган пайгамбар болгон.

«(Эй, Мухаммед), ушул Китепте Исмаилди (жөнүндө аңгемени) эстегин! Чынында ал убадага бек элчи-пайгамбар эле. Ал өз бүлөсүн, үммөтүн намазга жана орозо кармоого үндөгөн. Ал Раббисинин даргөйүндөгү киши эле» (Мариям сүрөсү, 54-55-аяттар)**.**

1.8.1 Исмаил пайгамбардын мужизалары

1. Тикенектүү талааны жашыл чөп өскөн жайытка айландырган.

2. Анын дубасынын керемети менен кысыр калган койлор сүт жана жибектей созулган жумшак жүн берген.

3. Анын дубасы менен кум унга айланган.

4. Алла Таала зам-зам суусунун чыгышына жана кыяматка чейин токтобостон ага беришине Исмаилди (алейхис салам) себепчи кылган.

1.9 АЗИРЕТИ ИСХАК (алейхис салам)

Азирети Исхак Ибрахим пайгамбардын (алейхис салам) Сара энебизден төрөлгөн уулу. Сара эне Исхакты төрөй турганын алгач укканда абдырап айран таң калат:

“Ибрахимдин жанында (парданын артында) турган аялы күлүп жиберди. Ошондо ага Исхак, Исхактан кийин Жакыпты сүйүнчүлөдүк. (Ибрахимдин жубайы): “Оой, мен – кемпир, күйөөм – чал болсо, анан кайдан төрөмөк элем. Албетте, бул – таң калыштуу нерсе”, – деди” (Худ сүрөсү, 71-72-аяттар)**.**



«Биз ага пайгамбар (жана) жакшылардан болуучу Исхактын куш кабарын бердик. Жана ага (Ибрахимге) да, Исхакка да береке бердик. Алардын урпактарынан жакшы иштерди кылгандар, өз жанына ачык жабыр кылгандар да (чыгат)» (Саффат сүрөсү, 112-113-аяттар)**.** Куранда Исхак (алейхис салам) мактоого алынган:

Атасы Ибрахимдин (алейхис салам) көзү өткөн соң Алла Таала Азирети Исхакты Шам (Дамаск) жана Палестина элдерине пайгамбар кылып дайындаган. Алла Таала аны чечкиндүү жана мыкты инсан кылып тарбиялаган. Улгайган соң көздөрүнүн курчу кетип

азиз болгон экен. Исхактын (алейхис салам) Жакып (Якуб) жана Ыяз аттуу эгиз уулдары болгон. Исхак пайгамбар өмүрүнүн акыркы мезгилдеринде эки уулуна эки башка бата берет. Урпагыңдан пайгамбарлар чыксын деп Жакыпка дуба кылса, Ыяздын урук-тукумунан өкүмдарлар, падышалар чыксын деп Жараткан Аллага жалбарган. Риваяттарда, Исхак (алейхис салам) 160 жаштын тегерегинде бүгүнкү Палестинадагы Кудуска (Иерусалим) жакын жерде дүйнөдөн кайткан. Сөөгү атасынын мүрзөсүнүн жанына коюлган деп баяндалат (Ибн Асир, "аль-Камил", I, 127).

1.9.1 Исхак пайгамбардын мужизалары

Ар түрдүү риваяттарда Исхак пайгамбар тууралуу төмөнкүдөй маалыматтар айтылган: Азирети Исхактын коому анын пайгамбарлыгын кабыл кылбай койот. Тескерисинче, маскаралоо үчүн сынап көрүшөт:

«-Сенин пайгамбар экениңди жан-жаныбарлар кабыл кылса, биз да сени пайгамбар деп тааныйбыз» дешет. Исхак (алейхис салам) Алла Таалага пайгамбарлык сураныч менен берилип дуба кылат. Андан соң ичинен айбанаттарга үн салат:

«-Эй, жаныбарлар! Менин ким экендигимди мобу наадандарга билдирип койгула!» Ошондо жаныбарларга тил бүтөт: Түлкү:

«-Сен Алланын пайгамбарысың!» Жейрен:

«-Сен Халилуллахтын уулусуң!» Эчки:

«-Сен Алланын элчисисиң! Сага ыйман келтирбегендер тозокко түшүшөт!»

Күндөрдүн биринде Исхак пайгамбар Кудуста элди ак динге чакырып даават кылат. Бул ирет, кантип ушунун колунан келсин деген ойдо мушриктер ага талап коюшат:

«-Эгер сен ушул тоону кыймылдата алсаң, биз сага дароо ыйман келтиребиз!..» Алланын эбегейсиз амири менен алар көрсөткөн тоо абдан ачуулуу айбат көрсөткөн сыяктанып катуу термелет. Бул окуяны көргөн адамдар убадага турушуп, дароо ыйман келтиришет.

Исхак (алейхис салам) дагы бир жерде элди динге үгүттөп, ыйман келтирүүнүн зарылдыгы тууралуу айтып жаткан кезде, бир нече адам пайгамбардын алдына уйдун терилерин алып келип ташташат да:

«-Кыйын болсоң ушуларды тирилтчи?!..» дешип, аны кемсинткендей мамиле кылышат. Исхак пайгамбар терилерге кум толтурган соң мунажат кылып Алла Таалага кайрылат. Ар дайым башка элчилерин колдоп келгендей, Алла Таала анын тилегин кабыл кылар замат, терилерге жан кирип, кадимки уйга айланып калат. Жонунан сылап койлорду төлдөткөн мужизасы Исхактын (алейхис салам) Алла Тааланын ак пайгамбары экендигинин далили болуп саналат. Палестинада дүйнөдөн кайткан Азирети Исхактын (алейхис салам) сөөгү Халилуррахмандын жанына коюлган.

1.10 АЗИРЕТИ ЛУТ (алейхис салам)

Азирети Лут пайгамбар Ибрахимдин (алейхис салам) иниси Харанын уулу болот. Лут пайгамбардын (алейхис салам) аты Курандын ар кайсы аяттарында жыйырма жети жолу кайталанат. Ал Азирети Ибрахимге эң алгач ыйман келтирген, аны менен чогуу Алла жолунда жер которуу мартабасына татыктуу пайгамбар болгон. Ибрахим пайгамбардын шариятына моюн сунуп, көп ибадат кылган, берешен, сабырдуу, такыбаа жана меймандос инсан болгон. Дыйканчылык кылып, маңдай тери менен турмушун өткөргөн.

Лут (алейхис салам) дин жолунда тажрыйба топтоо үчүн агасы Ибрахим (алейхис салам) менен бирге Ирак, Сирия, Палестина жана Египет мамлекеттерин кыдырат. Ошентип, Ибрахим пайгамбарды ээрчип жүрүп чыныгы акыйдага, эң мыкты адепахлакка сугарылып, ак жолго баштоого жетилет. Кийинчерээк Алла Таала Лутту (алейхис салам) күнөөгө белчесинен баткан кандаш Содом элине пайгамбар кылып жиберет. Алла Таала Азирети Лут жана анын коому тууралуу мындайча баяндаган:

«Лут, чынында да, пайгамбарлардын бири болгон» (Саффат сүрөсү, 133-аят)**.**

«Лутка даанышмандык менен илимди бердик жана аны ыплас иштерди кылуучу калктан куткардык. Алар акыйкатта жаман, бузуку коом эле» (Анбия сүрөсү, 74-аят)**.**

Мындай улуу милдетти аркалаган Лут (алейхис салам) Содом элин Алла Тааланын ак динине чакыра баштаган. Аларды абийирсиздик жолдон кайтарууга кайрат кылган.

1.10.1 Содом эли

Содом эли, азыркы Иорданиянын чыгыш жагында жана Ирак менен Палестинанын ортосундагы аймакта жашаган. Булар адеп-ахлактан оолак калган эл болот. Адамзат жашоосунда мурда кездешпеген бейадеп иштерге барышкан. Содом эли дене бойду дүркүрөткөн жийиркеничтүү бул ишти көнүмүшкө айлантып алышкан. Каршы чыккан адамдарга каяша айтып, жадагалса кол салгандан да баш тарткан эмес. Абийирдүүлүккө чакыргандарды жактырбай: «тазалар арабыздан чыгып кетсин!» деп басынтыша турган. Содом эли уят, намыс, абийир деген баалуулуктарды көз көрүнө жээрип, айбан үйүрлөрүндө да кездешпеген пастыкты сүйүп жасагандыктан, Курани Каримде «бал хум азал» деген кейиштүү белги менен эскерилет. Лут (алейхис салам) мына ушундай уятсыз коомго пайгамбар кылынган эле. Күн-түн дебей аларды арамдыктан кайтаруу, акыйкатты түшүндүрүү үчүн алпурушар эле.

«Ырасында, мен силерге жиберилген ишенимдүү элчимин» (Шуара сүрөсү, 162-аят)**.**

“Дүйнөдө (көптөгөн аялдар туруп) эркектер менен кошуласыңарбы?” (Шуара сүрөсү, 164-аят)**.**

“Эгеңер силер үчүн жараткан аялдарыңарды карабай койосуңарбы? Силер бузуку элсиңер” (Шуара сүрөсү, 165- аят)**.**

Содом эли Лутка (алейхис салам) жалганчы пайгамбар деп жалаа жаап, насааттарына кулак салбай коюшат. Азирети Лут алардын сөзүнө шаабайы сууп отуруп калбастан, жийиркеничтүү жоруктун кооптуулугун эскерте берет.

«Лут пайгамбар өз коомуна айтат: “-Ушундай да бузукулук кыласыңарбы? Акыры силерден мурдагы бүткүл адамзаттан бир да киши мындай кылган эмес эле го?!» (Араф сүрөсү, 80-аят)**.**

Ушул сыяктуу насааттары менен ахлаксыздык аларды балээге гана алып бара тургандыгын тажабай эскертет. Уятсыз иштен баш тартууну каалабаган Содом эли Лутту (алейхис салам) шылдыңдашып, журттан айдап чыкмакчы болушат.



«Аларды (Лут жана аны ээрчиген адамдарды) кыштагыңардан чыгарып жибергиле! Себеби, ашкере тазасынган адамдар экен» – дегенден башка коом эч кандай оң жооп айтышпады” (Араф сүрөсү, 82-аят)**.**

«-Эй, Лут! Билип койгун, эгер үгүтүңдөн баш тартпай турган болсоң, сүргүнгө айдаласың!» (Шуара сүрөсү, 167- аят)**.**

Азирети Лут аларга Алланын азабын эскертти:

«Аныгы, (Лут) Биздин, (азап менен) кармашыбыздан аларды эскерткен эле. Бирок алар эскертүүлөргө ишенбей, жалган дешти» (Камар сүрөсү, 36-аят)**.**

Намысты, абийирди түшүнбөгөн акмактар Алланын азабын кайдан түшүнсүн. Кайра догурунуп пайгамбарды кекетишти:

«Эгер чынчыл болсоң, Алланын азабын алып келчи, көрөлү!?» (Анкабут сүрөсү, 29-аят)**.**

1.10.2 Көктөн жааган кызуу таштар жана коркунучтуу үн

Кудай Тааланын каарын келтирип эң ыплас тескери жолду жан дилден сүйгөн Содом эли оор азапка эбак ылайык болушкан. Анткени, алар Алла убада кылган азаптын кабарын Пайгамбардан угуп турса да чымын чакканчалык көрбөй коюшкан. Мындай чарасыз жагдайдан улам Азирети Лут (алейхис салам) Раббисине жалбарып, андан жардам сурайт:

«Раббим, мени, үй-бүлөмдү жана мага ишенген адамдарды каапырлардын кылык-жоругунан куткаргын!» (Шуара сүрөсү, 169-аят)**.**

«Раббим, мени бул бузуку коомдун үстүнө Өзүң үстөм кыл!» (Анкабут сүрөсү, 30-аят)**.**

Азирети Лут пайгамбардын минтип жалбарышы эң акыркы арга эле. Алла Таала бузулган коомду жок кылуу үчүн периштелерди жөнөтөт. Эркек адам болуп кубулуп келген периштелерди көргөн бузуку элдин ниети бурулуп, тийишкилери келет. Бул окуя Курани Каримде төмөнкүчө баяндалат:

«Элчилерибиз Луттун жанына барышканда, ал (элдин бузукулуктан арылбаганына) тынчсыздана жана кайгыра баштады. Мындан жаман абалга түштү да: «Чындыгында, бул оор күн», деди» (Худ сүрөсү,77-аят)**.**

Периштелердин минтип жаш жана келбеттүү жигиттерге кубулуп келиши, Азирети Лутту коркунучка салат. Анткени алардын периште экенин билбейт эле. Араф сүрөсүнүн 80-81-аяттарында билдирилгендей, Бул каапыр коом үчүн кызтекелик (эркек менен эркектин жыныстык байланышы) коомдо жөнөкөй гана көрүнүш болуп калган. Периштелер Луттка келип:

«(Лут пайгамбардын үйүнө жигиттер келгенин укkан) коому ага жүгүрүп келишти. Алар мурда жексур иштерди, (кыз-текелик) кылышаар эле. Ал айтты: – Эй, коомум, тигине кыздарым, (алар) силер үчүн таза го (ошолорго үйлөнө берсеңер болбойбу?) Алладан корккула жана коноктorумдун алдында мени шерменде кылбагыла. Араңарда туура ой жүгүрткөн бир дагы адам калган эмеспи?!» (Худ сүрөсү, 78-аят)**.**

Кээ бир тафсир аалымдарынын айтымында, үйүнө чейин келген каапырларга үйлөнүүгө сунуштаган кыздар Азирети Луттун өз кыздары эмес, коомдогу кыздар эле. Анткени, анын эки кызы гана болгон. Ар бир пайгамбар өз коомунун улугу жана руханий жолдун атасы деп эсептелгендиктен, «Мына кыздарым» деп айтуу менен Азирети Лут элдин кыздарын максат кылган. Арамдан башканы ойлобогон эл:

«Сенин кыздарыңда биздин жумушубуз жок. Ырасында сен биздин эмне каалап турганыбызды абдан жакшы билесиң, - дешти» (Худ сүрөсү, 79-аят)**.**

Ошондо периштелер айтышты:

“Эй, Лут! Чындыгында биз Эгеңдин элчилерибиз. Алар сага эч качан тийише алышпайт. Түндүн бир оокумунда үй-бүлөң менен дароо жолго чык. Жубайыңдан башка эч кимиси артта калбасын. Анткени келе турган апаат ага да жетет. Алардын убадасы таң. Таң жакын эмеспи?” – деди” (Худ сүрөсү, 81-аят)**.**

“Аларга апаат маалы келген кезде ал жердин үстүн астына келтирдик (жерди оодардык) да, бышырылган (отко кызытылган) таштарды тынымсыз жаадырдык” (Худ сүрөсү, 82-аят)**.**

«(Ал таштар) кимге барып тийээри Раббиңдин даргөйүндө белгилүү эле. Ал (таштар) заалымдардан алыс эмес» (Худ сүрөсү, 83-аят)**.**

Алла Тааланын каардуу азабы кандай болуп келгени тууралуу кененирээк Хижр сүрөсүнүн 58 жана 74 – аяттарында да айтылат. Анда Лут коомунун талкаланышы, күн чыгып жатканда күч алган коркунучтуу үн менен башталып, андан соң чоктой кызыл

таштардын жамгыр сыңары жаашы менен соңуна чыккандыгы баяндалат. Содом эли гомосексуалдык өтө жийиркеничтүү күнөөгө батып калгандыктан, Алла Таала аларга оболу коркунучтуу үн угузган. Андан кийин алар жашаган жерди астын-үстү кылып, андан соң көктөн чок жаадырган. Бузуку элдин тарыхтан өчүп жок болушу үчүн мындан да катуу жаза болбос!…

1.10.3 Азирети Луттун аялдары жана балдары

Пайгамбар болгон кезде Азирети Луттун Фават аттуу аялы бар эле. Фават пайгамбарга ыйман келтирип, моюн сунган момун болот. Жыйырма жылдай чогуу түтүн булаткандан кийин Фават бул дүйнө менен кош айтышат. Кийинчерээк Содом элинен Вахила деген аялга үйлөнөт. Бирок, мунафык Вахила өз элинин адепсиз, ыплас жоруктарына көз жумуп койот. Жадагалса, аңкоо эркектерди Азирети Лутка каршы жашыруун тукурган учурлары болот. Күндөрдүн биринде сымбаттуу жигиттерге айланган периштелер Азирети Луттун үйүнө конокко келишет. Алар коомду талкалоо үчүн жөнөтүлгөн периштелер эле. Коноктор пайгамбар менен амандык сурашып турган кезде Вахила бузукуларга кабар жеткирет. Башкача айтканда, өз күйөөсүнө чыккынчылык кылат. Натыйжада, пайгамбардын аялы экендигине карабай, ал да Содом эли менен бирге Алла Тааланын каатаал жазасын алып, түбөлүк азапталчулардын катарына кошулуп кете берет. Азирети Луттун (алейхис салам) эки момун кыздары бар эле. Атасынын насаатына жан дилден ыйман келтиргендиктен, элдин башына азап түшкөндө Жараткан Алла аларды мээрими менен аман алып калат. Бул окуядан кийин Лут (алейхис салам) кыздары жана момун үммөттөрү менен Ибрахимдин (алейхис салам) журтуна көчүп барат. Анын эки кызын Ибрахим пайгамбар өзүнө ыйман келтирген эки момун адамга никелеп, баш коштуруп койот.

1.10.4 Лут коомунун жаман жоруктары жана кыргынга учуроосунун себептери

1. Буттарга сыйынышат эле.

2. Гомосексуалдык жийиркеничтүү иштерди сүйүп аткарышкан.

Ибн Аббастын риваяты боюнча, Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) мындай деген: «Ким Лут коомунун ишин кайталаса, ага наалат-каргыш болсун!» (Ахмад бин Ханбал, Муснад, I, 317)

3. Жыныстык зомбулук менен өлтүрүү. Коомдогу зөөкүрлөр бир адамды өлтүрүүнү же жазалоону көздөсө, ага көпчүлүк кезектеше жыныстык зомбулук көрсөтүп, акырында аны өлтүрүп салышар эле.

4. Содом эли үчүн мындай ыплас иштер демейки көрүнүш эле. Ошондуктан, уяттуу, абийирдүү адамдарды жек көрүшчү жана шылдың кылышчу. Акмакчылыктан да өтүп кеткендиктен, жел чыгарууну да көңүл ачууга, тамашага айлантып алышкан.

5. Жол тосуп, каракчылык кылышкан. Жолдон ары-бери өткөн бейтааныш жолоочуларды ташбараң кылып, мүлкүн тоноп, өзүң шылдыңдап кууп жиберишчү эле.

6. Ушакчылыкты жана сөз ташууну сүйкүмдүү иш катары көрүшчү.

7. Кайрымдуулукту жана садага берүүнү жаман көргөн сараң эл болгон.

1.11 АЗИРЕТИ ЗУЛКАРНАЙН (алейхис салам)

«Зулкарнайн» – араб сөзү. «Зу» жана «карнайн» деген эки сөздөн куралган. «Зу» –бир нерсеге ээ болуу; «карн» – кылым, убакыт, күн деген маанилерди туюнтат. Демек, «Зулкарнайн» сөзү «эки кылымдын ээси» деп которулат. Дүйнөнүн Чыгышы менен Батышын басып өткөндүктөн, Алла Таала нурду жана караңгылыкты анын бийлигине берип койгондуктан, Зулкарнайн деген атка конгон.

Зулкарнайн (алейхис салам) – Азирети Нух пайгамбардын уулу Яфастын урпагы болот. Бул даңазалуу инсандын өз аты ө Искендер. Чыгыштан Батышка жүрүштөрдү жасаган Зулкарнайндын пайгамбар же олуя болгондугу тууралуу эки башка баяндама бар.

Азирети Зулкарнайн (алейхис салам) соот жасап сатып, өз мээнети менен тиричилик кылган. Өзүнөн ашкан каражаты менен кедей-кембагалдарга жардам берген кайрымдуу инсан болгон. Азирети Зулкарнайн (алейхис салам) көп жылдар бою каапырлар менен согушкан. Эл оозунда айтылып жүргөн Яжуж жана Мажуждун коомуна каршы, эки асканын ортосундагы душман өтчү жолго темир ээриип толтуруп, анын үстүнө жез куюп, чоң тосмо курган экен. Алла Тааланын динин, тавхид акыйдасын элге жайган.

1.11.1 Зуларнайндын (алейхис салам) өзгөчөлүктөрү жана асыл сапаттары

1. Алла Таала Зулкарнайнга эч бир инсанда кездешпеген керемет күчтү берген. Ал Чыгыштан Батышка карай жүрүш жасап «Саду-Зулкарнай - Зулкарнайндын тосмосун» курган.

2. Булуттар жана башка табият күчтөрүн башкарууга бийлик берилген.

3. Жараткан Алла ага кудуреттүүлүк менен илимди берген. Руханий жана материалдык өзгөчөлүктөргө ээ болгон.

4. Ага бири ак, бири кара түстөгү мужизалык өзгөчөлүктөгү эки асаба берилген. Зулкарнайн күндүзү жүрүш жасаганда кара түстүү асабаны колдун эң артына көтөртүп койор эле. Ошондо колдун арты кою караңгылык болуп, арттагы куугунчулар жол таппай, аргасыздан тизгинди башка тарапка бурушкан. Ал эми каапырларга карангы түндө жүрүш кылган кезде аскердин алды жагында ак түстүү желек желбиреп кудум күндүзгүдөй жарык берип, душманды жеңип алганга сонун мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

5. Бардык расулдар сыяктуу ал Алла Таалага бекем ишенген жана акыреттин болорун чын жүрөктөн кабыл кылган. Зулкарнайн (алейхис салам) кол астындагы элине адилетүү жана боорукер өкүмдар болгон. Башка падышалардай ырайымсыз, эзүүчү, баскынчыл саясаттан оолак болуп, жаамы калкка кайрымдуу жана калыс бийлик жүргүзгөн. «Араңардагы айыпсыздар тынчсызданбай эле койсун, ал эми, жакшылык кылган пенделер сөзсүз мунун үзүрүн көрөт» деген. Мээримдүүлүгү, иш билигилиги жана кыраакылыгы менен

карамагындагы калкынын көңүлүнө көөнөрбөс урмат-сыйдын тактын кура алган зат болгон. Зулкарнайн (алейхис салам) адам баласынын жакшылыгына жарачу бардык нерсени колдогон жана адамдарды андай иштерге шыктандырган.

6. Зулкарнайн (алейхис салам) берешен, кең пейил, айкөл жана чыдамкай киши болгон. Башка өкүмдарлар сыңары байлык, бийлик кумарына азгырылган эмес, кайыр-садага берүүнү абдан жакшы көргөн.

7. Оор басырыктуу, кеменгер, ак көңүл жан болгон. Адам баласына ар тараптан кызмат көрсөтүүнү жана запкы чеккен элдерге адилеттүү башкарууну камсыздоону негизги максат, зарыл иш деп билген. Жыргал турмуш өкүмдарлар үчүн эмес, эл үчүн болушу керек деген залкар ойду туу туткан.

1.11.2 Тавхид үчүн жасалган жүрүштөр

Зулкарнайн (алейхис салам) Чыгыштан Батышка карай далай жүрүштөрдү жасап дөөлөтүнүн кыйырын кеңейткен жана өкүмдарлыгын күчтөндүргөн. Кандай элге барбасын Алланын жалгыздыгын, диндин буйруктарын ийкем тил менен даават кылып, нечелеген наадандардын Кудайды таанышына себепчи болгон. Мээримдүүлүгү, адилеттүүлүгү менен ар түрдүү элдердин көңүлүн багынтып, сан миң тоң моюн каапырлар менен кармашып жүрүп акыры кара топурак түгөнүп, учу кыйырына көз жетпеген деңиз башталганда Батыштын эң чегине жеткенин баамдайт. Күн кудум ылайланган көлдүн аркы кыйырына батып жаткандай көрүнөт баарынын көзүнө. Деңиз жээгинде жашаган бир коомго кез келишет. Миңдеген чакырым жолдо көп элдерди багынтып, жердин эң четине келген Зулкарнайнга коомдун бир бөлүгү ыйман келтирип, ырыстуу турмуштарын уланта беришет. Мурункудай түркөй жашоону таштагысы келбегендер күчтүү колго каршы чыгып жеңилүүгө дуушар болушат. Салгылашта тирүү калгандар топ-топ болуп тообо кылып, тавхид ишенимин кабыл кылышат.

«Чындыгында, Биз Зулкарнайнды жер жүзүндө күчкө ээ кылдык. Ага ар бир иште жеңилдик бердик. Анан ал (оболу Батышка карай) жол тартты» (Кахф сүрөсү, 84-85-аяттар)**.**

Ал Алланын адилеттүүлүгүн орнотуу үчүн адилетсиз жолду тандаган эмес. Согуштарда Алланын чийген чек араларынан чыкпоонун амалын тапкан.

«Зулкарнайн аларга айтты: «Эми ким зулумдук кылса, албетте аны жазалайбыз. Кийин Эгесине кайткан соң Ал аны андан да катуу жазага тартат» (Кахф сүрөсү, 87-аят)**.**

Азирети Зулкарнайн (алейхис салам) Батышка жасаган улуу жүрүшүндө Атлантика Океанына чейин, кээ бир баяндамаларда Кара Деңизге чейин барган деп айтылат. Жеткен соң деңиздин жээгинде туруп күн батып жаткан кыйырга көз салат. Ошончолук чоң ааламдын ичинде бул деңиз ага бир көз булак сыңары кичине көрүнөт. Мунарык тартып, туман каптап тургансыган күн, деңиздин тээ кыйырында кудум ылай сууга батып бараткандай көрүнөт. Жээкте жашаган эл каапыр болгондуктан, Алла Таала аларды туура жолго салуу же жазаландыруу деген эркти Зулкарнайнга ыйгарат.

«(Жүрүп олтуруп) эки тоонун ортосуна жетип келгенде, ал (тоолордун артында) бир да сөздү түшүнбөй турган коомду учуратты» (Кахф сүрөсү, 93-аят)**.**

Мына ушул эл болжол менен түрк эли болушу мүмкүн. Бул коом Азирети Зулкарнайнга Яжуж жана Мажуж аттуу макулуктар элдин тынчтыгын бузуп жатканын даттанышкан. Алардан коргонуу үчүн келчү жолуна кубаттуу тосмо куруп берүүнү өтүнүшкөн. Элдин өтүнүчү аткарылып, Зулкарнайндын Тосмосун курган. Риваяттарда баяндалган бул элди түрк эли болушу мүмкүн деген божомолдор бар. Алланын элчисине жолугуп, хидаят жолун тандаган түрк эли ошентип, мусулман болушкан. Аятта мындайча баяндалат:

«Алар: «Эй, Зулкарнайн, шек күмөнсүз, (ушул тоолордун артындагы) Яжуж жана Мажуж (уруулары) жер жүзүндө бузукулук кылуучулар. Биз сага бир (өлчөмдө) акы төлөсөк, биз менен алардын ортосуна бир тосмо куруп бересиңби?» - дешти» (Кахф сүрөсү, 94-аят)**.**

«Бул Раббим тарабынан болгон мээрим. Эми качан Раббим (Яжуж жана Мажуж чыгат деп) убада кылган кез келгенде (кыямат кирип келген убакта), Өзү ал тосмону тептегиз кылып койот. Раббимдин убадасы чындык», - деди» (Кахф сүрөсү, 98-аят)**.**

Зулкарнайндын Чебин Улуу Кытай сепили деп түшүнбөшүбүз керек. Экөөсү эки башка чеп экендиги анык. Ал чептин кайсы жерде экендиги тууралуу ушул күнгө чейин талаш тартыштар жүрүп келет. Кыяматтын белгилеринин арасында ушул чептин урашы да айтылган. Демек, кыямат кайым болоорго жакын Зулкарнайдын чеби урап, Яжуж менен Мажуж коому жер жүзүнө жайылып бузукулук жана зыян кыла баштайт. Алар ушунчалык көп болгондуктан, ааламдагы адамдар жана жиндер алардын ондон бирине араң тең келе алышат. Башкача айтканда, дүйнөнүн ондон тогузун ошолор түзүп калышат. Бул чептин жыгылышы жана биз сөз кылып жаткан коомдордун жер жүзүнө жайылышы Курани Каримде мындайча айтылат:

«Акырында Яжуж жана Мажуж (чеби) ачылып, алар ар бир дөбөдөн чабуул коюп, каптап кирген кезде чыныгы убада кылынган кыямат жакындаган болот. Каапырлардын көздөрү катып: «Эх, аттиң, биз мындайдан таптакыр кабарсыз элек. Жок, биз өз жаныбызга жабыр кылуучу болдук», - дешет» (Анбия сүрөсү, 96-аят)**.**

1.11.3 Яжуж жана Мажуж коому

Риваяттарга караганда, Яжуж жана Мажуж – экөө тең тажаал эл. Беттери жалпак, көздөрү жүлжүгүй, кодо бойлуу, кулактары шалпайган, көп сандагы эл болот. Кыямат жакындап калганда жер жүзүн кара чымындай каптап, тездик менен көбөйүшөт. Адам Ата менен Обо Энеден тараган миллиарддаган инсандар жүз миңдеген жылдар бою акырындык менен көбөйгөн болсо, булардын төрөлүшү да, жайылышы да бат болот. Бирок булардын азыркы турган жери, дареги Алла Таалага гана белгилүү.

Учуру келгенде Зулкарнайн курган чеп урап, тажаал коом ааламды каптайт. Канчалык каптаганы менен Ыйык Мекке, Медина жана куттуу Кудус аймагына кире алышпайт. Ушул Ыйык саналган үч аймактан башка бардык жерди мойсоп кайсап өтүшөт. Кирген жерде колуна урунган нерсени жеп курутуп, ойронун чыгарып, илгерилей беришет. Чегиртке сыңары чөйрөгө оор залака алып келет. Акырында ааламды чапчыгысы келген алаамат коомду Алла Таалам Өзү талкалап жок кылат.

***

Азирети Зулкарнайн (алейхис салам) көз жумар убагы келген кезде минтип осуят айтып кеткен экен:

«Мени таза жууп, ак кепинге орогула. Андан соң эки колумду табыттан сыртка чыгарып койгула. Бейитке алып баратканда кызматкерлерим артымдан келишсин. Казыналарымды качырларга артып, жүктөп койгула. Менин канчалаган көп сандагы байлыкка, мүлккө жана атак-даңкка ээ болгонумду туюнуп, бул дүйнөдөн акыртке эч нерсе албай куру кол кетип баратканымды элим көрсүн. Кызматчынын да, байлыктын да бул дүйнөдө калаарын, ээси менен кошо көрүстөнгө бара албашын көргөндөр түшүнүп алышсын. Убактылуу дүнүйөгө эч качан алданышпасын!»

Керээзин өзү айткандай кылып орундатышып, шаанисин жасап, улуу жолбашчыны жерге беришет. Аалымдар бул осуятты мындайча чечмелейт:

«Жол баштап, кол баштап, жүз түмөн аскерге башчылык кылып, Чыгыш менен Батышка ээлик кылдым. Нечелеген кызматкерим, алды-арты көрүнбөгөн жоокерлерим бар эле, баары кыңк дебей буйругумду аткарышчу. Бут жете алган дүйнөнүн баары менин өкүмүмдө эле. Бул эле эмес, алтын, күмүш, жакут, каухар жана башка баалуу байлыкка толгон саны белгисиз казыналарым да бар эле. Ошентсе да бул жашоодогу байлык, мал-мүлк да түбөлүктүү эмес экен. Мына, баарыңар көрүп тургандай, акыретке куру кол баратам! Баары бул жалган дүйнөдө калды. Силерге айтарым: акыретте азап чегүүнү каалабасаңар ак, адал иштерди жасап өткүлө!..»

Зулкарнайндын (алейхис салам) Медина менен Дамасктын ортосундагы «Димматул-Жандал» деген жерде о дүйнөгө аттанганы, Мадинанын жака белиндеги «Тихама» тоолоруна көмүлгөндүгү риваяттарда баяндалат.

1.12 АЗИРЕТИ ЖАКЫП (алейхисселам)

Исхак пайгамбардын (алейхис салам) уулу Жакып (Якуб) (алейхис салам) Канан чөлкөмүнө пайгамбар кылып жөнөтүлгөн.

Риваяттарда ал Шалт чөлкөмүндө же Мадянда туулган деген божомол айтылат. Азирети Жакыптын Ыяз аттуу түгөйү болгон. Ыяз менен Жакып эгиз төрөлгөн. Ыяздан кийин туулгандыктан, «аркасынан удаа келген» деген маанииде Жакып деп ысым берилген.

«Жакып» сөзү «сафватуллах», «Жараткан өзү аруулап тазалаган кул» деген башка бир маанини да билдирет. Анын Алла Тааланын кулу деген маанини туюнткан «Исраил» деген лакабы да болот. Анын укумунан бир топ пайгамбар чыккан. Атап айтсак, Азирети Муса, Азирети Харун, Азирети Давуд, Азирети Сулайман, Азирети Закаря, Азирети Яхя жана Азирети Иса (алайхимус салам).



Ыяз көзгө атар мерген болот. Күндөрдүн биринде ууга кетет. Алууда жүргөн кезде энеси Жакыпка таандык койлордон бирди сойдуруп, отко кактап бышыртат. Камкор эне даярдаган тамагын Азирети Исхактын алдына коюп:

– Абышка, бул уулуңдун сага арнаган сый тамагы.. – дейт.

Мындай жагымдуу ишке кубанган Исхак (алейхис салам):

– Укум-тукумуңдан пайгамбарлар жана элди адилет башкарган падышалар чыксын! – деп, Жакыпка ак батасын берет. Ал сыртка чыгары менен пайгамбар атанын алдына эгиздин бири Ыяз келип:

– Атаке, мынакей, аң уулап сен жакшы көргөн нерсени олжолоп келдим, – дейт.

Уулунун тартуусуна көңүлү толгон пайгамбар ата:

-Укум-тукумуң топурактай кенен жана берекелүү болсун! – деп, алкап, ага да алаканын жайып ак батасын берет.

Жакып Пайгамбардын тилегин Жараткан Алла кабыл кылып, Ыяздын урпагы көбөйөт. Баарыбыз жакшы билген Римдин эли атасынын алкышын алган Ыяздын бир эле уулунан тараган эл болуп эсептелет. Калган уулдарынан да көптөгөн элдер тараган.

Ойноок Ыяз Жакыптан бираз кызганып, ага сес көрсөтүп турар эле. Эгиздердин бир туугандык жылуулугу муздап кетпесин деген ой менен эне байкуш, ичинен түтпөй турса да, Жакыпты тайкесине жөнөтүүнү туура көрөт. Зирек Жакып тайкесине бат эле көнүп кетет. Андан турмушка жарамдуу жакшы нерселерди үйрөнүп, жети жыл кызмат кылат. Жакыптын жан дүйнөсүнүн тазалыгына жана ахлактуулугуна суктанган тайкеси улуу кызы Лаяны Жакыпка баш коштуруп койот. Жакып тайкесине колунан келген кызматын көрсөтүп, дагы жети жыл жан үрөй жардам көрсөтөт. Башкага ыраа көрбөдү окшойт, кичүү кызы Рахилди да Жакыпка никелеп берет.

Жакыпка бир жагынан тайке, экинчи жагынан кайната болгон камкор киши тиричилик түйшүгүнө жардам берсин деген максатта Зулфа жана Балха деген эки күндү кыздарына кошуп берет. Ошол доордун салтына ылайык Жакып колундагы күндөрүн өзүнө ника кыйдырып алат. Азирети Жакып Лая аттуу аялынан алты, күндөрүнөн төрт, Рахилден эки уулдуу болот. Рахил көпкө балалуу болбой, күндөштөрүнүн балдарын көргөн сайын көңүлү сыздайт. Акырында Алла Тааладан бала сурап мунажат кылган соң тилеги кабыл болуп Жусуп дүйнөгө келет. Арадан эки жыл чамалуу убакыт өтүп кичүү уулу Буняминди төрөйт да, кырк күндөн кийин Рахил эне одүйнө салып кете берет.

Жусуп жарык дүйнөгө келген жылы атасы Азирети Жакыпка пайгамбарлык берилген. Жакып (алейхис салам) нары улуу, нары жоопкерчиликтүү милдетти алгандан баштап, чөйрөсүндөгү адамдарды тавхид ишенимине чакыра баштаган. Бир топ жылдардан кийин Канан аймагындагы жашоочулардын көпчүлүгү Азирети Жакыпка ыйман келтиришкен.

Башка бир туугандарына караганда Азирети Жусуп тубаса асыл сапаттары менен бир топ эле айырмаланып турар эле. Жусуптун мүнөзү, жүрүм-туруму атасына куюп койгондой окшош болгондуктан, Азирети Жакыптын ага болгон мээрими, сүйүүсү өзгөчө болгон. Жадагалса жанынан алыс чыгарган эмес.

1.13 АЗИРЕТИ ЖУСУП (алейхис салам)

Азирети Жусуптун баяны Курани Каримде «ахсанул-касас» (баяндардын эң көркөмү) деп аталып, атайын ага арналып Жусуп сүрөсү түшүрүлгөн.

Азирети Жусуп бир тууган агаларынын ачуу кызганычынын курмандыгы болуп, кудукка ташталып, андан соң зынданга салынып, бир топ оор кыйынчылыктарга дуушар болгон. Жараткандын амири менен келген Жабраил (алейхис салам) жаштайынан кыйын күндөрдү кечирип, бөтөн эл, бөтөн жерде сагынычтын кусалыгына куурулуп мусапырчылыкты аябай тартса да, такыбалыктан тайбаган Жусупту жубатып, жан дүйнөсүн рухий кенчке сугарган. Андан соң тагдырына жазылган Алланын жардамдарды келе баштаган. Башын балээлерден арылтып, бир учурларда ага күч-кубатты, сый-ардакты жана султандыкты ыйгарган.

Азирети Жакыптын (алейхис салам) уулдарынын ичинен эң сулуусу жана эң келишимдүүсү Азирети Жусуп (алейхис салам) болгон. Ата-теги жагынан да ары нарктуу, ары таза уруудан эле. Ал үч пайгамбардын (набинин) тукумунан, зобололуулукка арзыган. Пайгамбарлык, сулуулук, өкүмдарлык, кыйын кезеңдерде сабыр кылуу жана асыл адамгерчилик сыяктуу өзгөчө артыкчылыктар берилген. Бул нерселер – Алла Тааланын кандай гана улуу сыйлыктары! Ошондой эле, анын дубасы да дубалардын эң изгиси эле.

1.13.1 Азирети Жусуптун түшү

«Бир күнү Жусуп атасына айтат: «- Атаке, мен түшүмдө он бир жылдызды, дагы күн жана айды көрүптүрмүн. Бардыгы мага сажда кылып жатышкан экен» (Жусуп сүрөсү, 4-аят)**.**

Азирети Жусуп (алейхис салам) бул түштү жети жашында көрөт. Түш жорулганда 11 жылдыз бир тууган агалары; күн Жакып (алейхис салам); ай маркум энесинин ордун баскан Лая тайежеси деп чечмеленген.

Түшүндөгү жылдыздардын хикматы – бир туугандардын бири-биринин турмуш агымына таасир эте турганчалык маанилүүлүгүнө ишарат кылат. Ал эми, күн менен айдын жылдыздардан кийин айтылышы – Жусуп пайгамбардын оболу агалары менен андан кийин атасы менен жолугарынын аяны.

Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздан (саллаллаху алейхи васаллам) жөөттөрдүн бири сурап калат:

– Эй, Мухаммед. Жусуп түшүндө кайсы жылдыздарды көрдү эле? Мага ошол тууралуу айтып берчи.

Пайгамбардын оюна бирдеме келгенсип аз убакытка дымып калат. Дал ушул кезде Жабраил (алейхис салам) жете келип жылдыздардын ысымдарын маалымдайт. Мухаммад Пайгамбар (алейхис салам) башын ишенимдүү ийкеп туруп:

– Эгер сенин сурооңо толук жооп берсем, мусулман болосуңбу? – дейт.

– Ооба! –дейт, жөөт ойлонбой туруп:

Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам):

– Жылдыздар: Жараян, Тарык, Зайял, Кабис, Амудан, Фелик, Мисбах, Дарух, Фара, Васаб, Залкафитайн. Мына ошол он бир жылдыз, күн жана ай көктөн түшүп келип мага сажда кылышканын түшүмдө көргөм, – деп, Жусуп пайгамбардын түшүн толуктап айтып берет.

Кунт коюп тыңдып турган жөөт:

– Кудай атына касам ичем! Сен ысымдарды туптуура айтып жатасың!»

1.13.2 Кызгануу – жүрөктү өлтүргөн жалын

Бир туугандар Яхуда, Робил жана Шамун пайгамбар атанын Жусупка көргөзөгөн өзгөчө ысык мээринин түпкү сырын түшүнбөй кызгана башташат:

«Ошондо алар айтышкан эле: «Жусуп жана анын бир тууганы (Бунямин) бизге караганда атабызга көбүрөөк сүймөнчүк. Биз болсо көпчүлүкпүз. Чындыгында атабыз адашып жатат». «(Алардан бири): Жусупту өлтүргүлө, же аны узак жакка таштап салгыла. Ошондо атаңардын мээрими жалгыз силерге калат. Андан соң (тооба кылып) салихтерден болуп аласыңар!» (Жусуп сүрөсү, 8-9-аяттар)**.**

Уулунун ажайып түшүнө терең ой жүгүртүп, пайгамбалыгыма мураскор болот экен деген тыянакка келет. Жусупка болгон аталык мээримин ансайын арттырат. Мындай жакындыкты сезген берки уулдарынын кызганычы күчөйт. Кызганыч акырында Жусупка карасантайлык кылууга жеткирет.

Азирети Жакыптын Жусупка болгон чектен ашкан мээрими жана сүйүүсү (фатры мухаббаты) кайра эле өзүнүн чоң сыноого кириптер болушуна жана балээлердин селдей капташына себепкер болгон.

Азирети Жакып дээриндеги пайгамбарлык парасаты менен Жусуптун маңдайындагы пайгамбарлык нурду көргөн соң, андан бетер баласаак болуп, уулунун үстүнө үйрүлө түшөт. Анын мындай тең салмаксыз мамилеси калган балдарынын кызганычына жана Жусупту жок кылууга түрткү болот. Бир жагынан напси азгырып, бир жагынан шайтан колтукка суу бүркүп олтуруп, акыры кызганыч жарылууга чейин барат. Алар Жусуптан кутулуу үчүн жашыруун кеңешип, карөзгөй ишке чечим кылышат.

«(Ошондо) Алардан бирөө айтты: «Жусупту өлтүрбөгүлө, эгер (андан кутулуу үчүн) бир иш кыла турган болсоңор, аны бир кудукка салып таштыгыла, жолоочу кербендер алып кетсин!» - деди» (Жусуп сүрөсү, 10-аят)**.**

Яхуданын пикирине баары көнгөндөй болушат. Ой жүгүртө турган болсок Жусуптун бир туугандарынын терс абалы кандай гана ибаратуу. Кызганычты карабайсызбы, Жусупту ээн талаадагы кудукка таштап салалы, деген пикир алардын эң мээримдүүсүнөн чыкты. Калгандарынын ою кандай болгонун боолгоо кыйын…

Бул ибараттуу окуя ар кандай чөйрө болбосун кызганычтын айынан жакын достуктун жалган кейпин кийген нечелеген душмандардын чыгарынан кабар берет.

Көңүлүндө кири жоктой сыртынан жадырап балдары Жакып пайгамбарга (алейхис салам) келишет:

«Ата, Жусуп туурасында сен бизге ишенбегендей, эмне болду? Акыры биз аны жакшы көрөбүз го. Аны эртең бизге кошуп бер, тамактансын, ойноп көңүл ачып келсин. Албетте биз аны коргоп, сактап жүрөбүз» (Жусуп сүрөсү, 11-12-аяттар)**.**

«Аны алып кетсеңер мен кабатыр болом. Силер алаксып калганда карышкыр аны жеп кетет деп корком!..» (Жусуп сүрөсү, 13-аят)**.**

Риваяттарга караганда Жакып пайгамбар бир күнү түш көрөт. Түштө өзү бир тоонун башында турганда Жусуп чөлдө жүргөн болот. Аңгыча алда кайдан жортуп жете келген он карышкыр Жусупка тап бере баштайт. Бир заматта Жусуп алардын арасында жок болуп кетет. Уулдарына «Аны карышкыр жеп кетишинен коркуп турам!» деп тынчсызданганын ачык билдиргени ошондон эле. Бирок, жарыктык пайгамбар байкоостон уулдарынын Жусупка жасай турган арам ойлоруна жана айтып келе турган шылтоолоруна, кыйыр болсо да ишаарат берип салгандай болот. Болбосо уулдары ошол жашка келип адамды карышкыр жеп койорун билишпейт эле. Азирети Жакып пайгамбар көргөн түшүндөгү белгилерге карабай алсыздык кылып Жусупту кошуп берүүгө аргасыз болот

13.1.3 Бир туугандардын чыккынчылыгы

«Анан аны алып кетишип, кудуктун түбүнө таштоого ниет кылган чакта, Биз ага: «Сен, албетте, (мезгил жетип) ага-инилериңе бул кылмыштары жөнүндө кабар бересиң. Алар (ошондо сенин Жусуп экениңди) сезбей да калышат», деп вахий кылдык» (Жусуп сүрөсү, 15-аят)**.**

Жусупту талаага ойнотуп келели деп суранган уулдарынын шагын сындырбайын деп жана ойноп келүүгө Жусуптун да дилгир экендигин эске алып, Жакып (алейхис салам) тагдырга каршы чыкпайын деген таризде уруксат берет. Кутумчу уулдар Жакыптын көңүлүн жайгаруу үчүн анын үйдөн узаганга чейин Жусупту моюндарына көтөрүп алышат. Бир топ жерге баргандан кийин убададан кайтып Жусупту жерге түшүрүшүп ар кимиси ар тараптан:

«-Ии, жалганчы! Сенин түшүң да, өзүң да жалганчысың! Кана ошол сенин түшүңдө сага сажда кылып ийген жылдыздар? Кыйынбы ошолоруң, жетип келип биздин чеңгелибизден сени куткарып кетишсин!..» деп чөөдөй кужулдап бала Жусупту кекетип киришет.

Биринен өтүп бири жемелеп, ичтеги былык ойлорунун баарын айтып, кыйнашат, акырында токмоктоого өтүшөт. Байкуш Жусуп кайсы агасына жабышпасын, анысы андан бетер кордоп, ит талагандан бетер кылышат. Ыйлай берип көздөрү шишийт. Акырында агаларынын акааратына, ур токмогуна туруштук бере албай:

«-Атаке! Буларың сага берген убадасын жана сен айткан насааттарыңды унутуп коюшту!.. Таш боорлордун мени кантип кыйнаганын көрө алар бекенсиң!.. Мындай кордук кулдун баласына да жасалбайт!...» деп муңканат.

Робил аны жерге көмөлтө чаап, көкүрөгүнө олтуруп алып өлтүрүүгө аракет кылат. Ээликкен Леви жаш баланын мойнуна асылып, сындыргысы келип тажаалданат. Бир туугандардын арасынан Яхуда гана бир аз боорукер болгондуктан, Жусуп ага жан далбас уруп, жете албай алынын болушунча кыйкырат:

– Яхуда! Кудайдан коркуп мени өлтүргүсү келип жаткан таш боорлорду кой деп койбойсуңбу!

Яхуда эми эсине келгенсип калп эле арачалаганга өтөт:

– Өлтүрбөйбүз дебедик беле! Же эмне мага берген сөзүңөрдү унуттуңарбы? Андан көрө кудукка таштап салгыла!

Баары ичиндеги жиндерин чыгарып, ары бери тытмалагандан кийин Жусупту кудукка таштоого бүтүм чыгарышат. Кызганычтын уусунан көздөрү канталаган карөзгөйлөр кудуктун башына келишет. Жусуп балалык сезим менен кайра-кайра ар биринин тизесине жабышып, ыйлаган сайын баары тажаалдыгын көрсөтөт. Жулкулдатып сыртындагы көйнөгүн чечип жылаңачтаган соң, бир жерге жабышып артыбыздан барбасын деген чолок ой менен, колдорун байлап салышат. Бир койду союп, анын канына көйнөктү бойоп алабыз дешип өз ара сүйлөшүп алышат. Көйнөктү чечип алган агасына:

«-Эй, агаларым! Көйнөгүмдү кайрып бергиле. Өлө турган болсом, кепин болот, а эгер тирүү калсам, кайра кийим болот!» деп жалынса да көңүл бурбай коюшат. Узун арканга байлап кудукка салышат. Кудуктун жарымына салгандан кийин биротоло тындым кылалы деген ниетте арканды кесип жиберишет. Кудуктун түбүндө суу бар эле. Аркан кесилгенде муздак сууга түшкөн Жусуп дароо эсин жыят. Эптеп бир ташка арты менен жөлөнүп туруп, мээрим кылышар деген балалык байо үмүт менен кудуктун оозун карай агаларына жалбарып ыйлай баштайт. Жусуптун үнүн укканда боор оорумак тургай, дилге сиңип калган кызганыч кайра мээге тээп, биротоло өлтүрөлү деген максатта айланадан таш издеп калышат. Яхуда койгула, ушул кыйнаганыбыз жетет дегендей аларды тосо баштайт.

Мына ушул учурда Жараткан Алла Таала Жабраил периштеге шашылыш буйрук берет:
- Кулума тез жетиш!

Көз ачып жумганча жетип келген Жабраил (алейхис салам) аны кудуктун бир бурчуна отургузуп калкалап калат. Жаш Жусупка чоң атасы Ибрахимдин (алейхис салам) көйнөгүн кийгизип, кудуктан чыкканга чейин бейиштин даамдары менен тойгузуп турат.

Кудука ташталган Жусуп Алла Таалага кайрылат:

«Эй, мени көрүп турган Кудай Таалам! Сен кайып эмессиң! Эй, жандан жакын Жаратканым! Эй, жеңилбес Кудурет! Мени ушул убактылуу кыйынчылыктан жайчылыкка чыгар! Мага кутулуунун эшигин ачып берчи, эй, Улуу Эгем!..»

Баяндамаларда Жусуп үч күн кудукта калат. Дагы башка баяндамада болсо бир чай кайнам кудукта болгон деп айтылат.

«Ошентип алар анын көйнөгүн жалган канга (бойоп), алып келишти. Атасы: “Андай эмес. Силерге дилиңер бир (жаман) ишти көркөмдөгөн экен. Эми нукура сабыр керек. Айткандарыңарга эми Алладан гана жардам тилеш керек болот”, – деди» (Жусуп сүрөсү,18-аят)**.**

Аятта айтылгандай, Жакыптын (алейхис салам) колуна канга бойолгон көйнөктү беришет. Ошондо Жакып пайгамбар жандан артык көргөн перзентинин көйнөгүн жыттап, айрылууга чыдабай буркурап ыйлайт. Кылгылыкты кылып жалдырап карап турган таш боор балдарын какшык менен безге сайып:

«Ушунча жашка келип, мындай ак көңүл карышкырды эч көрбөгөм! Уулумдун өзүн жеп, көйнөгүн тыткылабай бүтүн калтырганын кара!» деп, зар какшап олтуруп калат.

Зарлап ыйлап күйүткө баткан Жакыптын (алейхис салам) сабыр кылгандан башка чарасы калбайт. Эч кимге даттанбайт, тек гана тутунганын сабыр…

«Ал айтты: “Мен өзүмдүн кайгымды да, ыйымды да Аллага гана тапшырдым. Анткени (мен) Алладан силер билбеген нерсени билемин» (Жусуп сүрөсү, 86-аят)**.**

Пайгамбарыбыз Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) Жабраил периштеден сурады:

– Жакып пайгамбар Жусуп үчүн канчалык кайгы-муң тартты экен?

Жабраил (алейхис салам):

– Уулунан тирүүлөй айрылган жетимиш эненин кайгы-муңундай азап тартты.

Алланын Элчиси:

– Оо, андай болсо, анын сообу канчалык болду экен?

Жабраил (алейхис салам):

– Жүз шейиттин сообуна барабар. Анткени, ал эч убакта Аллага каршы жаман ойдо болгон жок, - деди» (Суйути, ад-Дуррул мансур, IV, 570).

Мына ушул сабыр сабырлардын эң мыктысы эле.

Башка түшкөн кандай гана балээ болбосун эч кимге даттанбастан чыдоо - «Сабру жамийл» - эң мыкты сабыр болуп эсептелет.

13.1.4 Азирети Жусуптун кудуктан чыгарылып сатылышы

Жакып пайгамбар сабырды жөлөк таяк кылып жүргөн кезде, Жусуп Аллага тобокел кылып, жазмышка моюн сунуп жашайт.

«Бир кербен келип, чалгынчысын суу таап келүүгө жөнөтүштү. Ал чакасын кудукка таштаган эле (суунун ордуна чакага асылып Жусуп чыкты. Ошондо ал): «Сүйүнчү! Бул бала го!» Аны кудуктан чыгарган соң, сатыла турган буюмдардын арасына жашырып коюшту. Алла алардын кылып жаткан бардык иштерин билип турду». «(Кербен Мисирге жетип келген соң) аны болор-болбос баага сатып жибериштн. Себеби алар ага анчейин маани беришкен эмес эле» (Жусуп сүрөсү, 19-20-аяттар)**.**

Жусупту кудуктан таап алган адамдар кокус ээси чыгып калса тартып албасын деген чочулоо менен кул алып-саткан соодагерге текейден арзанга сатып жиберишет.

«Аны Мисирден сатып алган (Мисир акими Кифтий деген) адам аялына (Зулайкага): «Аны жакшылап жайгаштыргын. Балким, бизге бир пайдасы тийип калар же өзүбүзгө бала кылып алабыз», - деди. Ошентип, (адилетүү өкүм жүргүзсүн) жана түштөрдүн кантип жорулушун үйрөтүү үчүн аны (Мисирге) жайгаштырдык. Алла (Өз) өкүмүнө кудуреттүү. Бирок, педелердин көбү муну биле беришпейт» (Жусуп сүрөсү, 21-аят)**.**

Оболу арзыбаган баага сатылгандан кийин кайрадан каржы кызматынын башчысына сатылышы анын кымбатка сатылганынан кабар берет. Анткени, алгачкы кул соодагери Жусупка бир аз көңүл бурат. Жакшы тамактарды жеп, ырайына чыгып калганда гана соодагер аны базарга чыгарып үч күн бою ачык соода (аукцион) кылып өтө көп акчага сатат. Акырында Мисир өлкөсүнүн каржы тармагын тейлеген адам ар бири өзүнчө баага арзыган атыр, акак, бермет, алтын, күмүш жана жибекке алмаштырып сатып алган экен.

13.1.5 Азирети Жусуп жана Зулайка

Алла Таала Курани Каримде мындайча кабар кылат:

«(Жусуп) эрезеге жеткенде ага дааналык жана илим бердик. Биз жакшылык кылгандарды мына ушундайча сыйлайбыз» (Жусуп сүрөсү, 22-аят)**.**

Убакыт улам алга жылган сайын Азирети Жусуп келишкен сымбаттуу жана сулуу жигит болуп чыга келет. Жылдыздуу жигитке Зулайка ашык болуп, алоолонгон махабаттуу сезимдер канында ойной баштайт.

«Ал (Жусуп) үйүндө болгон аял аны жолдон чыгармакчы болду. Эшиктерди бекем бекитип: «-Кана, кел бери!» - деди. Ал болсо: «-Кудай сактасын! Акыры өз күйөөңүз менин кожоюнум болот ко. Ал мага көп жакшылык кылды. Чындыгында, залимдер кутулушпайт!» - деди» (Жусуп сүрөсү, 23-аят)**.**

Жараткан Алланын далилин көрөрү менен Азирети Жусуптун (алейхис салам) бүт денеси титиреп, жүрөгүн коркунуч каптайт. Ойлонуп олтурбай эшике карай качып жөнөйт.

Ашыктыктан көзгө эч нерсени илбес, кулагы укпас болуп, аны менен бир болууну самаган Зулайка Жусуптун (алейхис салам) артынан куйт.

“Экөө эшикке карай чуркады да, аял анын көйнөгүнүн артын айрып салды. Экөөсү тең эшик алдында аялдын күйөөсү менен бетме-бет келишип, аял күйөөсүнө: “Сенин жубайыңа жамандык ойлогон адамдын жазасы сөзсүз абак, же жан чыдагыс азап эмес беле?” – деди” (Жусуп сүрөсү, 25-аят)**.**

Азиз:

– Ким ошол менин үй-бүлөмө жамандык санаган?! – деп, иштин чоо-жайын толук түшүнө албай албууттана кыйкырат. Күйөсүнүн көзүнө чөп салууну көздөгөнү аз келгенсип, жалаанын баарын Жусупка жаап салууга жан далбас урат:

– Мен төшөгүмдө уктап жатсам мунуң келип, киймиме асылып мени зордуктай жаздады!.

Аялынын коркконунан мукактанып жатканын көрүп түз ойлогон кожоюн Жусупка (алейхис салам) кайрылып:

– Эй, жигит! Канча жылдан бери жакшылык кылып келатканыма карабай, сенин кыларың ушул беле? Менин эмгегиме арам санабашың керек болчу!.. – деп, башын мыкчып, нес болуп отуруп калат.

Жусуптун (алейхис салам) бүт денеси, аруу дили жалган жалаага куйкаланып кеткендей эле болду. Өзүнүн ак экендигин айтып:

«(Жусуп:) “Ал көңүлүмдү өзүнө тартмакчы болду”, – деди. Аял жактан бир күбө: “Эгер Жусуптун көйнөгү алдынан жыртылса, анда аял чын айткан болот, ал эми ал (Жусуп) жалганчылардан болот”, – деди. «Анын (Жусуптун) көйнөгү артынан жыртылган болсо, анда аял жалган айткан болот да, ал чынчылдардан болот» – деп, күбөлүккө өттү» (Жусуп сүрөсү, 26-27-аяттар)**.**

Кожоюн канчалык тыйганына карабай бул окуя эл арасында дуу-дуу кеп боло баштайт. Өзү тууралуу ушактарга арданган Зулайка Мисирдеги аттуу баштуу аялдарга жакшылап сабак берүүнү чечет.

“(Зулайка) алардын ушак-айыңдарын уккан соң, адам жиберди жана (келишкенден кийин) жөлөнүп отура турган жай даярдады, ошондой эле (түрдүү мөмө-жемиш менен дасторконду толтуруп) алардын ар бирине бирден бычак берип койду. Кийин (Жусупка) алардын алдына чыккын деди. Анан аны көргөн соң (алар акылдан адашып) мактап жибериштн жана байкоосуздан өз колдорун кесе башташты. Ошондой эле: “Эй, пакиза Алла, бул адам (баласы) эмес, накта периштенин өзү го” - деп жибериштн” (Жусуп сүрөсү, 32-аят)**.**

Жүзү күн сыяктуу нурданган жана он төртүндөгү айдан да ажардуу Жусуп (алейхис салам) аял атпайдын жалаасынан жана ушак айыңынан оолак болуу үчүн Жараткан Аллага жалбарып мунажат кылат.

Алла Таалага сыйынуу, Андан жардам суроо, Анын кыл дегенин кылып, кылба дегенинен тыйылуу напси кесепетинен кутулуунун жалгыз аргасы болуп саналат. Жараткан Алланын жардамы болмоюн, таза тарбияга каныккан пайгамбарлар да дүнүйөнүн миң

түркүн тузактарынын астында алсырап, напсинин наздуу шыбышынан жана шайтандын айла-амалынан кутулуп кете албайт, өзүн коргоого кудурети жетпейт.

13.1.6 Зындан

“(Алар) тастыкталган далилдерге карабастан, (эл оозундагы айың кепти тынчытуу үчүн) аны белгилүү бир мезгилге чейин зынданга салып турууну туура көрүштү” (Жусуп сүрөсү, 35-аят)**.**

Ошентип, Жусуптун (алейхис салам) үстүндөгү кийим-кечесин чечип, кылдан токулган чепкен кийгизип, бутуна кишен салып зындандын эшигине алып келишет. Жусуп босогодон “бисмилла” деп Алла Тааланын ысымын айтып ичкери кирет. Зындандагылардын бардыгы жаңы келген адамды айланчыктап, анын жүзүнө таңдануу менен тигиле карап курчап алышат. Бир топ убакыт өткөндөн кийин Жусуп ыйлайт. Пайгамбардын көңүлү чөккөнүнө түтпөгөн Жабраил периште эмне себептен ыйлаганын сураганда, намаз окууга жарамдуу токумдай да таза жер жок экендигине кападар болгонун айтат. Жабраил ага Алланын өзгөчө жардамын айтат:

“Сен каалаган жериңе намаз окуй берсең болот! Сен үчүн Алла Таала зындан ичинен жана бүтүн жер жүзүнөн сен турган жерден баштап кырк кез жерди таза кылып койду!”

Зындандын сасык жыты каңылжаарды жарат, сыз боордон өтөт. Ошентип, далай жылдар суудай агып кетет.

“Аны менен бирге зынданга дагы эки жигит түшкөн эле. Алардан бири: «-Мен түшүмдө жүзүм сыгып (шарап жасап) жатыптырмын!» - деди. Беркиси болсо: «-Мен төбөмө нан көтөрүп турган экенмин, куштар аны жеп жаткан экен. Сен бизге ушуну жоруп бергин. Чындыгында биз сенин жакшылык кылуучулардан деп билебиз», - деди” (Жусуп сүрөсү, 36-аят)**.**

“(Жусуп айтты): Силерге мен көргөн түшүнөрдүн чечилишин тамак келгенге чейин айтып беремин. Бул – мага Эгемдин үйрөткөндөрүнүн бир бөлүгү. Чындыгында, Аллага ишенбеген жана акырет күнүнө каршы чыккан бир элдин динин четке какканмын”, – деди” (Жусуп сүрөсү, 37-аят)**.**

Азирети Жусуп жигиттер менен түзүлө баштаган тыгыз жагдайдан пайдаланып аларды тавхид динине чакырууну туура көрөт. Ошондуктан алардын түшүн жоругандан оболу өзүнүн чыныгы динде болгондугун, мындай улуу илим Жараткан тарабынан берилгендигин жана ишеним жагынан Мисирдин элинин адашкан жолдо бараткандыгын айтат. Андан соң аларга чыныгы тавхиддин маңызы тууралуу кеңири түшүндүрүп берет. Оор шартта болгон чакта да, ар бир момун мусулман “амру бил маруф жана нахий анил муңкар” деген улуу вазийпасын таштабашы керек деген ибаратты чыгарабыз.

13.1.7 Азирети Жусуптун түш жорушу

Зындандагы эки жолдошуна тавхидди жакшылап түшүндүргөн соң алардын түшүн жоруй баштады:

“Эй абакташ досторум! (Эми түшүнөргө келе турган болсок), бирөөнөр мудагыдай эле кожоюнуна шарап ташый бересиң; экинчиңер болсо дарга асылып, башыңды карга-кузгун чукуйт. Силер жорумун сураган бул иштердин акыркы бүтүмү ушундай...” (Жусуп сүрөсү, 41-аят)**.**

“(Жусуп) бул эки адамга алардын кутулуп кетерин билип кожоюнундун жанына барганда мени эстеп кой (кожоюнуна мен тууралуу маалымат берип кой) деди. Бирок шайтан ал адамга (Жусуптун абалын) унуттуруп койгондуктан, Жусуп дагы көптөгөн жылдар бою зынданда жатып калды” (Жусуп сүрөсү, 42-аят)**.**

Кээ бир тафсирчилердин айтымында, Жусуп пайгамбардын (алейхис салам) Алла Тааладан башка макулуктан жардам суранышы гайратуллаха оор тийген. Мындай кадамдар пайгамбарлар үчүн залла деп эсептелген. Беш жыл зынданда жаткан Жусуп пайгамбар мына ушундай пендечилигинен улам дагы жети жыл, жалпы он эки жыл зынданда жатып калат.

13.1.8 Мисир падышасынын түшү

«(Күндөрдүн биринде) Мисир падышасы: «Мен (түшүмдө) жети семиз уйду жети арык уйдун жегенин жана жети жашыл машак менен (ошончолук) башка куураган машактарды көрдүм. Эй, аттуу баштуулар (түш жооруган палчы, бакшылар). Эгер түш жорууну билсеңер, менин түшүмдүн кантип жорулушун айтып бергиле», - деди» (Жусуп сүрөсү, 43-аят)**.**

“Мына ошондо (зындандагы) эки адамдын кутулуп кеткени далай мезгилден кийин (Жусупту) эстеп, айтып калды: «Силер мени зынданга тез жөнөткүлө. Мен силерге анын кабарын берейин» (Жусуп сүрөсү, 45-аят)**.**

“(Жусуп айтты): Жети жыл адаттагыдай эгин эккиле. Кийин оруп алган түшүмүнөрдү (кырманга) бастырып салбай, машагында калтырып, жей турганыңарды гана актап алгыла” (Жусуп сүрөсү, 47-аят)**.**

“Андан соң ошол (мол түшүмдүү жети жылдан кийин) жети жыл каатчылык болот. Ошондо мурун сактаганыардан аз-аздан жейсиңер” (Жусуп сүрөсү, 48-аят)**.**

“Андан соң кыйынчылыктардан арылып, көнөктөп жааган жамгырлуу, (түшүмдүү) мөмө-жемиштерден мол шарап даярдап ала турган жыл келет” (Жусуп сүрөсү, 49-аят)**.**

«Муну укkан падыша: «-Аны менин алдыма алып келгиле!» - деди. Чабарман ага келгенде (Жусуп) ал: «-Кожоюнундун жанына кайтып бар. Өз колдорун кесип алган аялдардын абалы эмне болгонун сурасын! Албетте, Раббим алардын куулугун жакшы билет», - деди» (Жусуп сүрөсү, 50-аят)**.**

Азирети Жусуп (алейхис салам) болуп өткөн окуянын чындыгын кожоюн өзү билгенге чейин жана Мисирдин падышасы бул жалаалардын жалган экендигине күбө болмоюн зындандан чыгууну туура көрбөйт. Жок жерден караланып зынданда он эки жыл адилетсиз

отурганымды мүлдө эл билиши керек деген көксөө бар эле Жусуптун (алейхис салам) дилинде. Канчалык кыйын кырдаал болбосун ал кыраакы акылы менен сабырдуулуктун жана парасаттуулуктун үлгүсүн көрсөтө алган. Кекчилдердин бул ишти дагы да ырбатып жиберишин токтоткон. Ошол себептен өзүнө жалган жалаа жабылганын далилдөө, кур дооматтан биротоло кутулуу максатында падышанын алгачкы чакырыгын дароо кабыл кылган эмес.

Азирети Жусуп (алейхис салам) күнөөсүз экендигин биротоло далилдөөгө жетишип, элдин куру дооматынан кутулат. Момун пенде напсинин ар түрдүү азгырууларына каршы жүрөктү таза тутуп, Аллага жалбарып дуба кылууну өнөкөткө айлантышы керек.

Болуп өткөн окуялардын акыр аягында Жусуптун кылдат саясатын, акыл-эске жетик көрөңгөсүн жана таза ниетин байкаган Мисирдин падышасы мындай сунуш билдирет:

“Аны алдыма алып келгиле, өзүмө жакын кеңешчи кылып алайын. Анан качан (Жусуп) менен сүйлөшкөн соң, «-Сен бүгүндөн тартып биздин алдыбызда мартабалуу жана ишеничтүү адамдардансың», - деди” (Жусуп сүрөсү, 54-аят)**.**

Зындандан чыга турган саат келип жеткенде Азирети Жусуп (алейхис салам) гусул алып тазаланып жуунат. Сарайдан жиберилген жаңы кийимдерди кийет. Зынданда калгандар үчүн кайыр дуба кылат.

Чыгып баратып зындандын эшигине төмөнкүлөрдү жазып калтырат:

“Бул жай балээлердин турагы, тирүүлөрдүн көрүстөнү, душмандардын чуулгандуу ийини жана достордун сынак үйү”.

Падыша көп тил билет эле. Бирок, сүйлөшө келгенде Жусуптун (алейхис салам) андан да көп тил билери айкын болот. Бүт тарабы жупуну адамдын бейнесине таңданган падыша түшүнүн жорумун кайталап сурайт. Азирети Жусуп чабарманга кандай айткан болсо дал ошондой кылып баяндап берет.

Түшүнүн укмуштай мыкты жорулушуна жана так айтылган сөздөргө Мисир падышасы таң калганын жана кубанганын жашырбайт. Кеп оролу ошол каатчылык заман үчүн кандай чара көрүү керектигине бурулат. Падышанын суроосуна чара катары Жусуп (алейхис салам) буларды айтат:

–Молчулук өкүм сүргөн жылдарда үрөөн көп себилиши зарыл. Орум-жыйым кезинде муктаждыктан ашыгын машагынан чыгарбай кырманга сактоо керек. Каатчылык мезгил келгенде өз муктаждыгыңарды өзүңөр камсыздайсыңар. Ал эле эмес коңшулаш элдерге сатып, казынага киреше апкелген болосуңар.

Падыша Жусуптун айткандарын эп көрүп: – Оо ал жагы зарыл жана кыйын иш экен. Мун ким аткара алар экен? – деп, ага үмүттүү кайрылат.

Ал:

«Мени өлкөнүн казына башчылыгына дайында! Себеби мен аларды толугу менен сактай билемин», - деди» (Жусуп сүрөсү, 55-аят)**.**

Аяттан баамдалгандай, адилеттүүлүктү жана шарияттын өкүмдөрүн жетик аткара алган адамдын ошондой мамлекеттик башкарууну же аманаттарды сактоо милдетин талап

кылышы туура кадам болуп эсептелинет. Жөн гана напсиге азгырылуу же жеке кызыкчылыктын камчысын чабуу үчүн мындай жогорку кызматтарга жулунуу мусулман үчүн жагымсыз көрүнүш.

Ошентип, ишти алып кете турган кишилик сапаттар өзүндө болгону үчүн жана учурдагы шарттар каржы кызматын көзөмөлгө алууну талап кылгандыктан, Жусуп пайгамбар калктын камы үчүн ушул жоопкерчиликти аркалап кетүүнү максат кылат.

«Ошентип, Жусупту (Мисир) жеринен өзү каалаган жайды мекен тутуп жашай турган даражага жеткирдик. Биз берешен жоомарттыгыбызды Өзүбүз каалаган адамдарга жеткиребиз жана жакшылык кылгандардын мээнетин текке кетирбейбиз» (Жусуп сүрөсү, 56-аят)**.**

Аз күн ичиндеги анын нары жигердүү, нары жемиштүү ишинин натыйжасын байкаган падыша өзүнүн айрым укуктарын да пайдалануга уруксат берип, Мисирдин бардык бийлик бутактарын башкаруусун талап кылат.

Азирети Жусуп эң башкысы Алла Тааланын кулу жана Элчиси катары элди тавхид ишенимине үгүттөй баштайт. Көп өтпөй Алла Тааланын каалоосу менен бул өлкөнүн падышасы Жусуп пайгамбардын алдында ыйман келтирип мусулман болот. Анын кол астындагы бир топ мамлекеттик жогорку кызматкерлер жана алардын туугандары тавхид динин чын дилден кабыл кылышат.

13.1.9 Жусуп менен Зулайканын үйлөнүшү

Тээ өткөн бир мезгилдерде Жусупка ашыктыгын билдирген Зулайка бул мезгил аралыгында чын махабаттын дартын чегип, ыйлай берип көзү соолуп, кемшеңдеген кемпирден айырмасы калбай Жусуп өтүп жүрчү жолдогу ээн кепени эш тутуп жашап калган кези эле. Мурунку дөөлөтүн элге чачып, колундагы бар дүнүйө-мүлкүн кембагалдарга таратып жиберет. Буга чейин башынан өткөргөн кубанычы көп, кайгысы аз күндөрүн акыл элегинен кылдат өткөрүп, чыныгы чындыкты кеч да болсо түшүнүп, өзү табынып жүргөн бутка кыжыры келип мындай дейд:

«-Сага жана сага табынып жүргөндөргө каргыш болсун! Ушунчалык картайып бараткандыгыма, көзүм соолуп, дармансыз, чарасыз кыйын күндөрүмдө мага мээримиңди төкпөдүң, же колуңдан бир нерсе келсечи! Бүгүндөн баштап сенин кудайлыгыңдан чандым! Мен Жусуптун Кудайына ыйман келтирдим...» деп, ааламдарды жараткан теңдеши жок, эч бир жанга түк окшобос Алланы күн-түн зикир кылуудан тажабайт.

Күндөрдүн биринде Жусуп пайгамбар бир топ адамдар менен жепирейген кепенин жанынан атчан өтүп калат. Бир кыйла узап кеткенине карабай Улуу Күчтүн амири менен чыйылдаган алсыз үн шамал аркылуу Жусуптун кулагы жетет:

«Күнөөгө баткан султандарды кулга айланткан, кулдарды козголгус ыйманы себептүү султан кылып такка отургузган Кудуреттүү Аллага даңк!»

Тизгин тартып артка кылчайган Жусуп (алейхис салам) бул сөздү ким айтып жатканын билүүгө тапшырма берет. Чейрек кылым мурда напси торун жайган, ашыктыгын билдирип, анысы аз келгенсип жалган жалаа менен зынданга салдырган Зулайка болуп чыгат. Анын жыргал турмуштан безип, тирүүлөй карып болуп калганын угат. Көкүрөктү күйүткө салган

махабат дартына Жусуп гана даба боло алат деген кабарды вазирлер Зулайканын өз оозунан угуп келишет. Зулайканын суранычы боюнча Жусуп жер кепеге жакын бастырып барат.

«Сен улуу инсансың. Кудай Таалага сүйкүмдүү инсансың. Мен үчүн Алла Таалага кайрылып көздөрүмдү, мурунку сулуулугумду жана, саламаттыгымды кайрып берүүсүн тилеп дуба кыл».

Муну менен эле калбай, мурунку калыбына келген соң баш кошууну талап кылышы Жусуп пайгамбарды санаага салат.

Азирети Жусуп (алейхис салам) Жаратканга алакан жайып дуба кылганда анын алгачкы эки талабы орундалып көздөрү көрүп, жаш кезиндеги сулуулугу кайра ыйгарылат. Бирок үчүнчү талап тууралуу эч нерсе айта албай башын жерге салып терең ойго сүңгүйт. Дал ошол маалда Жабраил периште жете келип Зулайка тууралуу:

«Эй, Жусуп! Раббиңдин дубай саламы бар! Байкуш аялдын талабынан баш тартпоону буйруду! Аны менен баш кошуп ал. Анткени ал эки дүйнөдө тең сага жар болот!» деп сөзүн бүтүрөт. Жусуп пайгамбар жаралып буйрукту эки кылган жан эмес. Убакытты создуктурбай Зулайканы никелеп алат да, колдорун көккө жайып Алла Таалага жалбарат:

«Мага ушунчалык улуу нематтарды ыроологон мээримдүүлөрдүн мээримдүүсү болгон оо, Улуу Аллахым!.. Сага сан жеткис мактоо жана алкыш айтамын!

Оо, Жараткан Алла Таалам! Мойнумдагы улуу милдетти аягына чыгарууну, атам жана бир туугандарым менен жолугууну насип кыл! Атамды кубандырып, бир туугандарымды мага багытта. Дуба тилектеримди жалгыз гана Сенден суранам! Оо, Раббим! Сен бардык тилекти кабыл кылган Улуу Күчсүң! Сенин күчүң бүт нерседен бийик турат!»

13.1.10 Бир туугандардын дан алуу үчүн келиши

Алаамат ачарчылык Жакып пайгамбардын элине да жетет. Мисир падышалыгынын дан-азык сатып жатканын укkан Жакып (алейхис салам) уулдарын аттандырат. Эң кенже уулу Буняминди жанына алып калат. Бунямин Жусуп менен энелеш бир тууган болот.

«Ага-инилери (Мисирге) келип, алдына киришкенде Жусуп аларды тааныды. Алар (Жусупту) тааный алышкан жок» (Жусуп сүрөсү, 58-ает)**.**

«Алардын шаймандарын даярдап болгон соң (Жусуп) айтты: Ошол аталаш иниңерди менин алдыма алып келгиле. Чынында (дан азыктарды) толо кылып өлчөп берип жатканымды, силерге эң жакшы меймандос экенимди көрүп турасыңар?» (Жусуп сүрөсү, 59-ает)**.**

«Анан эгер аны менин алдыма алып келбесеңер (мени алдасаңар) силерге өлчөп берээрим жок, менден узак болгула!» (Жусуп сүрөсү, 60-ает)**.**

«Алар айтышты: «Биз аны атасынан сураганга аракет кылалы. Албетте, биз муну (Сенин талабыңды) аткарабыз дешти» (Жусуп сүрөсү, 61-ает)**.**

«Жусуп таразачы жигиттерине буйруду: «Алардын азык үчүн алып келген нерселерин жүктөрүнө кайтарып салып койгула. Балким, үйлөрүнө кайтып барышкан кезде, аны билишип, кайтып келишсе ажеп эмес» (Жусуп сүрөсү, 62-ает)**.**

«Анан качан алар аталарынын алдына кайтып келишкенде: «Эй, ата! (мындан кийин) **бизге азык-оокат берилбей турган болду. Биз менен бирге инибизди жибергениңде гана азыкты ала алабыз. Биз, албетте, аны коргойбуз», -деп айтышты»** (Жусуп сүрөсү, 63-аят)**.**

«(Жакып):Мындан мурда бир тууган агасын ишенип кошуп бергеним сыяктуу муну да ишенип кошуп берейинби? Канткен менен Алла – толук Коргоочу алырайымдуулардын эң ырайымдуусу!» - деди» (Жусуп сүрөсү, 64-аят)**.**

Бул аяттар бизге «Момун мусулмандар Аллага гана тобокел кылышы керек, башкалардын коргоосуна ашыкча ишеним артпаганы дурус. Анткени, Алла Тааладан башка бүт нерсе коргоого муктаж. А Алла Таала эч нерсеге муктаж эмес» деген насаатты айтып турат.

Бир туугандар Буняминди Мисирге кошо ала барууга далаалат кылып пайгамбар **атаны көндүрүү үчүн бал тилге салып, ыраазылыгын ала алышпай айласы кетет.**

«Качан алар жүктөрүн ачып көрүшкөндө нерселеринин (баалуу буюмдарын) өздөрүнө кайтарылганын көрүштү.

-Атаке! мына, буюмдарыбыз өзүбүзгө кайтарылыптыр. Дагы эмнени каалайбыз? (Эми сен бизге Буняминди кошуп берсең) инибизди коргоп үй-бүлөбүзгө дагы көп азык-оокат алып келебиз. Бир төө жүктү ашыкча алабыз. Бул (мисирдик март акимдин алдында) аз гана нерсе», - дешти» (Жусуп сүрөсү, 65-аят)**.**

Акырында Жакып пайгамбар (алейхис салам) Буняминди жөнүтүүгө макул болот.

«Албетте, аны милдеттүү түрдө менин кайра алдыма алып келүүгө Алланын аты менен ант бермейин, аны силерге кошуп жибере албаймын! Бир гана алды артыңар курчалып, чарасыз өлүмгө учураш (башка кеп)-деди. Ошентип, алар аталарына убада беришкен соң (Жакып): «- Ушул келишимге Алла (Өзү) күбө», -деди» (Жусуп сүрөсү, 66-аят)**.**

«(Кийин аларды узатып жатып) айтты: «-Уулдарым, (Мисирге) бир дарбазадан кирбей, ар бириң ар башка дарбазаларынан киргиле. Мен силерден Алланын бир дагы өкүмүн кайтара албаймын. Өкүм Жалгыз Аллага гана таандык. Мен Анын Өзүнө гана тобокел кылганмын. Тобокел кылуучулардын бардыгы Ага тобокел кылышсын» (Жусуп сүрөсү, 67-аят)**.**

Мисирге барган соң шаардын ар башка эшиктеринен киргиле деп айтышынын себеби, бир туугандар мурунку жолу барышканда бардыгы дабырап бир дарбазадан киргендиктен аларга элдин көңүлү бурулган. Кананга кайтаарда Мисир падышасы кооз жана жасалгалуу кийимдерди тартуу кылып аларга ашыгы менен ызаат көрсөткөн. Кайтканда да шаар эли эси кеткенче карап кала берген. Алар мурункудай эле бир дарбазадан киргенде балким бир балээге кабылышы мүмкүн эле.

«Аталары буйругандай, алар ар башка дарбазалардан кирсе деле Алланын тагдырынан эч кайда качып кутула алмак эмес. (Бул) бар болгону, Жакыптын дилиндеги (перзенттерине карата мээримден пайда болгон) гана бир муктаждык эле, ал өзүнүн ушул муктаж –тилегин гана орундаткан болчу. Анткени ал Биз үйрөткөн илимдин ээси эле. Бирок аны, адамдардын көбү билишпейт» (Жусуп сүрөсү, 68-аят).

«Качан Жусуптун жанына киришкен кезде, инисин өзүнө тартып: «-Мен сенин бир тууганыңмын. Эми алардын (агаларыбыздын) өтүмүштө бизге жасаган нерселерине кейибегин!» - деди» (Жусуп сүрөсү, 69-аят)**.**

Риваяттарга караганда Жусуп бир туугандарын сарайга сый тамакка чакырат. Эки адамга бирден табак тамак киргиздирет. Бардык агалары эки экиден болуп, табакташы жок Бунямин жалгыз калганына буулугуп:

– Эх, арман! Боорум Жусуп аман болгондо жалгызсырабай жанында олтурбас белем! -дейт.

Ошондо кеменгер Жусуп (алейхис салам) жалгызын жанына чакырып өз дасторконуна насиптеш кылат. Сый тамактан соң бир туугандарын эки экиден кылып, конок үйлөргө бөлгөн кезде, кейиштүү эски адат кайра кайталанат.

– Бул бурадарым жалгыз калат экен, аны өзүм конок үйгө алып кетейин! – деп, аны падышанын сарайындагы өтө сыйлуу орунга жайгаштырат.

Жусуптун көңүлү эмнегедир алып учуп, ушу азыр барып Буняминди бооруна кысып, араң турган көз жашын көл кылып койо бергиси келет, бирок кайрат кылат.

– Бунямин мырза, ошо өлгөн агаңдын ордуна мени бир туугандыкка кабыл аласыңбы? – дейт, жалдыраган таризде.

– Сен сыяктуу кең пейил, меймандос тууганды ким кабылдабасын! Жакып сенин атаң эмес, Рахил энең эмес да... деп аргасыздан дилгирлигин билдирет. Жусупка эми эч нерсе тоскоол боло албай калды көрүнөт, шолоктоп ыйлап, жанында отурган Буняминдин мойнуна асылат. Бир топтон кийин чындыктын көзүн ача баштайт:

– Сен менин бир тууганымсың! Сен алардын толгон-токой жамандыгы үчүн кызуу кандуулукка алдырып койбо!...

Азирети Жусуптун (алейхис салам) Буняминге:

«-Сен алардын тээ өтүмүштө бизге кылган жамандыгына карата кызуу кандуулукка алдырып койбо!» деген насаатында, ашкере кызгангандарды жана кекчилдерди Жараткан Алла арам ойлоруна эч качан жеткирбейт деген ишаарат турагандыгы даана байкалат. Анткени, алар Жусупка не деген гана карөзгөйлүктү жасашпады, не деген гана оор мүшкүлгө кириптер кылышпады. Ошентсе да, максат-муратына жетпей калышпадыбы. Алла Таала оболу кусага баткан эки биртууганды, андан соң зарлап ичтен ыйлап, сабырды тутунган Жакып менен Жусупту бири бирине жолуктурган.

Жусуп пайгамбар инисине өзүн таанытканын соң ага кайрылат:

«Кайрат берген карааным! Мен сени бул жакта алып калгым келип турат. Менден айрылган атакемдин кайгы-муңунун канчалык оор экенин жакшы билесиң. Сени бул жакта алып калсам, атакебиздин кайгысы дагы да артаарын билип турам. Ага тез арада жолугуу үчүн ушундай кадамга барууга муктажбыз. Мен буга жол табышым керек....»

«Алардын жүгү камдалган соң, инисинин жүгүнүн арасына (билдирбей) суу ичүүчү идишин салдырып койду. Жолго аттанаарда (жарчылар жете келип): «-Эй, кербендер! Силер анык ууру экенсиңер», -деп жар салды» (Жусуп сүрөсү, 70-аят)**.**

«(Жусуптун биртуугандары) аларга кайрылды: «-Эмне жоготтуңар?» (Жусуп сүрөсү, 71-аят)**.**

«(Жарчылардын бирөө) айтты: «-Падышанын идишин жоготтук. Аны таап алып келген адамга бир төө жүк (сыйлык берилет). Мен ошого жоопкермин» (Жусуп сүрөсү, 72-аят)**.**

«Алланын аты менен ант, беребиз! Биз бул жака бузукулук кылуу үчүн келбегенибизди жакшы билесиңер го! Биз ууру эмеспиз!» (Жусуп сүрөсү, 73-аят)**.**

«(Жусуптун адамдары сурады): -Мейли, эгер силер жалганчы болсоңор, анын жазасы эмне болсун?» (Жусуп сүрөсү,74-аят)**.**

«Жоголгон идиш кимдин жүгүнөн чыкса, ошол адамды алып калуу мунун жазасы. Биз залимдерди (уурууларды) ушундайча жазалайбыз!» (Жусуп сүрөсү, 75-аят)**.**

Жакып пайгамбардын шариятында кармалган ууру жаза катары мүлктүн ээсине бир жыл кул катары бекер кызмат кылар эле. Мисир падышалыгынын мыйзамында болсо, ууруга балак урулуп, уурдалган мүлктүн баасын эки эселенип төлөнүүгө тийиш эле.

Жусуп (алейхис салам) Буняминди жанында алып калуу үчүн атасынын шарыятына ылайык өкүм чыгарууну туура көрөт.

«(Жусуптун кызматкери) инисинин жүгүн карабай агаларынын (артынган) жүгүн тинте баштады. Акырында изделген идишти (анын) инисинин жүгүнөн чыгарды. Биз Жусупка ушундай чараны үйрөттүк, болбосо (Мисир) падышасынын дининде ал бир тууганын (уурулук кылганы үчүн кул кылып) алып кала албайт эле. Бир гана Алланын каалоосу мындай адаттан сырт» (Жусуп сүрөсү, 76-аят)**.**

«(Бир туугандар) минтип айтышты: «-Ал (чындап эле) уурдаган болсо, андан улуу бир тууганы да мурда уурулук кылган эле». Жусуп бул сөздү ичине сактап кылды. (Чындыкты аларга) айкындагысы келбеди. (Ал өз ичинен): «Силердин абалыңар абдан оор. Алла Таала силердин оозуңардан чыккан нерсенин аныгын дагы да жакшы билет» (Жусуп сүрөсү, 77-аят)**.**

Бир Риваятта минтип айтылат: Азирети Жусупту тай эжеси абдан жакшы көрөр эле. Маал маалы менен аны үйүнө алып кетчү. Жусуп ал жакта көпкө жүрүп кайтар эле. Жакып (алейхис салам) уулун тез эле сагынгандыктан, аны алып кетүүгө барат. А тай эжеси болсо аны такыр бергиси келбегендиктен бир амал ойлоп табат. Ибрахимден (алейхис салам) өзүнө мурас калган кемерди Жусуптун кийиминин ичинен байлап койот. Андан соң кемер жоголду деп айгай салып, бүт жакты сапырып издете баштайт. Акырында атайылап байланган кемер Жусуптун белинен чыгат. Мыйзамга ылайык тай эжеси Жусупту алып калат. Бир туугандар азыр ошол окуяны кылтыйтып жаткан болушту.

«(Биртуугандар) айтышты: «-Эй, улук зат! Чынында анын улгайып калган атасы бар. Анын ордуна бизден бирөөбүздү алып кал. Анткени, биз сени жакшылык кылган зат экендигиңди көрүп турабыз» (Жусуп сүрөсү, 78-аят)**.**

«(Жусуп айтты): Жүгүнөн буюмубуз чыккан адамдан башканы алып калуудан Кудай сактасын. Андай кылсак залимдерден болуп калабыз» (Жусуп сүрөсү, 79-аят)**.**

«Анан үмүттөрү үзүлгөн соң, (ага-инилер) бир чекеге чыгып өздөрүнчө кеңешишти. Улуусу айтты: «- Алланын аты менен бизден атабыз убада алганын унуттуңарбы?! Мурда Жусуп туурасында да ушундай кенебестик кылдыңар эле. Демек, атам мага уруксат бермейин же Алла менин пайдама өкүм кылмайын (инибиз азат болмоюнча) мына бул жерден карыш жылбаймын. Ал (Алла) өкүм кылуучулардын эң кайырлуусу» (Жусуп сүрөсү, 80-аят)**.**

«Атаңарга кайткыла да, айтып койгула: «-Атакебиз! Уулуң чындап уурулук кылып койду. Биз болгону көргөн нерсебизге күбөлүк берип жатабыз. Биз белгисиз нерселерди биле албайбыз» (Жусуп сүрөсү, 82-аят)**.**

Алар өз мекенине кайтышкан соң падышанын айтканын айткандай Жакыпка (алейхис салам) жеткизишти.

Бир туугандар алгачкы ирет Жусупту кудукка таштаганда жалган сүйлөгөндүктөн бул жолу алар апкелген кабар туура болсо да улгайган пайгамбар ишенбей койот.

«Аай балдарым ай! Жок. Ушунчалык жаман кылмышты кылууга напсиңер кантип жол берди, болбосо биздин шариятыбызда уурунун кул катары алып калынышын ал падыша кайдан билсин?» деп, какшайт.

Уулу Жусупту жоготкондон тарта Жакып пайгамбардын көзүнө уйку кирбей калган. Жалооруй турган карып абалы менен жана ибадаты менен Аллага ушунчалык жакындагандыктан, ошол кезде жер жүзүндө Анын даргөйүндө Жакыптан шарапаттуу эч бир жан жок эле.

Жакып пайгамбардын (алейхис салам) кырк жылы жашып ыйлагандыгы риваят кылынат. Анын көзүнүн көрбөй калышы тууралуу кээ бир улук заттар мына буларды билдиришкен: Алла Таала Өзүнүн ааламга чагылышып турган жамал (сулуулук) сыпатын такай көрүп туруу үчүн Жакыпка азиздикти берген.

Жараткандын мээриминен үмүт үзүү – Анын «Рахман жана Рахим» деген Улуу сыпаттарын капарга албоо, Анын мээримсиз деп түшүнүү. Фараон деле өлүм алдында Алланын атын оозанган эмеспи!

Алла Таала инсандарга:

«Алланын мээриминен үмүтүңөрдү үзбөгүлө!» деп буюргун (Зумар сүрөсү, 53-аят)**.**

Аяттын мааниси айтып тургандай, каапырлар гана Анын мээримдүүлүгүнө ишенишпейт, үмүтсүз жашашат. Эч нерсеге ишенбесе, кимден үмүт кылышмак эле деген жыйынтыкка келесиң. Мына ушул эрежени бек тутунган Жакып (алейхис салам) күдөр үзбөй Мисир падышасына уулдарынан кат жөнөтөт. Каттын маани - маңызы төмөнкүдөй эле:

«Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын ысмы менен баштаймын.

Ибрахим тегин Исхактын уулу Жакыптан Мисирдин падышасына.

Биздин тукумдун башын ар кандай балээлер басып турат. Чоң атам Ибрахим Намруттун отуна дуушар болду, бирок сабыр кылды. Алла Таала аны сак-саламат куткарды. Ошондой эле алаамат балээлер атамдын да башына келген. Бирок сабыр кылган эле. Натыйжада, Алла Таалам атама зор акыбетти кайтарган. Мен болсо Жусуп аттуу уулумдан тирүүлөй ажырап

калдым. Жоготуунун кайгы-муңу абдан оор болду. Зарлап ыйлай берип эки көздөн ажырадым, белим бүгүлүп улгайдым. Сиз алып калган уулум менен өзүмдү сооротуп жүрчү элем. Ага уурулук кылган деген айып коюлуптур. Биздин тукумдан эч качан ууру чыккан эмес. Биз ууруларды жаратпайбыз. Аны мага кайтарып бергиң келсе кайтараарсың, кайтаргың келбесе, таасири сенин жети муунуңа чейин тийе тургандай катуу каргаймын!»

Азирети Жусуп бул катты окуп алып көздөн жашы чертилип эчкирип-эчкирип ыйлап алат. Акыл токтотуп оюндагы мерчемге ылайыктап минтип жооп жазат:

«Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын аты менен баштаймын.

Мисирдин падышасынан Исраил Жакыпка.

Эй, азиз карыя! Жазган катыңызды алдым. Окуп, мазмунун түшүндүм. Анда салих аталар тууралуу жана кандай гана балээге кириптер болбосун алардын сабыр кылып чыдагандыгы тууралуу жазыптырсыз. Башка түшкөн балээлерге алар кандай сабыр кылган болсо, сиз да ошолордой сабыр кылышыңыз керек! Саламатта болуңуз!...»

Чабарман уулдар падышанын жообун Жакып пайгамбарга алып келишет. Катты окуган пайгамбар аң-таң болуп, ойго батат. Анан минтип сөз баштайт: «Жараткан Алланын атына ант болсун! Бул катардагы падышадан эмес, пайгамбардан келген кат. Муну жазса Жусуп гана жазышы мүмкүн» деп, маселени тереңден изилдеп келүү үчүн келген жагына уулдарын кайра жөнөтөт.

«Анан качан (Мисирге жетип келишип Жусуптун) алдына киришкен соң: «Эй, улук зат, бизди жана үй-бүлөбүздү ачарчылык басты. Биз (бул ирет башка нерсебиз жок болгондуктан) өтпөгөн буюмдарыбызды алып келдик. Ошого карабай, сен бизге берээриңди толук кылып бере бер! Берешен пенделерди Алла шексиз түрдө сыйлайт!» –деп өтүнүштү» (Жусуп сүрөсү, 88-аят)**.**

«(Бир туугандар): же болбосо сен Жусупсуңбу?» - деп (чочулагансып) айтышты. «- Ооба мен Жусупмун, бул менин бир тууган иним! Чындыгында Алла бизге ырайым кылды. Анткени кимде-ким Алладан корксо, сабыр кылса, албетте, Алла жакшы амалдарды жасагандардын эмгегин текке кетирбейт», - деди» (Жусуп сүрөсү, 90-аят)**.**

«Аллага ант болсун, Ал сени бизден да мартабалуу кылды. Анткени биз туура эмес иште кылган элек», -дешти» (Жусуп сүрөсү, 91-аят)**.**

Жамандыкка жакшылык кылуу таалим-тарбия усулдарынын эң жемиштүүсү жана эң мыктысы. Мына ушинтип душманды доско айлантууга болот. Ортодо жакшы ниет менен достук бүчүр байлай баштайт. Эгер достун жамандыгы жараян эткен болсо, жогорудагы жагымдуу аракеттин натыйжасы менен аралык дагы да бекемделип, тайыздабас тыгыздык пайда болот.

Бир туугандарын пайгамбарга жараша турган айкөлдүк менен кечирип жиберген Жусуп пайгамбар көйнөгүн агаларына берип жатып мындай дейт:

«Менин бул көйнөгүмдү алып барып, атамдын көздөрүнө тийгизип (сүртүп) койгула! (Ошондо анын көздөрү) кадимкидей көрүп калат. Андан соң үй-бүлөңөрдү мага алып келгиле!…» (Жусуп сүрөсү, 93-аят)**.**

Азирети Жусуп (алейхис салам) бир топ күндөн бери агаларына сый көрсөтүп жөнөткүсү келбейт. Агалары болсо өздөрүнүн кейиштүү мамилелерин эстеген сайын уялып, кирээрге жер таппай тынчсызданып жүрүшөт. Айла кеткенде өздөрүнүн арасынан бирөөнү элчи кылып жөнөтүшөт:

“-Сен күн-түн дебей бизди сыйлап, конок кылып жатасың! А биз болсо оор кылмышыбызды эстеп, айлабыз кетип, жерге кирип кеткидей болуп турабыз...”

Жусуп пайгамбар агаларынын ыңгайсыздыгын кичи пейилдик менен кабылдап, минтип жооп берет:

«Ушул кезге чейин Мисир эли мага зындандан чыккан кул катары карашчу. Алла Таала бийик жана улук! Ага чексиз мактоо болсун! Жыйырма дирхамга сатылган кулдун азыркы мартабасын кара дешет. Мына азыр силердин келишиңер менен менин мартабам дагы да артты. Анткени, алар менин силер сыяктуу бир туугандарымдын бар экендигин жана Ибрахим (алейхис салам) менин чоң атам экендигин жакшы билип калышты”.

1.13.11 Азирети Жакыптын көздөрүнүн ачылышы

«Сүйүнчүлөп келишип, көйнөктү Жакыпты көзүнө тийгизер замат анын көзү көрө баштады. (Жакып) айтты: «Мен Алланын (мээримдүү жана ырайымдуу экендиги) жөнүндө силер билбей турган нерселерди билемин дебедим беле» (Жусуп сүрөсү, 96-аят)**.**

Сүйүнчүлөп келген чабарман Яхуда эле. Ал “Жусуптун кандуу көйнөгүн эң алгач мен көтөрүп барып аны кайгы-муңга салган элем. Азыр ушул көйнөктү алып барып, атамды кубанычка өзүм бөлөйүн,” деген ой менен Мисирден Канан аймагына чейин жылаң баш, жылаң аяк жөө жол тарткан деп айтылат баяндамаларда.

Азирети Жусуптун (алейхис салам) көйнөгү менен Азирети Жакыптын (алейхис салам) көздөрүнүн ачылышы ажайып керемет окуя. Бул көрүнүш, кандайдыр бир руханий баасы бийик буюм менен адамдын ортосундагы рабытага жана истианага (Алланын жардамына) далил эмей эмне....

1.13.12 Саргарган сагынычтуу жолугушуу

Алыстан ат арытып келген коноктордун урматына падыша баш болгон бардык адамдар аттан түшүп, колдорун көкүрөккө алып, урмат-сыйды билдиргендей асте баш ийишет. Вазирлердин бирөө Азирети Жусуптун атын дароо жылоосунан алды. Ошентип, эки пайгамбар бири бирине жакын келип, кучак жая көрүшүштү. Бири аталык мээрим менен, бири жаштайынан ата мээриминен алыстап кеткенин билдиргендей, эки улуу инсан Аллага чексиз шүгүр айтып, ыйлап жатты. Ата-баланын бактылуу жолугушуусунун кызыгына сүңгүп кеткен нечен жүрөктөр толкуп, нечен көздөр ыйлап жатты.

“(Баары топ болуп Мисирге киришти). Акырында Жусуптун жанына барышкан кезде (Жусуп) атасын жана энесин кучактады. Аларды жанына алды. Алланын каалоосу менен баарыңыздар Мисирге эсен-аман кириңиздер, -деди” (Жусуп сүрөсү, 99-аят)**.**

Чоң сыйлыктардын, үзүрлүү жемиштердин баары оор кыйынчылыктар же чоң балээлер башка түшкөн чактагы туруктуу сабырдуулуктун артынан келген.

Риваяттарга караганда, Азирети Жакып уулунун жанында жыйырма төрт жыл жашап оо дүйнө салган. Осуяты боюнча сөөгү Дамаскка, атасы Исхактын (алейхис салам) жанына коюлган. Мисир эли Азирети Жусупту жакшы көргөндүктөн анын Мисирде калышын каалашкан. Атасынан кийин дагы жыйырма үч жыл Мисирде жашаган Жусуп пайгамбар ааламдан көчкөндө эл анын денесин мармар сандыкка салып, Нилдин жээгине көмүшкөн. Андан далай жылдардан кийин Азирети Муса (алейхис салам) анын мүрзөсүн таап, сөөгүн Азирети Жакыптын жанына алып барып койгон.

1.14 АЗИРЕТИ ШУАЙБ (алейхис салам)

Риваяттарда Азирети Шуайбдын Ибрахим пайгамбардын же Салих пайгамбардын укумунан чыккандыгы айтылып келет. Шуайб (алейхис салам) эне жагынан Азирети Лут пайгамбардын кызына барып такалат. Ошондой эле Айуб пайгамбардын бөлөсү, Муса пайгамбардын кайнатасы болгон.

Азирети Шуайб бийик тоолуу, токойлуу, даркан талааларды камтыган Мадян жана Айка деген эки кошуна өлкөгө пайгамбар болуп жөнөтүлгөн. Ал Мадян элинин нарктуу бүлөсүндө туулуп, ошол элдин арасында эр жетет. Эл жолдон тайып, бузулуп бараткандыктан, алардын кесепетинен сактануу үчүн башка аймакка көчүп тынч жана пакиза турмуш кечирет. Ал кез-кезде эл аралап ахлактуулугу жана калыстыгы менен калкка үлгү болуп, акылга бай насааттарды айтып элди жакшылыкка чакырат.

Азирети Шуайб (алейхис салам) такай намаз окуп, пенденин акы-укугуна кылдат мамиле кылар эле. Айрыкча тараза же өлчөөчү каражат менен бир нерсени тарткан учурда, бирөөнүн акысы бирөөгө өтүп кетпесин үчүн так болгонго жан үрөгөн. Бул изги сапатты жалгыз гана өзү жашабастан чөйрөсүн дагы адилеттүүлүккө чакырып, талаштуу маселелерде ортого түшүп, калыстыгы менен жабыр тарткандарга көмөк көрсөтүп өткөн.

Бул эки коом Алланын каргышына дуушар болуп талкалангандан кийин, өзүнө ыйман келтирген инсандарды ээрчитип Меккеге жайгашат да, өмүрүнүн соңуна чейин ыйык аймакта жашаган. Көзү өткөндөн соң сөөгү Ыйык Каабадагы Алтын Булактын түбүнө “Хатимге” коюлган.

1.14.1 Мадян эли

Мадян – Акаба булуңунан Хумус талааларына чейин созулган аймак. “Мадян” деген аталыш ошол жерде жашап өткөн бир уруу элге таандык ысым болгон.

Мадян эли Кудай алдындагы кулчулугун унутуп, бузуку жолго түшүп, буттарга жана айкелдерге табына баштайт. Шаар тогуз жолдун тоомунда болгондуктан, калк соода-сатык менен алектенер эле. Эл арасында алдамчылык, куулук шумдук тамырлап, жадагалса өнөргө айланган. Маселен, алар бир нерсе саткан учурда айла-амал колдонуп аз салмакты көп көрсөтсө, аларман көз бойомочулук кылып акчаны кемитип төлөп койчу экен. Соода кылууга маш болуп калгандыктан, буюм алуу үчүн башка, сатуу үчүн башка таразаны колдонушар эле. Жолдон өткөн кербендердерге жөнсүз салык салып же каракчылык менен мал-мүлк топтошкон. Айтор, коркутуу-үркүтүү жана талап тоноо демейдеги иш катары сиңип калган. Айрыкча жат элден келген колдоор кожосу жок бей бечаралардын мүлкүн зордук менен эле тартып алуу өнөкөткө айланган. Адилетсиздиктин айынан эл ичинде да чыр-чатактар тынымсыз болгон. Маселени кан төкпөстөн жайгаруу мүмкүн эмес болуп калган. Алланын сансыз нематтарына шүгүр кылуу деген жоголуп, мурунку коомдор



сыяктуу баары тегиз кесир сүйлөп, Кудай Тааланын каарын келтиргидей жагымсыз иштер оожалган. Жалпылап айтканда, Мадян элинин ишеними бутпарастык, иши сода-сатык, алдамчылык, айлакерлик, эң жакшы өздөштүргөн кесиби болсо кызыл кулактык жана талоончулук эле.

Алар ушундай жаман жолду жолдоп, алсыздарды кордоп жашап турган учурда Алла Таала аларга Шуайбды пайгамбар кылып жөнөтөт. Шуайб (алейхис салам) аларга ыйманды насаат кылып, Жараткандын буйруктары жана арам иштерге тыю салынгандыгы тууралуу кенен маалымат берет. Кайсы жерге барбасын, кимге жолукпасын ишенимде Ага шерик кошпоону жана жалгыз гана Аллага ибадат кылууну, соода-сатыкта таразаны так тартууну, алдамчылык кылбоону, акырет күнүнө толук ишенүүнү жана жер жүзүндө бузукулук кылбай, ынтымакта жашоону эскертет. Кудурети чексиз Алланын азабынын катуулугун, нематтарынын сансыздыгын эске салат.

“Мадян коомуна өз туугандары Шуайбды (пайгамбар кылдык) . Ал айтты: “Эй, коомум, Аллага гана сыйынгыла! Силердин Андан өзгө бир да Кудайыңар жок. Өлчөмдү жана салмакты таразадан кемитпегиле! Мен силерди жакшылыкта (молчулукта-токчулукта) көрүп турамын. Бирок, мен силер үчүн Кыямат Күнүнүн ороп алуучу оор азабынан коркомун” (Худ сүрөсү, 84-ият)**.**

Башта айтылып кеткендей, Азирети Шуайбдын коому соода-сатыкта өз кызыкчылыгы үчүн колунан келген айла-амалды колдонушкан. Шуайб (алейхис салам) алардын бул кылыгын тыю үчүн болгон күчүн жумшап, Кудай Тааланын буйруктарын түшүндүрөт. Эгерде бул жолдон кайтпай, тообо кылбай турган болушса, берилген нематтардын бардыгы кайра алынарын дагы эскертет. Алла Таала бул коомго эсеп жеткис нематтарды ыроологон эле. Таразадан алдоого, айлакерлик кылууга, кемитүүгө жана талап-тоноочулукка эч кандай себеп жок эле.

Бир бурулуш болор деген ниет менен Шуайб пайгамбар соода-сатыктын негиздерин, өлчөмдүн тактыгын сактоону жана тийиштүү кирешеге ыраазы болууну белгилейт. Анткени адилет соода-сатыкта жана адал кирешеде иштин туруктуулугу бар, ал эми, Жараткандын даргөйүндө адамдардын акы-укугун сактады деген чоң мартаба жатат.

Коомду төмөнкү беш негизги маселеге үгүттөгөндүгүн жогорудагы аяттан баамдоого болот:

1.Тавхид ишенимин кабылдоого жана Аллага гана ибадат кылууга.

2.Өзүүн пайгамбарлыгын таануууга.

3.Тараза тартууда тактыкка, туура өлчөөгө, адилеттүү болууга жана куулук кылбоого.

4. Адам укуктарын коргоого. Зомбулук менен талап тоноо, уурулук, пара алуу жана каракчылык сыяктуу коомдун бейпилдигин бүлгүнгө учураткан көрүнөө жана көмүскө кылмыштарды токтотууга.

5.Диний жана дүнүйөлүк иштерде бузукулук кылбоого, тополоң чыгарбоого.

Азирети Шуайбдын чакырыгы көптөгөн адамдарга оң таасирин тийгизет. Топ-топ болуп келишип, анын акыл-насааттарын угушуп, пайгамбарга ыйман келтирип жана анын айткандарын аткарып жатышты. Эл ичинде ага ыйман келтирбегендер да көп эле. Пайгамбардын мындай иш-аракеттери жана жаңы эрежелер дили бузук адамдардын тынчын алып, түйшөлтүп койот. Анткени алар мыйзамдуу кирешеге канааттанышчу эмес. “Мындай киреше менен эч ким байый албайт!” деп, бири-бирин адилетсиздикке тукурушар эле. Чындык үчүн чыркырап чуркаган пайгамбарга:

“Алар (маскара кылып): “Эй, Шуайб! Ата-бабаларыбыз сыйынып келе жаткан буттарды таштоо керектигин, өз мал-мүлкүбүздү кантип иштетүүнү сага окуп жаткан намазың буйрудубу? Чындыгында сен абдан ак көңүл, боорукер, рашид кишисиң! ” дешти (Худ сүрөсү, 87-аят)**.**

Шуайб пайгамбар оор түйшүктөргө, коркутууларга карабай элди туура жолго үгүттөй берет. Азирети Шуайбдын акактай тунук акыл-насааттары алардын напсисине оор келгендиктен, өчөштүк менен күн сайын жамандык ишти арттыра башташат. Шуайб пайгамбар нарктуу уруудан болгондуктан, ага жамандык кылуудан айбыгышкан менен ыйманга келип туура жолду тандаган бей-бечараларды четке тартып динден чыгарышат. Мындай жорукту токтотууга эскертүү берилет:

«Аллага ыйман келтиргендерди коркутуп, Алла жолун тосуп, аны (динди) бурмалоо үчүн баардык жолдордо олтурбагыла! Эстегиле: Силердин аз кезиңерде (Алла) көбөйттү жана бузукулардын акыбети кандай болгонун карагыла» (Араф сүрөсү, 86-аят)**.**

Ибрахимге (алейхис салам) түшүрүлгөн Ханиф дининин өкүмдөрү менен иш кылат. Анын пайгамбарлыгы күн өткөн сайын чар тарапка жайылып алыскы Дамаскка чейин угулат. “Алла” деп дили самаган, Алла үчүн бүт нерсеге кайыл заттар пайгамбарды көрүү үчүн Мадян тарапка сапар агылып келе башташат. Ак дин үчүн жол карытып келе жаткандар менен Азирети Шуайбдын жолугушуусуна күбө болуп, аны менен сыймыктануу үчүн жергиликтүү момун мусулмандар шаардын кире беришине чыгышат. Каапыр калк

жолугушууну болтурбоо, жергиликтүү момундарды тосуу үчүн кыянатты жасоого далалаттанып көрүшөт.

Шуайб (алейхис салам) буга да карабай төмөнкү жагдайларда аларды тосуп жатты:

1.Жолдорду тосуп, алсыз момундарды коркутуп-үркүтүүнү жана кыйноолорду токтоткула!

2.Алла Таалага ыйман келтирүүнү каалаган инсандарга тоскоол болбогула!

3.Момундарды жана жаңы ыйманга жаңыдан кадам таштагандарды шектенүүгө, адашуу салбагыла жана шайтандай болуп азгырбагыла!

Жараткан тарабынан атайын берилген пайгамбарлык кайраттан тайбастан элди туура жолго чакыра берет. Ошентсе да пенде эмеспи, алардын чектен чыккан жоруктарына кээде капа болот.

“Эй, коомум! Эсиңерде болсун, мага карата жасаган душмандыгыңар себептүү Нух коомунун же Худ коомунун, же болбосо Салих коомунун башына келген сыңары, башыңарды да балээге салбасын! Канткен менен (талкаланган) Лут коому силерден көп узакта эмес” (Худ сүрөсү, 89-аят)**.**

Башкача айтканда, Лут коому жакынкы эле өткөн убакта жок кылынган. Тарыхтагы кыйроого дуушар болгон элдердин эң жакыны ошолор. Каапырлыкта да, адашууда да, чектен чыгууда да алар менен силердин ортоңордо айырма деле калган жок. Бузулуп жок болгон элдерден сабак алышыңар керек!

Элди жетелеген аттуу-баштуу бутпарастар Азирети Шуайбдын мындай сунушуна ыраазы болгон жок. Алар:

“Эй Шуайб! Айткан сөздөрүңдүн көбүнө түшүнбөдүк. Чынында биз сени арабызда (келжиреген) алсыз деп билебиз! Урууң эле болбогондо, сени (эчак) ташбараңга алып өлтүрмөкпүз,» -дешти” (Худ сүрөсү, 91-аят)**.**

Акырында аларга насааттан да, эскертүүдөн да майнап чыкпачудай абалга жетет. Алардын оңолушуна көзү жетпей, калган ишти Жараткан Аллага тапшырат.

Акырында арданып кетиштиби, айтор, пайгамбарды баш кылып ага ыйман келтирген адамдардын баарын Мадян аймагынан кууп чыгабыз таризинде эскертүү беришет. Мадяндын бутпарас эли чекесин чымын чакпай пайгамбар баш болгон мусулмандар менен чогуу жашоодон кооптонуп алышат:

“Коомдун аттуу-баштуу текеберлери айтышты: «-Эй, Шуайб! Сени (баш кылып) жана сага ыйман келтиргендерди элден чыгарабыз, же (биздин) динге кайтасың!» (Шуайб):-Биз каалабасак дагыбы?” - деди” (Араф, 88) жана буларды кошумчалады:

“Эгер Алла бизди ошол диниңерден куткаргандан кийин ага кайра кайтсак, жалганчы болуп Аллага чыккынчылык кылган болобуз. Эгебиз Алланын каалоосун айтпаганда силердин диниңерге кайтуу биз үчүн жакшы жышаан эмес. Эгебиз бүт нерсени илими менен курчаган. Биз жалгыз гана Аллага таянабыз. Оо, Рабби! Биз менен коомчулуктун ортосуна адилеттүү өкүмүңдү чыгар! Өкүм чыгаргандардын эң кайырдуусу Сенсиң!” (Араф сүрөсү, 89-аят).

Бул аятта Шуайб (алейхис салам) мушрик коомчулуктун динге кайтуу сунушун четке какканы менен Жараткандын каалоосуна моюн сунуларын кыйытып кеткен. Анын мындай көз карашы Алланын эркине чын дилден берилгендигин айгинелеп турат. Анткени пайгамбарлар жана алардын мураскерлери саналган олуялар Алла Тааланын азабынан жана Анын даргөйүндөгү кырдаалдардын кокус өзгөрүп кетишинен такай коркушат.

Шуайб пайгамбар мына ушул себептен «Алланын динин танып, силердин диниңерге кайтуу акылга сыйбаган нерсе. Алла Таала бизди жок кылууну каалаган болсо, колубуздан эч нерсе келбейт. Анткени бардык нерсе, бардык иштер Анын эркинде, Анын каалоосу менен ишке ашат. Ал кааласа моюн сунгандыгы үчүн бирөөлөрдү бактылуулукка жеткирет, кааласа күнөөсү үчүн бирөөлөрдү жазага тумчуктурат» деген маанини туюнткан.

Акырында Шуайб пайгамбар алардын туңгуюкка кептелип калганына жана андан чыгара албасына көзү жеткен соң мындай деди:

“Эй, коомум! (Андай болсо) колуңардан келгенин жасагыла! Мен да көрсөтөм! Шерменде чыгара турган азаптын кимге келгенин жана кимдин жалганчы экенин жакында көрөсүңөр! Күткүлө, мен да (аны) силер менен бирге күтөмүн” (Худ сүрөсү, 93-аят)**.**

“Анан аларды коркунучтуу зилзала алып, турган жерде сулап калышты” (Араф сүрөсү, 91-аят).

Ошентип, Мадян калкы бузукулук, айла-амал колдонуу, адилетсиздик, Аллага жана Анын пайгамбарына ыйман келтирбөө сыяктуу оор күнөөлөрүнүн жазасын алышты. Ансыз деле мындай жаза залимдер үчүн танылгыс кесепет. Андайларга боор ооруунун кереги да жок:

«Алар жерде эч качан алар жашабагандай (тыптыйпыл кылдык). Эсиңерде болсун: Самуд эли ырайымдан оолак калгандай эле, Мадйан эли да ырайымдан четте калды» (Худ сүрөсү, 95-аят).

Самуд коому сыңары Азирети Шуайбдын коому да насаат уккулары келбей, тоң моюндук кылгандыгы үчүн коркунучтуу ач айкырык жана күркүрөгөн азаптуу дабыш менен кыйратылган эле. Аталган эки коомго берилген жазалардын окшоштугу ахлаксыздык жагынан да окшош экендигин каңкуулап турат. Самуд коомун астынан, Мадян калкын болсо жогортон келген ач айкырык талкалап кеткен.

1.14.2 Айканын калкы

Калың жана чер токойлуу жер ошол элдин тилинде Айка деп аталат экен. Бул болсо Кызыл деңизден Мадян аймагына чейин созулган аймак болуп эсептелет. Андагы жергиликтүү калк Айкалык же болбосо Айканын калкы деп таанылат.

Айканын адашкан калкы деле Азирети Шуайбды жалганчыга чыгарышат. Алардын абалын Алла Таала мындайча белгилейт:

“Айканын эли да пайгамбарларды жалганга чыгарышты” (Шуара сүрөсү, 176-аят).

“Чынында Айканын эли заалим (адамдар) **эле»** (Хижр сүрөсү,78-аят).

Алла Тааланын элчилери ар дайым калктын алдына эки сыпат менен чыгышкан.

1.Кылган үгүт-насаат үчүн адамдардан эч кандай акы жана кызыкчылык талап кылышкан эмес, үзүр менен сооптун Алла Таалага таандык экендигин билдиришкен.

2.Бардыгына изги адеп-ахлак менен өрнөк болушкан. Алардын сөздөрү менен жашоолору бири бирине айкалышып турган.

Азирети Шуайб Айканын элине дагы буларды насаат кылды:

“Так өлчөгүлө, (адамдардын акысын) кемитпегиле!”“Туура тараза менен тарткыла!” “Адамдардын акысын кемитпегиле! Жер жүзүндө бузукулук кылып, башаламандык чыгарбагыла!” (Шуара сүрөсү, 181-183-аят)**.**

Тайманып ийменбестен азапты талап кылган коомго Шуайб пайгамбар Жаратканга жалбарып, алар талап кылган апаатты жөнөтүүнү суранды.

Аңгыча ысык шамал жүрө баштады. Көк түстөгү чымындар көбөйгөндөн көбөйүп, Айканын калкын бүт каптап жүдөтүп жиберди. Абанын басымы жана күндүн ысыгы күчөгөндөн күчөй берди. Барча адам агын суулардын жээгине жана бак-даректын көлөкөсүнө толуп кетишти. Бирок бул апаатка эч кандай чара таба албай коюшту.

Аптап ысыгандан ысып, көлөкө жер үп тартып, дем кысыла баштады. Мына ушундай көз катыган кезде Жабраил периште шаардын сыртына бир булутту каалгытып койду. Муну көргөн калк, жамгыр жаап жиберсе ажеп эмес, эч болбосо салкыныраак болсо керек деген ойдо жапырт булуттун астына жөнөштү. Алардын бардыгы булуттун астына топтолгон кезде:

“Эй, Айканын калкы! Пайгамбарыңарды жалганчыга чыгардыңар, такыр келбейт деп ойлогон азаптын даамын мына эми татып көргүлө! Маңдайына барып, беш бүгүлүп, сажда кылып сыйынган буттарыңарга да айткыла, күч-кудурети болсо, силерди куткарып алсын!..” деген айбаттуу үн келди.

Ошол ошол болду, салкын жай деп үмүт кылган булуттан алоолонгон от жалын түшө баштады. Натыйжада каапырларга таандык бүт нерсе күлгө айланды. Жадагалса даректары да, таштары да!

“Ошентип, аны (Шуайбды) жалганчы аташкан соң аларды “саябан” күнүнүн азабы кармады. Чындыгында ал коркунучтуу күндүн апааты эле” (Шуара сүрөсү, 189-аят)**.**

Ошентип, Азирети Шуайбдын пайгамбарлыгын төгүндөгөн бутпарас Мадян эли Жабраил периштенин ач айкырыгы жана зилзаласы менен, Айка калкы болсо көлөкө деп корголонгон булуттан жааган алоо жалын менен өчүп, жок болуп кетишти.

Каапыр коом жер жүзүнөн өчкөн соң Азирети Шуайб пайгамбар Мадян аймагына барып отурукташты. Ал жерде үйлөнүп, эки кыздын атасы болду. Ал өтө чечен, сөзгө чебер болгондуктан, суралган суроолорго адамды толук ынандыра турган жоопторду берген. Көркөм сөз өнөрүн мыкты өздөштүргөндүктөн, Шуайб пайгамбарга (алейхис салам) “Хатибул-Анбия” Пайгамбарлардын ак таңдайы деген лакап берилген.

1.15 ЭКИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

1.15.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Азирети Ибрахимди (алейхис салам) эмне үчүн «АбулАнбия» дейбиз?
2. Намрут эмне үчүн өз доорунда жаңы төрөлгөн жүз миңдей ымыркайды өлтүрткөн?
3. Адам баласы өзүнүн ой-жүгүртүүсү менен тавхид ишенимин аңдай алабы? Бул жагдайды Азирети Ибрахимдин жашоосундагы мисал менен түшүндүргүлө?
4. Ибрахим пайгамбар элге акыйкат динден мурда буттарга табынуунун маанисиздигин, пайдасыздыгын түшүндүргөн. Ибрахим пайгамбардын үгүт насааттагы ушул усулунун себебин айтып бергиле?
5. Азирети Ибрахим бутканадагы буттардын бардыгын талкалагандан кийин, эмне үчүн чоң буттун мойнуна балтаны асып койгон?
6. Намрут Ибрахим пайгамбардын айдан ачык мужизасын көрүп турса да, эмнеге ыйман келтирген эмес?
7. Куран аятында Азирети Исмаил пайгамбардын кандай өзгөчөлүктөрү айтылган?
8. Азирети Исхактын канча уулу бар эле? Кайсы уулуна кандай бата берген?
9. Алла Таала Сад сүрөсүнүн 45-47-аяттарында, Исхак пайгамбардын кайсы өзгөчөлүктөрүнө басым жасаган?
10. Содом коомунун кандай адепсиз өзгөчөлүктөрү бар эле?
11. Содом калкы жашап, талкаланган жайда пайда болгон Лут көлүнүн учурдагы географиялык абалы, көлдөн чыккан жыт, суунун өзгөчөлүктөрү; ал жайда эч бир жандыктын же өсүмдүктүн жашабагандыгы биз, адамдарга кандай сабак берет?
12. «Таңга жуук аларды коркунучтуу кыйкырык каптады. Анан Биз ал шаарды астын-үстүн кылып жибердик жана алардын үстүнө сапал-ылайдан таш жаадырдык» (Хижр, 73, 74) деген маалыматтар бизди кандай сезимдерге жана кандай ойлорго жетелейт?
13. Яжуж менен Мажуж коомунун өзгөчөлүктөрү тууралуу айтып бергиле.
14. Азирети Зулкарнайн өз керээзинде колдорунун кепинге оролбой сыртта калуусун, мал-мүлкүнүн жана кызматчыларынын мүрзөгө чейин келүүсүн өтүнгөн эле. Бул көрүнүштөн кандай сабак алсак болот?
15. Азирети Жусуптун көзүн тазалоого түрткөн жана ошончолук душмандыкка чейин жеткирген агаларынын кандай жаман сапаттары бар эле?

16. Азирети Жусуптун зындандан кутулушуна эмне себеп болду?

17. Азирети Жакып башка уулдарына караганда Азирети Жусупту ашкере катуу сүйгөн. Мунун себебин кенен түшүндүрүп бергиле?

18. Эмне үчүн Кудай Таала пайгамбарларды, олуяларды жана салих досторун оор сыноолор менен сынайт?

19. Азирети Жусуптун өз бир туугандарын кечирип жибериши жана аларга ийкемдүү мамиле жасашы эмнени эске салат?

20. Азирети Жусуп пайгамбардын кудуктан кутулуусунан кийинки жашоосун кыскача баяндап бергиле?

21. Мадян эли өздөрүнүн жергесине келип калган чоочун адамдарга жана соодагерлерге кандай мамиле жасашкан?

22. Шуайб пайгамбар жашоосунун акыркы мөөнөттөрүн кай чөлкөмдө өткөргөн?

23. Азирети Шуайбга ишенбеген Мадяндыктар эмне себептен ыйман келтирген адамдарды коркутуп-үркүтүп, туура жолдон адаштырууга аракет жасашкан?

24. Мадян калкы кайсы себептерден улам Кудай Тааланын каарына калып, жер менен жексен болгон?

25. Самуд коому менен Мадян коомунун кыргынга учурашын салыштыргыла.

1.15.2 ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жообун белгилегиле.

1. Ибрахим пайгамбар тавхид акыйдасын жайып жүргөн кезде эмне кылган эмес?

А. Чакырыкта эң оболу сылык сөз менен жагымдуу усулду колдонуп, өз жакындарынан баштаган.

Б. Коомчулуктагы ыйманга келбеген адамдар үчүн хидаят - туура жол тилеп, такай дуба кылып турган.

В. Бутпарастар ишенген кудайлардын алсыз, жансыз экенин жана эч нерсеге жарабай турганын, мүмкүнчүлүк боло калганда көзгө сайып, кайталай берген.

Г. Мушриктер айкелдерге азыраак табынсын, күнөөгө азыраак батсын деп бутканадагы буттарды талкалаган.

2. Ибрахим пайгамбар жаны менен кандай сыноону баштан өткөргөн?

А. Намрутка каршы согушкан.

Б. Отко ташталган.

В. Шарттардын кыйындыгына карабай адамдарга акыйкат динди жеткирген.

Г. Уулу Азирети Исмаилди курмандыкка чалган.

3. Үйүнө келген коноктордун адамга кубулган периште экендигин Ибрахим пайгамбар кантип билип койду?

А. Кийген кийиминен.

Б. Ашыкча сүйлөбөгөнүнөн.

В. Тамактан даам сызбаганынан.

Г. Жүздөрүнүн каардуу болушунан.

4. «Абул-адяф» деген кандай маанини туюнтат?

А. Жетимдердин атасы.

Б. Кордук көргөндөрдүн атасы.

В. Кембагалдардын атасы.

Г. Меймандостордун атасы.

5. Отко ыргытылаарын билсе да Ибрахимдин (алейхис салам) жүрөгүндө кыпынчалык кооптонуу же коркунуч сезими болгон эмес. Эмне үчүн?

А. Алла Таалага толук моюн сунган жана өзүн Ага тапшырып койгон.

Б. Жабраил периштенин жардамга келээрине ишенип турган.

В. Оттун гүлзарга айланып калуусуна көзү жеткен.

Г. Баары бир отко түшөм, каршылык көрсөткөнүмдүн пайдасы жок деген ойдо болгон.

6. Кыяматка чейинки бардык мусулмандар Азирети Исмаилдин кайсы мужизасына күбө болушат?

А. Атасына баш ийгени.

Б. Алланын керемети менен чыгарылган Азирети Исамаилдин эч түгөнбөс зам-зам суусу.

В. Алаксыткан шайтанды Азирети Исмаилдин ташбараңга алышы.

Г. Дуба кылып Аллага жалбаруу менен какыраган чөлдү тоолуу аймакка айлантышы.

7. Төмөндө Азирети Исмаил башынан өткөргөн окуялар жана бул окуялар жараян эткен учурдагы анын изги сапаттары берилген. Кайсы вариант-тагы жооптор бири бирине дал келбейт?

А. Курмандыкка чалынып жаткан кезде Азирети Исмаилдин Азирети Ибрахимге болгон мамилеси / Тобокел жана моюн сунуу.

Б. Азгырууга далаалат жасаган шайтанды Азирети Исмаилдин ташбараңга алышы / Баам парасат жана кыраакылык.

В. Эл апаатка дуушар болгон кезде аларга боору ооруп, хидаят тилеп, такай дуба кылышы / Мээримдүүлүк жана айкөлдүк .

Г. Жараткан Алланын уруксаты менен дубасы кабыл болуп кумдарды унга айлантышы / Чеберчилик жана жөндөм.

8. Ахлаксыз Содом коомунун «тазалар арабыздан чыксын» деп айтышы кайсы вариантка дал келбейт?

А. Таза ахлактуу инсандардын болушу алардын тынчын кетирип, чыдамын алып турган.

Б. Коом ичиндеги кимдердин кумса эмес экендигин билүүнү каалаган.

В. Өз ичинен адеп-ахлактуу адамдардын өсүп чыгышын каалаган.

Г. Кызтекелик жорукту жасабаган адамдарды жаман көрүшкөн.

9. Содом эли акыйкатты көрбөй, көкүрөгү сокур болуп, кайдыгерлик жана адашуунун туңгуюгуна түшүп кеткен эле. Кайсы вариантта Содом элинин иши туура эмес көрсөтүлгөн?

А. Алар кылып жаткан жаман жоруктарына Азирети Луттун кийли-гишпөөсүн талап кылып, бул нерселерди кадыресе нерсе катарында кабылдашын талап кылышкан.

Б. Таза жана адал жолго баштаган Азирети Лутту коркутабыз деген ойдо «Сүргүнгө айдайбыз!» деп эскертишкен.

В. Талкалоо үчүн келген периштелерди жана Лут пайгамбарды ташбараңга алып кубалашкан.

Г. Алла Тааланын каардуу азабы тууралуу кабар бергенине карабай, «Ошондой эле чынчыл болсоң, Кудайыңдын азабын алып кел!» деп, Азирети Лут ачык эрөөлгө чакырган.

10. Алла Тааланын мээрими жар болуп Азирети Лут менен кыздары азаптан оолак болуп, бейпилдикке чыгышкан. Бирок пайгамбардын аялы Вахила сыйпана коомго кошулуп жер менен жексен кылынган. Төмөнкү варианттардын кайсынысы ушул нерсенин себеби боло албайт?

А. Мунафык Вахила Содом эли менен кызматташ болгон.

Б. Вахила калктын ахлаксыздыгына жана ыймансыздыгына тоскоол болгон эмес, тескерисинче колдогон.

В. Азирети Лутка каршы коомдогу ахлаксыз адамдарды тукурган.

Г. Вахиланын теги Содом элинен болгон

11. Буняминди алып калуунун негизги себеби эмне эле?

А. Бир туугандарынын ичинен Буняминди абдан жакшы көрөр эле.

Б. Атасы Азирети Жакыпка тезирээк жолугууну каалаган.

В. Бунямин падышанын идишин атайылап куржунуна салып алган.

Г. Бир тууган агалары жолдо Буняминге жамандык кылып койт деген ойдо болгон.

12. «Качан Жусуптун жанына киришкен кезде, инисин өзүнө тартып: -Мен сенин бир тууганыңмын. Эми алардын (агаларыбыздын) өтүмүштө бизге жасаган нерселерине кейибегин! - деди» (Жусуп сүрөсү, 69-аят)**.**

Төмөнкү натыйжалардын кайсынысы ушул аяттын маанисине дал келбейт?

А. Азирети Жусуп Буняминдин көңүлүн жубаткан.

Б. Агаларынын бузук ниеттери жана жаман максаттарынын эч кандай зыяны тийбей турганын түшүндүргөн.

В. Агаларынан өч алгысы келип жүргөн Буняминди Жусуп пайгамбар тосуп койгон.

Г. Жусуп пайгамбар биртууган агаларынын кызганычына жана басынткан жаман жоруктарына сабыр кылууну Буняминге эскерткен.

13. Азирети Жусуп жиберген көйнөктү көздөрүнө сүртөр замат Жакып пайгамбардын көздөрү көрүп калган. Мына ушул мужизага төмөнкү кайсы натыйжаны дал келбейт?

А. Азирети Жусуптун көйнөгүнүн жыты Жакып пайгамбардын көзүнө дабаа болгон.

Б. Азирети Жакып Жусупту өтө жакшы көргөндүктөн, уулунун көйнөгү ата үчүн руханий баалуулук эле.

В. Уулунун көйнөгү менен Жакып пайгамбардын көздөрүнүн көрүп калышы нерсе менен болгон рабыта (байланыш) жана истиана түрүнө кирет.

Г. Азирети Жусуптун көйнөгүн канча күн көтөрүп жүрсө да, агалары үчүн анын эч кандай касиети жок эле.

14. Шуайб (алейхис салам) менен туугандык жайы бар пайгамбарлар төмөнкү кайсы вариантта туура берилген?

А. Адам (алейхис салам) менен Ибрахим (алейхис салам).

Б. Иса (алейхис салам) менен Муса (алейхис салам).

В. Салих (алейхис салам) менен Ибрахим (алейхис салам).

Г. Азирети Айуб (алейхис салам) жана Муса (алейхис салам).

15. Кайсы вариант Шуайб (алейхис салам) пайгамбардын коомуна айткан нускалуу кептерине дал келбейт?

А. Метр менен өлчөөдө жана таразада алдамчы болбой адилеттүү болуу.

Б. Жалгыз Аллага жана Анын пайгамбарына ишенүү.

В. Жолоочуларды жана чоочун адамдарды өлтүрбөө.

Г. Уурулуктан, паракорлуктан жана талап-тоноочулуктан оолак болуу.

16. Мадян коому Азирети Шуйбдын акыл-насааттарына кулак салгысы келбегени менен: «...Чындыгында эле, сен көңүлчөөк, боорукер жана рашид (туура жолду тапкан) кишисиң!» (Худ сүрөсү, 87-аят) **деп айтышар эле. Бул сөздөрдөн алардын кандай түшүнүктө болгонун билсек болот?**

А. Алар сыртынан ишенбегендей көрүнгөнү менен ичтеринен чын эле ишенишкен.

Б. Шуайб (алейхис салам) алып келген ишеним негиздерин жана социалдык принциптерди кабыл кылгылары келбегенине карабай, анын адамдык мыкты сапаттарына таң калышкан.

В. Алар Азирети Шуайбды жек көрүгөнүнө карабай, ага жакындоого аракет кылышкан.

Г. Шуайб пайгамбар алып келген ишенимди чын көңүлдөн кабылдашкан.

17. Айка элине чоң азаптан оболу кандай эскертүүлөр жана белгилер жиберилген эмес?

А. Ысык шамал.

Б. Көк түстөгү чымындардын көбөйүп кетүүсү.

В. Күндүн катуу ысышы.

Г. Асман бетин капкара булуттардын каптап калышы.

18. Айка эли эмнени кылган эмес?

А. Айка эли динди кабыл кылышкандыгы үчүн Шуйб пайгамбардан акы талап кылышкан.

Б. Пайгамбарды жалганчыга чыгаруу менен гана чектелип калбастан, ага ар кандай кордуктарды көрсөтүшкөн.

В. Аллага күнөөкөр болуп, туура жолдон тайып, тавхид ишениминен чыгып кетишкен

Г. Соода-сатыкта алдамчылыкты, көз бойомочулукту көнүмүш адатка айландырып алышкан.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

عليهم السلام

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **АЗИРЕТИ МУСА (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ХАРУН (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ДАВУД (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ СУЛАЙМАН (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ УЗАЙР (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ АЙУБ (алейхис салам)**

1.16 АЗИРЕТИ МУСА (алейхис салам) жана АЗИРЕТИ ХАРУН (алейхис салам)

Алла Таала тарабынан Исраил урпактарына жөнөтүлгөн Муса (алейхис салам) пайгамбадын аты Курандын көп жеринде аталып кеткен. Ал “улул-азим” пайгамбарлардын бири болуп саналат. Имрандын уулу Мусанын теги Жакып жана Исхак пайгамбарлар аркылуу Азирети Ибрахимге чейин барат. Азирети Харун (алейхис салам) болсо Азирети Мусанын тууганы да, жардамчысы да болгон.

Азирети Жусуп пайгамбарды өлкөнүн казына башчылыгына дайындаган Мисир фараону Райяан бин Малик Алла Таалага ыйман келтирген адам эле. Андан соң фараондук тактыга Кабус аттуу адам олтурат. Ал Азирети Жусупка ыйман келтирбейт, бирок, аны кызматтан алып салбайт. Кабустан кийин тактыга отурган фараондор Исраилден тарагандарга (эврейлерге) катаал мамиле жасашкан.



Жөөттөр Жусуп пайгамбардын көзү өткөндөн кийин да кыйла жылдар бою Мисирде турушкан. Жусуп, Жакып, Исхак жана Ибрахим пайгамбарлардын динин тутунушкан. Ал эми, Мисирдин жергиликтүү калкы Кыптийлер (Копти эли) бутпарас болгон. Жылдыздарга

жана буттарга сыйынышкан. Мисир калкы жөөттөрдү аябай басмырлап турган. Ырайымсыз фараондор болсо алардын көбөйүшүн каалабагандай таризде саясат жүргүзгөн. Исраил уулдарынын арасындагы сыптий уруусу көбөйсө, аларга мамлекеттик башкарууну алдырып жиберүү коркунучу бийлик төбөлдөрүн тынчсыздандырган.

Ар биринин теги Азирети Жакыптын он эки уулуна барып такалган он эки уруунун жашоо шарты оорлошуп, кысым күчөгөндөн күчөй берген. Ишке дарманы жетпеген алсыздарга залим фараон оор салыктарды салган. Салыкты күн батканча таап келбегендердин колдорун бир ай бою байлап, эркинен ажыратып салышкан. Өлгөндөрү ачкадан өлүп, өлбөгөндөрү бирөөлөрдүн жардамы менен азыктанып, айтор, эптеп өлбөстүн күнүн көрүп жашашкан.

Мына ушул залимдик, кыйналуу, ишеним маселеси жана улут келечеги талкаланып кетээр кезде Алла Таала, Мусаны (алейхис салам) аларга пайгамбар кылып дайындайт.

1.16.1 Фараонду коркуткан түш

Залим фараон күндөрдүн биринде ажайып коркунучтуу түш көрөт. Түшүндө: Ыйык жайдан алоолонгон өрт чыгып бардык кыптий уруусунун үйүн жалмап кетет. Эң кызыгы, алоолонгон өрттөн эч бир жөөттүн үйү зыян тартпайт.

Түш жоруган билгиндер:

“Жөөттөрдөн бир азамат чыгат. Ал сенин бийлигиңди жана атак-даңкыңды жер менен жексен кылат!” деп жооруп беришет.

Жоопко төбө чачы тик турган фараон, Исраил уулдарынан төрөлө турган бардык эркек ымыркайларды кандай жол менен болсо да өлтүрүүгө буйрук чыгарат.

Адам сыпатынан ажыраган мыкаачы аскерлер камыштан атайын учтуу курал жасап, төрөтү жакындап калган аялдардын курсагына сайгылап, азаптап жатып маалынан эрте төрөтүп алмайды өнөкөткө айландырып алышат. Ымыркай эркек болсо эненин көз алдында боздотуп туруп өлтүрүшөт же тартып алып ээң жерде тындым кылып коймой болушат.

Ушу тушта Азирети Жакыптын укумунан Имрандын уулу Муса жарык дүйнөгө келет. Киндик энеси төрөт учурунда Мусанын маңдайынан бир башкача жаркыраган нурду көрүп, бир чети таң калса, бир чети корко баштайт. Төрөт аяктаган соң киндик энелер сыртка чыгышкан кезде падышанын буйругун аткарып жүргөн жан алгычтар жетип келишет. Алардын шылдың аралаш үндөрүн уккан эне уулун дароо чөргөп жиберип, кызуулугу али кайта элек тандырдын ичине салып оозун беките салат. Сырт жакты акмалап ичкери киришет. Ары тинтип, бери тинтип издегенин таппаган соң чыгып кетишет. Алиге чейин күйүп күлү калдыбы же эмне болду деген түрдүү жаман ойлор бир заматта эненин ой санаасын бийлеп алат. Чуркап жетип тандырдын оозун ачып көргөн көзүнө ишенбейт, отко күйбөгөн Азирети Ибрахим сыяктуу уулунун мемиреп уктап жатканын көрөт. Эмелеки кызуу тандыр ысыгы кетип кадимкидей салкын болуп калыптыр. Жүрөгүнүн түрсүлдөп чыкканына энтиккен эне байкуш перзентин кучагына ала коюп, Жаратканга ыраазылыгын билдирет. Аңгыча энеге Алла Тааладан аян келет: Аянда баланы эмизип туруу жана баланын өмүрүнө коркунуч туулган кезде аны Нил дарыясына агызып жиберүү буйрулат. Сабыр

кылып турса, жакын арада уулу өзүнө кайтарылары жана анын чоң пайгамбар болору айтылат:

“Мусанын энесине: Аны эмизе бергин. Анан качан (Фараондун адамдары уул көргөнүндү билип калып аны өлтүрүп кетүүсүнөн) корксоң аны дарыяга (Нилге) таштап жибер. Эч коркуп кейибегин! Анткени Биз аны сага кайрадан кайтарабыз жана аны пайгамбар кылабыз..., деп билдирдик” (Касас сүрөсү, 7-аят)**.**

Ажайып окуяга күбө болгон эне жыгач устага кичинекей сандык жасатат. Аны үйгө алып келээри менен наристе Мусаны сандыкчанын ичине жаткырып, Нил дарыясына агызып жиберет да ичи туз куйгандай ачышып ыйлаган бойдон кала берет. Ичинен улам Аллага жалбарып, Анын жакшылыгын үмүт кылып артка кайтат.

Сандыкты жасаган устанын ичиндеги куйту сезимдери түрткүлөп, кубанычтуу кабар айта тургансып падышага барат. Сарайга кирээри менен уста тилден калып, акылдан айныган жиндидей булдурттап бир нерселерди жаңсагандан башкага жарабайт. Желдеттери аны сарайдан кууп чыгышат.

Дарыянын агымы менен ылдыйлап агып олтуруп балалуу сандык сарай бакчасынын тушуна жеткенде жээктеги агындыларга такалып жылбай калат. Ошол кезде сууга чөмүлүп жаткан бир топ аял көзгө сүйкүмдүү көрүнгөн жыгач сандыкты көрүшөт. Эмнеси болсо да эне эмеспи, эч жамандык ойлобой баары сүйүнүшөт. Сандыкты падышанын аялы Асия энеге алып барышат.

1.16.2 Азирети Муса Фараондун сарайында

Раян бин Валиддин тукумунан келген Асия Фараондун аялы болгон. Жарашыктуу жыгач сандыкта келген Мусаны көргөндө Асиянын көңүлү бир башкача элжиреп, мээрими төгүлөт. Анткени балаканактай наристе ушунчалык сүйкүмдүү, ушунчалык таттуу эле. Жүрөгүндөгү энелик сезими ойгонуп баланы кучагына кысат. Ары ойлонуп, бери ойлонуп, карамүртөз күйөсүнүн мыкаачылык иштерин көз алдына элестетип коркуп кетет. Акырында тобокелге салып наристени күйөөсүнө көтөрүп барат.

“Фараондун аялы (ага): “(Бул бала) мен үчүн да, сен үчүн да көз-көңүл кубанычы. Аны өлтүрбөгүлө, балким бизге пайдасы тийет же муну бала кылып алабыз, -деди. Кантсе да алар иштин аягын сезе алышпайт эле” (Касас сүрөсү, 9-аят)**.**

Падышанын сарайында кала тургандыгы толук белгилүү болгондон кийин кичинекей Мусага сүт эне издей башташат. Көп аялдарды сарайга чакырышат. Азирети Муса алардын эч кимисин эмбей койот. Азирети Мусанын эжеси Марям сарайдагы дуу-дуу кабарды угаары менен Мусанын өз энесин чын көңүлдөн сүт эне боло тургандыгын кабар берет. Анткени:

“Биз баарынан мурда (Мусанын) сүт энелерди эмүүсүнө уруксат берген жокпуз (ал бир да энени эмбей койду), ошондо (анын эжеси келип): -Мен силерге ага кепил болуп, (эмизе турган) жана ага калыс (тарбия бере турган) бир үй-бүлөнү көрсөтөйүнбү?-деди” (Касас сүрөсү,12-аят)**.**

Азирети Мусанын энеси Алла Тааланын убадасынын орундалышына жан дилден ишенгендиктен, шектенип калышпасын деген ойдо, сарайдагы баланы эмизүү өтүнүчүн четке кагат.

-Урматтуу төбөлдөр! Менин Харун аттуу уулум бар! Харун экөөбүздү кабыл кыла турган болсоңор эмизем, болбосо эмизе албайм!... дейт.

Ошентип, анын Мусанын энеси экендигине эч кимдин баамы жетпей калат. Харунду да кабыл кылып, Мусаны эмизгендиги үчүн акы төлөшөөрүн убада кылышкан соң энеси макулдугун билдирет. Өз энеси наристе Мусаны Фараондун сарайында эмизе баштайт. Амалкөйлүгү жагынан айбандан ашкан куу вазир мындай абалга шектенип ансыз да жүрөгү зыркырап турган энеден:

- Сенден башка эч кимди эмбей койгонуна караганда бул бала өзүңдүкү болуп жүрбөсүн?”-деп зекип да көрөт.

Азирети Мусанын энеси:

-Эмнегедир ымыркайлардын баары мени эме беришет. А мен болсо жаш балдарды абдан жакшы көрөм. Бир чети сүтүм дагы абдан таттуу,- деп койот.

Ошентип, эмизген акысынан тышкары Мусанын энесине алтын тартуу кылып сый көрсөтүшөт.

Асия эне Мусаны сагынган кезде аны сүт энеси менен жанына чакыртып, баалуу белектер менен тосуп алаар эле. Күндөрдүн биринде Мусаны фараондун падышалык бөлмөсүнө алып барат. Фараон аталык сезим менен кучагына алган кезде Муса анын сакалынан катуу тартып бир кыл үзүп алат да, жаактан ары бир чабат. Башка бир баяндамада болсо, фараонду колундагы камчы менен башка чабат. Эч кимден жагымсыз сөз угуп көрбөгөн падыша колундагы асыранды баланын мындай жоругуна катуу ызаланат да:

-Душманды элдин арасынан издеп жүрсөм, кутуруп сарайымда жүргөн тура! Мен буга ата болоюн десе, мага кастыгын көргөзө баштады!!! –деп аскерлерине Мусаны өлтүрүүгө буйрук берет. Бир балакет болуп кеткенин угуп калган Асия эне жете келип аскерлердин колунан Мусаны жулуп алат:

-Ушу акылга кире элек жаш балага да теңелесиңби? Кааласаң мунун акылын текшерип бир сынап көр. Бир табака алмаз жана жакут, бир табака болсо жанып турган чокту салып алдына коёлу. Эгерде жакут менен алмазды алса, анда акылдуу. А эгер жалындап турган чокту кармаса, али акылга кире элек болгон болот, - деп амалкөйлүккө салып жатып залим күйөөсүн дагы көндүрөт.

Фараон бул сунушту макул көрөт. Айтылгандай эки табакты алып келишет. Муса (алейхис салам) жакут жана алмаз салынган табака карай умтула баштаган кезде, Алланын өкүмү менен көз ачып жумганча жетип келген Жабраил (алейхис салам) анын колун чок салынган табакка карай түртөт. Жанындагы адамдар ай-буйга келгиче кичинекей Муса чокту алып оозуна сала койот. Ошентип, Мусанын тили күйөт да сакоо болуп калат. Тилинин сакоолугу кийин Тур тоосундагы дубасынан кийин түзөлүп кеткен. Жаш баланын кылган жоругуна муюган фараон Азирети Мусаны кечирет.

1.16.3 Бир кыптийдин өлүмү

Фараондун кыптий уруусунан тандап алган Фатун аттуу карөзгөй наабайчысы болот. Күндөрдүн биринде ал сыптий уруусунан Самири аттуу адам менен урушуп кетет. Токмок жеп жаткан Самири жолдон өтүп бараткан Азирети Мусадан жардам сурайт. Азирети Муса экөөсүн ажыратып кою ниети менен арачалап кирет. Болбой эле өжөрлөнүп кайра-кайра Самириге жулкуна берет. Муса экөөсүн эки жака тартайын деп зөөкүр Фатунду көкүрөктөн ары түртүп койот. Каш кабактын ортосундагы кырсыктан улам Фатундун каракуш мээси жерге катуу тийип жан берет. Кокустукка айла барбы?!

Кыптийлер өздөрүнүн уруулашын өлүмүнө себепкер болгон адамды таап жазага тартууну фараондон катуу талап кылышат. Окуянын күбөлөрүн сарайга алып келүүнү вазирлерине тапшырат. Ал окуяны көргөн билген киши жок болуп чыгат. Керектүү күбө шаардан табылбагандыктан шаар сыртындагы айылдарга кабар салдырат.

Ошол окуянын эртеси Азирети Муса баягы өзү жардам берген сыптийдин дагы башка адам менен чатакташып жатканын көрөт. Сыптий Азирети Мусаны көрөр замат кайрадан куткарып калуусун суранат. Ал:

-Ушу сенин айыңдан башыма балээ үйүп алдым! – деп, алдыңкы күндөрдө болгон окуяны сыптийдин эсине салат.

Мусанын бул сөзүн көңүлгө түйүп калган кыптий дароо жетип, фараонго окуяны төкпөй чачпай айтат. Кыптийдин өлүмүнө Азирети Мусанын шектүү экендигин маалымдайт. Кылмышкерди таба алабай айла кетип турганда бул кабар фараонго майдай жагат. Эч нерсени териштирбей туруп, Мусага сыртынан өлүм жазасын буйруп салат. Фараондун агасынын уулу Мусаны жакшы көргөндүктөн, жашыруун түрдө кабарды жеткирет.

1.16.4 Мисирден Мадянга сапар

Муса (алейхис салам) убакытты текке кетирбестен Мадянга карай жол тартты. Негизинен ал азыркыдай узак сапарга эч качан чыгып көргөн эмес эле. Ошондуктан кай тарапка багыт аларын өзү да билбей аргасыз абалда ойго чөмүлдү. Жанына күл азык алганга да жетишпей калган. Алла Таала пендесинин түйшүгүн жеңилдеткиси келип Жабраил периштени жол көрсөтүү үчүн жөнөттү. Ошол доордун шарттарында Мисирден Мадянга баруу сегиз күндүк жол эле.

Азирети Муса менен Мадяндын калкы Ибрахим (алейхис салам) пайгамбардын урпактары болгондуктан, ортодо туугандык жай бар эле. Ушул чындыктан улам Ибрахим пайгамбардын тукумунан болгон бир ардактуу адамдын аты ушул аймакка Мадян делинип коюлуп калган, деген сөздөр айтылып келет. Бул аймак фараондун бийлигине баш ийбейт эле.

Акырында Алла колдоп Мадянга да жетти. Чаалыгып келип жол боюндагы кудуктан обочороокто тыныгуу үчүн отура кетти. Дал ошол учурда жергиликтүү калк Мадян коргонунан үйүр-үйүр малдарын, короо-короо койлорун чыгарып жатышкан. Коргондон чыккан бардык туяк үйрөнгөн жолу менен түз эле кудук тарапка келип топ-топ болуп туруп калышты. Бардык чабандар кудуктан суу ала башташты. Обочо жерде жандыктарын

сугарбастан жөн гана имерип турган эки аялзаты Азирети Мусаны таң калтырды. Тиги ызы - чууга аралашпай бир нерсени күтүп тургандай түрлөрү бар эле. Аларга жакын барып:

- Сиздер бир нерсени күтүп жатасыздарбы? Малды эмнеге имерип сугарбай, турасыздар? - деп сурады .Алар:

-Тиги чабандар кетмейин малыбызды сугара албайбыз!.. - дешти. Азирети Муса:

-Сиздерге каралашаар эч ким жокпу? Алар:

-Улгайып, ал-күчтөн тайган атабыз бар. Ошондуктан, койлорду өзүбүз кайтарып, өзүбүз сугарабыз. Эркектер турган жерге аралашууну каалабайбыз. Элдин баары кеткенден кийин койлорубузду сугарып кайтабыз. Алар биринчи сугаргандыктан кээде кудуктагы суу түгөнүп, койлорубуз суусуз калат...!" – дешти тартынбай.

Бул эки аялзаты Шуайб пайгамбардын кыздары Сафура менен Суфайра эле. Азирети Муса (алейхис салам) сегиз күн бою курсагы ач жүргөнүнө карабай кыйналса да кудуктан суу тартып Сафура менен Суфайранын койлорун сугарды. Кыздар Азирети Мусага ырахмат айтышып жөнөп кетишти.

"Ошондо (Муса) алардын (койлорун) сугарып берди. Кийин (бир даректын) көлөкөсүнө барып олтуруп: "Раббим, мен үчүн Өзүң эмне жакшылык (ырыскы) түшүрө турган болсоң, ошого муктажмын, -деди» (Касас сүрөсү, 24-аят)**.**

Жандыктарды эрте сугарып кайткан кыздарын көрүп Шуайб (алейхис салам) таң калып себебин сурады. Кыздары кудукка барганда ыймандуу бир адамга кездешкенин жана жандыктарды сугарганга астейдил жардам бергенин, мурда бул аймакта андай адамды эч көрүшпөгөнүн айтып беришти.

Шуайб пайгамбар Мусаны (алейхис салам) жанына чакыртып алды. Эки улуу зат кызуу маекке берилип кетишти. Улгайган инсандын дилгирленип турган суроосуна:

-Мен Азирети Жакыптын (алейхис салам) урпагынан келген Имрандын уулу Мусамын, -деп башынан өткөргөн окуяларды тизмектете баяндап берди.

Шуайб (алейхис салам):

- Коркпогун тууганым. Бул жерде фараондун өкүмү эч нерсеге жарабайт, - деп, Мусанын көңүлүн тынчтандырууга аракет кылды кыраакы абышка.

Азирети Шуайб үйүнө келген ардактуу коногуна ак дасторконун жайып, сыйын көрсөттү. Муса (алейхис салам), курсагы ач болуп турганына карабай тамак жегенден тартынып жатты. Шуайб пайгамбар жигитти кыжаалат кылып жаткан нерсени астейдил сурады. Муса (алейхис салам):

-Биз аны акыреттик нематка эч нерсени алмаштырбаган үй-бүлөбүз! Мен тамак үчүн эмес Кудай Тааланын ыраазычылыгы үчүн жардамдашкан элем, - деп оюндагы санаасын айтты. Коногунун мындай кеменгер жообуна ыраазы болгон Азирети Шуайб:

- Кадырманым, андайды оюңа ала көрбө, мырзам. Алдыңдагы сый тамак жардамың үчүн эмес, Кудайы коногум болгондугуң үчүн. Ал, ала кой, эч тартынба! -деди.

Улгайган инсандын көңүлдү жибиткен сөзү Азирети Мусанын жүрөгүндөгү түпөйүл санааны ээритип жиберди. Тамактанып болгон соң чаалыгып чарчаганын эми сезгендей эс алуу үчүн уруксат алып уйкуга кетти.

“Эки кыздын бири: “Ата, аны (ишке) жалдап алып кал. Чындыгында, ал жалданган адамдардын мыктысы, күчтүүсү жана ишенимдүүсү”,–деди” (Касас сүрөсү, 26-аят)**.**

Бул сунушту Сафура айтты. Кошумчалап: «Мына ошол өзгөчөлүктөр анда толук бойдон бар. Анткени ал чоң ташты тик көрүп кудукка таштады жана жолдо келе жатканда жүзүбүзгө тик карабастан алдыбызда келгенине караганда абдан адептүү жана ишенимдүү адам экендиги көрүнүп турат!» (караңыз: Хайсами, Мажмауз-Заваид, VII, 88).

1.16.5 Азирети Мусанын Сафура менен үйлөнүшү

Азирети Мусанын нукура кишилик сапаты Шуайб пайгамбарга жагып калгандыктан аны биротоло өздөрү менен калышын каалап турду. Ары ойлонуп, бери ойлонуп акырында Сафура кызы менен баш коштуруп койорун сунуш кылат. Азирети Муса:

-Урматтуум! Менде эч кандай мал-мүлкүм жок, кантип үйлөнөм?-деп, каршы пикирин билдирет. Улгайган пайгамбар махр үчүн сегиз жыл кой багып берсе эч кандай мүлктүн кереги жок экендигин айтат. Мүмкүн болсо койлорду он жыл кайтарып берсе андан да жакшы болорун сураныч катарында өтүнөт. Максат сегиз же он жыл кой кайтартып Муса пайгамабарды кыйноо эмес, тескерисинче Шуайб пайгамбар аны жанынан кетиргиси келбегендиктен ушундай сунуштарды билдирген.

«(Кыздардын атасы Мусага): -Мага сегиз жыл иштеп берсең, мына бул эки кызымдын бирин сага никелеп берер элем. Эгер онду толуктасаң, ал сенин өз ишиң. Сага машакат кылышты каалабаймын. Алла кааласа менин жакшы адам экенимди көрөөрсүң, –деди» (Касас сүрөсү, 27-аят)**.**

Бул аятта коом турмушунда көп кездеше турган маанилүү жагдайга басым жасалган. Адамдардын арасында эң ишенимдүү деп таанылган эки пайгамбар дагы алдыдагы иш тууралуу сүйлөшкөндө, бүт нерсени ачык сүйлөшүп, айкын чечимге келишкен. Маселенин баарын ортого коюшкан. Келишимдин аягында Алла Таалага тобокел кылышып, Аны өз сөздөрүнө кепил тутушкан.

Жетишилген келишимдин негизинде Азирети Муса (алейхис салам) Азирети Шуайбдын (алейхис салам) малын бага баштайт. Жандыктарын сугарууну каалаган кезде каалаган жерди аса таягы менен чаап койсо суу атырылтып чыгарын Алла Таала билдиргенден кийин мындай жеңилдиктин арты менен Азирети Муса жандыктарын кыйналбай сугарып оңуп калат.

Убакыт дайранын агымындай бирде шыр, бирде жай агып олтуруп белгиленген сезиз жыл билинбей өтүп кетет. Жыл толукталган соң Азирети Шуайб койлорун күйөө баласы менен кызына тартуу кылат. Ортодогу ата баладай болгон жылуулук Азирети Мусаны бек жылоолоп онунчу жылды да аягына чыгартат. Көпчүлүк калк тарабынан жактырылган ала түстөгү койлор. Мурунку жылдары аз төлдөп жүргөн болсо онунчу жыл дегенде баары эгиз төлдөйт. Козулардын баары энелерине куюп койгондой ала болуп туулат.

1.16.6 Мадяндан Мисирге кайтуу

Он жылдык узун убакыттан кийин Муса (алейхис салам) карыя пайгамбар Шуайбдын ак батасын алып, жубайы Сафура менен бирге койлорун айдап Мисирге карай бет алышты. Ал жака баруудагы анын негизги максаты, Харунду кошуп бүт Исраил урпагын Мисирден алып чыгып кетүү эле.

Жолдо нөшөрлөп жамгыр төгүп туруп алды. Айлананы көзгө сайса көрүнгүс караңгылык каптаган. Таң атканча корголонуп туруу үчүн Тур тоосундагы бир үңкүргө кириштри. Сафуранын айы күнү жетип калгандыктан, наристе күтүп жүргөн учур. Жолдо экөөсү тең үшүп калышкан. Өзөк жалгап алуу жана жамгырда суу болгон кийимдерди кургатуу үчүн от жагуу зарыл эле. Ак жаан өтмө катарга өтүп кеткендиктен Азирети Муса чакмак чагууга канчалык аракет кылбасын күйгүзө албай койот. Ушинтип кыйналып турган чакта бираз обочо жерде үлүң үлүң күйгөн жарыкты көрүп терисине батпай сүйүндү. Жубайына эч жакка кетпей турууну эскертип, ошо көрүнгөн жарыктан чок алып келүүгө жөнөп кетти. Ал аны пайгамбарлыкка даярдоо үчүн Алланын койгон белгиси эле.

Азирети Муса жарык чыккан жака түз барып, жашыл даректын үстүндө жаркырап турган узунунан келген шооланы көрдү.

“Анан анын жанына жетип келгенде, ал куттуу жайдагы өрөөндүн оң жагындагы дарак тараптан ага добуш келди: “Эй Муса! Мен бардык ааламдардын Ээси болгон Алла Тааламын!” (Касас сүрөсү, 30-аят).

Алла Таала ошентип Мусага (алейхис салам) эки чоң мужиза менен бирге пайгамбарлык вазийпаны жүктөдү да:

“Эми фараонго баргын! Анткени ал, чектен чыкты!” (Таха сүрөсү, 24-аят) - деп оболу падышадан баштап динге чакыруу жоопкерчилигин берди. Муса:

“Раббим! Мен алардан бирөөнү өлтүрүп койгон элем, ошол себепттүү мени да өлтүрүп коюшабы, - деп коркуп турам” (Касас сүрөсү, 33-аят).

“Раббим! Көкүрөгүмө кеңдик, ишиме жеңилдик бер, алар сөзүмдү түшүнсүн үчүн тилимдин ушул түйүнүн-сакоолугун айыктырып жибер. Өз үй-бүлөмдөн Харунду мага жардамчы кыл!” (Таха сүрөсү, 25-30-аяттар).

Узака созулган сагынычтан кийин Муса пайгамбар тууганы Азирети Харун менен Нил дарыясынын жээгинде жолугушту. Бир топ баарлашып, сагынычтар тараган соң инисинен өтүндү:

-Жүрү, фараонго баралы, Кудай Таала бизге ушундай улуу милдетти жүктөдү, - деди. Анан экөө:

“Оо, биздин Раббибиз! Ал (фараон) аша чаап кетет ко же болбосо чектен ашыкча (жорук жасап коёт ко) деп кооптонуп турабыз” (Таха сүрөсү, 45-аят) - деп мунажат кылышты.

Алла Таала аларга чакырык учурунда абдан аяр мамиле жасай турган жагдайды мындайча билдирди:

«Эми Фараонго барып: «Чынында биз бардык ааламдардын Ээсинин элчилерибиз. (Кол астыңдагы) Исраил (коомун) урпагын бизге кошуп жөнөт!» - дегиле» (Шуара сүрөсү, 16-17-аят)**.**

Жараткан Алла Таала фараондун динге келбей тургандыгын билип турса да, жылуу сөз менен барууну Азирети Мусага табыштады. Бул көрүнүш, кандай гана кырдаал болбосун алгачкы кадам “жакшылыкка чакырып, жамандыктан тыйуу” деген принцип болушу керектигин айгинелеп турат. Экинчиден, элчилеринин табиятына ушул изги аракетти сиңдирүү максатында Алла Таала ушул тартипти эске салган.

1.16.7 Акмак Фараон

Ага, ини эки пайгамбар Кудай Тааланын буйругуну негизинде фараондун сарайына барышты. Фараон:

-Сен кимсиң?

Ал:

-Мен ааламдардын Ээсинин элчисимин!

Фараон бир чети таң калып, бир чети ага жасаган мурунку жакшылыктарын эскертип, пайгамбарды айыптады:

“(Алла Тааланын өкүмүнө болгон чакырыкты уккан акмак Фараон) **:Бала кезиңде сени асырап чоңойтподук беле? Канчалаган жылдар бою арабызда жашабадың беле? Акыр аягында кылгылыкты да кылдың. Сен кесирсиң! -деди”** (Шуара сүрөсү,18-19-аяттар).

Муса (алейхис салам):

-Мен ал кыптийди атайлап өлтүргөн эмесмин! Сен мени үй-бүлөмдөн айрып, мага зулумду кылгансың. Бирок Мээримдүү жана Боорукер Алла Таала мага илим, даанышмандык берди. Мени пайгамбар кылып дайындады, -деди.

Кыжыры кайнаган фараон бурк этти:

-Ким ошол Раббиң, эй Муса?

(Муса)**:Раббибиз, бардык нерсеге өз келбетин берип, туура жолго салып койгон Алла Таала! ”** (Таха сүрөсү, 49-50-аяттар).

Алардын бул маселеге бир топ эле белсенип киришкенин аңдаган Фарон эгер чакырыкты токтотпой турган болушса азаптуу түрмөгө салып койорун эскертип коркутту:

“Муса: Эгер (Пайгамбарлыгымды тастыктай турган) **чындык далил** (мужиза) **көрсөтсөм да** (камайсыңбы?)**”** (Шуара сүрөсү, 30-ят).

“Ошондо (Муса) **таягын таштаган эле, капыстан ал кадимки ажыдаарга айланды”** (Шуара сүрөсү, 32-аят).

Мурун мындайды өмүрүндө көрбөгөн Фараон жаны чыгып кетчүдөй болуп коркуп көзүн жумду:

-Бардык Исраил уулдарын азат кыламын! Карма мунуңду!

Азирети Муса аса таягын колуна алар замат кайра мурунку абалына келип калды.

Фараон:

-Башка дагы эмнең бар?

“Колун (коюндан) **чыгарды** (эле)**; карап тургандарга** (күндөн да) **ак болуп көрүндү** (Муса өзү кара тору адам эле)**”** (Шуара сүрөсү, 33-аят).

Күндөй жаркыраган колду көргөн Фараон эми чындап коркуп, Муса пайгамбарга ыйман келтирип жиберишке аз калды. Падышасынын элжиреп баратканын байкай койгон вазири Хаман жолтоо болуп, көңүлүн башка жака бурганга жан үрөп калды:

-Падышам! Сен кудайсың! Башкага кулчулук кылуу сага жарашпайт! Сени баарыбыз кудай деп билебиз. Кудайлыктан пенделикке түшүп алганың дурус эмес. Мунун бир айласын табабыз. Эч камтама болбоңуз!

1.16.8 Мужиза менен сыйкырдын таймашы

Азирети Муса көргөзгөн мужизалар фараондун текебер сезимдеринин тоз тополоңун чыгаргандыктан, кудай болуп кейкейүүнү жыйыштырып коюп чөйрөсүндөгү билермандарынан кеңеш суроого мажбур болду:

Ал дооорлордо сыйкырчылык абдан күч алып өнүккөн эле. Азирети Мусанын сыйкырын жеңип ала турган сыйкырчы чыгып калаарынан үмүт кылган падыша, жанындагылардын бул чолок сунушун дароо макул көрдү.

Алла Таала бул окуяны мындайча билдирет:

“Чындыгында, биз да сеникиндей сыйкырларды көрсөтө алабыз. Ошондуктан ортобузда бир жерди убада кыл. Биз да, сен да айныбай турган ортодогу бир орун болсун ” (Таха сүрөсү, 58-аят).

Жарыш боло турган маалда кызыккан бардык эл топтолду. Аламан калк аянтка тиреп, боло турган окуяларды чыдамсыздык менен күтүп жатышты.

“(Калк), **балким жеңүүчүлөр боло турган болсо биз ал сыйкырчыларды ээрчийбиз!** (деп дуу-дуу болуп жатышты)**”** (Шуара сүрөсү, 40-аят).

Фараон баш сыйкырчыдан сурады:

- Мусага үстөмдүк кыла аласыңарбы?

-Биз сыйкырчылыктын туу чокусундабыз! Жер бетинде эч ким бизчелик аткара албайт! Эми бир гана көктөн атайын буза турган күч жиберилбесе эле аны сөзсүз жеңишибиз керек! Анткени дүйнөдөгү эң күчтүү сыйкырчы биз болобуз!

Ошондой болсо да сыйкырчылар, Азирети Мусага астейдил сый көрсөткөн тариздe кайрылышты:

“Муса, сен таштайсыңбы, же биз биринчи таштайлыбы?” (Таха сүрөсү, 64-аят).

“(Муса)**: Жок, силер биринчи таштагыла!....”** (Таха сүрөсү, 65-аят).

“Анан, аркан жана таяктарын жерге таштап: Фараондун кудуретине ант, албетте биз гана жеңишке жетебиз! -дешти” (Шуара сүрөсү, 44-аят).

“Ошол замат алар таштаган жиптери менен таяктары сыйкырлангандыктан, Мусага карай (сойлоп) **келе жаткан жылан болуп туюлду”** (Таха сүрөсү, 66-аят).

“Ошондо, Муса көөдөнүндө бир кооптонуу сезди” (Таха сүрөсү, 67-аят).

“Коркпогун! дедик: -Сен албетте жеңүүчү болосуң!” (Таха сүрөсү, 68-аят).

“Оң колуңдагыны жерге ташта алар жасаган нерселерди жутуп жиберсин! Алардын жоругу болгону сыйкырчылыктын айла-амалы гана. Кайда жүрбөсүн сыйкырчы эч качан үстөм келе албайт” (Таха сүрөсү, 69-аят).

Вахийди алары менен өзүнө бекем ишенип, көңүлүн өйүп баштаган сар-санаа тарап кетти:

“Алар (жиптерин жерге) **таштаган соң, Муса айтты: Силердин жасаган нерселер** (болгону) **сыйкыр. Алла аны жокко чыгарат. Анткени Алла бузуку адамдардын амалын оңдурбайт ”** (Юнус сүрөсү, 81-аят).

“Андан соң Муса таягын таштаган эле, капыстан ал, алардын ойлоп чыгаргандарын жута баштады!” (Шуара сүрөсү, 45-аят).

Жыйылган калктын жана фараондун алдына чыккан сыйкырчылар колундагы бир топ арканды жана таяктарын жерге таштаары менен алар, кыймылдагандай түрдө жылан болуп көрүнө баштады. Кийин кезекте Азирети Муса аса таягын жерге таштаган кезде Алланын кудурети менен адамдын үрөйүн учурган ажыдаарга айланып, сыйкыр болуп көрүнүп жаткан майдандагы бардык нерселерди жутуп койду. Сыйкырчылыр ошол замат мындай көрүнүш адамдын кудурети менен эмес, Алла Тааланын улуу кудуретинин мужизасы экенин дароо аңдашты. Анткени ал сыйкыр болгондо, алар көрсөткөн сыйкырлар сымал бузулган кезде кайра мурунку абалында жерде калып кетиши керек эле. А бул жерде болсо, сыйкырчылардын сыйкыры да бузулду, колдонгон нерселери да көздөн кайым болду:

“(Ушундай ажайып мужизаны көргөн) **сыйкырчылар дароо саждага баш коюшту. Ааламдардын Ээсине, Муса менен Харунга ыйман келтирдик! -дешти”** (Шуара сүрөсү, 46-48-аяттар).

“Фараон (ачууланып) : - **Силерге менин уруксатымсыз ага ыйман келтиргиңер. Демек силерге сыйкырды үйрөткөн улугуңар ошол экен да ээ?! Эми жакында билесиңер. Албетте мен колу-бутуңарды кайчылаш кесемин жана баарыңарды дарга асамын!”** (Шуара сүрөсү, 49-аят).

Мансапка таянган биримдик жана текеберликтин өмүрү ошол кургур мансаптын өмүрүнчөлүк эле жашайт экен. Эгер сыйкырчылар ыйман келтирбей, фараонду ошол жерде колдоп кетишкенде, бийликтин да, байлыктын да май көлүндө сүзүп калышмак. Бирок

ыйман деген акыйкат, жүрөктөрүн ынандырып, туура жолдун кайда жаткандыгын заматта көрсөтө салды эле, убактылуу кумарлануу, түбөлүктүү жыргалчылыкка алмаштырып алышты да фараонго минтип жооп узатышты:

“Бизге келген айкын мужизалардын жана бизди Жараткандын алдында сени тандабайбыз. Андыктан каалаганыңды кыла бер! Сен, бул дүйнөнүн гана өкүмүн өткөрө аласың!” (Таха сүрөсү, 72-аят).

Колдордун жана буттардын кесилиши, бул дүйнөгө гана таандык азап. Дене турпат – акыр аягында жерге берилчү курмандык. Ошол дене турпаттын өзөгүндө өтөөр кетээр (фанийлик), ал эми рухта болсо (бакийлик) түбөлүктүүлүк деген өзгөчө сыпат бар. Акылга сала турган болсок, түбөлүктү убактылуу нерсеге алмаштырууга болбойт. Сыйкырчылар айдан ачык мужизаларды көргөн соң, аятта айтылгандай:

«Биз болсо кетирген каталарыбызды жана сен бизди мажбурлаган сыйкырларыбызды кечирүүсү үчүн Эгебизге ыйман келтирдик! Анткени Алла-эң Мыкты жана Кечиримдүү» (Таха сүрөсү, 73-аят).

Карачы, кандай гана сүйүнүч, кандай гана өкүнүч! Эрте менен таймашуу үчүн жан далбас уруп үйлөрүнөн каапыр абалда чыккан сыйкырчылар, кыска убакыт ичинде, колу жана буту кесилип, кансыраган абалда.... Баары тегиз момун мусулмандык шарапатка жетишип, шейиттиктин шарабын татып, Аллага карай жол тартышты.

1.16.9 Түрдүү мужизалар

“Алар (Мусага) **айтышты: Бизди сыйкырлоо үчүн кандай белги келтирсең да биз сага эч качан ыйман келтирбейбиз!” “Деп айтышкандан кийин алардын үстүнө топон суу** (сел)**, чегиртке, бит, бака жана кан** (сыяктуу балээлерди) **ачык аян белги кылып жибердик. Ошондо деле алар текебер, күнөөкөр коом боюнча калышты”** (Араф сүрөсү,132-133-аят).

Кыптий коому карайлаткан апаатты көргөндө Азирети Мусаны “Чоң аалым” дей баштайт. Апааттан жеңилдей түшкөн соң мурунку чатактарын кайра баштап, “ансыз деле булар өткүн сыяктуу эле нерсе болчу!” деп акаарат кыла башташат. Аятта да айтылып кеткендей, кыптийлердин залимдиги чегинен ашып кеткендиктен, балээлер, кырсыктар удаама-удаа жамгырдай жаай баштайт.

1.16.10 Топон суу

Алла Таала нөшөрлөгөн жамгырды жиберет. Чар тарапты сел басат. Кыптий элин үйүнүн ичинен бери суу каптайт. Сыптийлер бул кырсыктан эч кандай зыян тартпайт. Башка апаат түшүп, жан көзгө көрүнүп калганда кыптийлер дароо Азирети Мусага карай чуркашат:

-Айланайын Муса! Раббиңе дуба кыл. Ушундан аман чыксак эле сага ыйман келтиребиз. Каалаган нерсеңерди аткаруу үчүн коомуңа жана сага уруксат кылабыз, -дешет.

Азирети Муса дуба кылаары менен суулар тартылып, молчулук-токчулук өкүм сүрө баштайт. Кырсыктын баары токтогон соң убаданы унуткан кыптийлер::

“Нөшөрлөгөн жамгыр биз үчүн апаат эмей эле молчулук турбайбы! Муса дуба кылбаса деле өз ордуна келчудой экен го!” деп, Муса пайгамбарга кайра каршы чыгышат.

1.16.11 Чегиртке

Кыптийлердин жанга баткан кесирлигинен кийин Кудай Таала кайрадан алардын үстүнө чегиртке үйүрлөрүн жөнөтөт. Молчулук өзү келди деп кыйынсынып отурганда эгин атпайды бүт жеп, түшүмдүн ойронун чыгарып кетет. Кыптийлер мурункусундай жойпуланып Азирети Мусага жетип келишет:

-Эй, аалым! Жалпы журт кыйын күнгө кала турган болду, дуба кылбасаң болбой калды. Ушул апааттан кутулсак эле сенин динди кабыл кылып, ыйман келтирели, бир колдоп кой эми, - деп, жалдырап туруп алышат.

Алла Тааланын каалоосу менен Азирети Мусанын кылган дубасы кабыл болуп, чегирткелер белгисиз жактарга житип кетишет.

Эшек ылайдан өткөн соң кыптийлер убаданы унутуп, каапырлык иштерди улантып, кыйноолор кайра башталат.

1.16.12 Бит жана бүргө

Жараткан Алла аларга кайрадан бит жана бүргөлөрдү азап кылып жөнөтөт. Үйдө болсун, көчөдө болсун тырманган эле каапыр. Бит менен бүргө элдер тамак ичип жаткан кезде идиштин ичине чейин секирип, накта мүшкүл жашоо башталат. Кайра эле Муса пайгамбарга жалдырашат. Оңолушар, туура жолго түшүшөр деген ниетте пайгамбар Аллага алакан жаят. Кудай Таала аларды балээден арылтары менен тилеке каршы кайра эле мурунку көрүнүш кайталана берет.

1.16.13 Курбака тобу

Ыйман, дин маселесинде жаш баланы алдагансып улам убададан тайган элдин жоругу чындыгында Кудай Тааланын да каарын келтире турган нерсе эле.

Бул балээ да аларды кайтара албаган соң Муса пайгамбар аса таягын Нилге тийгизип койор замат дарыядагы курбакалар Мисирди каптап кетет. Короо сарай, үйдүн ичинен бери жыш курбакага толот. Аргасы түгөнгөн кыптийлер жагалданып кайра келишет:

-Эй, аалым! Биз чындап бушайман болдук! Сөзгө турбаган бизди Кудай урсун. Адашып ит болдук, –деп күнөөлөрүн моюнга алышат.

Мусанын (алейхис салам) дубасы менен кайрадан тынчтык орноп калгандан кийин каапыр кайрадан каапырлыгын кылат. Эми эле кулдук уруп келген кыптийлер бир заматта заалимге айланып ырайымсыз иштерин улантат.

1.16.14 Кан

Жалганчылыкка жедеп көнүп, кургак убадага маш болуп бүткөн кыптийлердин айласы эми чындап кете баштайт. Анткени, Алла Таала алар ичип күн көрүп келаткан Нил дарыясын канга айлантып таштайт. Сыптийлер колдонсо кадимкидей таза, кыптийлер алса кан сузулуп жатты. Каапырлардын ушунчалык туруксуз, эки жүздүү экендигин ушундан билиңиз, арга түгөнгөндө курун мойнуна салып кайра эле Муса пайгамбарга жалдырашат. Алланын пайгамбарлары абдан кең пейил, ичинде кири жок инсан болгондуктан, каапыр суранып келсе деле ыйлагыдай болуп турганын көрүп жакшы ниетте тажабай дуба кыла берет. Суу тазарып кайрадан тазарып мурунку калыбына келет.

1.16.15 Мисирден чыгуу

Фараон баш болгон колу кандуу желдеттери өздөрүнүн каапыр болгону аз келгенсип пайгамбардын жолун тандаган алсыз катмарды көп жылдар бою күчкө салып эзүү менен алек болушат. Акыр аягында Муса пайгамбар аларга каргыш дуба кылууга мажбур болот:

“Муса: “Оо, Эгебиз! Сен фараонго жана анын жан жөкөрлөрүнө бул дүйнөдө кооздук менен мол байлыкты бердиң. Эгебиз, ошондуктан алар башкаларды адаштырып, туура жолуңдан чыгарып жатышат. Эгебиз, алардын байлыктарын жок кыл да, жүрөктөрүнө катуу мөөр бас! Алар катуу азапты тартканга чейин ыймандуу болушпайт”, – деди” (Юнус сүрөсү, 88-аят).

Мына ушул дубадан соң ар бир кыптий үй-бүлөсүнө ар башка апааттар келе баштайт. Кургакчылык кууратып, тери оорусу күч алат. Фараон бул апааттарга туруштук бере албасына көзү жеткен соң жөөттөрдүн Мисирден чыгып кетишине уруксат берет. Бирок бул балакет басылып калган соң, мурда болуп келгендей каапырлыктын жана залимдиктин кайрадан күч алышы турган иш эле.

“(Биз Мусага): **“Пенделеримди түндөсү алып чыгып кет. Аларга деңизден кургак жол жаса. Алардын кууп жетишинен** (жана чөгүп кетүүдөн да) **коркпо!”–деген кабар жибердик”** (Таха сүрөсү, 77-аят).

Муса (алейхис салам) түн бир оокумда Исраилден тарагандарды алып Сувайшка карай жол тартат. Ошол таңда фараондун бүлөсүнө караштуу бардык кыздар “Таун” аттуу коркунучтуу ылаңга кабылып жан беришет. Ансыз да жеңилүү ызасын тартып ачуулуу олтурган фараон бул суук кабарды укканда уулуу найза менен көкүрөккө жегендей чыңырып буркан-шаркан түшөт:

-Муну Мусадан башка эч ким жасай албайт! -дейт.

Фараон кыздарын көмүү менен алектенип жүргөндө Азирети Муса далай жолду арбытып, убакытан утуп кетет. Алардын качып кеткени угузулган кезде, жетишүүгө кеч болуп калган.

“Ошентип, күн тийген кезде алардын артынан түштү” “Эки топ, бири-бирин (узактан) **көргөн кезде, Мусанын жолдоштору: «–Мына эми кармалдык»,- дешти”** (Шуара сүрөсү, 60- 61-аят).

“Муса айтты: «–Эч качан! Чындыгында Эгебиз биз менен бирге! Ал мага жол көрсөтөт!” (Шуара сүрөсү, 62-аят).

Муса пайгамбардын алдында Кызыл Деңиз, артында фараондун тажаал аскерлери бар эле.

«(Биз) **Мусага: “Таягың менен деңизди чап!” – дедик. Ошондо деңиз** (экиге тең бөлүнө) **жарылып, ар бир бөлүгү аскар тоодой болду**» (Шуара сүрөсү, 63-аят).

Качкындар эки тарабы тоодой болуп ачылган суунун ортосундагы жол менен аркы өйүзгө карай жөнөшөт. Ушундай кысталыш кезеңде да жөөттөр Муса пайгамбардын тынчын алышат:

–Эй Муса! Толкундардын арасынан терезе ачтыр. Жолдогулар бири-бирибизди көрүп жүрөлү. Жаалап туруп алган элди тынчтандыруу үчүн Муса пайгамбар дуба кылат. Аңгыча толкундардын ортосунан терезелер ачылып он эки катар жолдо бараткан качкындар бири-бирин көрө башташат.

Ошентип, бардык аскерлер качкындардын артынан ураан чакырып кууп жөнөп калышат. Бул жагдайды Алла Таала мындайча баян этет:

“Арткыларды да (фараон жана кошуунун) **ошол жерге жакындаттык”** (Шуара сүрөсү, 64-аят).

Алабарман кызуулукта деңизге кирип алышат. Жол жарымдап астыдагы качкындарды кууп жетерге аз калганда күтүлбөгөн жерден деңиздеги жолдор жабылып, «аттиң ай!» дегенге да үлгүрбөй калышат.

“Муса жана аны менен чогуу келгендердин баарын куткарган соң беркилерди сууга чөктүрүп жибердик” (Шуара сүрөсү, 65-66-аяттар).

“Аларды кийинкилер үчүн өтүп кеткен бир (тарыхый) **сабак кылып койдук”** (Зухруф сүрөсү, 56-аят).

«Биз, Исраил уулдарын деңизден (сак-саламат) **өткөрдүк. Фараон жана аскерлери залимдик кылуу жана кыргын салуу үчүн алардын артынан түштү. Акырында аны суу тумчуктура баштаганда,** (Фараон)**: «Чынында, Исраил уулдары ыйман келтиргенден башка Кудай жок экен! Мен дагы мусулмандарданмын!» - деди»** (Юнус сүрөсү, 90-аят).

Кызыл Деңиздин иримине кирген соң сууга тумчугуп ажал менен бет маңдай келгенде аргасыздан ыйман келтирген фараонго Алла Таала:

“(Тообоң) **Эми би? Аныгында сен мындан мурун көгөргөн зыянкечтерден элең!”** (Башкача айтканда, башка каран түн түшкөндө оңоло калып, бираз арыла калганда эле кайрадан мурунку ырайымсыздыгыңды, каапырлыгыңды таштаган эмессиң! Эми минтип туңгуюкка кептелгендеги ыйманың пайда бербейт!) (Юнус сүрөсү, 91-аят).

“Бүгүн Биз кийинки муундарга үлгү болсун үчүн сенин денеңди (сактап) **куткарабыз. Бирок, көп элдер Биздин аяттарыбыздан бейкапар”** (Юнус сүрөсү, 92-аят) – деп, чындыкты дагы бир ирет кайталаган.

1.16.16 Тооратын түшүрүлүшү

Мисирден чыгып, душмандардан толук кутулгандан кийин Китепти алып келери тууралуу Муса (алейхис салам) элине сөз берген. Ошондуктан коомду Азирети Харунга убактылуу табыштайт:

-Сен булардын жаңылыш жактарын түзөтүп, адеп-ахлакка чакырып насаат айтып тура бер. Мен Алланын буйругу менен Тур тоосуна баратам. Алла Таала жибере турган жаңы Китеп менен кайтам буюрса!

Жөөттөр баягыдай эле кесирлик кылып Азирети Мусанын жолун торошот:

–Жок! Сенин жаныңда бизден барган күбөлөрдүн болушун каалайбыз!

Акырында Муса пайгамбардын макулдугу менен өз араларынан жетимиш кишини кошуп жөнөтүшөт. Көп жол жүргөн жетимиш бир адам Тур тоосуна чыгып барышат. Убада кылынган Китептин түшүрүлүшүн сурап дуба кылат. Алла Таала аны отуз күн орозо кармоого буюрат. Бул орозо учуру зилкаада айынын отуз күнүнө төп келет. Андан соң зулхижжа айынын алгачкы он күнүн кошуп, жалпы кырк күн орозо кармайт. Акыр аягында Азирети Мусага Китеп (Тоорат) берилип, жөөт коомун туура жолго чакыруу вазийпасы жүктөлөт.

«(Мага ибадат кылышы үчүн) **Муса менен отуз түн үчүн убадалаштык жана буга дагы он түндү коштук. Ошентип, Раббиң белгилеген убакыт кырк түн менен аягына чыкты...»** (Араф сүрөсү, 142-аят).

Вахийди ала турганчалык даражада болуш үчүн Алла Таала аны Тури Синага чакырып кырк күн бою орозо кармоо, мунажат кылуу жана тафаккур ибадаттары жүктөлөт. Муса (алейхис салам) бул мөөнөт ичинде Кудай Тааланын алдына чыгуунун камын көрөт. Дүнүйөлүк машаккаттардан оолак болуу, асмандардын сыр каткан мейкиндиктерине ой жүгүртүү аркылуу руханий жактан өнүгүү үчүн чогуу барган адамдардан оолак жашайт. Анткени, көкүрөктөгү рухту жаркыратып тазалоо, тунаруу үчүн бөлүнүп турууга муктаж эле.

Муну ушундайча түшүнсөк туура болор, Азирети Муса алгачкы отуз күндө орозо, дуба, ой жүгүртүү жана ушул сыяктуу ибадаттар, такыбаалык менен жетик тарбияланып, аруулана алган. Андан кийинки он күндө Алла Таала менен сүйлөшүү, Тооратын түшүрүлүшү сыяктуу, маанилүү окуялар жараян эткен. Тактап айтканда, Муса пайгамбар кырк күндүк тазалануу жана даярдануу мөөнөтүндө Кудай Таала менен сүйлөшө ала турган руханий бийиктикке жете алган.

Алла Таала менен сүйлөшкөндүгү үчүн Муса Пайгамбарда «Калимуллах» деген наамы бар. «**Муса менен Алланын Өзү** (түздөн-түз) **сүйлөштү»** (Ниса сүрөсү, 164-аят) деген аят аны сүйлөшүү болгондугунан кабар берет.

1.16.17 Ариха чөлкөмүндөгү Амалика эли менен болгон согуш жана Тих чөлү

Элди Арзы-Мавудга жайгаштыруу үчүн Азирети Муса жол баштап Канан аймагына жолго чыгат. Пайгамбар кошуундан ар бөлүмүнөн бирден өкүл чыгарып, Юша бин Нун менен Калиб бин Юхнаны аларга башчы дайындап, калкты бакылоого жөнөтөт. Чалгынга баргандар Амалика уруусунун өтө кубаттуу экендигин билип кайтышат. Кошуунду коркутуп, шагын сындырып албайлы деген ниетте жолдо келатып бул кабарды эч кимге билдирбөөгө убада кылышат. Ансыз да жөнөп жатканда алдагыдай кырдаалга тушуга турган болушса, сырды жашыруун кармоону эскерткен эле. Тилекке каршы эки башчыдан башка бардык чалгынчылар убаданы бузуп, элге жайып жиберишет. Ансыз да нечен кордукту баштан өткөрүп кандуу кагылыштардан зааркanып калган коом согушуудан бой качырып туруп алышат.

«Эй коомум, Алланын силер үчүн жазып койгон бул ыйык жерге (шаарга) **киргиле, артка кайтпагыла. Болбосо зыян тартуучулардан болуп каласыңар»** (Маида сүрөсү, 21-аят).

«Алардын жообу мындай болду: «Эй, Муса! Ал жерде каардуу эл бар да. Алар чыкмайын эч качан кире албайбыз. Эгер чыга эле турган болсо биз (ал жерге) **киребиз»** (Маида сүрөсү, 22-аят).

Фараондун кордугунан кутулгандан кийин өткөөл мезгилдеги кыйынчылык күндөрүн унуткан жөөттөр жай турмушка көнө баштаган. Ойго келген нерсени кылып, эркин жашоодо көп нерсени эңсей башташкан. Азирети Мусаны аргасыз дуба кылууга мажбур кылышып, натыйжада, таттуу даам менен бөдөнөнүн эти аларга Кудайдын куттуу күнү жаап турган. Ал эле эмес Муса пайгамбар аса таягын ташка урганда он эки көздүү булак пайда болуп, кашкайган тунук суу чыгат. Аталарынан калган мурастай аны да энчилеп алышып, бири-биринен кызганып пайдалана башташат. Алла Таала:

«Ошондой эле үстүңөргө булутту саябан кылдык, асмандан ширинди жана бөдөнөлөрдү жаадырып: «Силерге ырыскы кылып берген пакиза нерселерден жегиле» (дедик). **Чындыгында алар бизге зыян кылышкан жок, өздөрүнө зыян** (кыянат) **кылышты»** (Бакара сүрөсү, 57-аят).

Жөөттөр баштан бери көзү тойбогон, чыры түгөнбөгөн, шүгүр кылууну билбеген коом болгон. Нечен салих пайгамбарларга өлүмтүгүн артып, канча катуу эскертүү берилсе да кесирлигин таштаган эмес. Алардын жеткен кесир калк экендигин төмөнкү аяттардан таасым белүүгө болот:

«(Акырында) **Муса жалбарды: «Раббим! Мен өзүмдөн жана бир тууганымдан башкага тилим өтпөй калды. Жолдон чыккан итаатсыз бул коом менен биздин арабызды ажыратчы!»** (Маида сүрөсү, 25-аят).

«Алла айтты: «Эми кырк жыл бою бул жер алар үчүн арам (кылынды)**. Алар чөлдө адашып жүрүшөт. Сен бул итаатсыз-бузуку коомдун кылмышына капа болбо»** (Маида сүрөсү, 26-аят).

Кесирлик жөөттөрдүн канына сиңген белем, куткаруучу катары жөнөтүлгөн улул-азим пайгамбарлардын үчүнчүсү – Муса пайгамбарга акылга сыйбас талап коюшат. Жадагалса, Кудай Тааланы жөнөкөй жаратылган жандуудай ойлоп:

– Сен Раббиң менен согушуп көр, колдон келсе аны жеңип сал! Ошондо гана сени ээрчийли! –дегенчелик акмакчылыкка барышат.

Алла Таала ушул себептен аларды кырк жыл бою сандалтып тар жана тажатма Тих чөлүндө тентитет.

Бул аймактан чыгып кетүүгө канчалык аракеттенбесин кайра эле айланып чөлгө кайтууга мажбур кылат. Бул азаптуу көрүнүш жаңы муун өсүп жетилгенге чейин кайталана берет.

Акырында ушул ыймандуу жана зирек муундун жетилүүсү менен ал жердеги зордукчул коомду жеңип алуу жүзөгө ашат. Ошентип, алар «Арзы Мавудга» киришет. Шариа дарыясынын чыгыш тарабындагы аймактар алардын карамагына өтөт. Арзы Мавудга жайгашкан соң Азирети Мусанын берген убадасы толук аткарылат. Азирети Харун ушул убакта дүйнөдөн кайтат.

1.16.18 Алтын бука

Жөөттөр Азирети Мусанын жол башчылыгында Кызыл Деңизден өтүп бир кыйла жол арбыткан соң, бука баштуу буттарга сыйынган коомду көргөн эле. Мурдалары буттарга сыйынып көнгөн жөөттөргө бул көрүнүш жага берет. Жадагалса, ошондой бут жасап берүүнү Алланын пайгамбарынан да суранышкан жайы бар эле. Муса (алейхис салам) акыл-насааттарды айтып, андай иштин оор күнөө, кечирилгис ширк болорун эскерткенде коом былык пикирге бушайман болушуп, тооба кылышкан. Көңүлү ордуна түшкөн Муса пайгамбар Харунду ордуна өкүл дайындап Тур Тоосуна кеткен кезде, мурдатан ичине кек сактап жүргөн Самири аттуу жөөт жол башчынын жоктугунан пайдаланып, калктан алтын топтой салып чоң буканын айкелин жасайт.

“Бул Мусанын кудайы! Бирок, Муса өз кудайын унутту”, –деп, калкты алтын буканын айкелине табынууга чакырат.

Самири колунан көөрү төгүлгөн уста болгондуктан, алдынан шамал канчалык катуу соккон сайын тирүү букадай катуу бөкүрө ала тургандай чеберликте жасайт. Мурдуна тумшугуна жана башка жерлерине жел киргенде үн чыккыдай кылат. Шамал катуу соккон учурда оозу мурдунан кирген желден бөкүргөндөй катуу үн чыккан буканын артында туруп алган Самири:

– Көрдүңөрбү, кудайыңар силер менен сүйлөшүп жатат! – деген сыяктуу тантырак сөздөр менен карапайым калкты алдап олтуруп, бир топ жөөттөрдү акыйкат динден оолактатып кетет. Канчалык карайлап тоссо да каапыр калк Азирети Харунду укпай койот:

«Чындыгында мурун Харун да аларга: «Эй элим! Силер чынында ушу (бука) **менен сыналдыңар. Албетте Эгеңер чексиз Ырайымдуу. Андыктан мени ээрчип, буйругума баш ийгиле» - деген болчу»** (Таха сүрөсү, 90-аят).

«(Алар) **Муса арабызга кайтып келгенге чейин буга табынуудан эч качан баш тартпайбыз», - дешти»** (Таха сүрөсү, 91-аят).

«Эй Харун! Булардын бузукулука түшүп жатканын көрүп туруп артымдан эмнеге барган жоксуң? Буйругума каяша кылганыңбы?» - деди» (Таха сүрөсү, 92-93-аяттар).

Азирети Харун менен Азирети Муса бир ата-энеден туулган бир туугандар эле. "Энекемдин уулу" деп сөз менен ачуусу аябай келип турган агасынын көңүлүн жумшарткысы келген. Анткени эненин аты да, заты да атага жана бир туугандыкка салыштырмалуу мээрман келет. Алардын энеси Аллага ишенген, уулдарынын сүйүүсүн жана сый-урматын тапкан салиха аял болгон.

Алар Самирийдин тукуруусу менен колдорундагы кооздуктарды ээритип, бука жасоо үчүн отко ташташкан. Муса пайгамбар мындай жарамсыз жорук себептүү аларды тообо кылууга чакырат. Аллнын кечиримин табуу үчүн экинчи кайталабоо ниети менен чын дилден бушайман болууну же болбосо өлүм жазасына ыраазы болууну билдирет.

"Сабыр кылабыз!" – деп, жөөттөр өкүмдү күтүп калышат.

"Муса коомуна айтты: «Эй коомум! Силер буканы (кудай) тутунуу менен өзүңөргө чындап зыян келтирип алгансыңар. Андыктан Алла Таалага тообо кылгыла жана напсиңерди өлтүргүлө! Ушул амалдар Эгеңердин даргөйүндө өзүңөр үчүн эле пайдалуу. Алла ушундай (жол менен) **тообоңорду кабыл кылган болот. Анткени ырайым кылып, тооболорду жалгаз гана Алла кабылдайт!"** (Бакара сүрөсү, 54-аят).

Бутка табынып кеткендерди өлтүрүү үчүн атайын адамдар дайындалат. Буйрук келген кезде ар биринин колунда бирден шамшар жана бирден күнөөкөр адамдар болот. Бирок жазалоочулар менен жазага тартылгандардын айтымдарынын ортосунда туугандык жайлары бар эле.

1.16.19 Азирети Муса менен Кызыр алейхис салам

Фараон Кызыл Деңизге чөгүп кеткенден кийин, элдин жашоосу жакшырып, тынчтык өкүм сүрүп калган. Ошол бейпил доордо Муса пайгамбар эл топтолгон жерлерде Алланын динин жайып, адеп-ахлакка чакырып пайгамбарлык ишин жүргүзөт. Анын сөздөрү тыңдоочуларга абдан жагып, кайра кайра угууну калаганар да чыгат. Дилге жугумдуу акыл насааттары коомчулукту таңдандырбай койбойт. Жадагалса күндөрдүн биринде эл арасынан бирөө тура калып суроо узатат:

-Эй, Алланын пайгамбары! Жер жүзүндө сенден да аалым, сенден да билгин киши барбы?

Азирети Муса:

-Андай адамды алигече жолуктура элекмин.

Аңгыча Алла Тааладан вахий келет:

«-Эки деңиз кошулган жерде накта илимди Менден алган бир кулум бар, үммөтүңдүн кыйынын тандап ага баргын!»

Ишаарат кылынган инсан Кызыр (алейхис салам) эле.

Азирети Муса кайрылды:

-Оо, Раббим! Аны кайдан, кантип таба алам?

Кудай Таала ага, туздалган жансыз балыкты куржунга салып жүрүүнү, балык тирилип деңизге секирген жер, эки деңиз кошулган жер болоорун маалымдайт.

Азирети Муса жакын досу Юша бин Нунду ээрчитип дароо жолго чыгат.

Бир риваятта, чаалыгып келаткан эки жолоочу тыныгуу үчүн деңиз жээгине отура кетишет. Азирети Муса үйдөн чыккандан бери катуу ойлонуп келе жаткандыктан, отурган жеринде жаны жай алып, көзү илинип кетет. Нун болсо деңиздин көз кыйыры жетпеген мейкиндиктерине тигилип олтуруп капыстан чочуп кетет. Караса торбодогу туздалган балыка жан кирип, жылмышып куржундан чыгып, кум үстүндө ары бери сойлоп барып деңизге кирип кетет.

Дал ошол учурда Муса (алейхис салам) ойгонуп кетет да, тура калып кагынып силкинип:

“-Кана эмесе жолубуздан калбайлы. Дагы көп жол жүрөбүз”, – деп жөнөп калат.

«Муса (өзүнүн кызматкер) **жигитине айткан: «Тээ эки деңиз кошула турган жерге жетмейин же узак убакыт бою жер кезмейин токтобоймун!»** (Кахф сүрөсү, 60-аят).

Муса пайгамбар жана Юша бин Нун:

“Эки деңиз кошулган жерге барганда, балыкты унутушту. Балык деңизге сүзүп кеткен эле” (Кахф сүрөсү, 61-аят).

Юша бин Нун балыктын деңизге кирип кеткенин көргөн эле. Муса пайгамбар ойгонгон кезде анын сөзүнө алаксып калып балык жөнүндө айтууну унутуп койот. Жолоочулар жол тартып кыйла жолду арбытат. Дагы көпкө жүргөн соң жол боюндагы саябандуу даректын түбүнө жамбаштай кетишет.

«Анан качан ал жерден өткөн соң, Муса (жигитине)**: «Күл азыгыбызды алып чык, чындыгында бул сапарда абдан чарчадык», -деген эле»** (Кахф сүрөсү, 62-аят).

Юша бин Нун эми эсине келгендей көзү алайып:

«Каап, мен аларды балык деңизге кирип кеткен жерде унутуп койгон турбаймынбы!” -дейт.

«Ташка (олтуруп) **дем алган жерде балыкты унутуп калыпмын. Мага аны айтууну шайтан унуттурган экен. Ал таң калыштуу түрдө деңизге жол алган болчу», – деди»** (Кахф сүрөсү, 63-аят).

“(Муса) **айтты: Мына ушул биз эңсеген нерсе болчу. Кийин аны** (Кызырды) **издеп артка кайтышты”** (Кахф сүрөсү, 64-аят).

Акырында издеген кишисин тоонун чокусунда чепкенин желбегей жамынып отурган жеринен табат. Аяр басып келип салам берип өзүн тааныштырат:

– Мен Мусамын!

Кызыр (алейхис салам):

– Демек, Исраил урпагынын пайгамбары Мусасың!

Муса пайгамбар:

– Алла Таала адамдардын эң аалымы деп сыпаттаган инсан сен болосуңбу?

Кызыр (алейхис салам) жооп кайтарат:

– Эй Муса! Кудайым сенде жок илимди мага берген, менде жок илимди сага берген" (крз. Бухарий, Тафсир, 18-2, 3, 4; Анбия, 27; Муслим, Фадаил, 170).

Муса пайгамбар бул илимди үйрөнгүсү келип турганын билдирет. Ошентип, акыл менен аңдоого мүмкүн болбогон, адамга ажайып жана таң калыштуу көрүнгөн кээ бир окуялардын хикматын Кызырдан (алейхис салам) үйрөнөт.

Кызыр (алейхис салам):

"– Сен чынында, мени менен чогуу жүрүүгө дарманың жетпейт», - деди» (Кахф сүрөсү, 67-аят).

Кызыр (алейхис салам) бул сөздөрү менен Муса пайгамбардын психологиялык деңгээлин аныктап, андан соң анын алгачкы абалы бул илимге туруштук бере албай турганын белгилеп, сөз менен өзүнүн деңгээлин түшүндүргөн. Сөз төркүнүнөн өз деңгээлин түшүнгөн Азирети Муса дагы да сабырдуу болууга аракет кылышы абзел эле. Башкача айтканда Кызыр (алейхис салам) Азирети Мусага тили менен эмес, тек гана кишилик сапаты менен:

"Мени менен чогуу жүрүп сабыр кылууга дарманың жетпейт! Сен бул абал үчүн бышып жетилген эмессиң. Бул илим толук түрдө сага али бериле элек экен" -деди.

Муса пайгамбар көшөрүп, кайткысы келбей:

"–Кудай буюрса менин сабырдуулугумду көрөсүң. Кандай иш болсо да сага каршы чыкпаймын, -деди" (Кахф сүрөсү, 69-аят).

Кызыр (алейхис салам) Муса (алейхис салам) пайгамбарга:

"–Демек мени ээрчий турган болсоң, мен өзүм айтып бермейин эч нерсе сурабайсың!" – деди (Кахф, 70). Бул маселе боюнча бири бири менен макулдашып алган эки улуу зат андан ары жол тартышат.

Бул сапардын хикмат жана ибаратын төмөнкүчө билдирет:

«Анан экөө жолго чыгышты. Тээ бара берип бир кемеге түшөөрү менен (Кызыр кемени) **тешип койду.** (Муса) **айтты: «Адамдарды чөктүрүү үчүн тештиңби?! Сен чынында зыяны күч ишкылдың го!»** (Кахф сүрөсү, 71-аят).

"– **Мен сага, мени менен чогуу болууга сабыр кыла албайсың, дебедим беле?"** (Кахф сүрөсү, 72-аят).

".... – **Унутканым себептүү мени айыптаба. Бул иш үчүн мени машаккатка дуушар кылба"** (Кахф сүрөсү, 73-аят).

"Кайра жол тартышты. Акырында бир эркек балага жолугушат, (Кызыр) **аны дароо өлтүрдү. Муса айтты: – Эч кимди өлтүрбөгөн бейкүнөө жанды өлтүрдүң ээ?! Чын эле,** (сен) **жаман иш кылдың!"** (Кахф сүрөсү, 74-аят).

“– Мен сага мени менен чогуу болууга сабыр кыла албайсың дебедим беле?” (Кахф, 75).

“– Эгер мындан ары сенден бир нерсе жөнүндө сурасам, мени өзүңө жолдош кылба. Чындыгында, менден сага жакшы шылтоо табылды” – **деди»** (Кахф сүрөсү, 76-аят).

Азирети Муса мындай деп айтуу менен, мындан ары кечирим суроого мүмкүнчүлүгү калбаганын туюнткан.

“Кайра жол тартышты. Бир шаар калкына барышып, алардан тамак сурашты. Алар мейман кылуудан баш тартышты. Анан экөө ошол жердеги урай жаздап калган бир дубалды көрүшүп (Кызыр) **аны тикелеп койду.** (Муса) **“Эгер кааласаң буга эмгек акы алсаң болоор эле”, – деди”** (Кахф сүрөсү, 77-аят).

“Ал (Кызыр) **айтты: «–Мына ушул** (сурооң) **сени менен менин айрылышыбыз. Эми сага сабыр кылууга дарманың жетпеген нерселердин жандырмагын айтайын»** (Кахф сүрөсү, 78-аят).

«(Ал:) **“Кеме – деңизде тиричилик кылган жакыр адамдардыкы болчу. Аны мен жараксыз кылгым келгенинин себеби: анын артынан ар бир** (мыкты) **кемени тартып алып туруучу падыша (кууп) келе жаткан»** (Кахф сүрөсү, 79-аят).

“А тигил баланын болсо, момун ата-энеси бар эле. Ал ата-энесин (ыймандан) **баш тартууга, каапырлыкка зордоосунан корктук”** (Кахф сүрөсү, 80-аят).

“Ошол себептен аларга Жараткан (ал баланын ордуна) **тазараак, андан көрө мээримдүүрөөк** (баланы) **орун басар беришин кааладык”** (Кахф сүрөсү, 81-аят).

«Ал эми (тамдын) дубалы болсо, ошол шаардагы эки жетим балага таандык болуп, анын астында ал экөөсүнө тиешелүү казына бар эле. Алардын ата-энеси жакшы киши болгондуктан Эгең, ал экөөнүн эрезеге жетип, ошол казынаны чыгарып алуусун каалады. Бул – Эгеңдин бир жакшылыгы болчу. Ошондуктан муну мен өзүм билгендей эле жасап салганым жок. Мына ушулар – сенин сабыр кыла албаган иштериңдин чечмелениши”, – деди» (Кахф сүрөсү, 82-аят).

Эгер Кызырдын окуясына акыл менен аныктама бериле турган болсо; кемени тешкендигине кедей кембагалдардын өмүрүнө коркунуч келтирди, аларга залимдик кылды деп баа берилет. Аныгында, кембагалдардын тиричилигин өткөрүүгө себепкер болуп турган жалгыз кемени карасантай каракчылардын тоноп кетишине тоскоолдук жараткан эле. Анан жанакы жаш жигиттин өлтүрүлүшү куру акылдын терезесинен бейкүнөө жанды кыйып салгандай кылмыш көрүндү. Көрсө, аны өлтүрүү менен момун ата-энесинин акыреттик жашоосун коргоо деген кашкайган чындык жатыптыр.

Акырында конок кылуудан баш тартып койгон айылга караштуу бир дубалды тикелеп кою акылга караманча каршы келет. Окуянын түпкүрүндө атасынан калган аманат байлык эки жетим бала чоңойгонго чейин сакталуу турсун, кийин Алла Өзү таап колдонуна берет деген тагдыр долбоору турганын ким билсин. Эгер ошол дубал урап түшкөндө, балдар чоңойо электе эле андагы байлык айылдагы ач көз тоноочуларынын колуна тиймек.

Эң белгилүү риваятка караганда Муса пайгамбар жүз жыйырма жашында дүйнө салып, Кудустун айланасында көмүлгөн деп айтылат.

Ага дубай салам болсун!

1.17 АЗИРЕТИ ДАВУД (алейхис салам)

Азирети Давуддун (алейхис салам) теги Азирети Жакыптын (алейхис салам) уулу Яхудага барып такалат. Ал Кудус жергесинде төрөлүп, болжол менен 100 жаш курактарында көз жумган. Алла Таала Азирети Давудга пайгамбарлыкты да, падышалыкты да берген. Тарыхчылар анын падышалык жылдары б.з.ч. 1015-975-жылдардын ортолугуна туура келет деген пикирди айтып келишет. Давуддун (алейхис салам) ысымы Курани Каримде 16 жерде айтылат. Ага иврит тилинде “Забур”аттуу Алланын китеби түшүрүлгөн.

1.17.1 Талут, Жалут жана Табут

Муса пайгамбардын көзү өткөндөн кийин жөөттөргө жөнөтүлгөн пайгамбарлар Тооратты негизинде шарият өкүмдөрүн жүргүзүп, ошого жараша амал кылышкан. Жөөттөр өздөрүнө жөнөтүлгөн пайгамбарлардын көзү тирүү кезинде алар көрсөткөн дин менен жашап, ибадат кылып, дүйнө салган соң бутка табынганы табынып, динден кайтканы кайтып, айтор, кайра мурунку таз кейпин кийип, кейиштүү жоруктарын кайталай беришкен. Алладан келген муркунку китептердеги диний өкүмдөрдү напсинин каалоосуна жараша бурмалап, жоромолдоп, турмуш кечиришкен. Жаңы пайгамбар келип, толгон токой машакат менен түзөтүп, милдетин аткарып коюп тиги дүйнөгө аттангандан кийин кайрадан бузукулук жана каапыр жолго кайтып турушат.

Ошол дооорлордо Мисир жана Шам (Дамаск) чөлкөмдөрүнүн ортосунда Амалика коому жашаган. Алардын Жалут аттуу заалим, күчтүү жана ашкере куу башчысы боло турган. Жалут Исраил урпагынын шоруна жаралгандай, өзүнчө бир азап эле. Ал ат тезегин кургатпай жөөттөргө жортуул жасап, дүнүйөсүн олжолоп, журттарынын күлүн сапырчу. Аман калган жөөт балдарын жана аялдарын кулчулукка айдап кетээр эле.

Жөөттөрдө Муса пайгамбардын убагынан бери келаткан ыйык аманаттарды сактап жүргөн баалуу сандык болгон. Курани Каримде бул сандык “Талут” деп айтылат. Жөөттөрдү баскынчылык менен колго түшүргөн соң сандык оңой эле Жалуттун колуна тийет. Ал Исраилдин урпактарын мыскылдоо жана кордоо үчүн ичи-сыртына асыл таштар чегерилген баалуу сандыкты

ыплас жайга ыргытат. Рухий дөөлөтү ойрондолгон жөөттөр бул абалга кыжыры кайнап, арга табуунун амалын издей башташат. Алардын жалгыз максаты-сандыкты кайрадан колго түшүрүү эле.

Дал ушул урунттуу учурда алардын арасында Ишмоил (алейхис салам) аттуу пайгамбар болгон. Жөөттөр чогулуп келип, кырдаалдан куткарып ала турган өкүмдар шайлап беришин талап кылышат. Ишмоил (алейхис салам) дуба кылып, абалдан куткарып кете турган чыгаан башчынын ысмын Алла Тааладан сурайт. Талут аттуу адамды башчы кылып дайындоо тууралуу вахий келгени билдирилгенде, пайгамбарга жөөттөрдүн бир бөлүгү каршы чыгып:

– Ал өкүмдарлардын тукумунан эмес! – дешет.

Анткени, ошол убакка чейин жөөттөргө Жакыптын уулу Лавинин урпагынан пайгамбарлар, Яхуда аттуу уулунун урпактарынан өкүмдарлар келип турган. Талуттун аталган эки урууга тең эч кандай тиешеси жок эле. Бул жагдай аятта мындайча баяндалат:

«Мусадан кийинки Исраил урпактарынын тың чыкмаларын билбейсиңби? Алар ошондо өз пайгамбарына: «Биз үчүн бир падыша дайындагын, биз (анын жетегинде) **Алланын жолунда согушалы дешти. Эгер силерге согуш парз кылынса, мүмкүн согушпастырсыңар?» - деди** (пайгамбар)**. Алар айтышты: «Журтубуздан айдалып, балдарыбыздан ажырап турабыз го, эмнеге Алла жолунда согушпайт экенбиз?» Качан аларга согушуу парз кылынганда, аз гана кишилерден тышкары баары** (чабыштан**) баш тартышты. Алла залимдерди жакшы билет!»** (Бакара сүрөсү, 246-аят).

Жөөт билермандары байлыгы, мал-мүлкү көп адам эл башкарышы керек, бийлик байгер адамдын колунда болушу керек деген пикирде болушкан. Мындай көз караш жалпы коомдун кызыкчылыгына жана адилеттүүлүккө каршы келерин этибарга алышкан эмес. Негизи эле төрт тарабы шай келген, татыктуу, адилеттүү киши гана эл башкарса туура болот. Жетекчини тандоодо биринчи кезекте талапкердин руханий деңгээли, билими, тажрыйбасы жана башкаруучулук дарамети эске алынышы керек.

Талуттун өкүмдарлыгына каршы чыгышкан жөөттөр бул сапар:

– Өкүмдарлыкка ылайыктуу болсо, бизге бир далил көрсөтсүн! – деп жаалашат.

“Алардын пайгамбары айтты: «Анын падыша болушунун белгиси катары силерге бир сандык келет. Анда Раббиңер тарабынан жана Муса менен Харундун үй-бүлөсүнөн калган мурас бар. Аны периштелер көтөрүп турат. Эгер чыныгы ыйман ээси болсоңор, шексиз, бул окуяда силер үчүн белги бар” (Бакара сүрөсү, 248-аят).

Табут оболу Адам Атага түшүрүлүп, андан Азирети Шитке тийгендиги, кийин кезек менен Ибрахим, Жакып жана Муса пайгамбарлардын колуна өткүндүгү риваяттарда айтылат. Муса пайгамбар өз учурунда Тооратын баракталарын жана айрым баалуу аманаттарды ыйык мурастар салынган сандыкка сактаган. Жортуул учурунда аскерлер бул сандыкты кошуундун алдында алып жүргөн. Анткени, сандыкты көргөн сайын аскерлердин демине дем, кайратына кайрат кошулчу экен.

Ошентип, Алланын буйругу менен келген периштелер ыйык сандыкты Талуттун үйүнүн астына ташташат. Буга күбө болгон жөөттөрдүн санаасы тынчып, Талуттун өкүмдарлыгына макул болушат.

Өкүмдарлык тактыга олтурган Талут биринчи кезекте аскердик иштерди тартипке келтирет. Курал жарак жыйнатып, элдик аскерлерди машыгуудан өткөргөн соң Жалут падышанын мекенине карай жүрүш баштайт.

Күн кайнап турган кез. Жол тартып бараткан аскерлер абдан чаңкап суу көздөн өтүп турган. Ушул учурда Алла Таала аскерлерди сынагысы келет. Ишмоил пайгамбар аркылуу кабар салат. Кабарды Талут аскерлерине угузуп:

–Алла Таала бизди суу менен сынайт экен. Кимде-ким суусуну кангыча иче турган болсо, ал менин аскерим эмес!!!.. – дейт өктөм сүйлөп.

Пайгамбарга келген кабарда аскерлерге бир кочуш гана суу ичүү буйрулган. Ибн Аббастын пикиринде бул дарыя Иорданиядагы Шариа аттуу дарыя эле (Ибн Касир, Кысасул Анбия, б. 511).

Кошуун кабарда билдирилген дарыянын жээгине жетип келет. Жалпы аскердин саны 80 миңдей болгон. Булардын 76 миңи буйрукка баш ийбей, суудан кангыча ичишет. Төрт миң киши гана буйрукка моюн сунушат. Дарыяга жабыла чуркагандарды көрүп көпчүлүк эмне болсо ошолбуз деген алдамчы ойго азгырылгандар да чыгат. Акырында сыноого 313 эрктүү эр гана туруштук берет.

Буйрукту укпамышка салып бир уучтан ашыкча суу ичкендер дарыядан узап кеткенден кийин тили оозуна батпай, дарманы кетип, кайрадан суусай башташат. Ал эми суу ичпеген аскерлер окуядагы кереметти көрүп андан бетер ыйманы курчуп, душманды чаап алчудай чыйралып калышат

1.17.2 Азирети Давуд жана жеңиш

Талуттун кошуунунда Давуд ысымдуу 18 жашар жигит боло турган. Муфассир Байдавинин пикиринде, Давуд (алейхис салам) үч бир тууганы жана аталары менен бирге Талуттун аскерлеринин катарында кызмат өтөшкөн.

Азирети Давуд өспүрүм курагынан тартып кой кайтарган. Ташты ыргытуучу курал менен узактагы бутага таамай тийгизе билген өнөрү бар, эч нерседен жалтанбаган баатыр жигит болгон.

– Бүтүндөй тоо-таштар мени менен тасбих кылышат! – деп айтканда, атасы кубанып:

– Каралдым Давуд! Айткандарың келечектеги улуу сүйүнүчтүн жышааны! – дечү экен.

Азирети Давуддун үнү коңур жана уккулуктуу болгондуктан, аны Талуттун сынына киргизишет. Падышанын сынынан өткөн Давуд (алейхис салам) ага кеңешчи болуп калат. Амалика коомуна каршы даярдалган согушка Азирети Давуд да катышат. Падыша Талут аскерине кайрылып:

– Жалутту ким өлтүрсө, ага кызымды берем! – деп жар салат.

Алла Таала пайгамбарга (Ишмоилге) Жалутту Давуд өлтүрөрүн кабарлайт.

Эки кошуун бетме-бет келип токтоп калышат. Жаалданган Жалут тоодой карагер аргымагын туйлатып, жоолошо тургандардын үшүн алуу үчүн ары-бери чапкылап эрөөлгө эң күчтүү адамды чакырат. Талут тараптан Азирети Давуддун чыгышы Жалутту

мыскылдагандай ыңгайсыз абалды жаратып, эрөөлдүн кызыгын көрүүнү самаган тараптар үчүн күтүүсүз окуя болот. Анткени Жалут Азирети Давудга караганда алда канча каруулуу да, сөөлөттүү да эле. Жалут аны менен эрөөлгө чыккысы келбегенин билдирген таризде какшык узатат:

–Эх, шордуу бечара! Мени менен тең тайлашууга сен чыктыңбы?

Азирети Давуд камаарыбастан:

– Сени менен согушууга мен келдим! – дейт. Бул жооп Жалуттун бир чети күлкүсүн келтирсе, бир чети куйкасын куруштурат.

Азирети Давуд колун жогору көтөрүп таш салынган сапанды бир нече ирет айлантып туруп ыргытканда келекеден оозу жыйыла элек Жалуттун как маңдайына келип тийет. Натыйжада эрдемсиген Жалут аттан кулап, жан берет.

Талут Кудуска кайтат. Абалды болгонун болгондой Ишмоилге (алейхис салам) түшүндүрөт. Пайгамбардын эскертүүсү менен согуштан алдың элге жар салган убадага турган Талут кызын Давудга (алейхис салам) никелеп берет.

Талут өлгөндөн кийин өкүмдарлык тактыга Азирети Давуд отурат. Алланын каалоосу менен кийинчерээк ага пайгамбарлык милдет жүктөлөт. Ошентип, Давуд (алейхис салам) бир мезгилде эки тизгин бирдей берилген алгачкы пайгамбар болуп калат. Бардык пайгамбарлар сыңары Алла Таала анын адеп-ахлагын жана рухий көрөңгөсүн арттырат. «Забур» деген ыйык китепти берет.

Давуд (алейхис салам) соот жасаган уста болгон. Ал ушундай жол менен аскерин душмандын огунан коргогон жана өз ырыскысын өз маңдай тери менен тапкан. Саясий жагынан да, руханий жагынан да абройлуу десе абройлуу, барктуу десе барктуу, ошондой эле падышалыктын карамагында эсеп жеткис байлык болгонуна карабастан, бул даңктуу пайгамбардын өз мээнети менен турмуш кечиргени абдан маанилүү. Анын мындай топуктуулугу кол астындагыларга жана кийинки муундарга көөнөргүс өрнөк болуп кала бермекчи.

Азирети Давудга Алла күч-кубат берип, миң түмөн колду башкарган. Атайын падышалык коопсуздукту көзөмөлдөгөн аскер бөлүгү болгон. Ага пайгамбарлык, Забур китеби жана өзгөчө илим берилген. Ал салих амалдарды көп аткарган ибадаткөй момун жана салабаттуу, кыраакы инсан болгон.

1.17.3 Асхабу Сабт

Мисир (Египет) менен Медина шаарынын ортолугунда, Кызыл деңиздин жээгинде Эйле шаарчасы боло турган. Жетимиш миңге чукул калктуу бул коом «Ахсабу Сабт» деп аталчу. Анын себеби, алар ишемби күндү толугу менен ибадат кылганга арнап, башка эч кандай иш кылышчу эмес. Алла Тааланын буйругу ушундай эле. Асыресе, алар ишембиде

ууга чыкпоого Азирети Давудга сөз беришет. Шайтан аларды убададан кайтаруу үчүн азгыра баштайт:

– Силерге аң уулаганга тыю салынган эмес, болгону уулаган нерсеңерди жегенге уруксат жок! – дейт.

Балким аларды сыноо үчүндүр, айтор, Алланын теңдешсиз кудурети менен ишемби күнү гана сууларда балыктар көбөйүп калган күндөрү кайдадыр кайым болчу экен. Ошондуктан шайтандын жагымдуу шыбышы айрымдардын чырагына май тамызат. Натыйжада Мадян эли үч топко бөлүнөт:

Биринчиси: Алланын өкүмүнө кулак салбастан балык уулоону улантып, курсакты кампайтып, сатыкка да чыгара башташат. Булар ишемби күнү тор жайып, жекшемби күнү жыйнап алышат.

Экинчиси: Булар күнөөдөн коркуп, балык уулаганга чыгышчу эмес. Тек гана үйлөрүндө отурушат. Элге чыгып насаат айтып, эскертүү бергенге да жарабайт.

Үчүнчүсү: Бул топ Алланын буйругун толук аткарышат. Моюн сунбагандарга жакшы насаат айтып, буйрукту эскертип турушат. Эрежени бузгандарга карата унчукпай үйдө отургандарга да эскертүү беришет. Кыскасы, жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарышат.

Бул жагдай Курани Каримде мындайча билдирилет:

“Алардан деңиз жээгиндеги шаар калкынын абалын сура! Ишемби күнүнө урмат кылбай, чектен ашып кетишкен эле. Анткени, ишемби күнү чардашканда; балыктар пайда болуп топ тобу менен аларга келчү. Ал эми ишемби күнү эс албай турган болушса, келбейт эле. Биз, мына ушинтип, күнөөкөр болгондугу үчүн аларды сынадык” (Араф сүрөсү, 163-аят).

Мурунку коомдордо билип туруп жаман жорукка ыктаган жана өжөрлөнүп арам иштерден башы чыкпаган күнөөкөрлөрдү Алла Таала алгач маймылга айлантып, андан соң жок кылып жиберген.

1.17.4 Азирети Давуддан калган таберик: Савм-ы Давуд

Бул орозо Давуд пайгамбарга таандык. Ал бир күн орозо кармап, бир күн кармаган эмес. Орозо кармоонун мындай усулу жыл бою уланып турган. «Савмы Давуд» Давуд пайгамбардын орозосу деп аталып, Азирети Мухаммед (алейхиссалату вассалам) пайгамбардын үммөтүнө калган таберик ибадат болуп саналат.

Абдулла бин Ас (Алла ага ыраазы болсун) мындай дейт:

“Аллага ант болсун! Өмүрүм өткөнчө күндүзү орозо кармап, түнкүсүн намаз окуйм” деп, Кудай Тааланын ысмын оозанып сөз бергендигим Азирети Пайгамбарыбызга жеткен экен:

– Сен ушинтип айттыңбы? – деп сурады.

Ошентип экөөбүздүн ортобузда мындай баарлашуу жүрдү:

– Ата-энем жолуңа садака! Пайгамбарым, ооба ошентип айттым.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам):

– Сенин буга күчүң жетпейт. Кээде орозо карма, кээде кармаба, кээде уктагын; кээде (тахажжут намазы) үчүн тургун. Ар бир айда үч күндөн орзо карма. Бир ийгиликтин акыбети он эсе. Кудум бир жылды толук бойдон орозо кармаган сыңары.

– Мен мындан да ашыкчасын аткара алам.

-Андай болсо бир күн орозо кармап, эки күн оозуң ачык болсун.

– Мен мындан да ашыкчасын аткара алам.

– Андай болсо бир күн орозо кармап, бир күн кармаба. Бул Давуддун (алейхис салам) орозосу. Жана орточо орозо болуп саналат.

–Мен мындан да ашыкчасын аткара алам.

– Мындан ашыгы болбойт! – деп айтты Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам)" (Бухари, Савм, 55, 56, 57; Тахажжут, 7, Муслим, Сыям, 181-193).

1.17.5 Азирети Давуддун (алейхис салам) көз жумушу

Алланын сүйүктүү Элчиси Мухаммад Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) мындай деп айткан: "Давуд (алейхис салам) дин жаатында абдан кылдат аракет жасаган жана намысын коргоодо өтө аяр кадам таштаган инсан болгон. Үйдөн чыккан кезде эшикти жакшылап жаап кетчү. Кайтканга чейин анын үйүнө эч ким кирген эмес. Давуд (алейхис салам) күндөрдүн биринде адаттагыдай эшикти жаап чыккан... Жумуштары аяктаган соң үйүнө кайтат. Ичкери кирсе үйүндө бирөө олтуруптур. "Сен кимсиң?" деп сурды. "Мен падышалардан коркпогон жана пардалар да тоскоол кыла албай турган затмын" деди ал. Буга күбө болгон Давуд (алейхис салам): «Аллага ант болсун, демек, сен өлүм периштесисиң. Алланын буйругу менен кош келипсиң». Бир саамдан соң анын жаны алынган" (Ахмад бин Ханбал, Муснад, II, 419).

Азирети Давуддун кырк жыл сүргөн падышалык доору жөөттөрдүн эң жыргал мезгили болгон. Немат катарында ага падышалык да, пайгамбарлык да берилген. Көзү өткөн соң падышалык ордуна уулу Азирети Сулайман келген жана ага да пайгамбарлык берилген.

Ага дубай салам болсун!

1.18 АЗИРЕТИ СУЛАЙМАН (алейхис салам)

Азирети Сулайман бүгүнкү Палестинадагы Газа аймагында жарык дүйнөгө келген. Атасы Давуд (алейхис салам) каза болгон кезде өспүрүм Сулайман 12,13 жашта болгон. Ал өспүрүм кезинен эле акыл-эстүү, абдан түшүнүктүү болгон.

Давуд (алейхис салам), он тогуз уулунун ичинен кыраакы парасаттуулугун жана Жаратканга жан дилден берилген ыкласмандыгын эске алып Азирети Сулайманды өзүнө ордун басар, мураскор кылып тандайт. Эзели пайгамбарлардын пикирин колдоп кубаттап көрбөгөн жөөттөр бул чечимге да каршылыгын билдирет:

– Сулайман али жаш бала! Арабызда андан да мартабалуу, андан да улуулар бар! –

Давуд пайгамбар Алла Тааладан келген буйруктун негизинде бир топ аалымдарды топтоп, уулун сынап көрсөткүсү келет. Сынак башталат. Уулуна суроо салат:

– Тууралыгы денедеги башка мүчөлөрдүн тууралыгына, бузулушу башка мүчөлөрдүн бузулушуна себепчи болгон нерсе эмне?

Сулайман (алейхис салам):

– Жүрөк.

Чогулган эл анын жообун абдан жактырышат.

Андан соң Азирети Давуд өкүмдарлыкты көксөгөн ар бир кишинин таягына өздөрүнүн ысымдарын жаздырган соң баарын чогултуп бир бөлмөгө кулпулатып койот. Белгилүү бир убакыт өткөн соң Азирети Сулаймандын аты жазылган таяктын гана бүчүр байлаганына бүт калайык күбө болот. Жараткан Алланын мындай колдоосуна кубанган Давуд (алейхис салам) шүгүр келтирет. Жөөттөргө мындан ашкан далилдин кереги жок эле. Кашкайган далилди көргөндөн кийин гана Азирети Сулайманды баары мураскер катары кабыл кылышат.



Давуддун (алейхис салам) көзү өткөндөн кийин Сулайман (алейхис салам) өкүмдар болуп такка отурат:

«Биз Давудга Сулайманды ыроолодук. Ал (Сулайман) **кандай гана жакшы пенде эле. Чындыгында да, ал дайыма Алла жолунда эле»** (Сад сүрөсү, 30-аят).

Азирети Сулайман канаттуулардын тилин, зикирин билер эле:

«Сулайман Давудга мураскор болду. (Ал минтип) **айтты: «Эй калайык! Бизге куш тили үйрөтүлдү жана бүт нерседен бизге** (насип) **буйрулду. Чынында бул кашкайган артыкчылык»** (Намл сүрөсү, 16-аят).

Адамдар, жиндер, жаныбарлар жана шамал анын өкүмүнө берлиген. Булар анын буйругун эки кылышпайт эле.

«Сулайманга шамалды баш ийдирдик. Анын эртең мененки жолу бир ай, кечки жолу бир ай эле. Биз ал үчүн эрип куюлган жез булагын агыздык. Эгесинин буйругу боюнча анын алдында жиндерди иштей турган кылдык. Алардын кимиси Биздин буйругубуздан баш тартса, ага Биз тозок отун таттырабыз» (Саба сүрөсү, 12-аят).

«(Жиндер) **Сулаймандын каалаганын: бийик сарайларды, айкелдерди, абыз сымал табактарды, жерге бекемделген чоң казандарды** (жана башкаларды) **жасашты. «**(Эй) **Давуддун бүлөсү, шүгүрчүлүк келтиргиле! Пенделеримден шүгүр келтиргендер өтө эле аз»** (Саба сүрөсү, 13-аят).

Аятта айтылган «тамаасил» (айкелдер) деген сөз жез, топурак, айнек жана башка нерселерден жасалган, жандуу-жансыз макулуктарды туюнткан айкел жана сүрөт деп жоромолдонот. Биз бул жерден Азирети Сулаймандын шарыятында сүрөт, айкел сыякуу жандуу-жансыз макулуктардын сырткы түзүлүшүн жасоого уруксат берилгенин түшүнсөк болот. Демек, ошол дооpлордо адамдардын буттарга табынып кетүү коркунучу жок болгон.

1.18.1 Сулайман пайгамбардын (алейхис салам) сыналышы

Алла Таала күндөрдүн биринде Сулайман пайгамбарды катуу сыноого кириптер кылат. Анын колундагы бар байлыгын, дөөлөтүн жана ооматын көз ачып жумганча алып коойот.

“Ант болсун! Сулайманды сыноого алдык. Аны тактысынын үстүнө бир (өлүк, катыган) **дене сыяктуу таштадык. Кийин ал тообо менен** (Раббисине) **кайрылды”** (Сад сүрөсү, 34-аят).

Аятта айтылгандай, Азирети Сулаймандын жарактуу эч нерсеси калбай, бүт мүлкү көз ачып жумгуча колдон кетет.

Аяттагы “фитна” (сынакка алдык) жана «Бир дене сыяктуу таштадык» деген сөздөр тууралуу ар кандай талкуулар, көз караштар айтылган. Алардын айрымдарын мисалдар катары айта кетели:

1. Азирети Сулайман катуу оору менен сыналган. Ошол себептүү ал падышалык тактында кумсарган жансыз сөөлөт сыяктуу олтуруп калган.

2. Алла Таала Азирети Сулаймандын жүрөгүнө коркуу сезимин салып койгон. Коркуудан катуу таасирленгендиктен, кудум жансыз дене сыяктуу абалда калган.

3. Азирети Сулайман Акса мечитин курдуруп жаткан кезде колунан көөрү төгүлгөн бир топ усталарды алып келген эле. Усталардын арасында ниети бузук адамдар дагы болгон. Алар ошол ниеттерин жүзөгө ашырышы Сулаймандын (алейхис салам) кадыр - баркына кыйла залакасын тийгизген, алтургай тактысынан түшүргөн.

4. Сулайман пайгамбар эркек балдарды асыраганды жакшы көрөр эле. Балдар чоңойсо дин душмандары менен күрөшөт деп тилек кылчу экен. Ал тилек кылып жаткан кезде "Кудай буйруса" (иншаллах) деп Алланын ысымын айтууну унутта калтырат. Болгону бир гана аялынан майып балалуу болот (крз. Бухари, Анбия, 40). Ошентип, тактыга отуруп, өкүмдарлыгын уланта турган жарамдуу туяк калган эмес.

Белгиленген убакыт келгенде Азирети Сулайманга мурунку дөөлөттөрү, ооматы кайтарылып берилет. Ал Кудай Тааладан кечирим сурайт:

«Оо Жараткан! Мени кечир! Мага, менден кийин эч кимге насип болбой турган ооматты ырооло! Сен аныгында Кечиримдүүсүң!» - деди» (Сад сүрөсү, 35-аят)

Азирети Сулаймандын «эч ким жетпеген дөөлөттү» мактануу же жеке өзү үчүн эмес, ошол доордогу зөөкүр падышаларды чөгөлөтүп, алсыратып туруу максатында сураган. Анткени, аны менен замандаш падышалар ашынган текебер жана заалым болгон.

Алла Таала Азирети Сулаймандын дубасын кабыл кылган:

"Биз ага шамалды баш ийдирдик. Ал анын буйругу менен кайда кааласа мээлүүн гана агып жөнөйт. Жана да жин-шайтандарды, түрдүү куруучулар менен суучулдарды, жана башка (жиндерди) **да чынжыр менен чырмап салдык"** (Сад сүрөсү, 36-38-аят).

Аяттан маалым болгондой, Алла Таала имарат курдуруу жана суу түбүнө сүздүрүү үчүн шайтандарды (жиндерди) Азирети Сулаймандын буйругуна моюн сундуруп койгон. Жиндердин бир бөлүгү пайгамбардын буйругу менен чоң имараттарды, сарайларды, мечиттерди, көлмө сыякуу калдайган табактарды, бекем орнотулган чоң казандарды, айтор, ушул сыяктуу киши баласынын алы жеткис иштерди жасашкан. Ал эми жиндердин айрымдары суу астынан түрдүү неметтарды, деңиз түбүндө гана боло турган баалуу акак таштарды алып чыгышар эле.

1.18.2 Акса мечитинин курулушу

Жараткан Алланын буйругу менен Ыйык үйдүн курулушун баштаган Азирети Давуд аны бүтүрүүгө өмүрү жетпей, одүйнө салган эле. Атасынын ордун баскан Сулайман пайгамбар жиндерди топтоп, алардын күчү менен токтоп калган курулуш ишин уланткан. Анын айланасына он эки чарчы шаарча курулган.

Тээ башында "Байтул Макдис" (Ыйык үй) деп аталган бул ибадаткана кийин Акса мечити деп аталып калган.

Анын Ислам тарыхында жана маданиятында өзгөчө орду бар. Ал үч ыйык мечиттин бири. Булардын биринчиси, Харам мечити (Кааба), экинчиси Мухаммед Пайгамбарыбыздын мечити, үчүнчүсү дал ушул Акса мечити.

Азирети Мусанын (алейхис салам) доорунан бери ыйык аманаттар, руханий кенчтер жана Тооратын баракталары салынган баалуу сандык (Табут) ушул мечитте сакталган. Көп өтпөй Кудусту басып кирген Вавилон өкүмдары Бухтунаср шаарды талкалап, өрттөп, Акса мечитинин баалуу таштарын олжолоп кеткен. Ошентип, Акса мечити көптөгөн жылдар бою талап-тоноочулардын ыплас таманы астында калган. Акырында Акса мечитин б.з.ч. 123-жылы Византиялыктар, андан бир топ убакыттан соң Кейхусрев оңдоп түзөлткөн. Эң акырында алтынчы Умаййат халифасы Валид ибадатканаңы жаңыдан курдуруп, азыркы абалга келтирген. Мусулмандар хижраттын 16-айына чейин намазды Акса мечитине карап окуп жүрүшкөн. Ошондой эле Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыз «Миражга» (Жараткан Алланын алдына) ушул Акса мечитинен көтөрүлгөн.

1.18.3 Азирети Сулайман (алейхис салам) жана кумурскалар

«Сулаймандын (буйругу менен) **жин, инсан жана канаттуулардан турган аскерлери топтолуп, тизилишти. Алар тээ кумурска өрөөнүнө жеткен кезде арадан бир** (башчы) **кумурска: «Эй кумурскалар, ийиниңерге киргиле! Сулайман жана анын аскерлери байкоостон тебелеп кетпесин!» деди»** (Намл сүрөсү, 17-18-аяттар).

Кумурска:

-Азирети Сулаймандын бийлиги эң күчтүү бийлик; кокус тебелендиде калбагыла! Киргиле ийиниңерге! - деди.

Азирети Сулайман кумурсканын сөзүн угуп:

– Жок, менин бийлигим убактылуу гана нерсе! Оопасыз дүйнөдөгү өмүрүм да чектелүү. “Калимату-Тавхид” гана киши баласын Алла Тааланын ыраазылыгына жана түбөлүк бактаалайга жеткирет, - деди.

1.18.4 Азирети Сулаймандын (алейхис салам) Худхуд кушу жана Балкийс

Сулайман пайгамбар Акса мечитин куруп болгон соң шамал, жиндер, канаттуулар жана башка жапайы жаныбарлардан турган кошууну менен Меккеге карай жүрүш жасайт. Жергиликтүү элге мезгили келгенде. Кошуун андан ары Сана шаарына өтөт. Жолдогу көз жоосун алган жайыкка токтоп, намаз окууга даярдык башталат. Дал ушул маалда алар намаз окуп бүткүчө жайлоо сымал бул кооз айланага көз чаптырып келүү үчүн худхуд кушу кошуундан бөлүнүп кетет. Бираз жүргөн соң алдынан өзүндөй болгон бир топ худхуд чыгат. Аларга кошулуп көп жол басат. Жаратылыштын ажайып сулуулугуна айран таң калат. Жанындагы худхуддар Саба канышасы Балкийстын сарайындагы гүлзар бакты көрсөтүшөт.

Ошол маалда намазга камынган Сулайман (алейхис салам) дааратка суу табуу үчүн худхудду издеп калат. Худхуддун кошуундагы милдети Сулайман пайгамбарга даарат ала турган суусу бар жерди билдирүү эле. Худхуд кошуундун арасынан көрө албайт:

«Мага эмне болуп калган, худхудду көрө албай турам? Же болбосо кайыпка аралашып кеттиби?» – деди». (Намл, 20)

Азирети Сулайман оболу “Мага эмне болуп калган худхудду көрө албай турам?” деп сыпаалык менен кушун издеди. Анын бейуруксат кеткенин билген соң, тартипке басым жасай мындай деди:

“Ал же мага (себебин көрсөткөн) **кашкайган далил алып келет, же аны катуу азаптайм, болбосо мууздайм!”** (Намл сүрөсү, 21-аят).

«Көп өтпөстөн (худхуд жете) **келип: «Сен билбеген бир нерсени билип келдим** (падышам!). **Сага Сабадан абдан так** (жана абдан маанилүү) **кабар алып келдим!»** (Намл сүрөсү, 22-аят).

«Саба» – бабаларынын ысмын алып жүргөн Йемендеги бир уруунун аты. Саба шаары Балкийс өкүмдарлык кылган өлкөнүн борбору болгон.

Худхуд көргөнүн Сулайман пайгамбарга түшүндүрүп жатты:

«Мен бир аялды таптым, ал алардын өкүмдары экен жана ага бардык нерселер берилген. Анын зор тактысы бар экен» (Намл сүрөсү, 23-аят) **«Мен ал жана анын эли Алланын ордуна Күнгө сыйынаарын көрдүм жана шайтан алардын жоругун аларга көркөмдүү кылып көргөзүп, түз жолдон адаштырыптыр. Алар туура жол менен барышпайт»** (Намл сүрөсү, 24-аят).

Пайгамбар “Алланын ысмы” менен баштап бир кат жазып, мөөрүн басып туруп худхудка мындай дейт:

“Бул катты алып барып бергин да, (бираз) **артка кайтып, кандай жыйынтыкка барышканын көзөмөлдө!”** (Намл сүрөсү, 28-аят).

Саба тарапка карай канат күүлөгөн худхуд таң жарый электе жетип барып, Балкийстын тактысынын үстүнө катты таштап койот да, окуяга сырттан көз сала баштайт. Эрте менен сарайга кирген Балкийс тактыда жаткан бейтааныш катты көрөт. Аны бул жерге ким таштап кеткенин эч ким билбейт. Анткени дарбазалардын баары кулпулуу эле. Ал кароолдогуларга кабак чытып:

– Ким таштап кетти бул катты? – дейт.

Алар ийин куушуруп:

– Биз таң атканча кезек менен эшиктин түбүндө турганбыз. Ичкериге эч кимди киргизген эмеспиз! – дешет.

Балкийс бөлмөсүнө кирип, катты окуп таң калат. Ойлонуп олтурбай элдеги тыңчыкмаларды тез арада чогултууга буйрук кылат. Жыйналып келген билермандарга кайрылат:

«Эй, билгиндер! Мага абдан маанилүү (даражадагы) **кат ташталыптыр! Бул кат Сулаймандан** (келген) **жана ал** (бул катты) **Мээримдүү жана Ырайымдуу болгон Алланын ысмы менен баштаган», - деди»** (Намл сүрөсү, 29-30-аяттар).

Балкийс катты улантып окуйт:

“(Азирети Сулайман)**: Мага каршы баш көтөрбөгүлө жана мага** (моюн сунган) **мусулман пенде болуп келгиле!** (деп жазыптыр)**”** (Намл сүрөсү, 31-аят).

Сулайман пайгамбар каттын башына “Алланын ысмы менен” деп жазуу менен, жалгыз Аллага гана кулчулук кылуу парз экенин Балкийска түшүндүргөн. “Аллага болгон ишеним” маалымдалгандан кийин “Мага каршы текебер болбогула, баш ийгиле!” деген айбат менен аларды напсини тарбиялоого чакырган. “Мага мусулман болуп келгиле!” деген нускоо менен чыныгы бактылуулук моюн сунууда (Исламда) экендигин эскерткен.

«(Кат окулуп бүткөн соң каныша) **айтты: «Эй Улуулар! Мындай иште мага кеңеш бергиле!** (Баарыңар билесиңер) **силер жанымда болбосоңор, эч кандай чекчиндүү кадам жасай албайм»** (Намл сүрөсү, 32-аят)**.**

«Алар: “Биз чоң кубатка жана күчкө ээбиз. Өкүм кылуу өзүңө таандык. Кандай буйрук кыласың, карап көр» – дешти» (Намл сүрөсү, 33-аят).

«Каныша (бүтүмүн айтты): **«Өкүмдарлар бир мамлекетке кирди дегиче, ал жерди кыйратышат, калктын барктууларын кордошот.** (Мүмкүн) **алар да ошондой кылышар. Мен азыр аларга бир белек жөнөтүп көрөйүн, элчилер кандай** (жыйынтык) **менен кайтышар экен!»** (Намл сүрөсү, 34-35-аяттар).

Каттагы “Мага каршы баш көтөрбөгүлө, баш ийүү менен келгиле!” деген каймана буйрукту түшүнгөн Балкийс калк билгиндери менен бычак мизиндеги абалды кеңешип, Сулайман пайгамбарга элчилери аркылуу кымбат баалуу белектерди тартуу кылуу менен калкынын коопсуздугун камсыз кылууну көздөп чечим кабыл алат.

Көсөм пайгамбар канайымдын мындай жоругун, азыркы тил менен айтканда, пара сунуштагандык деп билгендиктен, койгон талабынан кайтпай тургандыгын билдирип элчилерди артка кайтарат:

«(Белектерди алып келген элчилерге) **Сулайман мындай деди: «Силер мага дүнүйө менен жардам бергиңер барбы? Алла мага берген** (нематтар) **силерге берилген нерселерден да кайырлуу. Белекке силер гана сүйүнөсүңөр»** (Намл сүрөсү, 36-аят).

Элчилер өз мекенине келип, канышага пайгамбардын аманат тапшырмасын төкпөй чачпай айтып беришет. Сөз маңызынан улуу чындыкты баамдаган каныша: «Демек, ал биздин ниетибизди түшүнгөн! Бул жөнөкөй падыша эмес, каршы чыгышка чамабыз чак келбейт тура!» деп улутунуп алат.

«Сиз чакырган динди өз көзүм менен көрүүнү каалап, өлкөмдүн жакшылары менен алдыңызга бара жатам!» деген куш тилиндей кат менен дагы бир элчисин аттандырат.

Балкийс каныша даңазалуу тактысын сарайынын эң коопсуз жайына киргиздирип, каалгаларын катуу кулпулатат. Чоң топту баштап Азирети Сулайманга карай жөнөп кетишет.

Сулайман (алейхис салам) кабарды алар замат Балкийстын тактысын Сабадан Кудуска алып келүүнү кызматчыларына буйрук кылат.

«(Сулайман кеңешчилерине кайрылып): **Эй билгиндер! Алар мага кол куушуруп келгиче киминер канышанын тактысын алып келе аласыңар?» – деди. Жиндердин**

бири Ифрит[6] айтты: «Сен ордуңдан тура электе алып жетип келем. Бул ишке менин күчүм чындап жетет жана мага ишенсең болот!» - деди» (Намл сүрөсү, 38-39-аяттар).

Азирети Сулайман эртең менен тактысына олтурган бойдон дүйнөлүк иштер жана мамлекетти башкаруу менен алектенип түш ченде ордунан козголчу. Демек, Ифрит жумуш башталгандан түшкө чейин канышанын тактысын алып келээрин билдирген.

Ажайып керемети менен канышанын тактысын көз ачып жумгуча Асаф бин Бахрия аттуу илимдүү инсан алып келген. Аалымдардын айтуусу боюнча ал Сулайман пайгамбардын вазири болгон. Асаф бин Бархиянын керемети менен канышанын тактысынын алынып келинишин терең ойлогон адам Сулаймандын (алейхис салам) канчалык улуу пайгамбар экендигин айгинелеп турат. Пайгамбарлык мужизасын колдонсо балким ханышанын тактысы бир заматта өзү чуркап келет беле. Ошентсе да жанындагыларга динди жана Аллага сүйүктүү кул болуштун жолдорун жетик үйрөткөнү кашкайган чындык. Талыкпай дааватынын натыйжасында Алла Таала ага ошондой чоң мартабаны жана ооматты берип койгон.

«(Сулайман) **айтты: «Анын тактын таанылгыс кылып өзгөрткүлө, тааныйт бекен же тааныбайт бекен, көрөлү»** (Намл сүрөсү, 41-аят).

«Каныша келген кезде: «–Сенин тактың дагы ушундайбы?» - деп сурашты. Ал мындайча жооп берди: «–Бул менин тактым өндүү (экен)**». Сулайман: «–Бизге илим андан мурун берилген жана Аллага берилгендерденбиз», - деди. Аны** (канышаны)**, Алладан башкага табынган нерселери** (тавхид динине кирүүсүнө) **тоскоол болгон эле. Анткени ал каапыр коомдон болучу»** (Намл сүрөсү, 42-43-аяттар).

«Ага: «-Сарайга кир!» деп айтылды. Каныша аны көрөрү менен суу деп ойлоп, этегин көтөрдү. Сулайман: «-Бул айнектен салынган тунук кыртыш!» - деди. Каныша: «–Эгем! Чынында эле мен өзүмө залал келтирген экенмин. Мен эми Сулайман менен бирге ааламдардын Раббисине моюн сундум!» - деди» (Намл сүрөсү, 44-аят).

Баяндамада айтылгандай, Саба канышасы келе электе Азирети Сулайман ажайып бир имарат курдурган. Анын эшик алды тунук күмүш айнектен (хрустал) жасалып, түбүнө алтындан сууну агызып, балыктарды сүздүрүп койгон. Каныша Балкийс анын жөн гана тунук нерсе экенин баамдай албагандыктан, тактап айтканда, күмүш айнекти суу деп ойлогондуктан, ак сарайга кирүү үчүн аярлап этегин жогору тарткан. Пайгамбардын кыраакы аракеттери Балкийстин материалдуулукка таянган акылын жана «мен билем!» деген ишеничин жокко чыгарып, Алланын буйруктарын кабылдоого даярдаган. Ошентип, бул нерселердин киши колунан келбей турган керемет экенин сезген каныша айым Алла Тааланын улук кудуретин аңдап, түшүнөрү менен мусулман болгон.

1.18.5 Азирети Сулаймандын (алейхис салам) көз жумушу

Сулайман пайгамбар аса таягына сүйөнгөн бойдон жан берет. Жанында иштеп жаткандар жана ары-бери өткөндөрдүн эч кимиси анын оо дүйнө салганын байкаган эмес. Арадан кыйла убакыт өткөн соң анын таягын курт кемире баштайт, акырында аса таяк сынып, пайгамбар жерге жыгылат. Ошондо гана анын көз жумганын баары билген экен. Бул окуя Куранда мындайча сүрөттөлөт:

«(Сулаймандын) **өлүмүнө өкүм кылганыбызда анын өлгөнүн аларга** (жиндерге) **таягын кемирген дарак курту көрсөтүп койду. Анан качан ал жыгылып түшкөндө жиндерге аян болду, эгер алар кайыпты билишкенде, анчалык осол болуп азап тартышмак эмес»** (Саба сүрөсү, 14-аят).

Ырас, Азирети Сулайман (алейхис салам) акыретке көчкөн кезде денеси таягына сүйөнгөн бойдон бир топ убакыт туруп калгандыгы маалым. “Азап тартышмак эмес” деген сөз узак убакыт бою эч нерсени байкабастан ары оор, ары машаккаттуу жумуштарды аткарган жиндерге карата айтылган. Алар Азирети Сулаймандын өлгөнүн байкабай, оор иштерди жасай беришкен. Биз мына ушул жерден жиндер кайыпты, кайып ааламын жана андагы кабарларды такыр билишпейт деген жыйынтыкка келебиз.

Ооз ачырган ооматтуу, дүңгүрөгөн дөөлөттүү жана так эсеби жок байлыгы бар падыша жана пайгамбар Азирети Сулаймандын (алейхис салам) аятта айтылгандай, турган жеринде таягына сүйөнгөн бойдон аркы дүйнөгө көчүп кете бериши ибараттуу, жана ажайып сырдуу окуя. Кандай болгон күндө да, жаамы пайгамбарлардын оозунан чыккан сөздөрү, жашоо ыңгайы жана баштарынан өткөргөн окуялары, алардан кийин келе турган муундар үчүн жашоонун сабагы болууга тийиш.

1.18.6 Азирети Сулаймандын артыкчылыктары

1. Сулайман пайгамбардын (алейхис салам) өкүмүнө шамал баш ийген. Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) жаамы периштелер кызмат кылууга милдеттүү болгон. Анын сыңарындай, шамал Сулайман пайгамбардын (алейхис салам) буйругун так аткарган.

2. Мухаммед Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) Мираж түнүндө өтө кыска убакытта алыскы Аршка чыкканы жалпыга белгилүү окуя. Ал эми Сулайман пайгамбар (алейхис салам) каалаган учурда Алланын берешен кудурети менен эки айлык узун жолду бир күндө басып өткөн.

3. Күн ысып туран кезде Азирети Мухаммедди (саллаллаху алейхи васаллам) дайыма көктө бир булут көлөкөлөп жүргөн. Сулайман пайгамбарды (алейхис салам) болсо канаттуулар көлөкөлөп жүргөн.

4. Кыямат болгон кезде жаамы пайгамбарлар, Жараткандын сүйүктүү пенделери, шейиттер жана салих кулдар Алланын Элчиси Мухаммед Пайгамбардын «хамд туусунун» алдына жыйналышат. Ошол сыяктуу эле кезинде макулук атпай Азирети Сулаймандын буйругун аткарып, кол астына кызмат кылууга жыйналышкан.

5. Дүйнөнүн жана акыреттин бардык нематтары Алланын акыркы Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) өкүмүнө баш ийген болсо, дүйнөгө таандык бардык дөөлөт жана бийлик Азирети Сулайманга (алейхис салам) ыйгарылган.

1.19 УЗАЙР (алейхис салам)

Узайр (алейхис салам) Азирети Харундун (алейхис салам) урпагынан болот. Жөөттөр аны “Азра” деп аташат. Узайр өз доорунун Тооратты жатка билген саналуу кишилердин бири болгон. Куранда жана хадисте бул улук заттын пайгамбар экендигин айкын билдирген эч кандай далил жок. Айрыкча Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам): «Узайрдын пайгамбар болуп-болбогону тууралуу эч кандай маалымат билбейм!» деп айтканы бар (Али ал-Муттаки. XII , 81/ 34087).

Азирети Узайр тууралуу Куранда бир гана жерде кеп кылынат. Анда Кудай Тааланын хикматы менен Азирети Узайрдын алынган руху жүз жылдан кийин кайтарылып, кайрадан тирилгендиги айтылган.

Ал жашаган доордо жөөт замандаштары напсиге азгырылып, ак жолдон тайып кетишкен. Жараткан Алла балээ катары алардын башына Бухтуннасрды жөнөткөн. Бутхунаср Шам (Дамаск) жана Иорданиянын аймактарына баскынчылык кылып, Акса мечитин талкалаган. Жолунан чыкканды кыйратып, күлүн көккө сапырып кете берген. Колго түшүп берүүдөн башка чарасы жок нечелеген бейкүнөө калкты мыкаачылык менен өлтүргөн. Ишке жарамдууларын жана жашыраактарын кулчулукка айдаган. Ошол туткундардын арасында Азирети Узайр да болгон.

Баяндамаларда айтылганына караганда, Азирети Узайр элүү жаш курактарында туткундан качып кутулуп, эшек менен узак жолду басып, акыры Кудуска кирип келет. Мурунку кооз шаардан урандылардан башка эч нерсе калган эмес эле. Капкара болуп күйгөн, ураган имараттарды, ошол бойдон өспөй калган нечелеген бак даректарды көрүп көңүлү сыздайт. Жолдон азып курсагы ач болгондуктан, эшегин дарактын түбүнө байлай салып бышып турган анжирден жеп, самсаалап турган жүзүмдөн үзүп, ширесин сыгып ичет. Курсагына бир нерсе жүгүргөн соң саябандуу дарактын көлөкөсүнө олтуруп, урандыга толуп, карыптын кейпин кийген шаарына, ар кайсы жерде куурап жаткан адам сөөктөрүнө назар

салып көпкө тигилет. Кудай Тааланын кудурети жөнүндө ой жүгүртүп, бардык нерсенин кантип жаңыдан тирилерине түшүнүгү жетпей олтуруп уктап кетет.

Алла Таала муну мындайча баян этет:

«Же бир зат (Узайр) **жөнүндөгү мисалды көрбөдүңбү: ал зат үйлөрү кыйрап, жашоосуз калган бир шаарга туш болду. «Бул кыйрагандарды Алла кантип тирилтер экен?» - деди. Ошондо Алла аны жүз жыл мөөнөткө өлтүрдү. Андан соң кайра тирилтип сурады: «Канча мөөнөт** (өлүк абалда) **турдуң?». «Бир күн же жарым күн», - деди ал. Алла айтты: «Жок, жүз жыл турдуң. Эми кара, тамагың да, суусундуктарың да бузулган эмес. Эми эшегиңди кара** (сөөктөрү да чирип калган)**. Инсандарга ибарат кылалы деп** (сени жүз жыл бою өлүк абалда кармадык да, кайрадан тирилттик)**. Эми сен сөөктөрдү карап тургун, биз аларды кантип бириктирип, анан кантип эт кийгизет экенбиз» деди.** (Эттери тургай сөөктөрү да чирип бөлүнүп калган туяктуу жандык Алланын амири менен кайрадан тирилди)**. Ал муну эң сонун түшүнгөн соң: «Алланын бүт нерсеге Күчү жете тургандыгын айкын билдим!» - деди»** (Бакара сүрөсү, 259-аят).

Күн оң чекеден ооп бараткан маал. Ой-тоо, жер-суу нурга балкып, аба мелүүн. Али күн бата элек. Азирети Узайр ойгонуп көзүн ачат. Арадан жүз жыл өтүп кеткен эле. Жүз жылдын ичинде карамүртөз Бухтуннаср өлүп, туткундар мекенине кайтып, жашоо нукка түшүп калган кез. Акса мечити кайрадан оңдолуп, шаар бүт бойдон калыбына келтирилген болчу.

Мына ушул ажайып кызык окуяны башынан өткөргөн Азирети Узайр эшегин минип Кудус шаарына кирет. Шаар көчөлөрүндө баратып бүт нерсенин жаңыланып, өзгөргөнүн көрөт. Алдынан чыккан адамдардын баары бейтааныш, көзүнө жылуу учураган эч ким жок. Таптакыр башка шаарда адашып калгандай бир топко дейре каңгып үйлөрдү аралай бастырат. Өзү жашап кеткен тарапка тизгин бурат. Болжолдоп барып бир үйдүн алдына келет. Үйдүн алдында көзү көрбөй телмирип олтурган чүкөдөй кемпир менен амандашкан соң:

– Узайрдын үйү кай тарапта эле, билсеңиз, айтып койо аласызбы? – дейт, сылык гана.

Кемпир үн чыккан тарапка чоочуркай карап, анан муңдуу улутунуп:

– Узайрдын үйү мынакей. Бирок, ал мындан жүз жыл илгери дарексиз жоголуп кеткен. Мен болсо анын жесиримин, – дейт.

Азирети Узайр:

– Мен Узайрмын! – деп өзүн таанытып, башынан өткөргөн окуяларды айтып берет. Аялы анын келишине абдан сүйүнүп, мурунку бекем саламаттыгын кайтарып берүүсү үчүн Аллага дуба кылууну Узайрдан өтүнөт. Ушунчалык ажайып жашоону берген Алла Таалага шүгүр келтирген соң, Азирети Узайр кемпири үчүн мурунку ажарын жана саламаттыгын сурайт. Узайрдын суранычы кабылданып, кемпири жашарып, көзү кадимкидей көрүп калат.

Азирети Узайр уктаган кезде 18 жаштагы уулу жүз жылдан соң 118 жаштагы ак баскан сыйда сакал абышка болуптур. Атасы болсо Кудай Тааланын акыл эсти алсыраткан кызык ишинин натыйжасында дагы эле 50 жашта эле. Байкалбай өткөн бир кылымдык убакыттан кийин уулу атасын тааный албайт. Уулу:

– Атамдын далысында жаңырган ай сыяктуу кара кал бар эле, – дейт.

Азирети Узайрдын киймин түрө салышып, уулу айткан жаңырган ай сыяктуу калды көрүшкөн сөң баары анын Узайр экендигине ишенишет.

Бухтуннаср Кудусту басып, талап-тоноп киргенде Тооратын колуна тийген жазууларынын бардыгын өрттөп жибергендиктен, Узайрдын келиши элге чоң жаңылык болот. Ал эсинде калган Тооратын бөлүктөрүн кайрадан бириктирип, диндин жанданууусуна салымын кошот.

Ибн Аббас баяндап кеткен риваятка караганда, Исраил урпактары Тооратты таштап, напсилеринин азгырыгына баш оту менен кирип кеткендиктен Алла Таала алардын колунан да, эсинен да ыйык Китепти алып койгон. Жөөттөр мындай жазага дуушар болгон соң бушайман болуп көпкө жүрүшөт. Бир топтон кийин кайра тирилген Азирети Узайр Жаратканга жан дилден жалбарып, ибадат кылат. Кудай Тааланын амиринен агылган нур жүрөгүнө кирет. Ошентип, унутта калган Тоорат кайрадан эсине түшөт. Көп адамдар Узайрдан китепти үйрөнө башташат. Жөөттөр аздектеп жүрүп жоготуп алган сандык кайрадан табылат. Анын ичинде Тооратын толук нускасы да бар эле. Табылган нусканы окуп көрүшкөндө,Узайр үйрөтүп жаткан Тоорат менен эч кандай айырмасы жок болуп чыгат. Мына ошондон тартып алар Узайрды урматтап, ашкере сүйүп, ашынган сүйүүлөрү жүрүп олтуруп акыры өздөрүнүн ак жолдон тайып кетишине себепчи болот. Элдин акыйда ишеними бузулат. Азирети Узайрды «Алланын уулу» деп, кудайлыкты таңуулап жиберишет (Табари, Жамиул-Баян, X, 143).

Бул туурасында Ыйык Курани Каримде мындай деп айтылат:

«Жөөттөр Узайрды: «Алланын уулу!» - дешти. Христиандар болсо: «Масих (Иса) Алланын уулу!» - дешти. Бул алардын келжирек сөздөрү. Алардын бул сөздөрү мурун каапыр болгондордун сөздөрүнө окшоп турат. Алла аларды кыйратсын! (Акты карага) **кантип алмаштырып жатышат!»** (Тооба сүрөсү, 30-аят).

“(Жөөттөр) **Алланы таштап даанышмандарын,** (христиандар) **болсо рахиптерин** (монахтарын) **жана Марямдын уулу Масихти кудайлар деп билишти. Аныгында аларга Жалгыз гана Аллага кулчулук кылуу буйрулган болчу. Андан башка кудай жок. Ал алардын шериктеринен таптакыр оолак”** (Тооба сүрөсү, 31-аят).

Бүгүнкү жөөттөр Иудей дининдеги «Узайр Алланын уулу” деген ишенимдерин канчалык моюнга албай актанышканы менен өткөн дооорлордогу көптөгөн жөөттөр ага урмат-сый көрсөтөбүз жана аны мактайбыз деп олтуруп, жадагалса, аны “Кудай” деп жиберишкен. Бул алардын тарыхында так болуп өчкүс бойдон кала берет.

1.20 АЗИРЕТИ АЙУБ (алейхис салам)

Айуб пайгамбар Жакыптын (алейхис салам) бир тууганы Ыяздын урпагынан болот. Ал Дамаск шаарында жашаган. Ага аз санда гана адам ыйман келтирген.

Чоң атасы Исхак пайгамбардын дубасы кабыл болуп, Алла Таала Азирети Айубка мал-дүнүйө, байлык ыроологон. Көп баласы, ээлигинде өзүнө таандык жери жана кызматчылары болгон. Кедей-кембагалдарга жана жетим-жесирлерге ар дайым жардам берип турган. Конок күткөндү абдан жакшы көргөн меймандос жана кайрымдуу инсан болгонун ушундан билиңиз, дасторконуна бир кедейди отургузмайын тамактанган эмес.

Айуб пайгамбар жаш кезинде жана кырчын курагында байгерчиликте жашаган, өмүрүнүн ортосунда кембагал болгон. Аягында талыкпас шүгүрчүлдүгү жана майтарылбас сабырдуулугу менен кайрадан Алла Тааланын жакшылыгына ээ болгон. Анын сабырдуулугу туурасында Курани Карим мындай дейт:



«....Чындыгында да, Биз Айубду сабырдуу адам катары билебиз. Ал абдан жакшы пенде эле! Дайыма Аллага жалбарар эле» (Сад сүрөсү, 44-аят).

Айуб (алейхис салам) Шам (Дамаск) чөлкөмүн байырлаган элге пайгамбар катары жөнөтүлгөн. Ага Алла Тааладан вахий берилгендиги Ниса сүрөсүнүн 163-аятында мындайча баяндалат:

«(Эй Мухаммед!) **Биз Нухка жана андан кийинк и пайгамбарларга** (кабар) **вахий жибергенибиз сыяктуу эле сага да вахий жибердик. Ошондой эле Ибрахим, Исмаил, Исхак, Жакып жана анын урук-тукумуна; Иса, Айуб, Юнус, Харун жана Сулайман пайгамбарларга да вахий жибергенбиз. Давудга Забурду бердик».**

1.20.1 Сыноо, сабыр жана сыйлык

Айуб пайгамбар бар байлыгынан, балдарынан, иши кылып бүт нерсесинен удаама-удаа ажырайт. Асыресе ден-соолугу начарлап катуу дартка да чалдыгат. Айуб пайгамбар мунун баарын туура аңдап, тобокел, моюн сунуучулук жана сабырдуулук менен Алланын тагдырына ак дилден ыраазы болот. Адамзат тарыхында анын кылт эткис моюн сунуучулугу, темирден бекем сабырдуулугу жана адамдык бийик сапаты ибарат, үлгү катары дастанга айланган. Айуб (алейхис салам) пайгамбар кезинде ушундай оор машакаттарга кириптер болгон. Пайгамбардын башына түшкөн мындай кыйынчылыктарга Алланын каргыш-наалатына калган Иблис себеп болгон. Адам кейпине кубулган шайтан эл аралап:

«Мынчалык көп немат жана байлык менен Аллага кулчулук кылуу оңой иш. Анын дараметин кембагалчылык жана жокчулук учурунда көрүү керек!...» сыяктуу сөздөрдү жайып, анын кадырын түшүрүүгө жандалбас урат.

Ошондуктан Алла Таала Айуб пайгамбардын тобокелдигин, моюн сунуучулугун жана сабырдуулугун элге көргөзүү үчүн ага ар түрдүү кыйынчылыктарды жиберген.

Алла Таала адегенде Азирети Айубду бүтүндөй мал-мүлкүнөн ажыратат. Койлорун селге агызат, эгиндерин шамал менен жок кылат. Шайтан мүмкүнчүлүктөн пайдалангысы келип чабандын кейпине кире коюп, Айуб пайгамбарга барат. Көз жашын төгүп, калп-чынды койгулаштырып, болгон окуяны саймедиреп айтып берет:

– Ооий Айуб! Кырсык экен, айла канча. Мал-мүлкүңөн айрылдың, - дейт.

Бул кабар Азирети Айубга эч кандай таасир этпейт, сар-санаа да болбойт. Тескерисинче Алланын жазмышына ыраазы болуп, шүгүрчүлүк келтирген соң адам кейпине жамынган шайтанга:

– Мал-мүлктү мага Алла Таала берген. Ал азыр аманатты кайтарып алды. Бардык нерсенин жалгыз ээси Алла Өзү, кааласа берет, кааласа алып койот! – деп жооп кайтарат. Айуб пайгамбар бул сөздөрү жана токтоолугу шайтандын санаага салат.

Көп өтпөй Айуб пайгамбардын балдары сабак окуп жаткан учурда катуу зилзаладан (жер титирөө) каза табышат. Боздогон шайтан Айубга (алейхис салам) кайра келет:

–Эй, Айуб! Алла Таала сенин үйүңдү жер менен жексен кылды. Балдарыңдын бирөөсү да аман калган жок. Алардын ошо кездеги чыркыраган аянычтуу үндөрүнө эч бир жан чыдай албас эле!

Шайтан ошол учурда аябай кооздоп, көркөмдөп айткандыктан, Азирети Айубдун аталык сезими, жүрөгүнөн ашып ташкан мээримдүүлүгү таасирге кабылып куттуу көзүнөн жаш чертиле түшөт. Ошентсе да, мунун сыноо экендигин түшүнүп тагдырга ыраазы боло баш ийет.

Бул жолкусунда да көксөгөн максатына жетпей калган шайтандын аргасы кетет. Ошентип, шайтан дагы бир нерсени саймедирегени жаткан кезде Азирети Айуб:

– Эй, каргышка калган Шайтан! Сен Иблиссиң, сен мени Жараткан Алла Таалага нааразы болушумду каалап жатасың, муну айкын билем! Балдарды Ал мага аманат кылып бергенин сен деле билесиң го. Ээси аларды кайра кайтарып алды. Ал берүүчү да, алуучу!

Анан эмнеге менин ичим ачышсын?! Мен ар дайым, ар жерде Алла Таалага мактоо айтам, Аны тынымсыз даңктайм! – деп шайтандын шаабайын суутат.

***

Ошентип Алла Таала Айубду (алейхис салам) акырында катуу ооруга чалдыктырып чоң сыноону башына салат. Оорусу күн өткөн сайын күчөй берет. Аялы Мээримдүү жана жоопкерчиликтүү жубайы Рахима Айуб пайгамбарды чарк айланып кызмат кылат. Кандай муктаждыгы болбосун айттырбай сезип, Алланын ыраазылыгын тапканга жан үрөйт.

Жаны сыздап ооруп жатса да Алла Таалага даттанбайт, тек гана тагдырга моюн сунганынан жазбайт. Сабырдуулукту эш тутуп, Жараткандын ырайымына пааналап, Ага мактоо айтып тилинен зикирди түшүрбөйт.

«(Эй, Мухаммед!) **пендебиз Айубдун Раббисине кайрылып: «Акыйкатта шайтан мага балээ, азап алып келди» дегенин эстегин!»** (Сад сүрөсү, 41-аят).

Анткени, шайтан Айуб пайгамбардын адамдык бийик сапатына ичи тарып, ага тоскоол болгусу келген эле. Айуб (алейхис салам) ошого карабай бүт нерсе Алладан болот деген ишеним менен чын ыкластан тобокел кылат.

Айуб пайгамбардан эч кандай пайда жок экенин аңдаган шайтан бул ирет:

–Абайлагыла! Рахимага жардам бербегиле! Болбосо Айубдун оорусу силерге да жугуп калат! Токтоосуз аны шаардан кууп чыккыла! – деп, элди азгыра баштайт.

Шаар тургундарына шайтандын азгырыгы майдай жагат. Ээликкен адамдар Рахимага келип:

– Айубду алып чыгып кеткиле бул жерден! Болбосо, экөөңөрдү тең ташбараң кылып өлтүрөбүз! – деп коркутушат.

Рахима байкуш Айуб пайгамбарды жонуна көтөрүп алып аргасыздан шаардан чыгып кетет. Бир шаарга жакын бир жерге барып байырлап калышат. Кумду үйүп Айуб пайгамбарды бир капталына жаткырып, башына таш жөлөп койот. Рахими ээн талаага баш паанек кылганга кичинекей кепе курат. Ага Алла ыраазы болсун, ушундай машакаттуу, ары катаал күндөрүндө да кабагым кашым дебей Айуб пайгамбарга кызмат кылат.

Алланын пайгамбары Азирети Айуб ошондой оор мезгилдерде да пайгамбарлык озуйпасын таштабай ары-бери өткөн адамдарды туура жолго чакырып, ак менен караны насаат кылат.

Көр тириликтин күнүн көрүү үчүн Рахима шаардагы аялдар менен ымала түзүп, аларга жип ийирип берип каражат таба койот. Күндөрдүн биринде Рахима эне күйөсүнө кайрылып:

– Сен пайгамбарсың! Алла Таалага өзүңдүн саламаттыгың, ден-соолугуң үчүн дуба кылсаң кандай болот. Эртерээк бул дартыңдан айыгып кетсең! - деген ойду билдирет. Айуб пайгамбар суроо узатат:

– Саламатчылыкта, ден-соолукта канча жыл жашадым?

– Сексен жыл, – дейт кемпири.

Анда Айуб пайгамбар жүрөк толо көлкүгөн ыйманы менен:

–Ээ, Рахима! Кыйналып ооруп жатканыма сексен жыл (бардар турмушту баштан кечирген мезгилчелик) болбой туруп, кантип Жараткан Аллага арыз-муңумду айтайын! Алла Таала бизге канчалаган неметтерды ыроолоду! Анын сыноолоруна сабыр кылбайт койсок дурус болбой калат! – дейт кайран киши.

Азирети Айубдун чыдамкайлыгы, адамдык бийик сапаты куттуу хадистерде да мактоо менен эскерилет:

«Азирети Айуб адампенденин эң жумшак кулк-мүнөздүүсү, эң сабырдуусу жана акыйкатта ачуусун баса билген адам эле» (Ибн Аби Шайба, 3, 201).

***

Айуб пайгамбарга алы жетпей калган шайтан Рахиманы азгырууга ниет кылат. Күндөрдүн биринде адам кебетесине кирип алган шайтан кайра-кайра алдынан чыга келип, ар кандай жолдор менен аны адаштырууга жандалбас урат. Рахима эне анын азгырыгына алданбайт. Үйүнө келип, болгон окуяны Азирети Айубга айтып берет. Анда Айуб:

–Ээ, байбиче. Сенин жолуңа чыккан ал киши – Иблис экен. Этият бол, сени алдап менден ажыраткысы келип жүрөт, – деп эскертүү берет.

Рахима Жусуп пайгамбардын тукумунан болгон. Ошол себепби айтор, Азирети Жусуптун сулуулугу анда да бар эле. Ошол аймакта андан ашкан бир да сулуу аял болгон эмес делет баяндамаларда. Дагы бир күнү Иблис сулуу жигиттин кейпине жамынып, Рахима эненин алдынан чыгып:

– Оо, кандай гана ажайып сулуулук! Өмүрүмдө сенден ашкан сулуу аялды көргөн эмесмин. Мен бул жакын жердеги бир айылдан болом. Өзүм бай, бардар адаммын. Мал-мүлкүм оголе көп, санап бүтө албайсың.... – деп, дагы көп сөздөрдү айтат.

Ыкласман Рахима эне:

– Мен ооруп жаткан Айуб Пайгамбардын өмүрлүк жары болом. Мен ага кызмат кылып жүрөм. Мен андай шарапаттуу пайгамбардан башка эч кимге эч качан жүзүмү бурбаймын, – деп басып кетет.

Рахима Азирети Айубга окуяны айтып берет. Азирети Айуб жубайынын сөздөрүн угуп отуруп жаны сыгылып кетет да, ачуулана:

–Эй Рахима! Мен сага андан алыс бол деп эскертпедим беле! Эгер ден-соолугум кайра берилсе, сага жүз балак урам! – деп, Алланын ысмын оозанып ант этет.

Ошентип, күн өткөн сайын абал оорлошо берет. Акырында оорусу жан чыдагыс абалга келип калган мезгилде шыпаа табуу үчүн алакан жая:

«...(Оо Жараткан!) **мени кырсык-балээ кармады. Өзүң ырайым кылуучулардын эң ырайымдуусусуң!»** (Анбия, 84) - деп, Алланын орошон ырайымынан паана сурап, жүрөгүнүн түпкүрүнөн сызылып чыккан ыкласмандыгы менен жалбарып дуба кылат.

1.20.2 Дартка дабаа

Күндөрдүн биринде Рахима адаттагыдай эле тирүүлүктүн камы үчүн жолго чыгат. Ал кетээри менен Жабраил периште Айуб пайгамбарга келип:

«Айуб, сага балээ жибердим, ага сабыр кылдың. Эми болсо сага ден-соолук жана немат берем!» деген куш кабар менен бирге ушул жарлыкты ала келет:

«Бутуң менен жерди теп! Мына, сенин жуунуп тазалана жана иче турган (дартыңа шыпаа болчу) **сууң ушул!»** (Сад сүрөсү, 42-аят).

Айуб (алейхис салам) буйрукту аткарайын деп жерди тепкенде буту тийген жерден булак атырылып чыгат. Айуб пайгамбар сууга чайынып, тазаланат. Алла Өзү ыроологон суу менен ички жана сырткы бардык оору-сыркоодон сакайып кетет. Дагы бир баяндамада, Айуб пайгамбар буту менен жерди тепкен кезде бир жагынан ысык, бир жагынан муздак суу атырылып чыккан. Ысык сууга жуунуп, муздак суудан ичип бардык дарттан айыгып кеткен делет.

Арийне, Айуб пайгамбар Алла Таалага чын дилден жалынып дуба кылып, шыпаа таап, Анын ырайымына, мээримине бөлөнгөн эле:

«Анан биз Анын дубасын кабыл кылып, андагы зыян-кайгыны кетирдик, ошондой эле Өзүбүз мээримдүүлүк көрсөтүп, бардык ибадат кылуучуларга эскертме-өрнөк болсун деп (Айубка**) үй-бүлөсүн жана алар менен кошуп дагы ошончо бала-чака бердик»** (Анбия сүрөсү, 84-аят).

Ошентип, Жабраил периште Айуб пайгамбардын жанына келип, Алланын буйругу менен башына таажы кийгизип, үстүнө ак чепкен жабат. Андан соң Алла Таала тарабынан ырайымдуулуктун ала булуту келип, Пайгамбардын үстүнөн алтын тамчыларын нөшөрлөтөт.

Алланын акыркы Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) мындай дейт:

«Айуб (мужиза сууда) жуунуп жаткан кезде, алдына тобу менен алтын чегирткелер келип түшкөн эле. Анан Айуб чегирткелерди дароо топтоп, этегине толтура баштады. Ошондо Алла Таала:

-Эй Айуб! Көрүп турасың, Мен сага мал-мүлкүңдү кайтарып берип, сени бай кылдым! - деди. Азирети Айуб:

- Ооба, оо Жараткан Алла Таалам! Мага байлык бергениң ырас. Сенин кайыр жана береке казыналарыңа мен муктаж болбой койо албаймын! Мына ошол мага эмне жиберсең баарына ыраазымын, - деди» (Бухари, Гусл, 20; Анбия, 20; Насаи, Гусл, 7).

Ошентип, Пайгамбарга кызматты жан дилден сүйүп аткарып жүргөн Рахима байкуш шаардан келип калат. Алгач Азирети Айубду тааный албайт. Өмүрлүк жарынан ажырап калганын ойлоп, ары-бери жүгүрөт. Сезимтал жаны айласын таппай эчкирип ыйлап, зар какшап олтуруп калат. Анан Айуб пайгамбар жубайына үн катат:

– Ээ кокуй, эмне болду мынчалык? Кимди издеп жүрөсүң?

– Оорулуу өмүрлүк жарым бар эле. Түйшүктүү болсо да мен ага жан дилим менен сүйүп кызмат кылып, күн өткөзүп жүргөм. Эми минтип тирегимден ажырап олтурам, - дейт көз жашын көлдөтө.

– Ал кандай адам эле?

– Өтө сабырдуу эле. Ден-соолугу чың кезде бир караганда сизге окшоп кетер эле.

Айуб пайгамбар чыдай албай:

– Эй, Рахима! Ошол сен издеп жүргөн киши менмин. Алла Таала мага ден- соолугумду кайтарып берди, көзүң кубансын! – дейт.

Ошентип, эки заттын кубанычы койнуна батпай, Рахиманын купкуу болуп турган жүзүнө кан жүгүрүп, ыйлап сыктап Алла Таалага чын ыкластан шүгүр келтиришет.

Андан кийин Алла Таала Айуб пайгамбардын жаштыгын кайтарып, мурункудан да арбын мал-дүйнө ыроолойт. Баа жеткис нематтарды берет.

Азирети Айуб оорусунан сакайган күндүн эртеси таңга жуук «а-ай!» деп жаны сыздагандай үн чыгарат. Рахима кабатырланып: «-Эмне болду?» дейт. Анда Пайгамбар:

–Мурун ар күнү таңга маал: Эй, биздин оорукчан пендебиз кандайсың? - деген үн угар элем. Азыр да мына ошол убакыт келди, бирок, акыбал сураган эч ким жок. Ошого өксүп жатам деп жооп кайтарган экен.

1.21 ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

1.21.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Фараон эмне үчүн Исраилден тарагандардын эркек наристелерин өлтүртүүгө буйрукту берген?
2. Исраилден тарагандардын эркек наристелерин өлтүрткөн жана аларды алсыраткан фараон Курани Каримде кандай баяндалган?
3. Бүтүндөй сыптий элинин балдары фараондун буйругу менен өлтүрүлүп жаткан кезде Муса (алейхис салам) анын сарайына кандай болуп кирип ал жерде чоңоюп калды?
4. Кайсы гана пайгамбардын өмүр таржымалына карабайлы баарынын чабан болуп кой кайтарганына көрүүгө болот. Эмне себептен алар кой кайтарышкан?
5. Муса пайгамбар бир тууганы Харунду эмне үчүн өзүнө жардамчы кылып берүүнү Алла Тааладан суранган?
6. Азирети Муса менен Азирети Харун фараонду үгүттөө үчүн баратканда, Алла Таала анын ыйман келтирбесин билсе дагы: “Ага жылуу сөз айткыла! Балким акылына келээр, балким (Алладан) коркоор!” (Таха, 44)” – деп айткан. Ушул аятты бүгүнкү учурга карата чечмелегиле?
7. Сыйкырчылардын мусулман болушун, андан соң фараондун айосуз жазасына тартылуусун Азирети Мавлана кайсы себептерге байланыштырган?
8. Муса пайгамбар Улул-Азим пайгамбар болгонуна карабастан илимин дагы да өркүндөтүү үчүн бейтааныш адамды издеп барган. Илим жолундагы адамдар бул окуядан кандай сабак алса болот?
9. Эмне үчүн жөөттөргө пайгамбарлар удаама-удаа жөнөтүлүп турган? Динге жана пайгамбарларга болгон мамилесен таразалагыла?
10. Талуттун аскерлери Жалуттун кошууну менен согушка кирүүдөн мурда үч нерсени сурап дуба кылышкан эле. Бул үч нерсе эмнелер болучу?
11. Азирети Давуд, таң эртеден кечке чейинки бир күнүн төрткө бөлүп койгонун билебиз. Эгер биз күнүбүздү төрткө бөлө турган болсок, убакыттарды эмнелерге, кантип жумшайт элек?
12. Асхабу сабтты шайтан кантип азгырган?
13. Сулайман пайгамбар кандай сыноого туш болгонун Курандын баянамасына карата түшүндүрүп бергиле?

14. Сулайман пайгамбар канышанын белектерин элчилерден өзүнө кайтарып жиберет. Пайгамбардын мындай кадамын көргөн Балкийс каныша кандай натыйжага келген?

15. Сулайман пайгамбар эмне үчүн Балкий канышанын тактысын өзү турган жерге алдырган?

16. Жөөттөрдүн Узайрга (алейхис салам) “Алланын уулу” деген таңуулоосу кайсы сүрөнүн канчанчы аятында билдирилген?

17. Өлүмдөн кийин кайрадан тирилүүгө далил катары үч аятты айтып бергиле?

18. Куран аяттарында айтылган Айуб пайгамбардын бийик сапаттарынан үчөөнү атап бергиле.

19. Эмне себептен Айуб пайгамбар мал-мүлкү, уулдары жана саламаттыгы менен сыналган?

20. Колундагы бар байлыгынан, ден-соолугунан жана балдарынан ажыраган Айуб пайгамбар эмне кылган?

21. Мал-мүлкүнөн жана уулдарынан ажыраган соң Айубду (алейхис салам) Алла Таалага баш көтөртүү үчүн Иблис кандай айла амалдарга барган? Айуб пайгамбар ага кантип жооп берген эле?

22. Азирети Айуб катуу ооруга чалдыккан кезде ага ким, кантип кызмат кылган?

1.21.2 ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жоопторун белгилегиле.

1. Кайсы вариант Исраил урпагын Мисирден көчүп кетүүгө зордогон себепбердин бири эмес?

А. Фараондун жана кыптийлердин кордугуна кабылуусу.

Б. Мисир элинин алдындагы кадыр-баркын жана социалдык укуктарын жоготуп алуусу.

В. Калктын көбөйүп кетишинен кооптонгон кыптийлердин сыптий элин басмырлоосу жана кордоосу.

Г. Исраил урпагынынын Мисирде жашап калышын каалабагандыктан, аларды кубалоосу.

2. Жөөттөрдүн диний адабияттарында пайгамбарларга жалган жалаалардын жабылышы, Алланын элчилерине жарашпаган жоруктарды аларга таңууланышы жана өздөрүнүн ушул нерсеге ишениши эмнени каңкуулайт?

А. Иудаизм диний адабияттарындагы маалыматтардын логикалуулугун жана абан ынанымдуу экенин билдирип турат.

Б. Иудаизм динин турмуш чындыктарын таамай көрүүдөн бир топ эле оолак экендигин билдирип турат.

В. Өздөрүнүн ээнбаш напсилеринин жана өз шерменде жоруктарын пайгамбарларга да таңууланганын көрсөтүп турат.

Г. Пайгамбарга болгон ишенимдеринин жөнөкөйлүгүн жана абдан мыкты болгондугун көрсөтүп турат.

3. Жаңы туулган ымыркай атпайдын башын алдырган фараон Мусаны өз колу менен падышалык сарайында чоңойткон. Бул жерден көп ибараттарды чыгарууга болот. Төмөнкү версиялардын кайсынысы бул себептердин катарына кирбейт?

А. Алла Таала кимди пайгамбар кылгысы келсе, ошол кулдарын жаштайынан абдан оор сыноолор менен сынаган.

Б. Кудай Таала бир ишти максат кылган болсо пенделердин ой мүдөөсү ал Улуу максатты ашып өтө албайт, каалагандай өзгөрттүүгө кудурети да жетпейт. Мына ушул себептен чыныгы ыймандуулар жаратылган заттардын жамандыгынан коркушпайт.

В. Жараткан Алла Таала сактаймын десе пендесине эч ким зыянын тийгизе албайт. Ошондуктан Муса (алейхис салам) эң коопсуз жай болгон хан сарайда чоңойгон.

Г. Кандай абал болбосун Алла Тааланы мээриминен жардам суроо зарыл. Алла Таала Өзүнөн паана сурагандарды сөзсүз аман сактайт.

4. Азирети Муса Кызырдан илим алып жатканда бир асыл сапат ага абдан зарыл болгон. Дегеле, илим үйрөнүүнү каалаган бардык исандар үчүн бул сапат абадай керек. Ал кайсы сапат?

А. Зээндүү болу

Б. Аракетчил болуу

В. Бөтөн элде мусапырчылыкта жашоо

Г. Сабырдуу болуу

5. Муса (алейхис салам) фараондун сарайында жетилгенине карабастан алардын ишенимине жана ахлаксыз жашоо образдарына ыктабай, тавхид ишениминде ыймандуу, адеп-ахлактуу болуп өсүп жетилген. Бул окуя тарбиядагы кайсы чындыкка ишаарат кылат?

А. Баланын жакшы же жаман тарбиясы ата-эненин гана арзуу тилектерине жараша болот.

Б. Алла Таала бардык пайгамбарлардын ишеним жана адеп-ахлак тарбиясын каапыр кулдары аркылуу жүзөгө ашырат.

В. Алла Таала элчи кылып тандаган пенделерин Өзү тарбиялайт, аларды жеке көзөмөлүндө коргойт.

Г. Баланы тарбиялоодо туура ишеним жана адепттүүлүктүн үлгүлөрүн көрсөтүүнүн эч кандай пайдасы жок.

6. Кайсы вариант Тооратты бузулушунда рол ойногон факторлордун бири эмес?

А. Таврат алгачкы кездерде жалгыз гана нуска менен сакталган.

Б. Исраил уулдары көптөгөн жылдар бою Вавилондуктардын эзүүсү астында тургандыктан жалгыз нускалуу Таврат жоголуп кеткен.

В. Көпчүлүк жөөттөр Тооратты сөздөрдүн ордун алмаштыруу менен Ыйык Китепке кыянаттык кылышкан.

Г. Тооратта бири бирине карама-каршы келген жана чындыка коошпогон маалыматтар толтура.

7. “Ага жылуу сөз айткыла! Балким акылына келээр балким (Алладан) коркоор!” (Таха, 44)**. Бул аятта чектен чыккан каапыр жана мыкаачы фараонго жылуу сүйлөп, сылык мамиле кылууга буюрган. Кайсынысы вариант бул аяттын максатына дал келбейт?**

А. Алла Таала пайгамбарларын фараондун жамандыгынан сактап калуу үчүн ага жылуу жумшак мамиле менен кайрылууну эскерткен.

Б. Ишениими жана адеп-ахлагы кандай деңгээлде болбосун адамдарга сылык мамиле кылып, жагымдуу сөз менен кайрылуу кажет.

В. Адамдардын көз карашын жана ыйык туткан ишенимдерин өзгөртүүдө жумшак сөздүн, таттуу тилдин жана кыраакы кадамдын таасири зор маанига ээ.

Г. Алар орой мамиле кылып, өчөштүргүдөй катуу айтканда фараондун каапырлыгы жана залимдиги андан бетер күчөп кетмек.

8. Азирети Давуддун күнүмдүк турмушунда кандай ишти аткарган эмес?

А. Ибадат менен шугулданган.

Б. Медреселерде мугалимдик милдетти аткарган.

В. Укуктук маселелер боюнча чечим кабыл алган.

Г. Калайыкка насаат айтып, жакшылыка чакырган.

9. Ыйман келтиргенине кыска убакыт болгонуна карабастан жана ыймандын шарапаты менен сыйкырчыларды көкүрөгүндө дүнүйөлүк коркунуч да, кайгы да калган эмес. Сыйкырчылардын ошол кездеги психологиялык абалы кайсы вариантта туура эмес берилген?

А. Абдан курч ыйман менен Алла Таалага ишенгендиктен жүрөктө шектенүүнүн кыпынчалык изи калган эмес.

Б. Ыймандын айтып бүткүс даамын таткандан кийин Алла Таала койгон сырларды баамдай алышкан.

В. Алла Таалага ыйман келтирген соң фараон такыр зыян кыла албайт деген ойдо болушкан.

Г. Жүрөктөгү мурунку муң кайгы жана коркунучтар ошол учурдагы шартка байланыштуу Алладан коркуу жана Анын ырайымын үмүт кылуу деген сезимдерге алмашып, жан дүйнөлөрүндө бейпилдик өкүм сүрө баштаган.

10. Жөөттөргө кандай апааттар жөнөтүлгөн эмес?

А. Чегиртке жана курбака каптап калган.

Б. Сел менен топон суунун чогуу баскан.

В. Нил дарыясы жана иче турган суулары кызыл канга айланып кеткен.

Г. Күнөөкөрлүктөн улам жүздөрү карарып кеткен.

11. Муса пайгамбар Кызыр менен жол жүргөндө себеп-натыйжасы билинбеген, төркүнү түшүнүксүз болгон айрым окуяларга күбө болгон. Бул көрүнүштөн окуялардын көзгө көрүнгөн тарабынын артында купуя хикматтар да бар экенин билсек болот. Алардын түйүнүн акыл же илим менен түшүнүү мүмкүн эмес. Өзгөчө рухий жөндөмү бар инсандар гана жүрөк туюму жана илхам жолу менен окуялардын төркүнүн жандыра алышат.

Биз сөз кылып жаткан шык-жөндөмгө жана артыкча касиетке эгедер болуу үчүн кандай сапаттар зарыл эмес?

А. Напсини тазалап, жүрөктү аруулоо.

Б. Материалдык же гуманитардык илим билимдерди окуп белгилүү деңгээлди багынтуу.

В. Такыбаа болуу жана билгенине амал кылуу.

Г. Алланын буйруктарын так аткарып, көңүлдү Ага багыштоо.

12. Асхаб сабт коому шайтан азгырган соң үчкө бөлүнүп кеткен. Кайсы вариант алардан эмес?

А. Алланын буйругуна моюн сунбастан балык уулай беришкен.

Б. Балык уулабаганы менен күнөө кылгандарды тоскон эмес.

В. Балык уулашкан эмес, бирок, уулагандарга эскертүү беришкен.

Г. Алланын буйругун эч ким аткарбагандыктан Мадян аймагын таштап кетишкен.

13. Эки тарап беттешерден алдың эрөөлгө чыкан Азирети Давуд зөөкүр Жалутту өлтүргөн. Ушул окуядан кандай жыйынтык чыгарууга болбойт?

А. Кандай гана согуш болбосун, ыйман келтиргендерди Алла Таала эч качан жеңилүүгө учуратпайт.

Б. Эгер Алла кааласа, алсыз мусулман күчтүү душманды жеңип алат.

В. Заалымдар миң күчтүү болушса да Кудай Таалага душман болгону үчүн Анын эркі алдында сөзсүз алсыз болушат.

Г. Момун мусулман оболу Кудай Таалага корголонуп, жардамды Алладан сурашы керек. Бүт нерсени аткарган соң Аллага тобокел кылышы керек.

14. Сулайман пайгамбар аскерлери менен кумурска өрөөнүн жанынан өтүп бараткан кезде кумурскалардын башчысы менен сүйлөшүү жүргөн эле. Ошол сүйлөшүүнү эстеп, андан кандай натыйжа чыгарууга болбосун тапкыла.

А. Дүнүйө мүлктүн, дөөлөттүн улуулугу жана баркы адамдан адамга өзгөрөт.

Б. Чыныгы байлык – байлыгы, мүлкү менен мактануу эмес, мүлктүн чыныгы Ээсине ишенүү.

В. Ушул түбөлүксүз дүйнөдө бай болууга аракеттенүүнүн адамга эч кандай пайдасы жок.

Г. Байлыкты колдонгон адамга жана ниетин жараша анын пайдасы да, зыяны да өзгөрүп турат. Адамды канат кылууга жана пайдалуу амалдарды аткарууга түрткү берген байлык мактоого арзыган.

15. “Ант болсун! Сулайманды сынадык. Аны тактысынын үстүнө бир дене сыяктуу таштадык. Кийин ал тообо менен (Раббисине) **кайтты”** (Сад сүрөсү, 34-аят)**. Бул аяттагы “аны тактысынын үстүнө** (өлүк, кыймылсыз) **дене сыяктуу таштадык” деген сүйлөмдөн, төмөндө тизмектелген маанилердин кайсынысын чыгарууга болбойт?**

А. Төңкөрүштүн айынан Сулайман пайгамбар белгилүү убакытка чейин саясий күчүн жоготуп, падышалыгынан кол жууган.

Б. Азирети Сулайман башка жака чыккан кезде да жиндердин токтобостон иштешин каалаган. Ошондуктан такка бир денени таштап, байкатпай чыгып кеткен. Ал эми жиндер болсо жансыз денени падыша деп ойлоп, тыным албастан иштей берген.

В. Азирети Сулайман бир кездерде катуу ооруга чалдыккандыктан, такта алсырап отуруп калган.

Г. Алла Таала пайгамбарынын жүрөгүнө ажайып коркунуч сезимди салган. Башына бир балээ келишинен кооптонгон Сулайман (алейхис салам) кудум жаны чыгып кеткен немедей тактынын үстүндө кыймылдабай калган.

16. Айуб пайгамбар кандай сыноого кабылган эмес?

А. Катуу ооруга чалдыккан.

Б. Айуб пайгамбар кыйналып жатканда жубайы Рахима аны таштап кеткен.

В. Жер титирөөнүн натыйжасында Айубдун (алейхис салам) балдарынын эч бири аман калган эмес.

Г. Колундагы болгон мал-мүлкүнөн ажыраган.

17. Алла Таала Азирети Давуд пайгамбарга кандай нематты берген эмес?

А. Кармаган темирди алтынга айлантуучу касиетти берген.

Б. Тоо-таш жана канаттулар аны менен чогуу зикир кылган.

В. Бийлиги абдан күч-кубаттуу болгон, хикматтуу сүйлөө жана өтө сөзмөрлүк өнөрдү ыроологон.

Г. Душмандан коргонуу үчүн соот жасаганды үйрөткөн.

18. Саба канышасы Балкийс Сулайман пайгамбарга келген кезде түбүндө суусу, суусунда балыгы жана күмүш айнектен жасалган көлмөсү бар аксарайды, ошондой эле кудум өзүнүкүндөй тактты көрөрү менен абдан таңыркап, таасирдин туткунунда кала берген. Кайсы варианттын окуяга тиешеси жок?

А. Көзү көргөн нерселер акылына жана көзүнө болгон ишенимин бошоңдотуп, алсыздыгын мойнуна алган.

Б. Бул катардагы пенде жасай албай турган ажайып көрүнүш экенине аргасыздан ишенген.

В. Көзү көргөн жана башынан өткөн укмуштуу окуялардан соң Кудай Тааланын кудуретин аңдап, мусулман болгон.

Г. Кудум өзүнүкүндөй тактыны ал жерден көргөн каныша бул ишти жиндерден көргөн.

19. Кайсы вариант Акса мечитинин ыйык болуп калышынын себептеринен эмес?

А. Исра окуясы ушул жерден бүткөн болсо, мираж окуясы дал ушул жерден башталган.

Б. Азирети Сулайман жана Азирети Давуд пайгамбарлардын күмбөздөрү ушул жерде жайгашкан.

В. Мусулмандар улуу көчтүн (хижрат) алтынчы жылына чейин ушул жайды кыбыла тутушкан.

Г. Азирети Муса пайгамбардын доорунан бери ыйык рухий аманаттар менен Тооратгын жазуулары ушул жерде сакталган.

20. Кайсы вариант Балкийс канышанын падышалык тактысын алынып келүүнүн себеби болуп саналбайт?

А. Азирети Сулаймандын пайгамбарлыгын кабыл кылдыруу максатында анын тактысын алып келишкен.

Б. Кол астындагы аскерлердин жана жиндердин моюн сунар-сунбасын билүү үчүн тактты алып келүүгө Сулайман (алейхис салам) буйрук берген.

В. Алынып келинген орундукту бираз өзгөртүп, муну менен канышаны зиректигин жана парасатын текшерүүнү максат кылган.

Г. Такт негизинен бир падышанын күч кудуретинин эң белгиси болгондуктан, өзүнүн күчүнүн андан да жогору экенин далилдөө үчүн алдырып келген.

21. Азирети Узайрдын жүз жыл уктап турушунан ибарат чыгара турган болсок, кайсы вариант буга дал келбейт?

А. Алла Таала үчүн өлтүрүү жана тирилтүүнүн эч кандай кыйынчылыгы жок.

Б. Алла Таала чирип калган сөөктөрдү да тирилте алат.

В. Пенде Алланын каалоосу менен уктап, душмандарынан коргоно алат.

Г. Негизинен ар бир пенде түнү уктап, күндүзү ойгонуу менен өлүм жана тирилүүнү башынан өткөрөт.

22. Азирети Айуб менен Рахиманын ортосундагы сүйүү-берилгендиктин, сый-урматтын соолбос булагы. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы бул булакка мисал болалбайт?

А. Шайтандын азгырыктарынан күч-кубат алууга аракет кылышы.

Б. Жокчулук, кыйынчылык учурларда ар дайым экөөнүн бирге сабыр кылышы.

В. Бири-бирине болгон сый-урматты сактай билиши.

Г. Бири-бирине арка-жөлөк болуп Алла Таалага ар качан тобокел кылып, моюн сунуудан жазбашы.

23. Азирети Айуб бүтүндөй мал-мүлкүнөн куру калган кезде : «Мал-мүлктү мага Алла Таала ыроологон эле. Кайра Өзү кайтарып алды. Алла Таала – бардык жандуу-жансыздын жалгыз Эгеси! Ал кааласа берет, кааласа алып койот!» деген эле. Төмөнкү маанилердин кайсынысы Айуб пайгамбардын адамдык сапаттарына дал келбейт?

А. Ал дүйнөгө, байлыкка маани бербеген каниеттүү, топуктуу адам болгон.

Б. Азирети Айуб Кудай Таала ыроологон бардык дүнүйөсүн элге кайрымдуулук үчүн таратып жиберүүгө кудурети жеткен өтө берешен киши болгон.

В. Колдон алынган нематтар кайра кайтарыларын билгендиктен Аллага ар дайым ыраазы болгон.

Г. Айуб пайгамбар Жараткандан келген ар бир сыноодон ийгиликтүү өтүп, Аллага ар качан моюн сунган.

24. Айуб пайгамбардын оорусу чыдагыс абалга келип калганда: «Чындыгында да, шайтан мени балээ жана азап менен кармады» (Сад сүрөсү, 41-аят) **деп оорусун, кыйналганын шайтанга таңуулаган эле. Мындан төмөнкү кайсы тыянакты чыгарууга болбойт?**

А. Айуб (алейхис салам) башына түшкөн ар сыноону Алла Тааладан, ал эми буларга чыдай албастыгын напсимден деп билген. Жаратканды жан дили менен сүйгөн.

Б. Айуб пайгамбар бул сыноолордун себебин шайтандан көрүп, сабырсыздыгын шайтанга таңуулаган.

В. Ошондой болсо да бардык сыноолорго сабыр кылууга да ыраазы эле.

Г. Азирети Айуб сабыры жетпей, чыдамы түгөнүп калышынан корккон.



ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

عليهم السلام

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **АЗИРЕТИ ЮНУС (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ИЛЯС (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ АЛЯСА**
- **АЗИРЕТИ ЗУЛКИФЛ (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ЛУКМАН (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ЗАКАРИЯ (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ЯХИЯ (алейхис салам)**
- **АЗИРЕТИ ИСА (алейхис салам)**

ТӨРТҮНЧҮ
БӨЛҮМ

1.22 АЗИРЕТИ ЮНУС (алейхис салам)

Юнус (алейхис салам) байыркы Ассирия мамлекетинин борбору Ниневия шаарында төрөлүп, ошол аймактагы жергиликтүү элге пайгамбар болуп жөнөтүлгөн. Юнус пайгамбар б.з.ч. 8-кылымда жашаган деген божомолдор бар. Атасы Метта Аллага моюн сунган, жупуну, салих адам болгон. Азирети Юнус отуз жаш курагында пайгамбарлык озуйпаны аркалаган. Курани Каримде анын урматына «Юнус» сүрөөсү бар.

Куранда анын пайгамбарлыгы туурасында мындай деп айтылат:

«Юнус да, шек-күмөнсүз, пайгамбарлардан болгон» (Саффат сүрөсү, 139-аят).

«Биз аны жүз миң, балким, андан да көбүрөөк (адамга) **пайгамбар катары жөнөттүк»** (Саффат сүрөсү, 147-аят).

1.22.1 Ниневия эли

Ниневиялыктар айкелдерге табынган журт болгон. Ашкере ташбоор, заалым адамдар эле. Юнус (алейхис салам) элди ак жолго чакыра баштаганда болгону эки киши гана ыйманга келет. Алардын бири терең илимдүү аалым, ар нерсенин чыныгы жүзүн аңдап түшүнө билген, экинчиси, абдан ибадаткөй, байлыкка маани бербеген адам болгон. Ыймансыздар Азирети Юнуска:

– Арабызда мынча көзү ачык, аалым жана маданиятуу адамдар турганда сен өзүң жалгыз чыгып, эмне үчүн ата-бабаларыбыз баскан изди туура эмес деп жатасың?! Биздин кудайчаларыбызды танып атасың! Эмне сен бизди жат жосундар менен бийлегиң барбы?! – дешет.

Алар сөз менен гана каяша кылбастан, Юнус пайгамбарга жапа чектирип кыйнай башташат. Пайгамбар (алейхис салам) болсо бардык каршылыктарга сабыр кылат. Кайра аларга боору ооруп, тавхид динине тынымсыз үгүт жүргүзөт. Алланын азабы катуу болоорун эскертет. Калайык анын насаатын жомок катары кабылдап, теңсинбей шылдыңдашат:

– Бир кишинин айынан Кудайдын каары түшүп, элдин баары жер менен жексен боло турган болсо, кана азабыңды алып келчи, көрөлү?!

Коомчулуктун түркөйлүктүн туңгуюгуна тереңдеп батып баратканы, чектен чыккан кордугу жана басмырлаганы Юнус пайгамбардын жүрөгүн оорутат. Чыдап туралбай, Алланын жарлыгы келе электе эле айласыздан элди таштап кетүүгө мажбур болот. Жолдо бараткан кезде Алла Таала ага:

«Эй, Юнус! Артка кайт! Элиңди дагы кырк күн ыйманга чакыр!» деп буйрук берет.

Юнус пайгамбар шаарга кайтып барат. Элди кайра туура жолго чакырып, Кудай Тааланын каарынын катуулугун, мээриминин чексиздигин айтат. Канчалык аракет кылбасын эч кимдин оңолооруна көзү жетпейт. Берилген мөөнөттөн отуз жети күн өткөнүнө карабастан бир дагы адам ыйманга келбейт. Азирети Юнус:

– Үч күндөн кийин келе турган азапка даяр болгула! Бул азаптын аламаты, адегенде жүзүңөр саргарып кетет! – дейт. Ошентип, Юнус (алейхис салам) Алланын уруксатын күтө албай, капаланган бойдон шаардан чыгып кетет.

Анын бул кадам пайгамбарлык вазийпадан качуу же Улуу Аллага моюн сунбоо эмес болчу. Болгону даават таасир этпеген түркөй коомдон алыстагысы келген.

1.22.2 Ыйман, тооба жана кечирим

Ошентип убада кылынган күн да келет. Юнустун айткандары туура чыгып, Ниневия элинин жүздөрү саргарып кетет. Ошондо алар пайгамбардын айтканына ынанышып:

«Юнус айткан азаптын айгак белгиси! Ушу күнгө чейин жалган сүйлөгөнүн такыр укпадык эле» деп чоң азаптын келеринен калтаарып калышат.

Көк-асманды капкара булут чуулгай баштайт. Кылган иштерине катуу өкүнгөн ниневиялыктардын жүрөктөрүн коркуу сезими чырмайт. Ар кимиси ар кайсы жака элеңдеп шааштысы кетет. Анткени Алланын азабы жакындап калган эле. Эмне кыларын билбей эндирей түшөт. Эртерээк тооба кылып (Жараткандан кечирим тилеп) калсак деген үмүт менен ошол чөлкөмдө жашаган бир салих адамга барышат. Ал минтип кеңеш берет:

– Чоң азаптын келишине дагы эки күн бар. Эгер кааласаңар мына бул дөңгө чыгып мурун күч менен тартып алган нерселериңерди ээлерине кайтарып берип, бири- бириңердин ыраазылыгыңарды алгыла! Андан соң Юнустун Раббиси үчүн курмандык чалгыла. Анын этинен чоң-кичине, кедей-бай дебей бардыгы жешсин. Андан кийин өзүңөрдүн алсыз, муктаж абалда экениңерди моюнга алып, жылаң баш Жаратканга алакан жайып:

«–Оо, Юнустун Раббиси! Биз тооба кылдык! Сага гана ишендик. Юнустун пайгамбарлыгын кабыл кылдык. Юнусту тапкандан тарта, андан Сенин жарлык-буйруктарыңды үйрөнүп, ошол боюнча өмүр сүрөбүз!» деп жалынып жалбаргыла!...».

Үрөйү учкан эл билгиндин айтканындай тообо кылышат, бири биринин ыраазылыгын алышат. Жараткан Алланын Улуулугун жана Кудуреттүүлүгүн чын жүрөктөн кабыл кылып, ыйлап-ыйлап кечирим тилешет. Ошондо Алла Таала мээримдүү сыпаты менен элдин тообасын кабыл кылып, азапты артка кайтарат. Бул жагдай Куран аяттарында мындай деп баяндалат:

«Юнустун элинен башка ыйман келтирген жана ыймандары пайда берген айыл болгонбу? Алар ишенген кезде Биз аларды бул дүйнө тиричилигиндеги кордоочу жазадан куткардык жана аларды белгилүү мезгилге чейин пайдалангыдай кылдык» (Юнус сүрөсү, 98-аят).

1.22.3 Юнус пайгамбар Ниневия шаарынан чыгуусу

«Зун-Нунду (эсте). Биздин аларга алыбыз жетпейт деп ойлоп, ал ачуулана кетип калган эле.....» (Анбия сүрөсү, 87-аят).

Зуннун – Азирети Юнустун лакап аты. «Балык ээси» дегенди билдирет. Аны балык жутуп алгандыгы үчүн ушул лакап ыйгарылган.

Юнус пайгамбар шаардан чыгып кеткен соң бир кемеге отурат.

«Эстегин, ал (адамдарга толо**) кеме менен качкан эле»** (Саффат сүрөсү, 140-аят).

Бул аятта «абааго – качуу» этиши арап тилинде «төрөсүнөн качкан кул» деген контексттеги маанеге туура келет. Юнус пайгамбар элге ачууланып, Алланын уруксатын күтпөстөн кеткендиги жогорку аяттан каймана билинип турат.

Белгилүү бир убакыттан соң кеме деңиздин ортосунда туруп калат. Канча аракет кылса да кемени ордунан жылдыра алышпайт. Кемедеги адамдар чөгүп кетебиз деген ойдо турушат. Алар бул окуяны жаман жагына жоруп, кемеде күнөөкөр бир адам бар деп ойлошот. Бул адамдын ким экендигин табуу үчүн чучукулак кармашат. Чучукулак Азирети Юнуска чыгат. Башына түшкөн бул мүшкүлдүн сыноо экенин заматта түшүнөт. Анткени, ал буйрукту күтпөстөн келе берген эле. Пайгамбар эмеспи, башка түшкөнгө кайыл болуп, Жаратканга тобокел кыла:

«Ооба, күнөөкөр кул менмин» дейт.

Бирок кемедегилер анын салих адам экенин байкагандыктан кайра-кайра чучукулак кармашат. Ошентсе да ар бир чучукулак Юнус пайгамбарга чыгып туруп алат. Акырында, мунун бир күнөөсү болушу мүмкүн деген ойдо аны аргасыздан сууга ыргытышат.

«Ошондо (кемедегилер) **чучукулак кармашып жеңилген соң** (аны деңизге ыргытып жиберишти)» (Саффат сүрөсү, 141-аят)..

«Зун-Нунду (эсте). Биздин аларга алыбыз жетпейт деп ойлоп, ал ачуулана кетип калган эле.....» (Анбия сүрөсү, 87-аят).

«Ошондо өзүн-өзү жемелеп турган чакта аны бир балык жутту» (Саффат сүрөсү, 142-аят).

Балыктын ичи көөдөй караңгы. Пайгамбар дале болсо тирүү. Акыл-эси да жайында. Алла Таала балыкка Юнус зыян чекпесин деп буюрат. Юнус пайгамбар жазмышка ыраазы боло өзүн Жаратканга тапшырат. Туура эмес кадам таштаганына катуу бушайман болуп, Кудай Таалага минтип жалбарат:

«...Сенден башка кудай жок! Сен аруусуң! Албетте, мен адашкандардан болдум!» (Анбия сүрөсү, 87-аят).

Бул учурда балыктын курсагынан ажайып үндөрдү угуп, жакшылап тыңшап турат. Алла Таала ага балыктын ичинде жүргөнүн билдирет:

«Эй, Юнус! Бул үндөр деңизде зикир кылган жандуулардын үнү!».

Азирети Юнус мындай кыйын учурларда адаттагыдай эле Жаратканды зикир кылып, Аны алкап-даңктоодон, истигфар жана дуба кылуудан эч жазбайт. Анын мындай кыйын абалга тушукканын аңдаган периштелер пайгамбардын кечирилиши үчүн Аллага жалбарышат. Азирети Юнус Алланы көп улуктап, көп истигфар кылгандыктан, ырайымдуу Жараткан анын залла-катачылыгын кечирип жиберет:

«Анан биз анын дубасын кабыл кылдык жана аны кайгыдан куткардык. Биз момундарды мына ушинтип куткарабыз» (Анбия сүрөсү, 88-аят)**.**

Юнус пайгамбар чын ыкластан көп тасбих айткандыгы үчүн кечирим тапкан эле. Бул жагдай Куран аяттарында мындайча баян этилет:

«Эгер ал (Аллага дайыма) **тасбих айтуучулардан болбогондо, албетте, ал** (балык) **ичинде** (адамдар) **кайра тириле турган күнгө чейин (**кыяматка чейин) **калаар эле»** (Саффат сүрөсү, 143-144-аят).

Эгер Алла Таала кааласа, Өзүнүн элчисин жөн деле куткарып коймок. Бирок, зикир, ибадат, жалбаруу жана кечирим тилөө менен азаптан, жазадан кутулууга болоорун Алла Таала адамзатка үлгү көрсөтүү үчүн катачылыгын аңдоого, тообо кылуусуна жана истигфар тилешине Юнуска (алейхис салам) мүмкүнчүлүк берген.

Коомду кырк күн бою тавхидке чакыр деген буйрук берилген эле. Ал отуз жети күн сабыр кылып, үч күн калганда чыдабай кетип калган. Ошондуктан, Алла ага балыктын ичинде сабырдуулук сабагын берип, чоң сыноого дуушар кылган.

Акырында курсагында бир пайгамбарды аманат катары алып жүргөн балык Алланын жарлыгы менен аны жээкке таштайт:

«Ошондо Биз аны ал-күчтөн тайган тейде кургактыкка чыгардык. Ал үчүн ашкабактан жалбырактуу бир дарак өстүрдүк» (Саффат сүрөсү, 145-146-аяттар).

Юнус (алейхис салам) жээкке чыкканда арыктап, алсырап калган эле. Күн да ачуу тийип турган. Алла Таала аны аптаптан коргоо үчүн кең жалбырактуу даракты өстүрүп койот. Бул даректын көлөкөсүнө Юнус пайгамбарга зыян берчү чымын чирке, курт-кумурскалар жакындачу эмес. Ал анын мөмөлөрүн жеп өзөк жалгап күн кечирет.

Ошентип, Азирети Юнус тыныгып өзүнө келген соң Ниневия шаарын көздөй багыт алат. Шаарга жакындап калганда бир чабанга кезигип элдин абалын сурайт. Чабан болгон окуяны төкпөй чачпай айтып берет. Алланын буйруктарын айтып, өрнөк боло турган пайгамбарды эл күтүп жатканын айтат.

Азирети Юнустун мекенине кайтканын укkан коом дароо ага барышат. Эл келген учурда ал намаз окуп жаткан. Намаздан соң кучакташа амандашып, өткөн кеткен нааданчылыктары үчүн кечирим сурашат. Кичипейилдик менен аларды кечирип, Алланын жарлыктарын үйрөтөт. Ниневия эли ошондон тарта Аллага жана пайгамбарга моюн сунушуп, чыныгы бейпил, бактылуу жашоого жетишет.

«Акырында ага ыйман келтиришти. Биз аларды бир мөөнөткө чейин (ажалдары келгенче, тирүүлүк нематынан) **пайдаландырдык»** (Саффат сүрөсү, 148-аят).

Азирети Юнустун өмүр жашоосунан алына турган ибараттар, үлгү- сабактар

1. Алланын буйруктарын элге жеткизүүдө өтө аяр мамиле, туруктуулук жана сабырдуулук талап кылынат.

2. Ар дайым Алланы зикир кылуу жана күнөөлөр үчүн Андан кечирим суроо зарыл.

3. Тооба кылганда кайра ошол ишке барбоо ниети менен чын ыкластан кайтуу жана Алланын ырайымынан үмүт үзбөй, ар дайым истигфар кылуу керек.

3. Өлө турганына көзү жеткенден кийин кылынган тообанын кабылданышы бир гана Юнус пайгамбардын коомуна ыйгарылган. Алар тооба кылган кезде чоң азап али келе элек эле. Болгону азаптын белгилери жараян эте баштаган болчу. Юнустун эч качан жалган айтпаганын билгендиктен, эскертүүдөгү чоң азаптын келээрине ынанып, дароо тооба кылууга жетишип калышкан. Ал эми жер менен жексен болгон башка коомдордун абалы мындай эмес. Маселен, фараон түрдүү эскертүүлөргө карабай, акырында азап башка түшкөндө гана бушайман болуп тооба кылган. Айла түгөнгөндө карайлап барып тооба кылгандыктан, тообасы да, ыйманы да кабыл кылынган эмес.

1.23 АЗИРЕТИ ИЛИЯС (алейхис салам)

Азирети Харундун (алейхис салам) укумунан чыккан Илияс (алейхис салам) Исраил тукумуна пайгамбар катары жөнөтүлгөн.

Алла Таала бул туурасында мындай дейт: **«Эч шек-күмөнсүз, Илияс да пайгамбарлардын катарында эле»** (Саффат сүрөсү, 123-аят).

Исраил уулдары Палестина чөлкөмүн колго алган соң жөөттөрдүн бир уруусу Балбек деген шаарга отурукташып калышат. Бул уруу зөөкүр өкүмдардын башкаруусунда жашайт. Баяндамалардын биринде ал өкүмдар «Баал» деген бут жасатып, элди ошол бутка табынуусун талап кылгандыгы айтылат. Жөөттөр Палестинаны басып ала электен мурун шаардын аты «Бек» болгон экен. Заалим адам аталган айкелди жасаткандан кийин шаардын атын «Балбек» деп өзгөрткөн деген риваяттар да бар. Ошол кезде аймактын эли тавхид дининен бир кыйла оолактап, ак жолдон чыгып, каапырлыктын сормо сазына батып калышкан эле. Мына ошол учурда Азирети Илияс (алейхис салам) Балбек элине акыйкатты түшүндүрүү, туура-түз жолго үндөө максатында пайгамбар катары жиберилген.

Алтындан жасалган Баал болжол менен он метр бийиктикте болгон. Илияс пайгамбар элге кайрылганы туурасында Куранда төмөнкүдөй маалымдалат:



«Илияс өз коомуна мындай деген эле: Алладан коркпойсуңарбы?! Баал (аттуу алтындан жасалган) **бутка сыйынып, силердин да, силерден мурунку ата-бабаларыңардын да Жаратуучусун таштайсыңарбы?!»** (Саффат сүрөсү, 124-126-аяттар).

Тилекке каршы, жөөттөр Илияс пайгамбардын насаатына терс жооп кайтарышат. Атүгүл Пайгамбарды шаардан кубалап чыгууга чейин барышат. Бирок, баштарына ар кандай балээ, апааттар келе баштайт. Кырдаалдан чочулаган жөөттөр дароо акыйкатты таанып, Илияс пайгамбарды издеп таап, кайрадан ыйман келтиришип, жалгыз Аллага сыйынып калышат. Ошондо гана сыноо үчүн жиберилген балээлерден кутулушат.

Негизи эле жөөт калкы чыр-чатакка жакын, тез-тез кубулуп турган туруксуз эл болушат. Алар Илияс пайгамбарга берген убадасында тура алышпайт. Акыйкатты көрүп тушурса да, түркөйлөрдөй ак жолдон тайып кетишет. Пайгамбардын күн-түн дебей акка чакырган акыл-насааттарына кулак төшөбөй коюшат. Арга түгөнгөндө Алланын жарлыгы келет да, пайгамбар шаардан чыгып кетет. Алланын элчиси шаардан чыгып кетээри менен каапыр эл Алланын ырайымынан куру жалак калышат. Башкача айтканда, Алланын азабына тушугуп, бул дүйнөдө да, акыретте да бактысыздардын катарына кошулушат.

«Анан (коому Илиясты) **жалганчы деп аташты. Эми албетте, алар** (тозок азабына) **дуушар болушат. Бирок Алланын пакиза пенделери гана** (азапка тушукпайт)» (Саффат сүрөсү, 127-128-аяттар).

Илияс пайгамбар жол боюндагы бир айылга кез келет. Аларды ыйманга чакырып, акыйкат динге үндөйт. Пайгамбардын дааваты берекелүү болуп, айыл эли Алла Таалага ыйман келтиришет. Илиястын айылдан кетпешин суранышат. Ал оорукчан уулу бар бир кемпирдин үйүндө конок болуп калат. Эки ирекет намаз окуп, баланын шыпаа табуусу үчүн Алла Таалага жалынып дуба кылат. Алла анын тилегин кабыл кылып, балага шыпаа берет. Оорусунан сакайган Аляса Азирети Илиястын жанынан чыкпас болот. Алланын пайгамбарынан Тооратты үйрөнөт.

Илияс пайгамбар калган өмүрүн ошол чөлкөмдөгү элдерди Алланын жолуна чакыруу менен өткөрөт.

Баяндамалардын биринде, Илияс пайгамбар бир күнү Азраилди көрүп чочуп, титиреп кеткендиги айтылат. Азраил периште мунун себебин кызыгып:

– Эй, Алланын Пайгамбары! Өлүмдөн коркуп кеттиңби? - деп сураганда, Азирети Илияс:

– Өлүмдөн корккон жокмун. Жашоо менен коштошор убакыттын келиши мени чочутуп жиберди, - деп жооп кайтарып, сөзүн улай: – Бул дүйнөдө Алла Таалага кулчулук кылып, элди жакшылыкка үндөп, жамандыктан тосуп жаткан элем. Убактымды ибадат менен, салих амалдар менен өткөрүп, адеп-ахлактын эң жогорку деңгээлине жетүүгө болгон күчүмдү жумшап жаткан болчумун. Мен ушундан ырахат алып, өзүмдү бактылуу сезчүмүн. Жан дүйнөм рухий бейпилдикке бөлөнөр эле. Өлгөндөн кийин мындай бакытка чөмүлө албай калам. Кыямат күнүнө чейин мүрзөдө жатаарымды ойлоп кайгырып жатам, – деген экен.

Ошентип Илияс (алейхис салам) көк-асманда жагымдуу жаңырык калтырып, Улуу Аллага жол тартып, ырайымга, мээримге бөлөнгөн экен.

«Биз кийинки урпактар арасында (Илияс) **тууралуу** (жакшы мактоолор, алкоолор) **калтырдык. Илияска салам болсун. Албетте биз жакшы иш кылуучуларды мына ушундай сыйлайбыз. Акыйкатта ал Биздин момун пенделерибизден»** (Саффат сүрөсү, 129-132-аяттар).

1.24 АЗИРЕТИ АЛЯСА (алейхис салам)

Азирети Аляса пайгамбар катары Исраил уулдарына жөнөтүлгөн. Бала чагында катуу ооруга чалдыгып, Илияс пайгамбардын дубасы менен шыпаа тапкан. Ошол күндөн тартып Илияс пайгамбардан тавхид динин жана Тооратты үйрөнгөн.

Мурунку пайгамбарлар сыяктуу Аляса (алейхис салам) да Исраил урпагын туура жолго салуу үчүн болгон күчүн жумшаган. Эки жүздүү Исраил урпагы каалаган кезде пайгамбарга моюн сунуп, кааласа баш ийбей каршылык көрсөтүп турушкан.

Курани Каримде Аляса пайгамбар тууралуу эки ият бар:

«(Эй Мухаммед!) **Исмаил, Аляса** (Ювшаа пайгамбар) **жана Зул-Кифлди эстегин! Бардыгы жакшы кишилерден болгон»** (Сад сүрөсү, 48-аят).

Аяттагы «Эстегин!» деген буйрук башка элчилер сыяктуу аталган пайгамбарлар дагы Алланын динин жайууда эмгеги сиңген, кадырлуу, барктуу болгон дегенди билдигер.

«Исмаилге, Алясага, Юнуска жана Лутка хидаят (пайгамбарлык) **бердик. Алардын бардыгын бүткүл ааламдарга аскар кылдык»** (Анам сүрөсү, 86-аят).

Азирети Аляса (алейхис салам) пайгамбарлыгы мезгилинде Исраил мамлекетин башкарууга, тизгинди колго алууга кызуу киришкен. Коомчулук Аляса пайгамбардын үгүтүн четке кагып, каршылык көрсөтүшөт. Ошентип, бузукулук, чыр-чатак жана башаламандык күч алат. Аларга да Алла Тааланын каары түшүп, түрдүү тилсиз жоолорго, кырсыктарга дуушар болушат. Жаман жоруктарынан улам Кудай Тааланын ырайымынан жана мээриминен куру калышат.

Нишанжызаада Мухиддин Мехметтин «Мир-ату Кааинат» аттуу китебинде Аляса пайгамбардын кээ бир мужизалары туурасында мындай баяндама берилет:

«Күндөрдүн биринде Ариха шаарындагы суулардын баары шорго айланат. Эл дароо Аляса пайгамбарга барып чара табууну өтүнүшөт. Пайгамбар (алейхис салам) жакшылык үмүт кылып шор сууга бир кочуш туз ыргытып, «Даамдуу жана ичимдүү бол!» дейт. Алланын амири менен элди шорлоткон шор суу мурункусунан да таза жана даамдуу болуп калган.

Башка бир риваятты тыңдайлы. Бир күнү карызга белчеден баткан жесир аял Азирети Алясага кедейлигин айтып, арыз-муңун даттанат. Аляса пайгамбар сурайт:

– Үйүңдө эмне бар?

– Бир ууч гана майым бар.

– Андай болсо тезинен үйүңө баргын да, ошол майыңдан үйдөгү идиштердин бардыгына аз-аздан тамызып кой! - дейт.

Береги зайып Алланын элчисинин айтканы боюнча, үйүнө жетээри менен идиштеринин бардыгына аз-аздан май тамызып чыгат. Бир канча убакыттан кийин идиштердеги май толуп-ташып жатканын көргөн аял кубанчы койнуна батпай сүйүнөт. Ошентип, жесир аял майларын сатып карыздарынан кутулат. Канчалык сарптаса да, идиштеги бөксөргөн майы кайра толуп түгөнбөс болуп, берекелүү бойдон кала берген экен.

Аляса пайгамбар өлүмү жакындаган кезде Азирети Зуль-Кифлди чакыртып, Алланын жарлыгынын негизинде өзүнөн кийин пайгамбарлык вазийпа ага өткөндүгүн кабарлайт.

1.25 АЗИРЕТИ ЗУЛКИФЛ (алейхис салам)

Азирети Зулкифл пайгамбар катары Исраил уулдарына жөнөтүлгөн. Аны Айуб пайгамбардын уулу болгон деген баяндамалар да бар (Хаким, Мустадрак, 2, 636).

Риваяттарга таяна турган болсок, анын өз аты Бишр, лакабы Зулкифл болгон. Бишр Аляса пайгамбардан кийин диндин буйруктарын Исраил уулдарына жеткирүү милдетин алгандыктан жана бардык пайгамбарлар сыяктуу чын ыкластан кулчулук милдетин өтөгөндүктөн жана албан соопторго эгедер болгондуктан, «Зулкифл» деген наамга арзыган. Араб тилинде «зу» бир нерсеге ээлик кылуу, ээ болуу дегенди, «кифл», кепилдик, насип, катмар, буйрук деген маанилерди туюнтат. Бул лакап дүйнөлүк байлык үчүн эмес, Бишрдин жогору сапаттарын жана акыреттеги бийик даражасын белгилөө максатында берилген.

Ибн Аббастын айтымында:

«Алла Таала Исраил уулдарына жиберилген элчилердин бирөөсүнө (Алясага) пайгамбарлыкка кошуп, мал-мүлк жана бийлик берген. Анын көрөр күнү бүтүп калганда Алла Таала ага рухун ала тургандыгын вахий аркылуу билдирип:

«Мал-мүлкүмдү, Исраил уулдарынын ичинен күнү-түнү намаз окуган, күндүз орозо кармаган жана эл арасында кадыр-баркы бар, адилетсиздикке жол бербей өкүм жүргүзө турган бирөөсүнө бер!» - деп буюрган.

Ал ошол замат Алланын ушул буйругун жөөттөргө жеткизет. Ошондо бир жаш жигит ордунан туруп:

– Бул ишке мен мойнума алайын. Ушул милдетке мен жооптуу болоюн! – дейт.

Пайгамбар (алейхис салам) ага:

– Элде сенден да улуу адамдар бар, сен отур! – дейт.

Алланын элчиси сунушун экинчи жолу кайталайт. Жанагы жигит озунуп кайра турат. –Мен кепил болом! – дейт. Үчүнчү жолу сунуш киргизгенде кайра эле ошол жигит жоопкерчиликти өз мойнуна ала турганын айтат. Ошондо Алланын элчиси жаш жигитке батасын берип, мал-мүлкүн табыштайт. Анын аты Бишр эле».

Жигиттин өткүрлүгүнө шайтандын ичи күйөт. Аны жолдон тайдырып, мойнуна алган милдеттин аксатуу үчүн бар күчү менен жандалбас урат. Алла ага жар болуп, иблистин азгырыгына алданбастан милдетин толугу менен орундатат. Кайратмандыгы да өтө зор эле. Мына ушул себептүү ал «Зулкифл» деген наамга ээ болот.

Курани Каримде Зулкифл пайгамбар жөнүндө эки аят бар:

«(Эй Мухаммед!) **Исмаил, Аляса** (Ювшаа пайгамбар) **жана Зулкифлди эстегин! Бардыгы жакшы кишилерден болгон»** (Сад сүрөсү, 48-аят).

«Исмаилди, Идристи жана ЗулКифлди (эстегин!). **Бардыгы сабыр кылуучу заттардан эле. Биз аларды Өз ырайымдуулугубуз менен бейишибизге киргиздик. Чындыгында алар салих-ыкласман заттардан болушкан»** (Анбия сүрөсү, 85-86-аяттар).

Зулкифл (алейхис салам) да Исраил урпагына жөнөтүлгөн өзүнөн мурунку пайгамбарлар сыяктуу Азирети Мусанын шарияты менен иш жүргүзүп, Тооратагы буйруктарды элге жеткизген. Баяндамаларда Зулкифл пайгамбар Йемен чөлкөмүндө көз жумган деп айтылат.

1.26 АЗИРЕТИ ЛУКМАН (алейхис салам)

Теги жагынан Азирети Лукман Айуб пайгамбарга тууганчылык жайы бар деген риваяттар бар. Башка бир баяндамада Азирети Лукман Айуб пайгамбардын карындашынын уулу, башка бир риваятта таежесинин уулу деп айтылат.

Азирети Лукман пайгамбар же олуя болгон. Бирок, жоопкерчилиги тууралуу так маалымат жок. Ал табыптардын пири деген наам менен белгилүү. Ислам аалымдарынын көпчүлүгү Азирети Лукманды пайгамбар эмес, Кудай Таала тарабынан даанышмандык касиет ыроолонгон олуя адам деп эсептешет. Бул жерде «хикмат, даанышмандык» деген сөз теориялык билим (метафизика, логика ж.б.у.с. билимдер) алган соң жан дүйнөнү бир нукка салуу менен рухий даражага жеткен соң иш-аракетте болобу, сөздө болобу, ар дайым туура сүйлөө же туура аракетте болуу жана ушуларга жөндөмдүү дегенди туюнтат.



Курани Каримде анын атынан «Лукман» сүрөөсү бар. Анда Лукманга даанышмандык касиети берилгендиги айтылат:

«Акыйкатта, Биз Лукманга даанышмандык бердик (жана ага мындай дедик): **Аллага шүгүр кылгын! Кимде-ким шүгүр кылса, өз пайдасы үчүн шүгүр кылат** (тактап айтканда, кылган шүгүрүнүн пайдасы өзүнө тиет)**. Ал эми кимде-ким шүгүр келтирбесе, албетте, Алла** (бардык ааламдардын шүгүр кылуусуна) **муктаж эмес жана бардык алкоого, мактоого татыктуу Зат»** (Лукман сүрөсү, 12-аят).

Аятта даанышмандык касиети ыроолонгон инсандар Кудай Тааланын колдоосу менен көп жакшылыктарга жетишээри айтылат:

«Ал Өзү каалаган адамдарга хикмат-даанышмандык берет. Кимге даанышмандык касиети берилген болсо, анда ага көптөгөн жакшылыктар ыроолонду дегендик.

Муну акыл-эси жайында, парасаттуу, кеменгер адамдар гана толугу менен аңдап, өздөрүнө кандайдыр бир үлгү-сабак чыгара алышат» (Бакара сүрөсү, 296-аят).

Даанышмандык – бул кандайдыр бир нерсени көрүнөө жана көмүскө сырлары менен кошо аңдап түшүнүү, андан бир бүтүм чыгара билүү артыкчылыгы. Бул нерсеге эгедер болуу үчүн жүрөккө, жан дүйнөгө Алланын нуру чагылуусу зарыл. Замахшари Лукман табыптын даанышмандыгы тууралуу төмөнкү окуяны баян этет:

«Күндөрдүн биринде Азирети Лукманга бир кой союп, анын этинин эң жакшы жеринен эки кесим алып келүү тапшырмасы берилет. Лукман табып койдун тилин менен жүрөгүн алып барат. Арадан бир топ күн өткөн соң койдун эң жаман жеринен эки кесим эт алып келүүсү талап кылынат. Экинчи жолкусунда дагы койдун тили менен жүрөгүн көтөрүп барат. Себебин сураганда Лукман табып:

«Ушул эки мүчө жакшы жана таза болсо, дүйнөдө алардан өткөн жакшы нерсе табалбайсың. Ал эми ыплас жана жаман болсо, анда турмушта ал экөөнөн жаман нерсе болбойт» - жооп берген экен (Замахшари, Кашшаф, 5, 18).

Курани Каримге назар сала турган болсок, анын уулуна айткан акыл-насааттарынын абдан маңыздуу жана кеменгер экенине күбө болобуз:

«Лукман уулуна акыл-насаат кылып: Уулум! Алла Таалага шерик кошпогун! Эч шек-күмөнсүз шерик кошуу – чоң зулумдук! - деп айткан эле» (Лукман сүрөсү, 13-аят).

Лукман табып уулуна айткан залкар акыл-насааттарын улантып:

«Уулум! Шек-күмөнсүз, эгер хардал (сары кычы өсүмдүгүнүн) **уругундай** (жакшы же жаман иштер кылына турган) **болсо, анда ал** (иш) **чоң таш ичинде, же асмандарда же болбосо Жер астында болсо, ошону да Алла** (таап) **келтирет. Анткени Алла билүүчү жана кабардар»** (Лукман сүрөсү, 16-аят).

«**Уулум! Намазды толук аткар,** (элди) **жакшылыкка чакыр жана жамандыктан кайтар, башка түшкөн балээге сабыр кыл! Туура иштердин төркүнү ушул, максат да ушул»** (Лукман сүрөсү, 17-аят).

Азирети Лукман акыл-насаатын улантып:

«Менменсинип адамдардан жүзүңдү үйрүбөгүн жана жерде текеберленип жүрбөгүн. Себеби Алла текебер, мактанчаак адамдарды сүйбөйт» (Лукман сүрөсү, 18-аят).

Бой көтөрүүчүлүк, текеберлик сыяктуу сапаттар адамды тозокко алып баруучу даректын тамырлары сыяктуу. Улуктук, бийиктик жалгыз Аллага гана таандык. Буга мисал, Иблистин бейиштен чыгарылып, адамдарды азгыруу иши менен алектенүүсүнүн себеби, Азирети Адамга карата бой көтөрүүсү жана Жараткандын буйругуна каршы чыгуусу болгон. Ошондой эле көптөгөн рухий дөөлөттөр ыйгарылганына карабастан, Азирети Харунга ичи тарыган Карун текеберлик кылганы үчүн Кудай Тааланын каарына калып, кургуйга житип кеткен.

Азирети Лукман уулуна мындай деген экен:

«Жүргөнүңдө орточо жүргүн жана акырын сүйлөгүн. Себеби үндүн эң жаманы эшек үнү» (Лукман сүрөсү, 19-аят).

Бул аяттар мусулман баласынын абдан сылык сыпаа болуусун насаат кылат. Жөнөкөй, балким, маанисиз сыяктуу кабылданган сылыктык жана жылуу мамиленин маанилүүлүгү, абзелдиги ата менен бала эсептешер деңгээлдеги кыямат күнүдө айкын болот.

Лукман табып насааттарынын биринде:

«Мен көп эле пайгамбарлардын кызматында жүрдүм. Алардын сөздөрүнөн мына мындай сегиз тыянакка келдим. Эгерде бул тыянактарга көңүл буруп, ага жетишсең, тозок отунан кутуласың!

1. Намазда жүрөгүңө,

2. Эл арасында тилиңе,

3. Дасторкондо колуңа,

4. Чоочун адамдын үйүндө көзүңө сак бол!

5. Алла Тааланы ар дайым зикир кыл, эч качан эсиңден чыгарба!

6. Өлүмдү дайым эсиңде тут, унутта калтырба!

7. Өзгө адамга жасаган кайырлуу ишиңди унутуп кой!

8. Өзгө адамдан сага жасалган жаман иштерди да унуткун!...»

Лукман табыптын белгилүү китептерде жазылып калган залкар акыл-насааттарынан термелер:

– Уулум! Такыбаалыкты акырет кенчи деп бил! Такыбаалык мал-мүлккө, байлыкка же акчага сатылчу нерсе эмес!

– Уулум! Дайым жаназага даяр тур! Анткени, жаназа акыретти көз алдыңа алып келет. Арам жана күнөө иштер сенин жалган дүйнөгө болгон сүйүүңдү дагы да арттырат.

– Уулум! Жалган сүйлөгөн адамдын (адамдык) нуру жоголот. Мүнөзү чатак киши күн өткөн сайын өзүнчө санаага батып, кайгыра берип өзүн-өзү азапка салат.

– Уулум! Сабатсыз адамды элчи катары эч кайда жөнөтпө! Эгер акылдуу, даанышман адам таба албасаң өзүң бар!

– Уулум! Дүнүйө байлык түбү терең деңиз сыңары. Канчалаган адамдар дүнүйөкорлук деңизине чөгүп кетишкен! Бул деңизде такыбаалыктан жасалган кемең, ыйманың жүгүң болсун, Аллага тобокелдүү болуп, салих амал азыгыңды камдап ал! Андан чөкпөй аман эсен өтүп кетсең, Алланын ырайымынан болду, ал эми чөгүп кетсең, күнөө иштерим себеп болду деп билгин!

– Уулум! Короз сенден акылдуу болбошу керек! Ал күнүгө эртең менен эрте Алланы зикир кылып, тасбих айтат. Сен короздон мурун ойгонушуң керек.

– Уулум! Дос дегенди туура танда. Көзүң жок жерде сени ушактабагыдай болсун, сен дагы аны эч качан кимге ушактаба!

– Уулум! Досторуңа ээ чык, бирок, сак бол! Туугандарыңа зыярат кыл!

– Уулум! Үч нерсе үч жерде айкын болот: жумшак мүнөз ачууланган кезде, баатырдык чабыш майданында, тууганчылык муктаждык учурда билинет!

1.27 АЗИРЕТИ ЗАКАРИЯ (алейхиссаалам)

Азирети Закария Исраил пайгамбарларынан болуп эсептелет. Сулайман (алейхис салам) пайгамбардын тукумунан чыккан. Ал Иерусалим шаарындагы ыйык жайда Тооратты баракчаларын чогултуп жазуу, малды курмандыкка чалуу иштерин тейлеген. Муса пайгамбардын шарияты боюнча өкүм чыгарып, ошонун негизинде иш алып барган. Жыгач усталык менен күн көргөн. Закария пайгамбарды өзүнүн эли мыкаачылык менен өлтүрүшкөн. Мүрзөсү бүгүнкү күндө Сирия аймагындагы Халеп деген жерде.

Закариянын (алейхис салам) убагында Дамаск жана Иерусалим чөлкөмдөрү Батламусчулардын колунда болгон. Алар сыйнуучу ыйык жайга (азыркы Акса мечити) жана Исраил урпагына сый мамиле кылышкан. Коомдун аттуу-баштуулары сыйынуучу жайдан сыртка чыкпастан күнү-түнү ибадат кылышар эле. Ал учурларда Исраил уруусунда пайгамбар жок болчу. Ошондуктан, алар Алла Таалага жалынып, өздөрүнө бир пайгамбар жиберүүсүн суранышат. Алла Таала аларга Закарияны (алейхис салам) пайгамбар катары жөнөтөт.



Ыйык жайда төрт жүз «азаттагы абид-сыйынуучу адам» ибадат кылышар эле. Алар Алланын алдында сүйүктүү болууну каалап, аялы кошбойлуу болгон кезде:

«Оо Жараткан! Уулдуу болуп калсам, аны Сага ибадат кылуу үчүн ыйык жайга арнаймын» деп, уул

балдарын ыйык жайга арнай турган. Бул Муса пайгамбардын убагынан бери уланып келген өзгөчө үйүт эле.

Алла Таала Муса (алейхис салам) пайгамбарга:

«Эй Муса! Жаштайынан улгайганга чейин өмүр бою мага ибадат кылган пендемди жакшы көрөм. Ал жаштайынан күнөөдөн алыс болуп, жүрөгү жалгыз Мен деп согуп, Менин сүйүүмө арзый алды» деген эле.

Закария пайгамбар Азирети Сулаймандын тукумунан чыккан Алиса аттуу кызга баш кошот. Алиса Мариямдын энеси Ханнанын бир тууганы болгон. Ал эми Ханнанын күйөөсү Имран деген киши эле. Закария (алейхис салам) менен Алисадан Яхия пайгамбар дүйнөгө келген. Азирети Закария Алла Тааланын буйруктарын жан дилден сүйүп аткарган салих пайгамбар болгон.

1.28 АЗИРЕТИ ЯХИЯ (алейхис салам)

Азирети Яхия (алейхис салам) менен Азирети Мариям бөлө болушкан. Яхия Тооратты жаштайынан үйрөнгөн. Пайгамбарлык милдет ага жаш кезинде жүктөлгөн.

Яхия пайгамбарга Закариянын (алейхис салам) ыроолонушу Курани Каримде мындайча баяндалат:

«Ошондо Закария Раббисине дуба кылып мындай деди: «Оо Раббим! Өзүң мага аруу перзент тартуу кыла көр! Албетте, Сен дубаларымды, жалбарууларымды угуучусуң!» (Аалу Имран сүрөсү, 38-аят).

«Эстегин, ал Раббисине ичинен жалбарып дуба кылып, мындай деген эле: «Раббим! Чындыгында менин сөөк-муундарым бошоду, карылыктан чачым агарды. Раббим мен сага дуба кылып (эч качан) **үмүтсүз болгон эмесмин. Мен артымда кала турган тууган-уруктарымдын** (менин динимди таштап салышынан) **коркуп турам. Жубайым төрөбөс болду. Эми Сен өз тарабыңдан мага жана** (чоң атам) **Жакыптын бүлөсүнө мураскор боло турган бир перзент бере көр жана аны** (Өзүң) **ыраазы боло турган** (жакшы-саалих) **кишилерден кыла көр!»**(Мариям сүрөсү, 3-6-аяттар).

Закария пайгамбардын чын ыкластан кылган дубасын Алла Таала кабыл кылып мындай деген:

«Ал мээрапта намаз окуп жаткан кезде периштелер үн салышты: «(Эй Закария) **Алла сага Алланын сөзүн ырастоочу, жетекчи,** (шахваттардан) **өзүн тыя турган жана ийги пайгамбарлардан боло турган Яхия аттуу перзенттин сүйүнчү кабарын берет»** (Аалу Имран сүрөсү, 39-аят).

«Алла айтты: «Эй, Закария! Сага уулдуу боло тургандыгыңдыо сүйүнчүлөйбүз. Анын аты Яхия болот. Мындай ат менен мурда эч кимди атаган эмеспиз» (Мариям сүрөсү, 7-аят).

Аяттагы «мындай ат менен мурун эч кимди атаган эмеспиз» деген сөз Азирети Яхиянын кадырын көтөрүү саксатында колдонулган. Анткени, Яхия деген ысымды Алла Таала адамзаттын ичинен эң алгач ошол кишиге ыйгарган. Бул ысым Яхия пайгамбардыгы бөтөнчө касиеттерди да ичине камтыйт.

«Яхия» деген сөз «тирүү жан» дегенди түшүндүрөт. Эки улгайган адамдын балалуу болушу – өлүктөн тирүү жандык жаратуу дегендей эле кеп:

«Оо, Жараткан Алла Таалам! Мен картайдым. Менден кантип бала төрөлсүн. Аялым да төрөттөн калган», – деди. Алла айтты: «Ырас, Алла каалаган ишин жүзөгө ашырат!» (Аалу Имран сүрөсү, 40-аят).

«(Алла) **айтты: «Бул ушундай! Эгең үчүн бул өтө эле жеңил. Арийне, сен эч нерсе эмес экениңде сени жараткам!»** (Мариям сүрөсү, 9-аят).

Азирети Закариянын (алейхис салам) дуба кылган соң үч күн бою адамдар менен сүйлөшө албай, ишарат менен гана түшүндүрүп калган жана Алла Тааланы такай зикир кыла турган. Бул анын дубасынын кабыл болгондугунун белгиси эле.

«Ал айтты: «Оо, Эгем! Мен үчүн (кемпирим кош бойлуу болгонуна) **бир белги бер». Алла: «Белги - үч күн адамдар менен жалаң ымдап гана сүйлөшөсүң. Жаратканды көп эстеп жадыңда сакта жана күнү-түнү Аны ар кандай кемчиликтерден таза деп аруулайсың!» – деп буюрду»** (Аалу Имран сүрөсү, 41-аят).

Закария пайгамбар үч күн адамдар менен сүйлөшпөй калат.

«Анан (Закария) **мээраптан коомго кайрылып аларды таң күн** (Алланы) **аруулап, ибадат кылууга жаңсоо менен чакырды»** (Мариям сүрөсү, 9-аят).

«Анан Биз анын дубасын кабылдап, ага Яхияны белек кылдык. Асыресе, жубайын (төрөөгө) **жарамдуу кылдык. Чындыгында алар** (аталган пайгамбарлар) **жакшы иштерди кылууга шашылар эле, Бизге арзуу-үмүт жана коркуу менен жалбарып дуба кылып, моюн сунушар эле»** (Анбия сүрөсү, 90-аят).

Яхия пайгамбар эр жетип калганда Алла Таала ага Тооратты өкүмдөрүн берип, ошол боюнча иш алып баруусун буйрук кылат:

«Эй, Яхия! Китепти (Тооратты) **бекем карман», – деп жаш кезинен ага акылмандык берген элек. Ага Өз даргөйүбүздөн мээримдүүлүк, тазалык ыроолодук. Ал такыбаа адам болду. Ал ата-энесине мээримдүү болуп, заалим, эзнбаш эмес эле»** (Мариям сүрөсү, 12-14-аяттар).

Пайгамбарлык вазийпаны алган Яхия Исага Инжил китеби келгенге чейин Муса пайгамбардын шарияты менен өкүм жүргүзгөн.

Муса пайгамбардын шариятында бир тууган агасынын же инисинин жубайына үйлөнүүгө жол берилген эмес. Бул ишке баргандарды жаза катары бычып салышчу (Лебилер, 18 /6-18; 20/ 19-21). Тооратта зына ишке баргандарга өлүм жазасы берилген. Ал эми үйлөнүүгө тыйуу салынган аялзаты менен үйлөнүүнүн жазасы башкача болгон (Кайталоо, 22/ 22-27; Лебилер, 20/ 11, 12, 14, 17). Азирети Яхия төмөнкү окуядан улам шейит болгон деп айтылат:

Азирети Яхиянын пайгамбарлыгы учурунда Херот аттуу падыша бир тууганынын аялы менен зына кылат. Анын бул кылыгы Алланын буйруктарына туура келбестигин эскерткенде Херот пайгамбарды зынданга салдырат. Андан көп өтпөй падышанын туулган күнү болуп, бир тууганынын аялы кызы менен келет. Ал кыз кыймыл-аракети, сулуулугу менен падышаны арбап алат. Падыша ошол күнү кызга эмне кааласа, баарын аткарууга сөз берет. Энесинин тилине кирген кыз Азирети Яхиянын башын талап кылат. Падыша анын талабына катуу капа болот, ары ойлонуп, бери ойлонуп, аргасыздан убадага туруу үчүн Азирети Яхиянын башын алат. Талап аткарылган соң кыз падышага турмушка чыгат (Лука, 3/ 19-20; Матфей, 14/ 1-12).

Иса пайгамбардын көккө көтөрүлүп кетиши да ошол учурга туура келет. Анткени, жөөттөр ал учурда жырткычтан да кем калышпай пайгамбарларды өлтүрө турганчалык

абалга жетип калышкан. Жөөт калкы ушул өңдүү күнөөлөрүнөн улам Алла Тааланын наалатына калган:

«Андан соң убада шерттерин бузгандыгы, Алланын аяттарын тангандыгы, пайгамбарларды жазыксыз өлтүргүшкөндүгү жана «Дилибиз кулпуланган» дешкендиги үчүн (Биз аларды каргышка калтырдык)**. Жок, тескерисинче, каапырлыктары себептүү Алла алардын дилин мөөрлөп бекитип койду. Демек, алар жарар-жарабас ыйман келтиришет»** (Ниса сүрөсү, 155-аят).

Яхия пайгамбар бул дүйнө менен кош айтышканда болгону отуз жаштын тегерегинде болгон. Төмөнкү аяттан маалым болгондой, Алла Таала белгилүү үч күндө ага артыкча ырайым төгүп, Өзү колдойт.

«Ага төрөлгөн күнүндө, өлө турган күнүндө, кайра тириле турган (кыямат) **күнүндө тынчтык-амандык болот»** (Мариям сүрөсү, 15-аят).

1.29 АЗИРЕТИ ИСА (алейхис салам)

Азирети Иса Яхия пайгамбардын төрөлүшүнөн алты айдан кийин Иерусалим шаарында дүйнөгө келген. Ал Исраил уулдарына жиберилген пайгамбарлардын эң акыркысы болуп саналат. Ал эң жогорку даражадагы беш «улул-азийм» пайгамбардын төртүнчүсү. Алла Таала анын кадыр-баркынын бийиктигин билдирүү үчүн ага Өз рухунан жан берип жараткандыгы себептүү «Рухуллах» деген наам ыйгарган. Отуз жаш курагында пайгамбарлык милдет жүктөлгөн Иса пайгамбарга «Инжил» аттуу Алланын ыйык китеби түшүрүлгөн. Отуз үч жашында тирүүлөй асманга көтөрүлүп кеткен.

Азирети Иса пайгамбардын энеси Мариям Давуд пайгамбардын тукумунан чыккан. Азирети Марямдын энесинин аты Ханна, атасынын аты Имран болгон. Тарыхта айтылгандай, Ханна такыр бала көрө албай жүрүп: « Оо, Жараткан! Мага бир бала берсең, аны ыйык жайга кызматчы кылам!» – деп жалынып жалбарат.

Ушинтип сөз бергенден көп өтпөй бойунда бар экенин байкайт. Бул жагдай Куранда баяндалат:

«Имрандын аялы айтты: «Раббим, мен курсагымдагы түйүлдүк (наристени дүйнө иштеринен) **азат кылынган абалда сага назир кылдым.** (Бул назиримди Өзүң) **кабыл ал! Албетте, сен Угуучу, Билүүчүсүң!»** (Аалу Имран сүрөсү, 35-аят).



Көп өтпөй Ханна кыздуу болот. Атын Мариям койот:

«Анан көз жарган соң ал мындай деди: «Раббим, мен кыз төрөдүм». Алла анын эмне төрөгөнүн өтө жакшы билүүчү жана ар бир уул бул кыздай (бул кыздын ордун басуучу) **эмес. «Мен ага Мариям деп ат койдум. Мен бул кызды жана анын урпагын Сенин даргөйүңдөн куулган шайтандын жамандыгынан коргошуңду Сенден жалбарып суранам»** (Аалу Имран сүрөсү, 36-аят).

Ошол убакытка чейин ыйык жайга жалаң гана эркек балдар окууга жана кызматка берилчү. Балдар төрөлгөндөн балагатка жеткенге чейин ошол жерде кызмат кылышар эле. Эрезеге жеткен соң, ыйык жайда калып кызмат кылууга да, кааласа башка жака кетүүгө да уруксат берилген. Балагатка чейин ыйык жайдан эчкайда кете алчу эмес. Багыштоого сөз берүү же назир кылуу эркек балдар үчүн гана өтүмдүү болгон. Ханна Аллага сөз берген соң Алла Тааланын ага кыз баланы берүүсү мындан кийин ыйык жайга кыздарды да берүүгө болот дегенди туюнткан. Ханна ошентип Мариямды ыйык жайдагы кызматчы адамдарга тапшырат. Кызматтагы адамдар Мариямды кимге берүү жөнүндө чучукулак тартышат.

Ошентип, чучукулактын жыйынтыгында Мариямга кепил боло турган киши ыйык жайдын имамы, ошондой эле Ханнанын жездеси Закария пайгамбар болуп чыгат. Азирети Закария анын таежеси өзүнүн жубайы болорун айтып, Мариямдын жоопкерчилигин өз мойнуна алат. Мариям сүттөн чыккан соң, ага атайын ыйык жайдын бир бөлмөсү бөлүнүп берилет. Бул бөлмө Куран аяттарында «михраб» деп айтылат. Михраб ар түрдүү машаккаттын, кыйынчылыктын бөлмөсү дегенди түшүндүрөт. Ошондой эле сыйынуучу жай деген маанеге да келет.

Азирети Мариямдын бөлмөсүнө жалгыз Закария пайгамбар гана кирээр эле. Азирети Закария анын бөлмөсүнө кирип-чыкканда ар дайым кулпулап турчу. Күн сайын бир маал кирип бир күндүк азык таштап кетер эле. Кээде анын бөлмөсүндө ыйык жайда жок болгон башка мөмө-жемиштерди көрүп таң калчу. Пайгамбар сураганда, Мариям Алла Таала тарабынан берилип жатканын айтар эле. Алардын арсынан жайкысын кышкы мөмөлөр, кышкысын жайында бышчу мөмө-жемиштерди кездештирер эле. Алла Таала мындай дейт:

«Ошондо Эгеси аны (Мариямды) **жакшы кабыл алды. Жакшы тарбия менен асырап, Закарияны ага кепил кылды. Ар качан Закария мечитке кирген кезде анын** (Мариямдын) **алдынан мол ырыскыларды көрчү. Ал: «Эй, Мариям, булар сага кайдан келди?» деп сурачу. Ал: «Булар Алланын даргөйүнөн», – деп жооп берчү. Албетте, Алла Өзү каалаган кишисине эсепсиз ырыскы берет»** (Ааалу Имран сүрөсү, 37-аят).

Алла Тааланын Азирети Мариямга мына мындай жакшылык-нематтарды берген эле:

-Азирети Мариямдын төрөлүшүнө чейин ыйык жайга эркек уулдар гана багышталган. Ханнанын дубасы менен Мариям да ыйык жайга кабыл алынган.

-Алла Таала аны Закария пайгамбардын, өзүнүн жездесинин колунда чоңойткон.

-Ага бул дүйнөдө эле бейиш ырыскыларынан ыроологон.

-Ага Жабраил периште менен жолугушуу насип болгон.

-Аны уулу Иса (алейхис салам) менен кошо шайтандын азгырыгынан оолак кылган.

- Бешиктеги Исага (алейхис салам) ымыркай кезде тил бүтүр энесине карата айтылган ушак-айыңдарга, жалааларга жооп берип, энесинин таза экендигин тастыктаган.

Бул буйруктан кийин Мариямдын такыбаалыгы дагы да жогорулаган. Кээде буттары шишип кеткенге чейин намаз окуган.

Азирети Мариямга он беш жаш курагында Юсуф Нажжар деген жигиттин ата-энеси куда түшүп койгон болот. Бирок аны менен үйлөнгөнгө чейин Алла Таала ага атасыз перзент тартуулай тургандыгын сүйүнчүлөйт:

«Ошол кезде периштелер айтышты: Эй, Мариям! Арийне, Алла сага өзү тарабынан бир кушкабар берет. Анын аты Масих Иса бинни Мариям болуп, ал бу дүйнөдө да, акыретте да кадыр-барктуу жана (Алланын) **жакшы көргөн пенделеринен болот»** (Али Имран, 45).

Периштелер Азирети Мариямга мындай дешет:

«Ал адамдарга бешикте (наристе) **чагында кудум чоң адамдай сүйлөйт. Ал салих-жакшы адамдардан болот»** (Али Имран, 46).

«(Мариям) **айтты: Оо, Жараткан! Мен кантип балалуу болмок элем, мага адамзат жолобогон болсо?** (Алла) **айтты: Ырас, Алла Өзү каалаган нерсесин** (Өзү каалагандай) **жаратат. Ал бир ишти кааласа, ага: Бол! - деп гана коет. Анан ал иш ошол замат болуп калат!»** (Али Имран, 47).

Периштелер Мариямга кайрылып Иса жөнүндө сөздөрүн минтип улайт:

«Алла Исага жазууну жана хикмат (даанышмандык) **илимин, Тооратты жана Инжилди үйрөтөт!»** (Али Имран, 48).

Мындан көп өтпөй Алла Таала Азирети Мариямга Жабраил периштени жиберет:

«Мариям алардан жашынып (ибадат кылууга тынч болушу үчүн) **ортолоруна бир парда тартып койгон эле. Ошентип Биз ага** (Жабраил периштени) **жибердик. Анан ал** (Мариямга) **бүтүн** (даана, толук**) адам болуп көрүндү»** (Мариям, 17).

Ошентсе да, Азирети Мариям маңдайындагы баягы чоочун адамды көргөндө дароо ары карап, ыйбаа кылат. Чоочун адамдын Жабраил периште экенин билбегендиги үчүн коркуп кетет:

«(Мариям ага): **Эгер сен такыба болсоң да, мен Мээримдүү** (Аллага) **баш калкалап, сенден коргоосун суранам -деди.** (Жабраил) **айтты:** (Коркпогун) **Чындыгында, мен сага бир аруу уул белек кылуу үчүн** (келген) **Раббиңдин элчиси гана болом.** (Анда Мариям): **Мага бир да адамзат тийбеген болсо, же бузуку аял болбосом, менде кайдан бала болсун? - деди.** (Жабраил) **айтты: Ушундай. Анткени Эгең: «Бул** (иш) **мага оңой. Ал –**

Бизден адамдарга бир белги жана ырайым. Бул ушундай чечилген иш» – деди» (Мариям, 18-21).

Ошентип, Алла Таала каалагандай:

«Анан (Мариям**) кошбойлуу болуп,** (бойундагы баласы) **менен ыраак жайга кетти»** (Мариям, 22).

Мариямдын шайы кетип, толгото баштайт. Кургап калган курма дарагынын жанына келип, ага сүйөнүп туруп калат. Аятта:

«Анан толгоо азабы аны бир курма дарагынын жанына алып барды. (Уялганынан) **ушундан көрө мурун эле өлүп кетсем болмок, унутулуп калсам гана! -деди».** (Мариям, 23)

Акырында кургап калган курма багынын алдында Иса (алейхис салам) дүйнө менен жүз көрүшөт. Алла Таала аны атасыз жараткан эле. Чексиз кудурет ээси Улуу Алла Таала Адам Атаны ата-энесиз эле топурактан, Обо энебизди энесиз эле Азирети Адамдын кабыргасынан, Иса пайгамбарды болсо атасыз эле Азирети Мариямдан жараткан.

Азирети Иса пайгамбардын төрөлүшү менен Азирети Адамдын жаратылышынын ортосунда окшоштуктар бар. Экөө тең «бол!» деген Теңирий буйруктун негизинде жаралган.

«Алланын алдында Исанын өрнөгү дал эле Адамдын мисалы (Адам ата да, Иса пайгамбар да атасыз жаратылган) сыяктуу. (Алла) **аны топурактан жаратып, кийин «бол» деди. Анан ал дароо** (жандуу адам) **болду»** (Али Имран, 59).

Бул аят бир жагынан Алла Тааланын чексиз кудуретке ээ болгонун, экинчи жагынан, жөөттөрдүн Азирети Мариямга жапкан жалааларынынын жалган экенин далилдейт.

Азирети Иса төрөлгөндөн кийин:

«Ошондо (курма дарагынын) **артынан** (Жабраил) **үн салды: Кейибегин! Раббиң** (таман) **алдыңан бир арык агызып койду»** (Мариям, 24).

«(Мына ушул куурап калган) **курма бутагын силкигин, ал сага жаңы курма мөмөлөрүн таштайт»** (Мариям, 25).

Азирети Мариям курма дарагын өзүнө тартып силкийт. Кыш мезгили болсо да, курма шагырап түшө баштайт. Баягы даректын минтип кышында курма бериши азирети Мариямды жубаткандагысы эле. Ага минтип айтылды:

«Эми сен жеп-ичкин, шаттанып кубангын. Анан эгер адамдардан бирөөнү көрүп калсаң (жана ал сенден бул баланын атасы жөнүндө сураса) **анда: Мен Мээримдүү Алла жолунда орозо кармоону назир** (шерт) **кылгамын, андыктан бир да инсанга сүйлөбөймүн дегин»** (Мариям, 26).

Бул аяттан белгилүү болгондой, Азирети Мариям жашаган доордо жеп-ичүүнү токтотуу менен орозо кармоого мүмкүн болгондой, сүйлөбөө жолу менен да орозо кармоо мүмкүн

эле. Же болбосо орозо кармап жатканда жеп-ичүүдөн да, сүйлөөдөн дагы оолак болуш керек эле.

Иса пайгамбардын төрөлүшү менен коомдо ар кандай ушак-айыңдар жайылып кетет.

«Андан соң (Мариям баласын) **көтөргөн бойдон коомуна келгенде, алар: Эй Мариям! Сен эч ким кылбаган ишти кылдың го! Эй, Харундун карындашы! Атаң-энең деле жаман, бузуку кишилер эмес эле! - дешти»** (Мариям, 27, 28).

Аятта айтылган Харун Муса пайгамбардын биртууганы болгон Азирети Харун эмес. Бул аяттагы Харун Азирети Мариямдын чыныгы биртууганы болгон. Анткени агезде да эл адаттагыдай эле уулдарына мурда жашап өткөн, элге эмгеги сиңген таанымал жакшы адамдардын ысымдарын көп койушар эле (Муслим, Адаб, 9). Харун да ата-энеси сыяктуу ар-намыстуу, таза, Алланын сүйүктүү пендеси болгон. Ошондуктан эл ушундай ыкласман адамдын биртууганы Мариямга мындай сук зина (никесиз жакындашуу) ишин эч ыраа көрбөгөнүн билдиришкен.

Ошентип, күн өткөн сайын Исраил уулдары Мариямга ар кандай акаарат сөздөрүн айта беришет. Мариям аргасыздан алардын сөздөрүн сабырдуулук менен угуп, баягы Теңирий буйрукка моюн сунуп, эч сүйлөбөйт. Ошентип, адамдардын ыңгайсыз сөздөрү, ага болгон мамилеси чегинен ашып кеткен кезде, Алла Таала тарабынан жардам келет:

«Ошондо (Мариям сөзгө ооз ачпастан баласына) **жаңсады** (тактап айтканда, анын өзүнөн сурагыла деди). **Алар айтышты: Бешиктеги бала менен кантип сүйлөшөбүз?!»** (Мариям, 29)

Келечекте Алланын Элчиси боло турган азирети Иса бешикте жатып Алла Тааланын кудурети менен тилге келип:

«Мен Алланын пендесимин. Ал мага Китеп-Инжил берди жана мени пайгамбар кылды. Мени каерде болсом да кут-берекелүү кылды. Тирүү турган чакта намаз окууга, зекет берүүгө буюрду. Асыресе, Алла мени энеме мээримдүү кылды. Мени күнөөкөр, бетбак кылган жок. Мага туулган күнүмдө да, одүйнөгө аттанар (асманга көтөрүлгөн) **күнүмдө да, кайра келе турган күнүмдө да тынчтык-амандык болот -деди»** (Мариям, 30-33)

Азирети Исанын бешикте жатып сүйлөшү элди айран таң калтырат. Азирети Мариям жалган жалаадан, ушак-айыңдан кутулуп, эл аны куттуктап киришет. Азирети Мариям айрым адамдардын: «Бул баланы кайдан таптың? деген суроосуна ар дайым жооп катары баласын көргөзүп, «Балам жооп берсин» деп айтаар эле. Азирети Иса аларга минтип жооп берер эле:

-Менин апакем ар-намыстуу, аруу аял! Эй, караңгы адамдар! Намыстын жана ыйбаалыктын үлгүсү атыккан энеме жалаа жаппагыла! Билип койгула, Алла Таала мени атасыз жаратты. Ырас, бул - Алланын мужизасы!»

Алла Таала Азирети Мариям менен уулу Исаны жөөттөрдүн зыянынан оолак кылат:

«(Кийин) **Мариямдын уулу** (Исаны) **жана энеси** (Мариямды Биздин кудуретибизге далил боло турган) **белги кылдык жана экөөнү агын суулуу бийик жайга жайгаштырдык»** (Момундар, 50).

Баяндамаларда аяттагы бул жер Мисир болгондугу айтылат. Азирети Мариям жана Азирети Иса ошол жакта он эки жыл жашап калышат. Мына ошол учурда ар түрдүү ажайып окуялар жараян этет:

Азирети Мариям жана уулу Иса кембагал, кедей адамдын үйүндө жашап турушкан эле. Күндөрдүн биринде үй ээсинин акчасы жоголуп кетет. Үй ээси бул акчаны ким алганын түшүнө албайт. Бардыгынан күмөн санооо туура келет. Бул жагдай Азирети Мариямга аябай катуу тийет. Ал үйдө Мариямдан башка да эки адам жашачу. Анын бири сокур, экинчиси болсо өтө жүдөңкү, арык адам эле. Азирети Иса энесинин капаланганын көрүп баягы эки адамга:

-Акчаны катып койгон жериңерден алып чыккыла! - дейт.

Ошентип, алар мындай айдан ачык мужизанын алдында эч нерсе кыла албай, уурдалган акчаны кайтарууга аргасыз болушат. Бул окуядан кийин Исанын кадыры эл арасында өтө жогору көтөрүлүп кетет.

1.29.1 Азирети Исанын пайгамбарлыгы

Азирети Иса Мисир жергесинде он эки жыл жашаган соң Иерусалимдеги Насыра деген аймакка барып отурукташат. Ошол себептүү чыгыш тарых баракчаларында христиандар «Насраний» деп дагы айтылат. Азирети Иса отуз жаш курагында пайгамбарлык озуйпасын аркалайт. Ошентип, ал пайгамбарлык берилери менен элди тавхид ишенимине, туура-түз жолго чакыруу ишин баштайт.

Кудай Таала мындай буйурат:

«Андан соң алардын изинен удаа пайгамбарларыбызды жибердик. Иса бинни Мариямды да (алардын) **артынан** (пайгамбар кылып) **жибердик, ага Инжил тартууладык, аны ээрчиген заттардын жүрөктөрүндө мээримдүүлүктү, ырайымдуулукту пайда кылдык. Рахибдикти** (монахтык) **болсо алар өздөрү чыгарып алышты. Биз аларга** (рахиб болууну) **жазганыбыз-буюрганыбыз жок, бирок алар өздөрү Алланын ыраазылыгын каалап** (рахибдикти адат) **кылып алышты. Андан соң анысын да туура, толук сактай алышпады. Ошентип Биз алардан ыйман келтирген заттарга сыйлыктарын тартууладык.** (Бирок) **алардын көбү бузуку, баш ийбестер»** (Хадид, 27).

Ошентип, Иса (алейхис салам) акыйкат динди жайып баштайт. Бирок элдин көпчүлүк бөлүгү түркөйлүктүн сормо сазынан чыга алышпайт. Иса пайгамбар да бардык пайгамбарлар сыяктуу көптөгөн мужизаларды көргөзөт. Ал Муса пайгамбарга берилген Тооратты тастыктай турганын, бирок Алла Таала кээ бир өкүмдөрдү өзгөрткөнүн айтат:

«Мен силерге өзүмдөн алдыңкы Тооратты (чындык экенин) **ырастоочу болгон абалда, силер үчүн арам кылынган айрым нерселерди адал кылуу үчүн, ошондой эле, Раббиңерден аят-далил алып келдим. Алладан корккула жана мага моюн сунгула! Албетте, Алла менин Раббим жана силердин да Раббиңер. Ага ибадат кулчулук кылгыла! Мына ушул Туура Жол!»** (Али Имран, 51, 52).

Күн өткөн сайын каапырлардын Иса пайгамбарга болгон ачуулары арта берет. Бул жагдайды байкап турган Иса (алейхис салам) өзүнө ишенгендердин арасынан тандап алган он эки жардамчы-окуучусуна:

-Алла Тааланын динине кызмат кылуу үчүн жана аны коргоо үчүн ким мага жардам берет? - деп сурайт.

Окуучулары бир ооздон:

-Биз жардам беребиз! Колубузда эмне болсо ошонун бардыгын Алланын жолуна жумшаганга даярбыз. Анткени биз, Анын динин чын ыкласыбыз, жан дилибиз менен кабыл алган кишилербиз. Сен бизге күбө бол, биз сенин диниңе чын көңүлдөн берилген чыныгы мусулмандарданбыз - деп жиберишет.

Аятта мындай деп айтылат:

«**Эми Иса алар тараптан каапырлыкты көргөн соң: «Алланын динине чакыруу-даават кылуумда мага ким жардамчы болот?»-деди. Хаварийлер айтышты: Биз Алланын** (динине) **жардам берүүчүлөрбүз. Аллага ыйман келтирдик. (Эй, Иса) күбө болгун, Биз Аллага мусулман-баш ийүүчүлөрбүз».** (Али Имран, 52)

«Эй момундар, силер да (хаварилер сыяктуу) **Алланын динине жардамчы болгула! Иса бинни Мариям хаварийлерге: Алланын динине чакыруумда ким менин жардамчым болот? –дегенде хаварилер айтышты: Биз Алланын динине жардам берүүчүлөрбүз. Ошентип Исраил уулдарынын бир тобу** (Исага жана анын айткандарына) **ишентишти да, экинчи бир тобу танышты. Биз ыйман келтиргендерди кубаттуу кылдык. Анан алар душмандарга үстөмдүк кылып жеңишке жетишти»** (Саф, 14)

Хаварий - Исага (алейхис салам) баарыдан мурун ыйман келтирип, ага жардам берген мусулманга ыйгарылган өзгөчө ысым. Булар Куранда «Ансаруллах» деп да айтылат. Хаварийлер тавхид дининин жайылышы үчүн Иса пайгамбар тарабынан тандалган адамдар. Белгилүү инжил жазуучулардан Барнаба да ошол хаварийлерден болгон.

1.29.2 Асмандан дасторкондун түшүшү

Хаварийлер Азирети Иса пайгамбардын асмандан дасторкон түшүрүү үчүн дуба кылышын талап кылышат.

«Хаварийлер: - Эй Иса бинни Мариям! Раббиңдин бизге асмандан бир дасторкон түшүрүүгө кудурети жетеби? - дегенде (Иса аларга): **- Эгер ыйман келтирген болсоңор, Алладан корккула - деп жооп кайтарды»** (Маида, 112).

Азирети Иса пайгамбар аларга:

-Алланын чексиз кудуретинен шектенип жатасыңарбы? Буга кантип оозуңар барып жатат?- дейт. Анда хаварийлер:

-Ырас, башка максатыбыз деле жок. Муну биз Алла Тааланын ырайымына ээ болуу үчүн, көңүлүбүздүн токтугу дагы да жогору болушу үчүн каалап жатабыз! - дешет.

«Алар мындай дешти: Биз болгону ал дастаркондон жегенди жана көңүлүбүз толуп, жүрөгүбүз жайлануусун жана сенин чын сүйлөгөнүңдү анык билип, ал дасторконго күбөлүк берүүчүлөрдөн болууну каалайбыз» (Маида, 113).

Ошентип, Иса пайгамбар гусул дааратын алып, эки ирекет намазга турат. Жараткандын алдында өзүнүн алсыздыгы менен жалынып жалбарат. Ал дасторкон түшкөн күн майрам күнүнө айланышын Жараткан Алладан суранат:

«(Ошондо) Иса бинни Мариям: Оо Жараткан! бизге асмандан бир дасторкон түшүрө көр, ал абалкыбыз менен акыркыбыз үчүн майрам жана сенин мужизаң-кереметиң болуп калсын. Бизге ырыскы бер. Сен Өзүң эң мыкты ырыскы берүүчүсүң» (Маида, 114).

Ошентип, дуба кабыл болуп, көк-асмандан дасторкон түшүрүлөт. Баяндамаларда айтылганына караганда, бул дасторкондо куурулган балык, туз, ачык суу, нан, нандын үстүндө зейтун, бал, сыр бар эле. Мындан башка ар түрдүү жашылча-жемиштер да дасторкондо толо эле делет.

1.29.3 Хаварийлердин Иса пайгамбар менен Нусайбинге барышы

Салман Фариси бул жагдай тууралуу мындай баяндайт:

«Ошентип, Исага (алейхис салам) Нусайбиндин өкүмдарын ыйман жолуна чакыруу иши жүктөлөт. Нусайбин чөлкөмүнүн өкүмдары текебер, өзүнө ишенген зөөкүр адам болгон экен. Азирети Иса алгач ал жакка хаварийлеринен жиберүүнү көздөйт:

-Ким барат? - деп сурады Якуб:

-Мен барам - деди. Ага Тавман жана Шамун да кошулду. Шамун Азирети Исага:

-Эй Рухуллах! Сиздин уруксатыңыз менен мен да барам. Бирок башыма кандайдыр бир кыйынчылык түшсө, мага жардам беришиңизди өтүнөм! - деп суранды.

Ошентип, үчөө жолго чыгышты. Нусайбинге жете бергенде Шамун шаардын сыртында күтө турган болду:

-Жардамга муктаж болсоңуз, мен келем - деди. Якуб жана Тавман шаарга кириштн. Элди топтоп, тавхид ишенимине чакырышты. Эл Азирети Мариям жана Азирети Иса тууралуу туура эмес, жалган маалыматтарга ынангандыктан, алардын чакырыгын четке какты. Нусайбиндиктер акыйкат жарчыларын каргап, наалат айтканга чейин барышты. Өкүмдардын кол астындагы адамдар Тавманды өкүмдарга алып барды. Өкүмдар өзүнүн зөөкүрлүгүн ошол жерде да көрсөтүп, Тавмандын колу-бутун кестирип, көзүн ойдуруп зынданга салдырып таштайт.

Ошентип, Шамун сөзүнө туруп жашыруун шаарга келди. Убакыт өттү. Өкүмдардын ишеничине кирүү айласын табууга аракет кылды. Шамун ар бир кадамын туура таштап, өкүмдарга акырындык менен жакындап айлана-тегерегиндеги адамдардын арасынан анын сырдаш жакын досу болуп чыкты. Ошентип, өкүмдардын көңүлүнөн түнөк тапкан Шамун

күндөрдүн биринде зынданда жаткан Тавмандан бир нерсе сурай тургандыгын айтып, өкүмдардан уруксат алды. Экөө тең чоочун кишилер сыяктуу сүйлөштү.

Шамун:

-Сенин зынданга түшүп калышыңа эмне себеп болду?

Тавман:

-Иса (алейхис салам) Алланын кулу жана анын пайгамбары деген сөзүм үчүн -деди.

Сөз уланды:

-Бул айтып жаткан сөзүңдү кандайча далилдей аласың?

-Иса пайгамбардын оорулуу адамдарды айыктырышы далил боло алат.

-Бул иш дарыгерлердин колунан деле келет. Башка далилиң барбы?

-Ал элдин үйлөрүндө эмне жеп-ичип, эмне сактап жатканын да билет.

-Мындайды көзү ачык, төлгөчүлөр деле билет. Дагы?

-Ал баткактан куш жасап учура алат.

-Бул ишти сыйкырчылар деле жасайт - деди Шамун. Анда Тавман:

-Иса (алейхис салам) өлгөн адамдарды тирилтет - дегенде, Шамун:

- Ооба, чын эле бу адам баласынын колунан келбей турган иш. Андай болсо Исаны чакыралы. Чындап эле ал өлгөн адамдарды тирилте турган болсо, биз ага ишенип ыйман келтирели.

Өкүмдар Шамундун бул сөздөрүн жылуу кабыл алды. Дароо кабар жөнөттү. Ошентип, Иса пайгамбар да Нусайбин шаарына келди. Иса пайгамбар Шамунду эч таныбыгандай мамиле жасады.

Шамун өкүмдарга:

-Эгер кааласаңыз, Иса керемет-мужизаларын колу-буту кесилген Тавманга тажрыйба кылып көрсүн, байкайлы, кандай дейсиз? – деди шек алдырбастан. /күмдар Шамундун сөзүнө макул болду.

Тавманды алып келишти Иса (алейхис салам) Тавмандын колу-бутун сылары менен дене бойу мурунку абалына келди. Андан соң көздөрүн сылады. Көздөрү да абалкыдай көрүп калды.

Шамун өкүмдарды карап:

-Карасаңыз! Бул чындап эле пайгамбарлыктын далили! - деди. Анан Исага кайрылып:

-Эй Иса! Өкүмдар сарайындагылар кечээ кечинде үйлөрүндө эмне жешип, эмне сакташты? - деп сурады.

Иса пайгамбар бардыгын ийне-жибине чейин төкпөй чачпай айтып берди.

Анан өкүмдардын жанындагы адамдар ылайдан жарганат жасап, учурушун сурап калышат. Иса пайгамбар элдин талабын орундатып, ылайдан жарганат жасап учуруп жиберет. Анан оорулуу адамдарды сакайтуусун талап кылышат. Элдин бул талабы дагы

ойдогудай орундалат. Ошентип, эл айран таң калып, эми Иса пайгамбардан өлгөн адамды тирилтүүсүн өтүнүшөт. Элдин баарысы көрүстөнгө барышат. Тирилтиле турган адам Нусам бин Сам бин Нух эле. Ошентип, Иса пайгамбар Алланын буйругу менен Сам бин Нухту тирилтет. Ооздору оймоктой ачылган эл Самга:

-Сен өлгөн кезиңде да ушундай картайган адам белең? - деп сурашат. Ал:

-Жок! Кыямат күнү келдиби деп ойлодум. Кыяматтан коркконуман ушундай абалга келдим - деп жооп берет.

Анан Сам бин Нух Азирети Исанын пайгамбарлыгын кабыл алып, тастыктап кайрадан одүйнөгө сапар тарткан экен.

Мындай айдан ачык, айкын мужизаларга күбө болгон өкүмдар жана анын аскерлеринин бардыгы ыйманга келишти. Бул окуядан акылдуулуктун, парасаттын жана көрөгөчтүктүн үлгүсүн алууга болот. Анткени ар бир чындык жана акыйкат ар жерде эле айтыла бербейт. Анын айтыла турган убагы, орду болот дегендей.

1.29.4 Хабиб ан-Нажжар

Иса пайгамбар Антакия тарапка эки шакиртин жиберген эле. Алар элди бутпарастыктан жалгыз Аллага ишенүүгө, чындыкка чакырышат. Эл башкарган бутпарас падыша ал экөөнү тең зынданга каматтырып таштайт.

Бул кабар Иса пайгамбарга жетет. Азирети Иса ал жакка шакирттеринин башчысы Шамунду жөнөтөт. Шамун алгач падышанын көңүлүн алуу аракетин жасайт. Ошентип падышанын айланасындагы жан-жөөкөрлөрү менен жылуу мамиледе болуп жүрүп акыры падышага жакын адамдардан болуп чыга келет. Андан кийин ал туура сүйлөп, так айтып тавхид динине чакыра баштайт. Падыша жана анын айланасындагы адамдар да анын чакырыгын чын көңүлдөн кабылдап, ыйманга келишет. Бирок негедир эл анын чакырыгына каршы чыгат.

Элдин мындай жоругун уккан Хабиб ан-Нажжар деген адам шаардын четинен эл чогулган жакты көздөй шашып келет. Ал бул элчилердин сөзүн тастыктап, элден алардын чакырыгын кабылдашын суранат. Бирок караңгы эл ага кулак төшөбөгөнү аз келгенсип, кызуу кандуулукка салып, ачуусуна ээ чыгалбай аны ошол жерде эле өлтүрүп коет.

Бул окуя Куран аяттарында мындайча маалымдалат:

«(Эй, Мухаммед) **Сен аларга** (Антакия) **кыштагынын элин-ал жерге элчилер келген учурун мисал келтиргин! Ошондо Биз аларга экөөнү жөнөттүк. Аларды жалганга чыгарышты. Биз экөөнү үчүнчүсү менен кубаттадык. Алар: «Акыйкатта, биз силерге жөнөтүлгөн элчилербиз» - дешти»** (Ясин, 13, 14).

«Алар: Силер бизге окшогон эле адамсыңар. Мээримдүү (Алла) **эч нерсе вахий түшүргөнү жок. Силер жалган сүйлөп жатасыңар - дешти.** (Элчилер) **айтышты: Ырас, Жараткан бизди силерге жиберилген элчилер экенибизди айкын билет»** (Ясин, 15, 16).

«Бизге ачык-айкын кабарларды жеткирүү гана жүктөлгөн. Алар: Биз силерден жаман жышаандарды (ата-бабабыз табынган буттарга сыйынууга каршы чыкканыңарды) **көрүп жатабыз. Эгер** (мындай сөзүңөрдү) **токтотпосоңор, силерди ташбараңга алабыз,**

биз тараптан жан чыдагыс азап болот. Элчилер: Силердин жаман күмөнүңөр өзүңөрдөн. Ак жолго чакырылсаңар (кабыл алуу ордуна күмөндө болуп бизди опузалайсыңарбы?!) **Ооба, силер чектен ашкан коомсуңар!»** (Ясин, 17-19).

«(Ушул учурда**) бир киши шаардын четинен шашып келип: О, элим! Бул элчилерди ээрчигиле - деди. Силерден эч кандай** (ак жолго чакырганы үчүн) **акы сурабаган, туура жолдо жүргөндөрдү ээрчигиле!»** (Ясин, 20, 21).

Эл: «Сен да булардын дининдесиңби, ыя?» дегенде береги адам:

«Ал айтты: Эмне үчүн мен өзүмдү жараткан Аллага ибадат кылбайт экенмин? Силер да дүйнөдөн өткөндө жалгыз Ага (Аллага) **гана кайтарыласыңар. Же эмне мен ал Заттын ордуна** (жансыз буттарды) **кудай кылып алайынбы?!** (Жок, мен андай кылбаймын, себеби) **эгер Мээримдүү** (Алла) **мага зыян келтирүүнү кааласа, ал** (буттардын) **колдоолору мен үчүн эч нерсеге жарабайт жана алар мени куткара да алышпайт. Ал учурда мен шек-күмөнсүз ачык адашууда болуп калам. Акыйкатта мен** (жансыз буттарга эмес, тескерисинче, жаамы жандуу-жансызды жараткан) **Жалгыз Аллага ыйман келтиремин, андыктан менин сөзүмө кулак салгыла!»**- деп жооп кайтарат.

Бирок эл анын сөзүн угуп да коюшпайт. Ошентип, эл аны ташбараңга алып өлтүрүп, жаны тынат. Хабиб ан-Нажжар шейит кетип бараткан кезде:

«(Ага) Бейишке кир! - деп айтылды. Ал (ошентип, Алла Тааланын ыраазылыгын таап, бейишке кирип, ырахат-жыргалды көрүп) **мындай деди: Аттиң! Элим да менин ушул абалымды, Жараткан Алла мени кечиргенин, мени ардактуулардан кылганын билгенде кана!»** (Ясин, 26, 27).

1.29.5 Иса пайгамбардын асманга көтөрүлүп кетиши

Исраил уулдары адаттагыдай эле Мусанын (алейхис-салам) шариятына да кайдыгер мамиле жасашкан. Бу коомчулук пайгамбарлардын сөзүн укмак тургай зордук-зомбулук көрсөткөнгө чейин барышкан. Муса пайгамбардан кийин келген пайгамбарлар алардын мындай кадамдары туура эмес экенин эскертип, туура жолго багыттоого аракет кылышкан. Эл адатын карматып, Алла тарабынан жөнөтүлгөн пайгамбарларды тоготпой, кемсинтип, келекелеп, жадагалса өлтүргөндөн кайра тартышкан эмес.

Бул эл Иса (алейхис салам) келген доордо да туура ак жолдон чыгып, караңгылыктын сормо сазына белчеден батып калышкан эле. Эл мындай абалдан алып чыга турган куткаруучуну чыдамсыздык менен күтүп жатышкан эле. Алардын ойу боюнча, ал пайгамбар баатыр, эр жүрөк, күчтүү болуш керек эле. Анткени ал өздөрүн бул абалдан куткарып, чоң чоң ийгиликтерге жеткириши керек болгон. Мына ошондуктан Азирети Иса аларды туура жолго чакыруу үчүн жиберилгенде жөөттөр анын аябай сылык, сыпаа, жумшактыгын көрүп, ага ишенгилери келишкен эмес.

Бирок Иса пайгамбар бардыгына сабырдуулук көргөзүп, жер жүзүндө тынчтыкты, бейпилдикти орнотууга бар күчүн жумшайт. Жөөттөрдү түркөйлүктүн туңгуюугунан куткарып калуу үчүн жандалбас урат. Бирок жөөттөр анын чакырыгын терс кабыл алышты. Пайгамбарларды өлтүрүп көнүп калган иудейлер эми Иса пайгамбарды өлтүрүүгө чечим чыгарышат. Ошентип, алар Азирети Исага да, анын жанындагы адамдарга да кысым көрсөтө башташат.

Жөөттөрдүн жан чыдагыс кордуктарына, зордук-зомбулуктарына туруштук бере албаган Юдас, Исхар жана Яхуда деген адамдар диндеринен кайтышат. Яхуда динден чыкканы аз келгенсип, Азирети Закария менен Азирети Яхияны өлтүргөн карамүртөз жөөттөргө Иса пайгамбар турган жайды айтып, өзүнүн устатын сатып койот. Ошентип, ал Алланын азабына тушуккандардын катарына кошулат. Анын бу дүйнөдөгү жазасы катары жөөттөргө Иса пайгамбар болуп көрүнүп, айкаш жыгачка асылат. Ал эми Иса (алейхис салам) асманга көтөрүлүп кетет.

Иса пайгамбардын асманга көтөрүлүп кетиши дагы бир башка баяндамада мындай айтылат:

Жөөттөр Азирети Иса турган үйгө киришкенде Алла Таала Яхуданы Иса пайгамбар кылып көргөзөт. Ошентип, алар Азирети Исанын ордуна Яхуданы өлтүрүшөт. Алла Таала мындай дейт:

«Алар каапырлыгы, Мариямга оор жалаа жапканы үчүн (Алланын каргышына калышты). **Исаны** (Алланын пайгамбары) **катары тааныбагандыгы үчүн, алардын «Биз Масихти - Мариям уулу Исаны өлтүрдүк»- деген сөздөрү үчүн каргышка калтырдык). Чындыгында, алар аны өлтүрүшкөн да, асышкан да эмес. Болгону алар үчүн** (башка бирөө Исага) **окшотуп гана коюлган. Албетте, Иса жөнүндө талашып-тартышкан адамдар анын** (өлтүрүлүп-өлтүрүлбөгөнү) **жөнүндө күмөндө калышкан. Ал жөнүндө алар жоромолдорго гана таянышат. Аны өлтүрбөгөндөрү анык. Ырас, Алла аны Өз алдына көтөрүп алып кеткен. Арийне, Алла - Кудуреттүү, Даанышман»** (Ниса, 156-158).

Ошентип, Кудай Таала Иса пайгамбарды жөөттөрдүн зулумдугунан куткарып калат. Аны өзүнүн алдына чыгарганы дагы анык. Бирок мунун кайсы убакта, кандай жүзөгө ашкандыгы туурасында ар кандай баяндамалар бар. Көпчүлүктүн пикири боюнча, Алла Таала Иса пайгамбарды Өзүнүн кудурети менен руханий асмандарда ага (азирети Исага) таандык жерге көтөрөт. Алла Таала аны кыямат жакындаганда дүйнөгө жиберет. Ошондо христиандар тавхид ишенимин кабылдап мусулман болушат.

Аятта мындай айтылат:

«(Жөөттөр) **амалкөйлүк кылышты. Алла да амалдуулук кылды. Алла амалкөйлөрдүн эң мыктысы!»** (Али Имран, 54).

«Алла мындай деди: Эй, Иса! Мен сени (тирүү бойдон) **алуучумун жана Өз жаныма көтөрүүчүмүн. Андыктан каршы болгондордон куткаруучумун, сени ээрчигендерди Кыяматка чейин каршы болгондордон жогору коемун. Кийин мага кайтасыңар. Анан силер талашып-тартышкан нерселер жөнүндө Өзүм өкүм кылamын»** (Али Имран, 55).

«Каапырларга бу дүйнөдө жана акыретте катуу азап беремин жана алар үчүн эч кандай жардам болбойт. Ал эми ыйман келтирип, жакшы иштерди кылган заттарга болсо сооптorун толук кылып берет. Алла зулумдук кылуучуларды сүйбөйт (Өзү да эч кимге зулум кылбастан ар кимге кылган ишине жараша сыйлык берет)» (Али Имран, 56, 57).

Жөөттөр Иса пайгамбардан кийин анын шакирттерин колдорунан келишинче кордошот. Ыйманы бекем шакирттер алардын бардык зордук - зомбулуктарына чыдап, сабыр кылып ыймандары курчугандан курчуй берет. Алардын бири Барнаба. Ал Иса пайгамбардын акыркы күндөрү туурасында жазган инжилинин 221- 222-баптарында төмөнкүчө маалымдайт:

«Рим аскерлери Азирети Исаны кармоо үчүн үйгө кирип келишкенде Алла Тааланын буйругу менен төрт чоң периште аны терезеден чыгарып асманга көтөрүп кетишти.

Рим аскерлери Яхуданы «Сен Исасың!» деп кармап кетишти. Анын жалынып-жалбаруусуна карабастан айкаш жыгачка асып ташташтыы.

Андан кийин Иса пайгамбар энеси Мариямга жана шакирттерине көрүндү. Анан ал Азирети Мариямга: «Энекебай, сен көрүп турасың, мен асылган жокмун. Менин ордума Яхуда асылып турат. Шайтандын азгырыгынан абайлагыла, анткени ал бу дүйнөнү кооз көргөзүп, силерди алдайт» деди.

Андан соң ыйман келтирген адамдардын сак-саламатта, аман-эсен, бейпилдикте болуулары үчүн Алла Таалага жалынып дуба кылды. Анан шакирттерине кайрылып: «Алла Таала силерди Өз ырайым жана мээримине бөлөсүн!» деди. Анын бул сөздөрүнөн кийин төрт чоң периште аны кайра асманга көтөрүп кетти»

Иса пайгамбар асманга көтөрүлгөндөн болжол менен кырк жылдан кийин 70-жылдары Римдиктер Титус деген адамдын башчылыгы менен Иерусалимди талкалап, талап-тоноп кетишет. Жөөттөрдүн бир бөлүгүн өлтүрүп, бир бөлүгүн өздөрүнө кул кылып туткунга түшүрүп алышат. Тоорат жана башка китептердин бардыгын өрттөп ташташат. Иерусалимди жер менен жексен кылып, Сулайман сыйынуучу жайын кошо талкалашат. Бул жайдан болгону кичинекей гана дубал калат. Иудаизмде бүгүнкү күндө жөөттөрдүн «Ый дубалы» (Батыш дубалы) деп аталган тарыхый калдыктардын маңдайында ошол күндөрүн эстеп көз жаш төгүүсү адатка айланган үйүт болуп эсептелет. Жөөттөр бул кыргындан кийин жүздөгөн жылдар бою бириге алышкан эмес. Ар кайсы элдер тарабынан акаарат сөз угуп, жемеленип, жек көрүнүп, куугунтукталып келет.

Исанын шакирттери болсо, Яхуда динден кайтып, айкаш жыгачка асылганда анын ордуна Маттхиясты көтөрүшөт. Андан кийин шакирттер элге кайрадан Иса алып келген динди жайылтууга киришет. Христиан дини жайыла баштаганы жөөттөр Рим жана грек бутпарастары менен биригип, бул динге каршы чыгып, кысымга алышат. Христиан динин кабылдаган алгачкы жөөттөрдү колго үйрөтүлгөн арстан-жолборсторго салып берип черлерин жазышат. Аларга колунан келген кордуктарды көрсөтүшөт.

Арийне, жөөт Зунувас жанжөөкөрлөрүнө терең аң каздырып, ал жерге от жактырып, иудаизмди кабылдабаган Нажрандык христиандарды отко салуу менен кыйнаган экен. Иса пайгамбардын ишеничтүү шакирттери ыйманынан кайтпай, ишенимине бек туруп эч коркпостон, өлүмгө баштарын сайышат. Булар Куранда «Асхабы Ухдуд» (Чуңкурдагы отко ыргытылгандар) деп айтылат:

«Жылдыздуу асманга ант! Убада кылынган Кыямат күнүнө ант! Күбө болуучу жана күбөлөнгөнгө ант! Отун толо чуңкурдагы отко (ыймандууларды) **ыргыткандарга наалат! Алар отту тегеректеп момундардын кыйналганын көрүп черин жазып, жыргап отурушкан»** (Буруж, 1-7).

Жөөттөр бул зулумдуктары менен гана чектелип калган эмес. Христиандыкты түп орду менен жок кылууга ар кандай иш-мерчемдерди иштеп чыгышат. Павел деген жөөт өз оюнан чыгарып, көптөгөн китепчелерди жазат. Анан өзүн христиан деп таанытып:

«Иса - Алланын уулу. Шарап, доңуздун эти - адал. Сүннөт болуунун эч кандай кажети деле жок» деп, дагы бир топ нерселерди айтып чыгат.

Павел Христиан дининин кудай ишенимин мындайча аныктайт: 1. Теңир 2. Уулу Иса 3. Ыйык Рух. Анын ою боюнча, Кудай бир, бирок сыпаты үчөө. Ошентип, христиан дини бүгүнкү үч кудай ишенимине ээ болот.

Диндин эң негизги ишенимдерин жана негизги принциптерин бир топ убакыттан кийин дин адамдарынын аныктоого аракет кылууларынын өзү эле ал диндин канчалык бурмаланып, бузулгандыгын көргөзүп турат. Буга кошумча, бул курултайларда бекитилген чечимдер, бирин-бири жокко чыгарат. Ырас, дүйнөдө мынчалык өзгөрүп кубулуп турган, же ар бир жолкусунда жаңы бир нерсе кошулуп же алынып турган башка дин жок болсо керек.

1.29.6 Иса пайгамбардын асмандан түшүшү

Исанын (алейхис салам) кыямат жакындап калган кезде жер бетине түшө турганы анык. Бул жагдайда бир топ куттуу хадистер бар. Курани Каримде мындайча айтылат:

«Албетте (Иса, Кыямат) **сааты туурасындагы айгак-белги. Ошондуктан силер ал** (саат) **тууралуу эч качан шек-күмөн кылбагыла!** (Эй, Мухаммед! Элге айткын)**: «Мага жанашкыла. Мына ушул туура жол!»** (Зухруф, 61).

Бул аятта Азирети Исанын кыяматтын бир белгиси болгондугу даана айтылган.

Иса пайгамбар жер бетине түшүп, Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) шарияты менен өкүм жүргүзөт. Ал Махди (алейхис салам) менен бирге болот. Махди болсо Дажжалды жер менен жексен кылат. Махди (алейхис салам) Хашими уруусунан чыгат. Махди өкүмчүлүктү Иса пайгамбарга өткөзүп берет.

Алланын акыркы Элчиси Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) мындай дейт:

«Жанымды кудуретинде кармаган Аллага ант болсун! Мариям уулу Иса дүйнөгө (Ислам шарияты менен өкүм жүргүзө турган) адилеттүү өкүмдар болуп түшүп, айкаш жыгачтарды сындырып, доңуздарды өлтүрүп, жизияны ахли китаптан ала турган (башкача айтканда, христиан жана иудаизм диндеринин өкүлдөрү Дин Исламды кабылдап, аталган диндер жок боло турган) күн жакын калды! Мына ошондо мал-мүлк, мал-дүнүйөгө эч ким кызыкпай тургандай абалда көбөйөт. Бир гана сажда (алар үчүн) бу дүйнө жана андагы бардык нерслерден да жогору бааланып калат».

1.29.7 Азирети Исанын (алейхис салам) мужизалары

1. Азирети Иса өлгөн адамдарды тирилткен.

2. Ал оорулуу адамдарды айыктырган.

3. Иса пайгамбар адамдардын үйлөрүндө эмне ичип-жеп, эмне катып койгондоруна чейин билчү.

4. Ылайдан кучкач жасап, жандуу чымчык кылып учурган.

5. Анын коомуна көктөн дасторкон түшүрүлгөн.

6. Ал уктап жатканда да айланасында эмне болуп жатканын билчү.

7. Ал каалаган кезде асмандан тамак-аш, мөмө-жемиштер келип турчу.

8. Ал алыс жерлерде жана жашыруун түрдө айтылган сөздөрдү угар эле.

1.30 ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

1.30.1 ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле

1. Эмне себептен Алла Таала Ниневия элинин тообасын кабыл кылган?
2. Юнустун (алейхис салам) балык жутуп кетсе да ичинде Алланы зикир кылышынан, Андан үмүт үзбөй кечирим сурашынан кандай сабак алууга болот?
3. Белгиленген убакыт келгиче Юнус пайгамбардын шаардан чыгып кетиши буйрукка каршы чыгууга же болбосо вазийпадан качууга жатабы?
4. Азирети Юнус кемеден деңизге ташталарда эмне себептен каршы чыккан эмес жана «Ооба, мен күнөөкөр кулмун» деген?
5. Кемеден деңизге ташталган Юнус пайгамбар кантип аман калган?
6. Балбек шаарындагы элдин диний жашоосу кандай болгон?
7. Өлүм периштесин көргөн Илияс пайгамбар кандай абалда калган?
8. Азирети Аляса кайсы пайгамбардын колунда чоңойгон жана Тооратты кимден үйрөнгөн?
9. Алясанын пайгамбарлык мезгилинде Исраил уулдарынын ортосунда кандай фитна жана бузукулук жаралган эле?
10. Азирети Зулкифл кайсы коомчулукка пайгамбар болуп жөнөтүлгөн?
11. Ага эмне үчүн «зулкифл» деген лакап берилген?
12. Лукман табыптын уулуна болгон акыл-насааттарынын арасынан сизге кайсы насааты жакты? Эмне үчүн?
13. Лукман табыптын осуяттарынан бешөөсүн айтып бергиле.
14. Союлган койдун эң жакшы жана эң жаман жерлери талап кылынганда, Лукман алейхис салам койдун тили менен жүрөгүн алып барган эле. Эмне себептен жүрөк менен тилди алып барган?
15. Закария, Яхия жана Иса пайгамбарлардын динди жайылтуу жагынан окшоштуктары?
16. «Улуль-азм» даражасындагы пайгамбарлардын аттарын атап бергиле.
17. Иса пайгамбардын дүйнөгө кайрадан түшүүсү туурасында маалымат бергиле.
18. Азирети Марям жалган жалааларга кантип жооп кайтарган эле? Бул жалган жалаалардан кантип кутулган?

19. Хабиб ан-Нажжар эмне себептен жана кантип өлтүрүлгөн?

20. Иса пайгамбардын асманга көтөрүлүшү жөнүндө маалымат бергиле?

21. Христиан дининдеги үч кудай ишеними качан жана кантип түптөлгөн?

22. Иудаизм дининде диний жөрөлгө катары кабылданган «Ый дубалы» аттуу дубал тууралуу маалымат бергиле?

23. Азирети Исанын мужизаларынан бешөөнү айтып бергиле?

1.30.2 ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жоопторун белгилегиле.

1. Юнус пайгамбар эмне себептен шаардан чыгып кеткен?

А. Анткени, Ниневия эли каапырдыктан жана наадандыктан кайтайын деп калган.

Б. Эл Юнус пайгамбардын шаардан чыгып кетишин талап кылышкан.

В. Алла Таала Юнус пайгамбарга шаардан чыгып кетишине уруксат берген.

Г. Юнус пайгамбардын талыкпас аракетине жана сабырдуулугуна карабастан, Ниневия калкы түркөйлүктүн туңгуюгунан кайтпай койгон.

2. Балыктын ичинде жаткан Юнус пайгамбарды Алла Таала кечирген. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы анын себептеринен эмес?

А. Тооба кылып жана кечирим тилөөсү.

Б. Элине туура эмес мамиле жасаганын түшүнүп бушайман болуусу.

В. Жаратканды абдан көп зикир жана тасбих кылуусу.

Г. Ар дайым дуба жана жалынып жалбаруу абалында болушу.

3. Ниневия эли Алланын азабынан кутулуу үчүн эмне кылган эмес?

А. Элдин акысын ээлерине кайтарып берген.

Б. Аллага жакындоо үчүн курмандыкка мал союп, аны элге таратышкан.

В. Бир топ адамдан өзү кутулушу үчүн жардам сураган.

Г. Бушаймандык менен Аллага жалынып-жалбарышкан жана Ага моюн сунууга сөз беришкен.

4. Элдин чоң азаптан кутулуусунан кандай ибарат чыгарууга болбойт?

А. Юнустун коому азаптын алганкы жышаанын көрөр замат тообо кылып чоң азаптан кутулган жалгыз коом болуп саналат. Эгер алар түркөйлүктөн кайтпай койгондо сөзсүз түрдө Алланын каарына калышмак.

Б. Пайгамбарларга баш ийбестен, алардын дааватынан баш тарткан коомдорду Алла Таала азап менен жазалайт.

В. Эң оор кыйынчылык учурларда да Алланын ырайымынан эч качан үмүт үзбөө керек.

Г. Кайсы бир коомдо салих пенделердин болушу ошол коомдун тагдырына таасири эте турганчалык зор мааниге ээ.

5. **«Эстегин, ал** (өз коомуна ачууланып, Раббисинин уруксатысыз мекенинен чыгып адамдар) **толо кеме менен качкан эле»** (Саффат сүрөсү, 140) **деген аяттагы «качкан эле» деген сөз кайсы мааниде колдонулган?**

А. Тымызын качуу

Б. Вазийпадан баш тартуу

В. Уруксатсыз кетүү

Г. Көчүү

6. **Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Илияс пайгамбардын коомуна таандык эмес?**

А. Коом Балабек деген жерде жашаган.

Б. Алар Азирети Илиястын пайгамбар болгондугуна көздөрү жеткенден кийин ага ыйман келтиришип, экинчи жолу эч каршылык көрсөтүшкөн эмес.

В. Алар «Бал» аттуу бутка сыйынышкан.

Г. Аларды заалим жана бутпарас өкүмдар башкарып турган.

7. **Эмне себептен Илияс пайгамбар Азраил периштени көрүп чочуп кеткен?**

А. Өлүмдөн жана акыреттен корккон.

Б. Өз үммөтүнүн жок болуп кетишине кабатырланган.

В. Алладан азап келди деп ойлогон.

Г. Өлгөндөн кийин ибадат кылуудан, Алланын динин жайуудан жана пайдалуу ибадаттарды аткара албай калуудан тынчсызданган.

8. «(Эй Мухаммед!) **Исмаил, Аляса** (Ювшаа пайгамбар) **жана Зул-Кифлди эстегин! Бардыгы жакшы кишилерден болгон»** (Сад, 48) **деген аяттагы «Эстегин!» деген буйруктун мааниси кайсы вариатка дал келбейт?**

А. Исмаил, Аляса жана Зулкифл (алейхимус салаам) бир доордо жашаган пайгамбарлар болушкан.

Б. Аталган пайгамбарлар да башка пайгамбарлар сыяктуу эле элди жакшылыкка үндөп, жамандыктан кайтарууга аракет жасашкан.

В. Бардык пайгамбарлар өңдүү кыйынчылыктарга чыдап, колдон келишинче тавхид ишенимин жайылтышкан.

Г. Аятта аты аталган пайгамбарлар Алланын сүйүктүү, ыкласман пенделери болушкан.

9. **Аляса пайгамбар мал-мүлкүн жана жетекчилик жоопкерчилигин өткөрүп бере турган адамдан айрым бар артыкчылыктарды издеген эле. Ал кандай артыкчылыкты издеген эмес?**

А. Түнү бою намаз окуу.

Б. Күндүзү орозо кармоо.

В. Адилеттүүлүк.

Г. Ачууга алдырбай элге өкүм жүргүзүү.

10. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы ага «зулкифл» деген лакаптын берилиш себеби эмес?

А. Бул дүйнөдө асыл сапаттарга, акыретте жогорку даражаларга ээ болгон.

Б. Диндин буйруктарын Исраил урпагына жеткирүү милдетин өз мойнуна алган.

В. Зулкифл аябай жолдуу киши болгондуктан, кыска убакыттын ичинде чоң байлыкка ээ болгон.

Г. Башка пайгамбарлар сыяктуу Зулкифл (алейхис салам) да көптөгөн жакшы иш-амалдарды аткаргандыктан, чоң соопторго эгедер болгон.

11. Зулкифл пайгамбар эмене себептен динди жайуу милдетин мойнуна алган?

А. Пайгамбарлар менен бирге тирилүүнү жана бейишке биринчи болуп кирүүнү эңсеген.

Б. Алланын динин элге жайууну милдет катары кабылдаган.

В. Элдин көңүлүн өзүнө буруп, алардан урмат-сый көрүүнү эңсеген.

Г. Динди даават кылууда эч кандай кыйынчылыктар болбойт деп ойлогон.

12. Азирети Лукман уулуна эмне деп насаат айткан эмес?

А. Башканын үйүндө көзүңдү сакта.

Б. Базарда өз мүлкүңө жакшылап көз сал.

В. Дастаркондо колуңа этият бол.

Г. Эл арасында тилиңди сакта.

13. Төмөнкү варианттардын кайсынысы Лукмандын эстутумга жана унутууга байланыштуу уулуна айткан насааттарынан эмес?

А. Алла Тааланы ар дайым зикир кыл, эч качан эсиңден чыгарба!

Б. Башкаларга жасаган жакшылыктарыңды унут!

В. Өлүмдү ар дайым ойлоп жүр, унутпа!

Г. Сага жасалган жамандыктарды эсиңден чыгарба!

14. Лукман табыптын ою боюнча, үч нерсе үч жерде белгилүү болот. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы үч нерсеге тиешелүү эмес?

А. Жумшак мүнөз ачуу келип турганда билинет.

Б. Баатырдык согуш майданында билинет.

В. Акылдуулук соода-сатыкта билинет.

Г. Тууганчылык кыйын кезеңдерде билинет.

15. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы дааныш-ман адамдын өзгөчөлүктөрү эмес?

А. Теориялык билимдерди алган соң рухий жактан баралына келет.

Б. Диний темаларда ар дайым анын көз караштары кабыл алынат.

В. Напсисин тарбиялап, жүрөгүн Алланын нуру менен толтурат.

Г. Эл алдында туура, акты актай, караны карадай сүйлөйт. Ошондой эле анын сүйлөгөн сөзү менен иш-аракеттери ар дайым бири бирин бышыктап турат.

16. Лукман табып даанышмандыкка ээ болуу үчүн эмнени кылган эмес?

А. Убадага бекем туруу.

Б. Өзүнө тиешеси жок иштерге аралашпоо.

В. Бардык оорулуу адамдарды даарылоо.

Г. Амантка кыянаттык кылбоо жана ар дайым туура сүйлөп, түз жүрүү.

17. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Закария пайгамбардын Кудай Тааладан уул каалоосунун себептеринен деп эсептелбейт?

А. Азирети Закария илим жана пайгамбарлыкта өзүнө мураскор болуп кала турган салих, ыкласман уулдуу болгусу келген.

Б. Ал Азирети Якубдан башталып келаткан пайгамбарлыктын уланышын каалаган.

В. Закария пайгамбар картайып калгандыктан өзүн карап бага турган уулга муктаждыгы бар болгон.

Г. Өзүнөн кийин элди адилеттүүлүк менен башкара турган ылайыктуу адам жок болгон.

18. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы «Улуль-азм» даражасындагы пайгамбарлардан эмес?

А. Нух (алейхис салам)

Б. Ибрахим (алейхис салам)

В. Сулайман (алейхис салам)

Г. Иса (алейхис салам)

19. Иса пайгамбардын «Рухуллах» деп аталып калышынын себеби?

А. Дүйнөдөгү жашоосунда жөнөкөй өмүр сүргөн.

Б. Өлгөн адамдарды Алланын буйругу менен тирилт-кен.

В. Алла Таала Азирети Исаны атасыз, өз рухунан үйлөп жараткан.

Г. Иса пайгамбардын руху менен денеси бир убакта жаратылган.

20. Төмөнкүлөрдөн кайсынысы Алла Тааланын Мариямга ыроологон жакшылыктарынан эмес?

А. Азирети Мариям адамдардын үйлөрүндө эмне ичип-жеп, эмне сактагандарын билген.

Б. Алла Таала Азирети Мариямды жана уулу Исаны ар кандан ушак-айыңдардан, жамандыктардан коргогон.

В. Ага асмандан ар түркүн мөмө - жемиштер түшүрүлгөн.

Г. Азирети Мариям пайгамбар болбосо да, Жабрайил периште менен жолуккан.

21 «Мен Атамдан өтүнөм жана Ал силерге башка Фараклит (сооротуучу) **жиберет. Ал силер менен түбөлүк болсун»** (Иоанн, 14/ 16-17). **Бул жерде «фараклит» дегенден максат ким?**

А. Азирети Иса

Б. Азирети Закария

В. Азирети Махдий

Г. Азирети Мухаммед

22. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Якуб, Шамун жана Тавман аттуу үч хаварийдин заалым өкүмдарды туура жолго чакырууларынан чыга турган үлгү, сабактардан эмес?

А. Кайсы бир иште ийгиликке жетишүү үчүн атайын түзүлгөн пландын негизинде аракет кылуу зарыл.

Б. Алланын динине кызмат кылууда жумшалган күч-аракеттер, көргөзүлгөн сабырдуулук жыйынтыксыз болбойт.

В. Мусулман баласы акыл-парасаттуу жана көрөгөч болуусу зарыл. Эмнени, качан, кай жерде, кантип ишке ашыруусун так билиши керек.

Г. Алланын динине чын дили менен кызмат кылган адамдар эч бир кыйынчылык көрбөйт.

23. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы хаварийлердин өзгөчө-лүктөрүнөн деп эсептелбейт?

А. Хаварийлер инжил жазууга жана динде өкүм чыгарууга укуктуу адамдар.

Б. Алар Алланын динине кызмат кылууда Иса Пайгамбардын жардамчылары болуп саналат.

В. Хаварийлер Алланын динине ыйман келтирген, Алла Таалага жан дили менен берилип моюн сунган мусулман пенделер.

Г. Алар Иса пайгамбардын сөзүн уккан, чынчыл момундар болушкан.

24. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы жөөттөрдүн Иса пайгамбарды өлтүрүүгө чечим чыгарууларынын себептеринен эмес?

А. Ошол дооорлордо жөөттөр жанкечтикте жана зөөкүрлүктө аша чаап кетишкен.

Б. Иса пайгамбар Исраил уулдарынын душмандарына жакшы мамиле жасаган.

В. Иса пайгамбар Исраил уулдарынан башка коомго пайгамбар болуп жөнөтүлгөн.

Г. Азирети Иса адамдарды дос-душман дебей, бардыгын тавхид динине чакырган.

25. Азирети Исанын өлүмүнө байланыштуу төмөнкү маалыматтардын кайсынысы туура эмес?

А. Чындыгында Азирети Иса өлтүрүлгөн эмес. Анын ордуна Яхуда аттуу чыккынчы адам өлтүрүлгөн.

Б. Азирети Иса Алла Таала тарабынан асманга көтөрүлүп кеткен.

В. Исанын (алейхис салам) кыяматка жакын жер бетине келүүсү үчүн Алла Таала аны өзүнүн ааламына көтөргөн.

Г. Иса пайгамбарды жөөттөр өлтүргөн эмес, ал өзүнүн ажалы менен өлгөн.

26. «Асхаб-ы Ухдуд» деп кимдерди айтабыз?

А. Иудаизм динин кабылдабай, отко куйкаланган Нажрандык христиандар же болбосо буларды отко салган адамдар.

Б. Азирети Исанын хаварийлери.

В. Үңкүргө баш калкалап, христиан динин бул жерлерде жашап өмүр сүрүүгө аракет кылган мусулман момундар.

Г. Христиан дини келгенден кийин деле Иудаизм дини боюнча жашоого жандалбас урган адамдар.

27. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Иса пайгамбардын мужизаларынан эмес?

А. Азирети Иса эненин боюндагы баланын жынысын билген.

Б. Ал өлгөн адамдарды тирилткен.

В. Иса пайгамбар ылайдан куш жасап, аны жандандырып учуруп жиберген.

Г. Иса (алейхис салам) уктап жатканда да айланасында жараян этип жаткан окуяларды билип, сөздөрдү угуп турчу.

28. Төмөнкүлөрдөн кайсынысы «Кимде-ким Исламдан башка динди кааласа анда (анын дини Алланын алдында) **эч качан кабыл кылынбайт жана ал Акыретте зыян тартуучу-өкүнүүчүлөрдөн** (болот)**»** (Али Имран, 85) **деген аяттан чыга турган тыянактардын катарына кирбейт?**

А. Өз дининен башка дин издеген адам бир гана Ислам динин табат.

Б. Ислам дининен башка адамды акыйкатка алып бара турган ишеним системасы жок бул дүйнөдө.

В. Адам баласы дин Ислам менен гана Алла Таалага татыктуу кул боло алат.

Г. Дүйнөдөгү диндерден, идеологиялардан чындыгында адамдын акылына, аң-сезимине эң эле ылайыктуусу, сыйымдуусу дин Ислам гана болуп эсептелет.

29. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы үч кудай ишениминин Христиан динине кирип калышынын себеби эмес?

А. Павел өңдүү кээ бир эл бузарлар туура динди жаамынып алып, элди ак, түз жолдон тайдырган.

Б. Христиан дини политеисттик (көп кудай ишениими) ишенимге ээ байыркы Грек жана индус маданияттарынын таасиринде калган.

В. Ыйык китептерине өзгөрүүлөр киргизилгендиктен, ишеним негиздери да бурмаланып кеткен.

Г. Христиандардын Ислам дини алып келген тавхид ишениими жөнүндө кабарлары жок.

30. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Иса пайгамбардын өзгөчөлүктөрүнө кирбейт?

А. Ал Алланын динин кабылдабаган душмандар менен талашып-тартышкан эмес.

Б. Азирети Иса напсин колго алып, рухий ааламын көрктөндүрүү менен алектенген.

В. Иса (алейхис салам) напсини тарбиялоого, жандүйнөнү аруу, таза тутууга ар дайым өзгөчө маани берип жашаган.

Г. Ал элди ар дайым мээримдүүлүккө, ырайымдуулукка, тынчтыкка чакырган.

Тесттик суроолордун жооптору

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

1. В	2. Б	3. В	4. Б	5. А	6. Б	7. Б	8. Г	9. В	10. В
11. Г	12. Г	13. В	14. Г	15. В	16. В	17. В	18. Г	19. А	20. Г

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

1. Г	2. В	3. В	4. Г	5. А	6. Б	7. В	8. В	9. В	10. Г
11. Б	12. В	13. А	14. Г	15. В	16. Б	17. Г	18. А		

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

1. Г	2. В	3. А	4. Г	5. А	6. Г	7. А	8. Б	9. В	10. Г
11. Б	12. Г	13. А	14. В	15. Б	16. Б	17. А	18. Г	19. Б	20. Б
21. В	22. А	23. Б	24. В						

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

1.Г2. Б	3. В	4. А	5. В	6.Б	7. Г	8.А	9.В	10. В	
11.Б	12. Б	13. Г	14. В	15.А	16. В	17. В	18. В	19. В	20. А
21. Г	22. Г	23. А	24. В	25. Г	26. А	27.А	28. А	29.Г	30. А